Скорл.
Б-25

# Бӑрны



# Манас

# I
## ТОМ

46292

Областтык китепкананын
абонемент бөлүмү
Инв. № 46292

Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы

Бишкек — 1995

ББК 84 Ки7—4
Б25

Түзгөн Болотбек Апилов

Баш сөзүн жазган жана жооптуу
редактор Кадыркул Даутов

Сүрөтчүсү Амангелди Касымалиев

Б 25 **БАРПЫ**: Чыгармалар: Биринчи том. / Түз. Б. Апилов. Жооптуу редактор К. Даутов.— Б.: Кырг. Энциклопедиясынын башкы ред., 1995.—320 б.
ISBN 5—89750—072—X

Биринчи томго кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн классиги, ойчул акын Барпынын Аалам, Адам, Өмүр, Өлүм тууралуу санат, термелери менен айтыштары тептоштурулду. Алардын айрымдары окурман колуна биринчи жолу тийип отурат.

В первом томе классика кыргызской литературы, мыслителя Барпы Алыкулова собраны философские произведения о создании мироздания, о природе человека, о жизни, о смерти и состязания. С некоторыми произведениями читатель познакомится первый раз.

Б $\frac{4702300200-16}{454\ (11)-95}$ ББК 84. Ки7—4

ISBN 5—89750—072—X

© Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995.

## ДААНЫШМАН АВАБЫЗДЫ ЭСКЕРИП...

Аалам бийиктигинен ырдап өткөн даанышман жердешибиз Барпы Алыкул уулунун татаал тагдырлуу акындык жолу да, адамдык ички турмушу да, эч кимди кайдыгер калтырбаса керек. Эки доорду тең көрүп, калың эл баштан кечирген кайгы-кубанычты тең бөлүшүп, жарым кылым жаңшап ырдаптыр.

Азыр профессионал адистер белгилеп жүрүшкөндөй, ал кыргыз акылман ойлорун Чыгыш философиясына барабарлап, махабат ырларын улуу Хафиздердин деңгээлинде ырдап, айтыш өнөрүн Токтогул, Жеңижок, кара жаак Калмурза, молдо Бекназарлар менен кошо экинчи кайталангыс жогорку баскычка көтөрүшүп кетиптир.

Атактуу Авабыз жаратылышынан тубаса гуманист-демократ, нукура элдик таалимчи-педагог, адам табиятынан тартып, айбанаттар мүнөзүнө чейин тереңдеп кире билген кылдат психолог, «ар кимди барып бир ырдап, ары жок ырчы боло албаган» калыс баачыл зор инсан болгон экен. Жаш чагынан өзүн жакшы таанытып келген чыныгы адамдык нарк-насили өзгөчө 1941—1945-согуш жылдарында баарынан даана көрүнүп, катаал мезгил сыноосунда дагы бир жолу бекем далилдениптир.

Жалгыз гана кыргыз арасында эмес, жалпы эле түрк элдеринде чанда бир кездешчү ушундай генималдуу талантка өз наркына ылайык адилет мамиле жасалбай келгени да көпчүлүгүбүзгө маалым. Ырлары замандаш акындардыкына караганда он-он беш жылдай кечигип жазылып, биринчи китеби да өтө создугуп чыгыптыр. Ушул күнгө чейин чыгармаларынын толук томдугу басылбаптыр. Жүз жылдык юбилейи да аты эле өткөрүлдү болуптур. Бул баарыбыздан кеткен кемчилик. Кеменгер акын авасын өз наркында баалай албаган жалпы эле Жалал-Абаддыктар, айрыкча Барпы колхозунун аймагында жашаган туугандар көбүрөөк күнөөлүү.

Ушул ала калган жерлерди толтуруу биздин шыбагабызга туш келип отурат. Илимий чыгармачыл коомчулук менен көпчүлүк окурман журтчулугу көтөргөн демилгени Жалал-Абад областтык, Сузак райондук, шаардык администрациялары колдоого алып, быйыл улуу апыздын 110 жылдыгын белгилөөгө аракет жасап жатабыз. Бүтүндөй кыргыз маданияты үчүн да, биз үчүн да зор кубанычтуу окуя болгон бул маарекеге карата Барпы чыгармаларынын толук жыйнагын, ал тууралуу изилдөөлөр, эскермелер, арноолор китебин чыгаруудабыз. Ал жөнүндө жазылган пьесаларга республикалык конкурс уюштурдук. Алар театрларда коюлат. Тексттери өзүнчө жыйнак болуп жарык көрөт. Эки түрдүү жылнаама-календарлар менен буклет-китепчелер чыкты. Кыска метраждуу документал-көркөм фильм тартылууда. Апыздын туулган айлы Ачыда үй музейи курулуп, айланасына бак отургузулуп, ага алып барчу жол оңдолду. Бишкекте, Ала-Арча көрүстөнүндөгү күмбөзү тургузулду. Жалал-Абад шаарына эстелик орнотулат. Ушулардын баары Барпы авабыздын арбагына, адамдык жана акындык бийик наркына биздин көрсөткөн таазимибиз болуп эсептелет.

Улуу ойчул акындын 110 жылдыгына камылгалар көрүп, практикалык иштер жүргүзүү менен, биз өзүбүздүн жердештик парзыбызды да, жалпы кыргыздын атуулдук милдетин да аткардык го деп ойлойбуз. Анткени, биздин ордубузда болсо, башкалар деле ушундай кызмат өтөшмөк.

Акырында айтарыбыз: бул зор ишке жакындан жандуу жардам көрсөтүп келатышкан илимпоз — Барпычылар менен акын-жазуучуларга, республикалык, областтык газета-журналдар менен телерадио кызматкерлерине, апыздын ырлары менен ал жөнүндө жазылган китептерди чыгарып жатышкан Кыргыз Энциклопедиясынын жамаатына чын ниеттен ыраазычылык билдиребиз. Баарыбызды Барпы авабыздын арбагы колдоп жүрсүн.

*Абдыжапар ТАГАЕВ —*
*Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын башчысы;*
*Тынычбек ТАБАЛДЫЕВ*
*Сузак райондук администрациясынын башчысы;*
*Касым ИСМАНОВ —*
*Жалал-Абад шаардык администрациясынын башчысы;*
*Камбаралы КАСЫМОВ —*
*Барпы атындагы колхоздун төрагасы;*
*Амангелди ТӨРӨКАНОВ —*
*Сузак районундагы Барпы атындагы орто мектептин директору.*

## БАРПЫ КАНТИП ИЗИЛДЕНЕТ

Барпы акундун атын мен биринчи болуп атап, талантын мен биринчи баалап жатканым жок. Бул жагынан чыныгы приоритет элге таандык. Ал көпчүлүк алдына чыккан күндөн өзү жөнүндө ар түрдүү пикирлер кошо жаралган. Ага кара кылды как жарган калыс бааны өнөрлөш замандаштары ыроолошкон. «Ыр дегенде өлөмүн, ырды жандай көрөмүн. Ыкылас койдум шул ишке, ырдын пири жөлөгүн». Ушундай ак тилек менен жашап, жаңыдан гана ачылып келаткан кезинде «Курутам го тебишсең, эми шоруң Барпы акун» деп «алдына темир торун жайып», кыл чайнап турган **Жеңижок** тариздүү алп акынга «сол жак көзү жумулган... Тай баланын күчүнү бир көрсөтүп» койгон бекен...

Ошондо тизгинден алдырган Жеңижок атаандаш инисинин суроосуна жооп табалбай «Кайдан санап жүрүпмүн жөжөлөрүң баласын, Жеңижокту Барпы акун ар балаага саласың»,— деп талант дараматына тан берип атпайбы. Анан бала барчындын азыркысы менен келечегин кошо караган чоң адам мына минтип ак батасын жалгайт да: «Кыйындыкты тез билген, кысталышта сөз билген, ак таңдай асыл ырчыдан калышпайсың Барпы акун. Ар дайым болсун оюңда, акындык жолуң оңунда, эми арыштайсың, Барпы акун».

Арадан саналуу убакыт өтүп барып Барпы дагы бир улуу мектептин улуу сыноосуна кабылбады беле. Ошол эле Жеңижоктун сунушу менен азем сөз өнөрүнүн экинчи бир жаанда жок көсөмү **Токтогулга** кездешет эмеспи. Ырчылык маданияттын жеткен жогорку үлгүсүн көрсөткөн ар түрдүү ыкмаларга салып айтышкан атактуу агасы да Барпынын Барпылыгын ырастап таанып, акыйкатты мойнуна алганы үчүн мындай адилет баа берген го: «Сен дагы мендей ырдадың, ырыңдан иним сындадым. Адаштырып ырдасам, айтканыңдан жылбадың. Мен көрсөткөн ырларды улабастан койбодуң, калтырбастан бир жерин кынабастан койбодуң. Адис[1] акын экен деп, бул жериңден ойлодум. Кынадың терме, санатың, сен болдуң менин канатым».

Ошол Токтогул менен арбашкандын эртеси эле Сайкалдын[2] ашына жар чакырып, ырчыларды катарынан жеңип турганын өз көзү менен көргөн өнөрлөш курбалы айтылуу **Корголго** кезек берип, кебин укчу. Барпы ага кандай таасир кылган, даана элестетип баккан жакшы. «Анда көзү Барпынын ачык эле көрчү эле. Билбейт экен комузду, оң бөйрөгүн таянып, обдулуп ырдай берчү эле. Уккандын баарын нас кылып, үстү-үстүнө бастырып, каптап нөшөр өткөндөй, кара жамгыр төккөндөй, какшанып ырдай берчү эле, калыбынан өзгөрбөй. Каалаганга жеткендей, куюлуп турчу ырлары каптын оозун чечкендей. Эшмамбет, Током болбосо, эч кимибизден сезгенбей».

---

[1] Адис акын — кыл акын

[2] Сайкал — Керимбай болуштун энеси

Анан кийинчирээк барып жолугушкан «канаттуу ырлар оозунан каркыра болуп чубаган» (Байдылда) залкар акыныбыз Осмонкул айтат: «Барпы аке жарыкты сүйгөн ырчы эле, жан бүткөндүн курчу эле. Жараткан көзүн алса да, жүрөгү көрүп турчу эле. Барпы аке адамдан чыккан төкмө эле, акындык үнү көктө эле. Барпы аке күн канатын сермеген, күлүктү минчү термеден. Барпы аке жарышка түшсө жел менен, жаактуу пенде жеңбеген».

Мындан токсон жылдай мурун түзүлө баштаган элдик эстетикалык-сынчыл ойлор өзүнчө салаа катары өзөк байлап азыркы ырчыларыбыз Тууганбай Абдиев менен Замирбек Алымкуловго чейин улантылып келет. Ушул эле учурда буларга кадимки профессионал адабият өкүлдөрү-профессионал акындар Б. Сарногоев, Т. Үмөталиев, С. Жусуев, Т. Байзаков, Ж. Мамытов, А. Өмүркановдор жаңыча үн кошуп, дагы бир өзгөчөлүү катмар жаратышты. Мунун келечеги чоң. Мурдагысы да, кийинкиси да, эки катмар тең катмарлаш жүрүп, бирин-бири толукташат. Экөө тең бир чындыкты — Барпынын улуулугун бекемдешет.

Анын ырлары кагаз бетине түшүп, китеп болуп чыга баштаган күндөн акын-жазуучулар К. Баялинов, Т. Шамшиев, А. Токомбаев, Т. Үмөталиев, К. Маликов, Т. Байзаков, Т. Сыдыкбеков, З. Бектеновдор басма бетинде ар кимиси жекече түшүнүк деңгээлине жараша жекече бааларын берип чыгышкан. Кээ бирлери утурумдук гана саясый талаптан келип, утурумдук сөз айтууга жараса, кээ бирлеринде негизги сапат белгилер жагынан атайылап көңүл бурчу айрым байкоолор да бар. Мисалы, Барпынын дил сабаты тууралы А. Токомбаевдин, «Кулмурза менен Аксаткынды» башка элдерге жеткирүү зарылдыгы жөнүндө К. Маликовдун айткандары бүгүн да өз маанисин жогото элек.

Бул уникалдуу феноменге илимпоз, адабиятчылардын арасынан биринчи болуп кайрылган Медина Искендеровна Богданова (1946-жыл, 11-август). 1955-жылы «Тандалмалары» Ж. Таштемировдун көлөмдүү баш сөзү менен чыккан. 1957-жылы ушул эле автордун «Барпы Алыкулов» деген китепчеси окурман колуна тийген. 1598-жылы Ж. Самагановдун «Советтик Кыргызстан жазуучуларында» «...наряду с Токтогулом классик киргизской литературы» (23-бет) деген аныктама берилген. СССР Министрлер Советинин алдында авторлорго гонорар төлөө шкаласын бекиткен кезде да, ал классиктердин тизмесине кириптир. Ошол эле жылы Москвада өткөн кыргыз адабияты менен искусствосунун декадасында болгон талкууда жогору бааланыптыр[1]. 1959-жылы жарык көргөн М. Борбугуловдун «Барпы Алыкулов залкар акын» («Ала-Тоо», 11) аттуу макаласы он жыл аралыгында (1949—1959) даанышман ырчы тууралуу басма беттеринде пайда болгон ойлорду жыйынтыктаган эмгек катары кабыл алынат.

Ушулардын баарын жакындаштырган бир жалпылык — дегинкиси Барпы катардагы жамакчылардан эмес экендиги жагдайында калайык калкка керектүү маалымат берип, анын зор талантына көңүл бургузуу аракети. Ар кимиси алы жетишинче ошол акыйкатты таанытып, ошол милдетти аткарууга астейдил умтулушкан. Анткен менен көздөгөн мүдөө кайсы да, алган багыт, акыйкатты аныктоого урунган чен-өлчөмдөр кайсы, деги жалпы профессионал маданияты акын дүйнөсүн эркин аңтарып, өз нарк-насилинде түшүндүрүп берүүгө жарайт беле, бул башка маселе болчу.

Азыр анча деле талаш туудурбайт. Элүүнчү жылдарда акын-жазуучулар тарабынан айтылган пикирлерде деле, эми телчигип келаткан жаш илимдин жаш өкүлдөрү Ж. Таштемировдун китепчеси менен М. Борбугуловдун макаласында деле Барпы мурасынын эстетикалык табиятын ачуу, негизинен социдеологиянын күндөлүк саясый талаптарына салып баалоого алмаштырылган. Ошол үчүн башкы басым Совет доорундагы ырларына жасалган. Аларда көркөм дүйнөнү таап, аземи талдап чыгуунун айрым элементтери гана бар. Баары чектелген тар алкакта, жөнөкөйлөштүрүп, тематикалык-идеялык планда каралат. Чен-өлчөм деңгээли — сапаттын деңгээли. Ушулар элеби?

---

[1] К. Бобулов. Кыргыз адабияты жөнүндө пикирлер. «Ала-Тоо», 1958, № 10, 93—106 беттер

Барпынын поэзиясы кайсы конкрет сапат белгилери менен айырмаланат жана акындын көркөм ойлоо өзгөчөлүгү менен ашкере колориттүү тили эмне үчүн ушундайча калыптанып калды экен деген суроо азырынча эч кимдин алдына коюлган жок. Мындай феноменди даана сезип-туюп, ачык ажырата билчү даражага өсүп жетише элек. Бир Барпыда бир нече байланыш түйүндөр жатканын; ал адегенде тээ алыскы түпкүрдөн өзүнчө катмарланып келген кыртыштан өнүп чыгып, анан толук кыргыздардын рухуна киргенин (ошондо да мурдагы белгилерин сактап) көрсөтүп, анан тектеш, тилдеш, диндеш, коңшулаш элдерди аралатып барып Чыгыш маданиятынын контекстинде иликтөөгө алчу салыштырма-типологиялык метод күтүп турганын кайсы иликтөөчү ойлоп коюптур. Ал турсун азыркы кыргыз акындар поэзиясынын контекстине жакшылап салынган эмес. Түп тамырлар байланышсыз калып, кийинчирээк кеберлеген сырткы катмарлар гана жекече алынып каралат. Акынга арналып айтылган чоң-чоң сөздөр менен берилген баалар өтө абстрактуу, өтө жалпы бойдон кала берет. Алардын көпчүлүгүн Барпыдан алып башкаларга жамай берсе деле анча өзгөрүшкө учурашпайт...

Акын дүйнөсүнүн **иманенттик** күчү, ички өзөктүк табияты жана аларды ичкертин шарттап өмүр берип келаткан жандуу булактар менен сырттан өздөштүрүлүп кошумча азык, кошумча түрткү болуп, кеңири масштабка чыгууга жол ачкан омоктуу факторлорду конкрет далилге тартып бермейин, баары бир Барпынын өзгөчөлүгү ачылбайт. Анын абдан жогору турган дил сабаты менен ойлоо, ырдоо, сүйлөө манерасынын сыр түйүнү ошол жактарда жатат. Аларды тапмайын, жазуунун да, иликтөөнүн да анча зарылчылыгы болбойт. Мындай орчун маселелер тууралуу жогорку авторлордун бири да сөз козгогон эмес. Баары эле баягы жалпы агымдын инерциясы менен кетет. Дегинкиси илим менен адабий сындын калыптануу жолунда **биринчи баскычтын** табият, талабы менен сабат деңгээли ушундай болот эмеспи.

Ал эмгектерде Барпынын чыныгы **философиялык тереңдиги** да айсбергдин алды болуп кала берет. Айрым бир үстүнкү көрүнүштөрү гана азыноолак кепке тартылат. Барпы кээ бир философиялык ойлорду айткан эле акын эмес, а илим өнүккөн элдерде кездешчү зор философиялык системасы бар ойчул экендиги, ал Аалам түзүлүшү жана Адам табияты жөнүндө санаттары менен кыргыз даанышмандыгын Чыгыш философиясынын деңгээлине көтөрүп таштаган бийиктеги титан экендиги, азырынча изилдөөчүлөрдүн түшүнө да кирбейт. Андай баскычка жетиш дагы кыйла мезгилди талап этет. Жалпы коомдук аң-сезим өйдөлөш керек, илим-билим өсүш керек, тажрыйба топтолуш керек, муундар алмашылып профессионал адистер чыгыш керек.

Ушул эле тайыздык, аналитикалык күчтүн жоктугу, жандуу эстетикалык туйум-сезимдин жетиле электиги, тар алкакта чектелгендик Барпынын **айтыштарына** жасалган мамиледен да апачык эле көзгө түшөт. Кыргыз акындарынын туу чокулары Жеңижок, Токтогул, каражаак Калмурза (Барпынын өз аныктамасы), молдо Бекназарлар менен болгон беттешүүлөр берген айтыш өнөрүнүн классикалык үлгүлөрү нагыз өз баасын алуудан алыс эле. Аларды терең түшүнүп, адилет баасын берчү учур да келечектен күтүлмөк...

Улуу апыздын **динге карата көз карашы да** абдан бир жактуу, абдан үстүрт, Маркстын «дин-кокнары» деген түшүндүрмөсүнө жетеленип каралган. Кыркынчы-элүүнчү жылдар эмес, кечээ эле социдеология кыйрап түшкөнгө чейин баарыбыз «Кудайдын жаназасын ким окуйт» деп ашынган атеист болуп жүрбөдүкпү. Мында айыптын баарын эле Маркска жаба салыш жарабайт. Күнөөнүн көбү биздин билимсиздигибизде. Ошол дин китептердин ичинде тарых, маданият, фольклор, адабият, философия, этика, педагогика, эстетика, медицина, укук таануу, гуманизм, жүрүш-туруш, адептык, адамдык парз, үй-бүлө күтүү эреже талаптары менен мамлекет башкаруу зaң-закондору бар экендиги кимибиздин оюбузга келиптир. Ал эми реалдуу турмушта реалдуу жашап өткөн Барпы акында баары бар экен. Көрчүнү көрбөй, чынды жалган деп, жалганды чын деп жүрүпбүз.

Башка ырчылардан кашкайтып бөлүп турган Барпынын дагы бир бийик кыры — **махабат** ырлары да өтө жупуну, өтө супсак сөз болгон. Улуу

дүйнөнүн эстетикалык аземин ачып берүү, төмөндө туруп алып айрым саптарга майда-бачек түшүндүрмө-комментариялар берүү менен алмашылып кала берген. «Сүйүүнү сүйүп ырдаган, сүйүүнү күйүп ырдаган» бул орошон таланттын орду Чыгыштын эң даңазалуу алп акындарынын катарында турганын көрүш да философиясы, диний ырлары, айтыштары сыяктуу эле, эртеңдин иши болчу. Эң күчтүү ырлары да, эң керемет сырлары да ушуларда эмес беле. Анан калса Барпынын китептери да соцкурулуштун идеологиясы менен күндөлүк саясатка көбүрөөк кызмат кылышка ылайыкталып түзүлүп келбедиби. Өз оозунан жазылып алынган далай ырлары жарык көрбөй жүргөн. Демек, колдо бар материалдар да толук каралбаптыр.

Анткен менен, өз мезгили үчүн ал эмгектердин пайдалуу жактары да болгон: акын айланасында коомдук пикир түзүүгө тикеден-тике катышкан; басма беттеринде акын ысмы көбүрөөк айтылып, жалпы окурмандар көңүлүн бургузууга үлүш кошкон. Өнөрлөш замандаштары катарында официалдуу тизмелерге кирип, окуу китептеринен орун алууга жардамын тийгизген. Ар кандай илим өзүнүн өнүгүш жолунда сөзсүз түрдө басып өтчү үйрөнчүк көнүгүүлөр жасалып, биринчи тажрыйбалар топтолгон. Өздөрүнөн кийин келчү адистерди канча убактысын берип, канча күчүн сарптачу кара жумуштун кыйласынан куткарып коюшкан. Келечек Барпы таануу делчү зор дыңга алгач өгүз кош мизин түшүрүп өтүшкөн чалгынчылар ошолор эмеспи.

Булардан соң Барпынын сексен, токсон, жүз жылдыктарына карата бир топ чоң-кичине макалалар жарыяланды. Алардын басымдуу бөлүгүндө мурдагы эле тааныш ойлор, окшош пикирлер, баягы эле дежур сөздөр, баягы эле карапайым аң-сезим менен эмпризмден көтөрүлө албаган бир деңгээл кайталанды. Даанышман акындын улуу дүйнөсүн аңдап-билүүгө карай жол алуу дайыма эле алгалай берген жок. Дайыма эле реалдуу бааланып, өз ордуна койулуп келген жок. К. Маликов менен Т. Байзаковдун айрым пикирлерин эске албаганда 60—70-жылдарда официалдуу докладдар менен официалдуу тизмелерге кирсе кирип, кирбесе Мидин айткандай «и другиенин» ичинде калган учурлары арбын кездешет. Мектептер, ВУЗдар үчүн жазылган атайын окуу китептери менен академиялык «очерктерде» өз наркынан пастатылып, катардагы ырчылардын бирине айланып келгени да эч кандай жашыруун сыр эмес. Аларда Барпынын Барпылык деңгээли жок, жазган авторлордун гана эстетика табият талабына жетпеген чекене карапайым түшүнүк, фактологиялык маалыматтары бар.

Анан калса Барпынын юбилейлери да бөлөктөргө салыштырганда өтө жупуну, өтө салкын өткөрүлүп келген. 1984-жылы өтчү 100 жылдыгы 1985-жылдын аягында араң белгиленген. 1958-жылы кыргыз адабияты менен искусствосунун Москвада өтчү декадасына карата орусча чыккан чакан китебинен кийин, башка элдердин тилине которуу жагы дээрлик унутта калган. Ал 1936-жылы октябрде өткөрүлгөн республикалык биринчи олимпиадага катышып, мурда көрө электерге өзүн көрсөтүп, маданият, адабият жаатындагыларга талант дараметин жакшылап таанытып (чоң төкмөлөр ага чейин эле билишкен) кетсе да, муундаш замандаштары Ысак, Калык, Осмонкул (тунгуч жыйнактары 1936-жылы жарык көргөн), агалары Токтогул (1938), Тоголок Молдо (1925, 1938), инилери Шаршен (1937), Алымкул (1938), Ысмайылдардыкына (1940) караганда, ырлары өтө кечигип чыккан. Мында атактууларды өзүбүздөн чыгарабыз деген уруучулук менен жердешчилик ит оорусу да өз милдетин өтөбөй койуптурбу? Андай кодура саясаттар өз учурунда ичкертен активдүү жүргүзүлүп келгени баарыбызга маалым. Азыр да ошол сөөк өчтү илдеттен айыга элекпиз.

Аягында, Барпынын ырларын жаңылап жыйноо, жарыялоо жагы да узакка дейре анча жанданбай келди. Көбү элде, көбү Академиянын кол жазмалар фондусунда, көбү түзүүчүнүн папкасында «сакталып жатты». Акын китептерин дайыма чыгарып жүргөн Түмөнбай Байзаков да бир кездерде жасаган иштерине ыраазы болгонсуп далайга өзүн-өзү кайталай берди. Көбүнчө даяр жагына ыкташып, жаңыча изденүүсү басаңдап кетти. Ошол армандуу акыбалга ичим тутпой, «Классиктин эстетикалык сабактарында» өз оюмду ачык айткам:

«Ушинтип улуу акын жөнүндө кичинекей масштабда баштаган сөзүмдүн аягына чыктым, бирок айтчуларымдын баарын айтып үлгүрө алганым жок. **Аманчылык болсо, ага дагы бир кайрылышым бар.** Анткени, Барпынын бай мурасына байланышкан толгон токой маселелер козголбой жатат. Эң башкысы, эл арасынан жыйнаганды мындай коелу, акындын колдо турган чыгармалары да толук басылып чыга элек. Буга Илимдер Академиясынын Тил жана адабият Институту да, Кыргызстан Жазуучулар Союзунун мурдагы жетекчилери да (Барпы СССР Жазуучулар Союзуна мүчө болгон), бир кызыгып коюшпады го. А Акын мурасын туруктуу жарыялоочусу Т. Байзаков болсо, мындан отуз жыл мурда өзү тартиптештирип чыгарган бир томдукту кайра-кайра бастырып, «түзгөн Т. Байзаков» деп коюп келе жатат. Эскерте кетчү нерсе: Барпынын көпчүлүк ырларын, өзгөчө «Аккан суу» сыяктуу узун санаттары менен термелерин ыксыз кыскартууларга учураткан. Кээ бир саптарын редакциялайм деп одоно бузуп, аларга логикалык жана маанилик жактан жабыркоолор тарткызган. Булар тууралуу өзүнчө макалада айтабыз» (41).

Акыйкатта Барпыга карата мамиледе анча-мынча сапаттык өзгөрүштөр 80-жылдарда болду. Жүз жылдыгына бир топ макалалар жазылды. Жаңыча маселелер коюла баштады. Ошондон тарта окурман кызыгуусу да кадимкидей жанданып, акын поэзиясы тууралуу түшүнүктөр өзгөргөнү даана сезилип барат. Азыр улуу апыздын эң көп окулуп, эң көп ырдалып, эң көп сөзгө алынган маалы. Ага багышталып ондогон ырлар, аңгемелер, пьесалар жазылууда, боек менен түшүрүлгөн полотнолор, кино тасмалар тартылууда. Мындай сапаттык жылыштар Барпы таануу илиминде да, адабий сында да бар. Педагогдор менен психологдор, философтор менен тилчилер да башкачараак көңүл буруп калышты. Муну Барпы акун дүйнөсүн аңдап-билүүдө **экинчи баскычтын** башталышы деп эч кандай тартынбай эле айта берсек болот. Өз закончenemи, өз эволюциясы менен жүрүп келаткан реалдуу көрүнүш.

Мезгилинен озуп кеткен даанышман акындын улам жаңыланып ачылып жатышы, бир жагынан, жалпы коомдук аң-сезимдин өсүшү менен шартталса, экинчи жагынан, адабиятчыларыбыздын нукура асылдыкты иргөөчү эстетикалык сабат деңгээли жакшырып баратышы менен түшүндүрүлөт. Барпы өзү: — тирүүмдө баркым анча болбойт. Менин даңкым өлгөндөн кийин чыгат. Жыл өткөн сайын көтөрүлө берем. Мага кошулуп сен да жогору көтөрүлөсүң. Досум, эринбей ырларымды жазып кал,— дечү экен Түмөнбай Байзаковго. Мындагы сыр ушул: ал өз талант дүрмөтүн, кыргыз руханий дүйнөсүнөн алчу ордун эң сонун билген. Те 1936-жылы олимпиадага келгенде «Калык иним, билесиң, кайсы акындан кем элем. Арка, Анжиян ырчындын алдыңкысыга тең элем,» — деп атпайбы. Тек гана анын бийиктиги менен тереңдигин түшүнүп жетиш үчүн белгилүү убакыт керек турбайбы. Кыязы, Аалам менен ойлонгон ойчул акын дүйнөсүн айныбай таанып, өз наркында баалап алчу учурга да жакындап калган окшойбуз.

Өзүнө чейинкилер таппаган табылгасы, жаратпаган жаңылыгы болбой, кийинки изилдөө жүргүзүлбөйт. Барпынын нагыз индивидуалдуу өзгөчөлүгүн ачыш үчүн, ушул күнгө чейин илимде, сында, окурман түшүнүгүндө ага карата жасалып келаткан көнүмүш мамилени өзгөртүп, анын сырларын башка жактардан да издеш керек экендиги жөнүндө биринчи жолу маселе коюп, практикалык иш жүргүзө баштаган мен болсом керек. 1980-жылы «Кыргызстан маданиятына» жарыялаган «Классикти эскерип» аттуу макалам, ошол эле жылы азыраак кеңейтилип, «Орошон талант, озгун ойчулга» айланган («Жаңы чектергеде») Анан ал башталмалардан өзүнчө сериялар кетти. Натыйжасы — «Классиктин эстетикалык сабактары» (1986) болду.

Эмгекке түрдүү катмардагы, филологу да, философу да, акын-жазуучусу да, көркөм өнөр адиси да, педагогу да, журналисти да, катардагы окурманы да бар, калем ээлери жандуу реакция жасашты. Жалаң гана басма бетинде — С. Жусуев, С. Урманбетов, Ш. Дүйшеев, С. Байгазиев, А. Медетбеков, А. Медетов, А. Эркебаев, К. Артыкбаев, М. Мамыров, С. Кадыров, А. Урбаев, А. Султанов, Ж. Бөкөшев, Т. Абдыракунов, С. Кайыпов, С. Станалиев, С. Асанбеков, А. Акбаров, Т. Байзаков, С. Тиллебаев, М. Борбугу-

лов, А. Төрөканов, У. Ботобеков, Б. Шамшиев, жана «КМ» тарабынан жыйырма беш жылуу пикир уктум. Адабий жыйындар менен илимий конференцияларда айтылды. Жекече оозеки түрүндө билдиришти. Каттар жазышты.

Жашырганда эмне, мындайча коомдук пикирдин түзүлүшү, биринчиден, мага иштин аягына чыгууга кошумча түрткү берип, кошумча милдет жүктөп койду. Экинчиден, мен Барпы мурасы жөнүндө күн сайын, ай сайын, жыл сайын эле тынымсыз жаза бербеген менен, ал улуу асылдык дайыма жандүйнөмдө кошо жашап, ички түйшүккө салып издентип жүрдү. Кээде акындын өмүр жолуна байланыштуу кичинекей бир деталь — штрихти, кичинекей бир фактыны табыш, же ар ким ар башкача угуп, ар башкача түшүндүрө берчү бир имиштин түп чындыгына жетиш, даяр материалдарды алдыга коюп алып бир китеп жазганга тете убакыт жеген учурлар арбын кездешет эмеспи.

Мен да канчалаган жер кезип, элден эл аралап, нечен күндөр кызыл из кубарлык кылдым. Далай адамдарга жолугуп, керектүү маалыматтар жыйнадым. Архивдерди аңтардым. Шарк элдеринин тарыхый жана маданий байлыктарына арналган изилдөөлөр менен орто кылымдагы ойчул шайырлардын көптөгөн ыр, дастандары окулду. Диний китептер баракталды. Жогоруда өзүмдөн-өзүм мисал келтирип өткөн «Аманчылык болсо, ага дагы бир кайрылышым бар» деген сөздө айтылып,— айтылбаган маани катылган болчу. Али баш-аягы даана айкындалып бүтө элек, бирок кайсы бир алыс-жакын аралыктардан элес-булас көрүнгөн зор уюлдар менен акын дүйнөсүн туташтырып тургансыган айрым башталмалар өзгөчө кызыктырып, белгилүү даярдыктан кийин кайрадан тереңдеп үңүлүп карап чыгууга чындап чакырып калышкан болчу.

«Классиктин эстетикалык сабактарында» кээ бир маселелер абстрактуу божомолдор менен чектелген. Кээ бир маселелер коюлган, бирок чечилген эмес. Көп ойлор тезис түрүндө гана кеткен. Көп материалдар мен үчүн белгисиз болгондуктан, таптакыр көңүл бурулбай калыптыр. Мурдатан Барпы тууралуу жашап келаткан көнүмүш пикирлердин инерциясынан чыгалбай, жалпы агымга кошулуп жылган жерлерим да бар экен. Анын кайталангыс өзгөчөлүгүн калыптандырган башкы шарттар да толук камтылбаптыр. Анан калса, эмгек баарын иликтеп чыгууну максат кылган эмес болчу да. Ал — фундаменталдуу монографиянын милдети.

Кийинки изилдөөлөр эмнелерди берди? Боолголоп — чечмелөөлөр конкрет фактылар-материалдар менен такталды. Көтөргөн негизги проблемалардын табиятына ар тараптан сүңгүп кирүүгө кошумча ачкычтар табылды. «Ак, каранын ичинде ар кыл өмүр сүрүп» (өз сөзү), кызыктуу кырчын кезин да, ачуу трагедиясын да көрүп өткөн апыздын жекече ички турмушу, курчаган ар түрдүү чөйрөсү, социалдык-тарыхый жагдайлар, түпкү тек жайы тууралуу жаңы даректер алынды. Ушул кезге чейин таптакыр реалдуу бааланбай көмүскө келген сырлары ачылды.

Ырасында эле Барпы жөнүндө жазылган мурдагы эмгектерде калпыс маалыматтар менен бурмаланган «түзөтүүлөр» арбын экен. Башкасын кой, анын качан сокур болгону ушул кезге дейре жакшыраак ажыратылбай келатыптыр. Тууган апасы ким, чоң атасы ким экендигин эч жан билбейт. Эне сүтү, биринчи жуткан абасы, ичкен суусу менен тең азыктандырып өстүргөн өз кыртышы, таалим-тарбиясына каныктырып чыгарган өз мектеби. өз устаттары да жасалмаланып каралып жүрүптүр. Мен да аталган эмгегимде ошол айлампанын ичинде тегеренипмин. Барпы акең ашса ашып, бирок эч бир кем калбай, женсе жеңип, бирок жеңилбей ырдай турган маалында Токтогулга бир жолу жолугуп койсо, ага зордоп шакирт кылып салыптырбыз. Ал эми чыныгы өз кыртышы — өзгөчө психологиянын табигый стихиясы, өзгөчө ойлоо, сүйлөө, ырдоо манерасы, өзгөчө тил байлыгы, өзгөчө музыка, өзгөчө турмуш реалийлери берген түшүнүктөр менен туюнтмалар. Өзөктүк уюм ушундан калыптанат. Кийинки жаңы чөйрө, жаңы шарттар кошумча түрткү берип, кулачты узартууга жол ачкан менен түп нусканын түпкүлүгүн өзгөртүп жибербейт.

Барпы дүйнөсүндө баштан-аяк сакталып өткөн жападан жалгыз Бар-

пыга гана таандык имманенттик айырмачылыкты жаратып турган күчтөрдү кармаш үчүн, жогоруда эскерткендей бир нече катмарларды кезип барыш керек. Азырга чейин көбүбүз көралбай келген сыр түйүн дал мына ушул нокотко катылган. Акындын нары оригиналдуу, нары казык асыл кенчин жеке эле орошон таланты берген эмес, аны ошол талант туш келип калган айрыкча шарттар кошо жасашкан. Барпынын кайталангыстыгы — ошол турмуш жагдайларынын да кайтатангастыгы. Нукура кара талант дүрмөтү жагынан Барпыдай болсо да, ал өнгөндөн өнбөсө, ал басып өткөн кыймачийме жолдорду басып өтпөсө: ал бала чагынан азыктанган бөлөк элдердин жандүйнө кулазыгынан азыктанбаса, ал уккан уламаларды угуп, ал көргөн китеп таасирлерин көрбөсө, андан кыргыз маданияты менен Чыгыш маданиятын туташтырууга чоң көпүрө болуп берген Барпыдай уникалдуу акын чыкпайт да. Бул жагынан илимий ой жүгүртүүгө Барпы берчү бай материалдарды бир да тоолук ырчы бералбайт.

Ушул жерден ал башка кыргыз акындарынан кескин айырмаланып кетет. Мындай феноменди ичкертен конкрет ачып чыкмайын, Барпы дүйнөсүнүн өзгөчөлүгү ачылбайт. Ал Токтогул менен Жеңижок, кара жаак Калмурза менен Эшмамбет, Калык менен Осмонкул, Коргол менен Ысмайыл, Алымкул менен Токтоналылар салынчу калыпка жарым-жартылай гана салынып, алардагы жалпылыкты да жарым-жартылай гана бөлүшөт. Муну нары эң бир туруктуу, нары эң бир мүнөздүү, бирден-бир аныктоочу жана чечүүчү мааниге ээ болгон жандуу факты-мисалдардын негизинде майдалап териштирип, конкрет түшүндүрүп берүү Барпынын өзү үчүн да, тарых чындыгы үчүн да, илим үчүн да, бүгүнкү күндө кечиктирилгис зарылчылык. Ага чапчаң киришүү парз, чечмелөөгө кадимкидей мүмкүнчүлүк бар.

Эң башкысы: даанышман ырчынын мурасын жаңыча кароого жаңыча шарт түзүлдү. Бул — ушинтип изилдөөгө менин гана даярдыгым жетилди деген сөз эмес. Тарых менен тарыхый личностторго, элдин руханий-көркөм байлыктары менен айрым акын-жазуучуларга, дин менен каада-салт, үрп-адаттарга болгон жалпы көз караш өзгөрдү. Коммунисттик идеологиянын ойрондолушу, элдик таланттарды артыкча тапчыл, артыкча революционер-демократ, артыкча атеист кылып жасап-түзөп бааламай чен-өлчөмдөрдү бузуп кетти. Чыгармалардан улутчул, динчил, бай-манапчыл, жердешчил, уруучул делчү «идеялык каталыктарды» чукуламай, асылдык наркы менен руханий кенчке кошкон салымы кайсы экенин таап берчү нагыз классикалык эстетикага жол бошотту.

Айтып отурсак, атайылап чечмеленишин күткөн дагы канча маселелер бирин-бири коштоп келе берет. Маалында албан атак алып, шагыраган орден, медалдар тагынып, салтанат шаң менен жашап өткөн өмүрү, азыр чыгармачылык трагедияга айланган Калык, Осмонкул, Алымкулдардын оор тагдырын «Ырымдын аты — Өктөбүр», «Калк атасы Ленинди ырдабай Барпы турабы»,— деп шаңшып чыккан Барпы акең таптакыр эле бөлүшпөй калган бекен? Анын Кеңеш өкмөтү тушунда ырдалган ырлары кайрадан каралып, кайрадан баалануугa тийиш.

Улуу апыздын ырларынын дээрлик көпчүлүгү өз оозунан жазылып алынса да, түзүүчүлөр менен «адабий тилде сүйлөгөн» редакторлор «бийик маданиятын» көрсөтүп, түшүнбөгөн сөздөрүн алмаштырып, саптарын бузуп, «ашыкча кайталоолорун» эркин кыскартып жиберген учурлар да аз жолукпайт. Ошолорду түп нускасына салып кароодо кийинки кездерде жүргүзүлүп жаткан текстологиялык иликтөөлөр да зор үлүш кошот. Анын ушунчалык колориттүү бай тилине бир кезде жакшы эле башталып барып, анан токтоп калган кызыгуулар кайрадан жанданып, кайрадан жаңы эмгектер жазылууда. Буга 1993-жылдын 4—5-декабрында Ош университети өткөргөн «Барпынын өлбөс-өчпөс мурасы» деген илимийтеориялык конференцияда жасалган баяндамаларды айкын күбөгө тартсак болот. Кыргыз тил илиминин эң билерман, эң кадырлуу аксакалдарынын бири Хусейин Карасаев «...башка жаздап окуп, ...кызылдай эле кен экендигине... таң калган» мындай зор байлыкты жаңылап ачып чыгуу, анын поэзиясындагы эстетикалык нарк-насилди дааналап таап беришке коюлчу орчун милдеттей эле, аша маанилүү иш.

Барпы акеңин азыр биз сөз кылбасак да, баары бир эртедир-кечтир башка тармактын адистери, бери дегенде медикпсихологдор менен медикфизиологдор жакшы иликтеп алчу эротикалык ырлары да келчү кезегин күтүп турушат. Ошол дүйнөнүн жашоо философиясы — Чыгышта үч миң, Батышта эки жарым миң жылдан бери кагаз бетине түшүп, каралып келаткан эски да, жаңы да, адам баласы жер үстүндө канча жашаса, ошончо уланып кетчү түбөлүктүү тема.

Барпы элүү жылдап, жүз жылдап барып бир чыкчу генийалдуу талант болгон сыяктуу эле, чанда бир адамдарда кездешчү өтө кызыктуу, өтө мазмундуу, өтө трагедиялуу зор тагдыр күтүп өткөн улуу адам, улуу личность болгон. Биринчи «өзү жашаган өмүрү» (Алыкул) «Өрү чыкпай ишимин, өксүп жүргөн кишимин» дедиртип көп жагынан кейиш менен өтсө, экинчи «Ыры жашаган өмүрү» ченемсиз бактылуу, чексиз узун болорун көрсөтүп бараткан кеменгер акын. Баятан берки сөздөн акын дүйнөсүнө кайсы өңүттөрдөн кирип, кайсы олуттуу маселелерди чечмелеш керек экендиги апачык эле белгилүү болуп калды го. Анда эмесе жалпы сөздөн ишке өтүп, ошол улуу асылдык кенчти жакындан аңдап-билүүгө жол ала берели.

**Кадыркул ДАУТОВ.**

## ТҮЗҮҮЧҮДӨН

Урматтуу окурман, ошентип, атпай журтубуз ардактаган Барпы апыздын чыгармаларынын эки томдугу колуңузга тийип отурат. Ушундай жыйнакты түзүүнүн зарылдыгы, биринчиден, акындын соңку китеби мындан он жыл мурда басылгандыгы, экинчиден,— совет мезгилиндеги жыйнактары объективдүү жана субъективдүү шарттарга ылайык, өтө ыксыз кыскартуулар, сөздөрдү алмаштыруулар менен жарыяланып келгени, үчүнчүдөн, чыгармаларынын айрымдары ушул күнгө чейин жарык көрбөгөндүгү, төртүнчүдөн, Барпы мурасын изилдөөгө текстологиялык жактан такталган тексттерди даярдоо муктаждыгынан шартталган.

Азыркыга дейре К. Баялинов, Т. Шамшиев, Т. Байзаков ж. б. түзүп келишкен ыр жыйнактары мезгили үчүн чоң милдет өтөдү. Бул жагынан Т. Байзаковдун эмгегин өзгөчө бөлүп айтышыбыз керек. Улам жаңырган окурман чөйрөсүнө акын мурасын тааныштырып, чыныгы илимге материал топтоп, телчигип жаткан адабият таануу илимине изилдөө объектиси болуп келген.

Ошондой эле, ал китептерде айтылып өткөндөй, тескери көрүнүштөр да бар эле. Алардын эң орчундуусу тоталитардык системанын идеологиясына байланышкан, башкача айтканда, тышкы объективдүү жагдай акындын чыгармалары кандай болсо, ошондой жарыялоого кедергисин тийгизди. Адабияттын элдүүлүгү, таптык түзүлүштүн чагылышы, адабий чыгармадагы оң каарман идеяларынын ашынган иш-аракетинин залакасынан тарыхый чындык да четке кагылып келген. Маселен, көпчүлүк чыгармаларын бирден атап айтпасак да, жалгыз гана «Кулмурза менен Ак-Саткын» дастаны буга дейре 170 сап ыры кыскарып, 312 жерде сөздөрү, уйкаштыктары өзгөртүлүү менен жыйнактарына кирген. Кыскартылган жерлер негизинен Кулмурза менен Ак-Саткындын бардар адамдардын балдары болгондугу, Кулмурзанын аялы барлыгы, уруулар ортосундагы мамилелер тууралуу сaптар экендигине күбө. Демек, бир гана ырдын жарыяланыш тагдыры көрсөтүп тургандай, акындын чыгармаларын калыбына келтирип, калкыбызга тартуулоо эң актуалдуу маселе.

Дагы бир объективдүү шарттагы кемчилик, кээ учурларда чыгармалардын тексти менен **ичкилик диалектисинен** тааныштыгы жок адистердин иштеши болуп саналат. Мында ичкилик диалектисине гана таандык сөздөр, туюнтмалар түшүнүксүз көрүнүп, тексттен чыгарылып ташталганы кездешет.

Ушундай эле жагдайлар баяндоочулардан жазып алуу ишинде да орун алган. Бир жагынан, жазып алуу ыкмаларынын иштелип чыкпагандыгы, техникалык жабдуулардын жоктугу ишти аксаткан. Экинчи жагынан, кээ бир жазып алуучулардын сабатынын жакшы жетише бербегендиги көптөгөн каталыктарды кетирип, сөздөрдүн туура жазылышын камсыз кыла алган эмес. Бул да кийинки калыбына келтирүү ишинде бизди бир топ оорчулукка дуушар кылды.

Субъективдүү шарттардан болуп редакторлор менен түзүүчүлөрдүн ички

түшүнүк деңгээлине, көз карашына жараша тексттерге өзгөртүү киргизилгендиги саналат. Ошол тексттер — менен иштеген кездерде изилдөөчүлөр окурманга чындыкты бурмалап түшүндүрүшкөн.

Албетте, мындай өксүктөр жалгыз гана жыйноочулар, редакторлор, изилдөөчүлөрдүн жетишсиздиги болбостон, мезгилдин суроо-талабынын жемиши да болгон.

Жогоруда белгиленген ала жерлерди кайталабоо үчүн, эки томдукту түзүүдө Барпынын өз оозунан жазылып алынган материалдарга өзгөчө маани берилди. Түп нускага түшүрүлгөн тексттерге текстологиялык терең талдоо жүргүзүлдү. Жыйноочулардын механикалык түрдө, грамматикалык, орфографиялык жактан, ошондой эле айрым сөздөрдүн маанисин түшүнбөгөндүктөн кетирген каталыктары илимий жактан иликтенип, такталып калыбына келтирилди. Жасалган иштердин кыскача жыйынтыгы ушул: мурдагы кыскартуулар менен «оңдоолорду» калыбына келтиргенде китептин көлөмү болжоп жүргөндөн эки эсеге көбөйдү.

Мындан сырткары жазылып алынган бойдон кол тийбей жаткан «Октобой мерген аталбайт», «Болот», «Төмөн, төмөн, төмөн бар», «Дүргө жетиш кайдадыр», «Муңдук, Зарлык», «Козуке жана Баян сулуу» жана башка чоң-чоң санаттар менен дастандары, ырлары, айтыштары түрдүү булактардан алынып, түп нускасында китепке киргизилди.

Айрым санат-термелери, менен айтыштары апыздын өз оозунан бир нече жолу жазылып алынган. Алардын ортосунда автордук кээ бир алымча-кошумчалар да кездешет. Ушул жагдайды эске алып китепте алардын орчундуу деп саналган экиден варианттарын бердик.

Китептин **биринчи томуна** Барпынын санаттары, термелери жана айтыштары жайгаштырылды. Экинчи томго махабат ырлары, дастандары, өзүнүн жекече тагдыры, ачуу армандары, чыгармачылык жолу, өнөрлөш замандаштары, ошондой эле, совет доору тууралуу ырдаган ырлары киргизилет. Томдуктардын ушундай тартипте түзүлүп жатышына акындын ырларынын ички табияты себепчи болуп жатат.

Эске алчу жагдай, бул эки томдук шарттуу түрдө гана чыгармаларынын толук жыйнагы деп аталды. Азырынча колдо бар материалдар ушул. Келечекте дагы да жаңы табылгалар болоору шексиз.

Китеп кийинки изилдөө иштерине, акындын чыгармачылыгын жакындан үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзүү максатында кеңири фактыларды, мисалдарды камтыган комментариялар менен жабдылды.


Биз азыр аткарылган иштин, жүргүзүлгөн изилдөөнүн айрым урунттуу жерлерин гана санап өттүк. Негизги конкрет сөз, ойлор, байкоолордун жыйынтыгы атайын эмгекте кенен-кесири айтылмакчы.

Бул томдуктарды түзүү ишинде жакындан практикалык жардам көргөзгөн илимпоз агайларым К. Даутов менен С. Кайыповго чын ыкыласымдан ыраазылыгымды билдирем.

Эскерте кетчү бир сөз: үстүнө сызыкча коюлган «а́» ичке созулма болуп окулат.

**Болотбек АПИЛОВ**

# Аалам, Адам, Өмүр, Өлүм



## ЫР

Ыр дегенде өлөмүн,
Ырды жандай көрөмүн.
Ышкылуу сөздү ыр менен
Ылгап кумдай бөлөмүн.
Ыкылас койдум шул ишке,
Ырдын пири жөлөгүн.
Жөнөкөй сөздү кынадым
Жан эриткен ыр менен.
Барпы көр кошкон экен деп,
Ырдасын жаштар миңдеген.

* * *

Ак кымкаптан тон албайм,
Ак күмүштөн сом албайм!
Ар кимди барып бир мактап,
Ары жок ырчы болалбайм!

Кызыл кымкап тон албайм,
Кызыл тилла сом албайм.
Кызыталак бийлердин,
Кызыкчысы болалбайм!

* * *

Сүйлөш үчүн тил керек,
Ырдаш үчүн үн керек.
Сөздү сөзгө кынай бил
Маш зергердей чегелеп.
Ырчы болсоң-төкмө бол
Ак жаандай себелеп.

Бууданы болбой замандын,
Булбулу болбой адамдын
Ырчымын деп мактанба.
Талыкпасын кызыл тил,
Карыкпасын коңур үн
Ыр жоргосун чапканда.
Алтынды көрүп алданбай,
Алкымындан кармалбай,
Ырдай билгин жакканга.

## ЫРДАЙМЫН

Мен ырдаймын тайманбай
Карегиңе сайгандай.

. . . . . . . . . . . .

Мен ырдаймын шашкандай,
Башаттын суусу ташкандай.

. . . . . . . . . . . .

Мен ырдаймын сүрдөнбөй,
Булутту шамал түргөндөй.

. . . . . . . . . . . .

Мен ырдаймын тапкандай,
Токойго балта чапкандай.

. . . . . . . . . . . .

Мен ырдаймын тизгендей,
Балыктар сууда сүзгөндөй.

. . . . . . . . . . . .

Мен ырдаймын токтолбой,
Жээкке толкун сокколдой.

. . . . . . . . . . . .

Мен ырдаймын сүрөтпөй,
Тартып койгон сүрөттөй.

. . . . . . . . . . . .

Мен ырдаймын аябай,
Эки кабат саядай.

. . . . . . . . . . . .

Акын Барпы өзүм — шул,
Айта турган сөзүм — шул!

## АЙТ, АЙТ ДЕСЕ

Айт, айт, десе ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган,
Ааламдагы адамды айт.
Бири күлсө, миңи ыйлайт,
Акыйкатсыз заманды айт.
Байга — бакыт, кедейге —
Шорду жазган каламды айт.
Бул замандын улугу
Жакынын, байды калкалайт.
Кедей барса арыз айтып,
Көргүсү келбей чалкалайт.
Теңсиздикти ушундай
Адам качан талкалайт?!

Тоо музунан бузулуп,
Жер энеден сызылып
Аккан сууну даана айт.
Ыпыласты тазалайт,
Дыйканга берип береке,
Жамгыр сепкен керекке

Асмандагы булутту айт.
Пата алгандай кудайдан,
Барды көрсө жылмайган,
Кедей келсе жанына,
Карышкырдай кынжыйган,
Нысабы жок улукту айт.

Жылуу сөздөн тилдөө көп,
Жүрөктөрү зилдөө көп,
Күлгөнүнөн ыйлоо көп,
Күйүт салып кыйноо көп.
Алуу эмес берүү көп,
Ар азапты көрүү көп.
Калктын ичин бөлүү көп,
Көпчүлүктү сөгүү көп.
Көздүн жашын төгүү көп,
Тирүүлөрдөн өлүү көп,
Көңүлү өспөй чөгүү көп.
Айта берсе далай кеп:
Көздүн жашын курутпайт,
Адам муну унутпайт!

Бирди эмес, жүздү айт,
Берекелүү күздү айт.
Үйүр болуп адамга
Илбесин алган кушту айт.
Азга жылуу, көпкө ызгаар
Кычыраган кышты айт.
«Кыш чилдеде иште» — деп,
Томаякты желкелеп
Бай көрсөткөн муштту айт.

Күсөгөгүң табылган
Күндө базар-шаарды айт.
Гүл жадырап ачылган,
Күрмө кийген жашылдан
Жаркыраган бээрды[1] айт.
Эки энени тел[2] эмген
Кысыр эмди тайды айт.
Ысыгына мээ кайнайт,
Илеби ысык жайды айт.
Байлар чардап бээ байлайт,
Томаякта шор кайнайт.

Отуз күндүк орозо
Олжо берет молдого,

---

[1] бәәр — эрте жаз.
[2] тел — жалгыз.

Эшен менен кожого.
Ишенбестен ошого,
Акыйкатты ачык айт.
Адамдарга шашып айт.
Айт, айбашы дегенди,
Алдап малды жегенди,
Акыйкатсыз элди жеп
Аш, той берген беренди,
Адамга салган чэңгэлди
Көргөндөргө анык айт.
Көрбөгөнгө барып айт,
Көңүлүнө салып айт!

Айт, айт десе, чындыкты айт.
Айлыкты эмес, жылдыкты айт.
Ак пейилдүү адамды
Азгыруучу шумдукту айт.
Ачкалыктын айынан
Ач, жылаңач, кулдукту айт.
Багам десең жанынды
Улуктарга жалганды айт.
Айтам десең чындыкты
Башка кайгы салганды айт.
Өмүр бою эзилип
Уу тырмакта калганды айт.
Уу тырмакта мычкылып,
Эси ооп, талганды айт.
Башыңа түшкөн азаптан,
Куткаруучу балбанды айт!

## КҮН

Угуп тургун, калайык,
Күн — өмүрдүн азыгы.
Күндү кошуп ырдаган
Акын Барпы ашыгы.
Мөңгүсү эрип көңүлдүн
Ыр дайрасы ташыды.
Күндүн нуру белгилүү
Күчтүү оттон жаралган.
Күн кубаты бардыктан
Адамга кан таралган.
Күндүн нуру жеткенден
Өсүмдүктөр жан алган.
Буудай өсүп майсалап
Азык болчу дан алган.

Жарык күндүн нурунан
Жан-жаныбар нав[1] алган.
Гүл ачылып, эң сонун,
Булбул куштар сайраган.
Өсүмдүктүн баары өсүп,
Эл кубанып жайнаган.

Жамгырды, сууну жараткан
Чыккан күндүн жарыгы.
Жамгыр, суудан жанданат,
Өсүмдүктүн тамыры.
Күн болбосо көрбөйсүң,
Жарык дүйнө шарыны.
Күндүн нуру болбосо,
Суу күркүрөп көбөйбөйт.
Күндүн нуру болбосо,
Өсүп гия[2] көгөрбөйт.
Күндүн нуру болбосо,
Жан-жаныбар чак болбойт.
Ар бир түрдүү мөмөлөр
Өзү бышып бак болбойт.
Күндүн нуру болбосо,
Дарак өсүп бүрдөнбөйт,
Тоо жашарып түрдөнбөйт.
Күндүн нуру болбосо,
Чынар өсүп шактабайт,
Дыйкандар буудай каптабайт.

Күн нурундай касиет
Издеген менен табылбайт.
Күндүн нурун мактаган,
Көр Барпы ырчы жаңылбайт.
Бардыгына Күн себеп,
Күнсүз дүйнө жаңырбайт.
Чыгыш жактан Батышка
Жүрүп турган — чыккан Күн.
Жарык нуру дүйнөгө
Тийип турган — чыккан Күн.
Суукту айдап, ысытып,
Суунган боюн кызытып,
Күйүп турган — чыккан Күн.
Карыны да, жашты да
Нуру менен кучактап
Сүйүп турган — чыккан Күн.

---

[1] Нав — азык деген мааниде.
[2] Гия — өсүмдүк.

Болгон ишти бүт бойдон
Өз бетине көчүрүп
Чийип турган — чыккан Күн.
Көпкө пайда жеткирген
Аныктыгы — чыккан Күн.
Асман-жердин арасы
Жарыктыгы — чыккан Күн.
Кыбыраган жандарга
Ал киргизген — чыккан Күн.
Арык малды семиртип
Кан киргизген — чыккан Күн.
Адам менен айбанга,
Өмүрү жок жайларга
Жан киргизген — чыккан Күн.
Кыш чилдеде бушман Күн,
Жай чилдеде душман Күн.
Па́ра́нда́га[1] ар түрдүү
Тил чыгарган — чыккан Күн.
Гүлкайырга эң сонун
Гүл чыгарган — чыккан Күн.
Куштан, малдан, адамдан
Үн чыгарган — чыккан Күн.
Күн кызарып батканда
Жарык жерди түн басат.
Жаркыраган таң атса,
Жандуу, жансыз көз ачат.
Өктөм Күндүн күчүнөн
Өкүм сүргөн түн качат.

Чыккан Күн, менин күнөсүм,
Чыкыроонду сүрөсүң.
Эртең менен болгондо,
Тоо башынан күлөсүң.
Нур канатың талыкпай,
Сапар тартып жүрөсүң.
Миң-миндеген кылымга
Айта келсек, чынында,
Жалгыз өзүң күбөсүң.
Замандар өттү сен калдың,
Адамдар өттү, сен калдың.
Өлбөстүккө ашкере
Түркүксүңбү бир өзүң?
Бүт кубатын нур чачып,
Жерге берген — чыккан Күн.
Мээримин эң сонун
Элге берген — чыккан Күн.

[1] Па́ра́нда́ — канаттуу.

Сени кошуп ырдадым,
Ашкерелеп сырларың.
Калар бекен калкымда
Азбы, көппү ырларым.
Канат кылып өзүнө
Карыбас Күндүн нурларын?

## ЖЕР

Ырдын башы ыраакта,
Ыгын бузбай кынапта.
Ыймансызды жазалайт,
Ыпыластан тазалайт,
Ырыс-кешик булакта.
Ыдырабайт адил сөз,
Ыр пайнабы кулакта.

Кутман ырдын санатын
Кураштырып жыйгамын,
Кулагыма куйгамын.
Купуя ойго курчалып,
Кудуретин туйгамын.
Куп келтирип айтпасам,
Күйүп кетээр ыйманым.

Тирүүлүктүн зыйнаты
Тийип турган Күндө экен.
Ар ким үчүн сыр ачпайт,
Ачкычтары кимде экен?
Илик салып байкасам,
Иргеп кумдай чайкасам,
Адал, аруу дилде экен.
Адам менен бирге экен.

Айдоочу жок Жел кайда?
Абасы жок Жер кайда?
Ааламда Жел болбосо,
Адамда дем болбосо,
Азиретке жалынып,
Аягына табынып,
Ак урганың бейпайда.

Суудан аалам пáк[1] болот,
Саргайган чөл бак болот.
Саар-кечте суу менен

[1] Пáк — таза.

Саламдашар чак болот.
Саратанда салкын деп,
Сайды бойлоп эл конот.
Суусуз жерге суу буруп,
Суулуу жерге бол конок.

Күн өмүрү Жердеги —
Күйүп турган От болот.
От болбосо Жердеги
Орозгериң жок болот.
Отсуз адам өмүрү
Оп тартылып токтолот.

Төгөрөктүн төрт бурчу —
Тирүүлүктүн тиреги.
Амандыкта турбайбы
Ар макулук тилеги.
Жерде жашап, Жерде өлөт,
Жерди пенде билеби?

Абурою ченегис
Абалтан Жер — Энебиз.
Адам уулу болгону
Анда жашап келебиз.
Асылдыгын билбестен,
Адеп менен жүрбөстөн,
Албууттанып кез-кезде
Акараат кылып тебебиз.
Адебин колго беребиз...

Жер болбосо, калайык,
Жандуу, жансыз болобу?
Топтолуп учкан па́ра́нда́[1]
Топон сууга конобу?
Аба, Жамгыр, Шоола, Түн —
Адилет Жердин коногу.

Жер бетинде Суу да бар.
Жер бетинде буу да бар.
Жан алгычтар чылаган
Жер бетинде Уу да бар.
Жердин бетин тозуткан
Жаңжал, уруш, чуу да бар.

Жердин Суусу — дары экен.
Жердин Буусу — наары экен.

[1] Па́ра́нда́ — канаттуу.

Жашоолорду жалмаган
Жердин Уусу — заары экен.
Жан бүткөндү мойсогон
Жердин Чуусу — каары экен.

Жерден баары жаңырат,
Жерден баары табылат.
Жетимиш миң макулук
Жерде жүрөт жамырап,
Бирде толсо Жер бети,
Бирде кайра аңырат.
Адамдарга бул ырды
Айткым келди тагыраак.

Таштарга таштар сыйылып,
Таштарга таштар жыйылып,
Тоо жаралат турбайбы.
Коктунун ташы тайгылып,
Конушунан айрылып,
Коо жаралат турбайбы.
Эгизине асылып,
Эңишине ташынып,
Эл таралат турбайбы.
Жашоо үчүн аларга,
Жолун издеп табарга —
Жер канагат турбайбы.

Төгөрөктүн топугу —
Төрт такылет[1] турбайбы.
Көк асмандан Жергече
Көрк акыбет турбайбы.
Өмүрлөрдү күл кылган
Өрт капылет турбайбы.

Жетилткен ырдын канатын
Жер-Эне ырдаар санатым.
Жеткирет элди мүдөөгө
Жердин тузу бир татым.
Топугу Жердин бүткөндө
Томолонуп жатабыз
Топуракка бир чачым.

Суу көп дешет дүйнөдө,
Сууну да Жер көтөрөт.
Чуу көп дешет дүйнөдө,
Чууну да Жер көтөрөт.

---

[1] Такылет — элемент.

Жерден күчтүү эмне бар?
Жерге сыйын чөгөлөп!

Жер бетинде бейиш бар,
Жер бетинде кейиш бар.
Жер бетинде жыргал бар,
Жер бетинде куурал бар.
Жер бетинде өмүр бар,
Жер бетинде өлүм бар.
Жер бетинде күнөс бар,
Жер бетинде күрөш бар.
Бардыгына Жер түтөт,
Бир кубанып, жүз түтөп.

Жайнайт жазда жашыл чөп,
Жер танабы сөгүлүп.
Жылчык таап булуттан
Жамгыр жаайт төгүлүп.
Жер алдында далай калк,
Жер алдында далай алп
Жатат изсиз көмүлүп.

Датымды ук, Эне-Жер,
Далайларды арыттың.
Далайларды карыттың.
Пейилиңди жашырба
Паанасына[1] жарыктын.
Бак-таалайын ачып кой
Байлоодогу карыптын.

Бир чөлкөмдө кум жатат,
Бир чөлкөмдө ным жатат.
Бир чөлкөмдө чым жатат,
Бир чөлкөмдө дың жатат.
Бир чөлкөмдө таш жатат,
Бир чөлкөмдө баш жатат.
Бир чөлкөмдө түн жатат,
Бир чөлкөмдө күн жатат.
Эне-Жердин боору ушул,
Эне-Жердин доору ушул.

Жандуу менен жансызга,
Алдуу менен алсызга,
Ысык менен ызгаарга,
Ыраактагы муздарга;
Айбан менен адамга,

---

[1] Паанасында — далдоосу, көлөкөсү.

Ар пуркалуу[1] заманга;
Өлүм менен өмүргө,
Чындык менен төгүнгө;
Кумдар менен сууларга;
Купуя менен чууларга;
Жакшы менен жаманга,
Адал менен арамга;
Караңгы менен жарыкка,
Карыбаган тарыхка —
Эне болот улуу Жер!
Эге болот сулуу Жер!

## АККАН СУУ

Былк этпейт дүйнө чын кеме,
Баарибизге жер Эне.
Жер Эне терең ким болгон?
Жерден чыккан ка́н болгон.
Жер бетинде бүткөн кум,
Кумдан ойноп чыккан суу,
Ба́ра́ка́лүү дыйкан суу.
Барар жерин тапкан суу,
Касиеттүү аккан суу.
Жаратилган баарина
Акыбеттүү аккан суу.

Тувулган жердин баласы —
Такылетин[2] карачы,
Тарбиялуу аккан суу.
Жаңылбай чыккан жолудан,
Жаркырап жердин койнудан,
Жайнап чыккан, аккан суу.
Булак болуп тоолордон,
Кайнап чыккан, аккан суу.

Топуракты намдатып,
Сызып чыккан, аккан суу.
Жер тагидан[3] аңтарып
Бузуп чыккан, аккан суу.
Эгизден[4] түшүп пас жакка
Шаркыраган, аккан суу.
Жүрүп кетсе алтындай
Жаркыраган, аккан суу.

---

[1] Пуркалуу — түрдүү.
[2] Такылет — көрүнүш деген мааниде.
[3] Тагидан — түбүнөн, астынан.
[4] Эгиз — бийик.

Жылгадан түшсө, обону
Шылдыраган, аккан суу.
Чекесинде ар түрлү
Гүл бураган, аккан суу.

Кесек жатса эритип,
Майда кылган, аккан суу.
Түрлү элге белгилү
Пайда кылган, аккан суу.

Аяк-башын билбейсиң,
Бирдей кеткен, аккан суу,
Чарчаганын, талганын
Билбей кеткен, аккан суу.

Дүнүйада белгилүү
Але̇ка́ттүү, аккан суу,
Сузсаң ада болбогон
Ба́ра́ка́ттүү, аккан суу.

Эски болуп бир жери
Сүзүлбөгөн, аккан чуу.
Жүз жылдык жолго түз кетсе
Үзүлбөгөн, аккан суу.

Нам[1] жеткен жерден гия[2] өсүп
Дүркүрөгөн, аккан суу.
Абазы сүрлүү, жай кирип
Күркүрөгөн, аккан суу.

Аккан суу элге жария,
Чогулса болгон дария.
Эл сугарып көгөрткөн
Зыраатты[3], аккан суу.
Жер үстүндө жандардин
Ыраады, аккан суу.

Ар ким ичсе кубанып,
Маза[4] кылган, аккан суу.
Макүр[5] болсо бир жериң
Таза кылган, аккан суу.

Толкуну тоону көчүрүп,
Кыймылдаткан, аккан суу.

---

[1] Нам — ным.
[2] Гия — чөп, өсүмдүк.
[3] Зыраат — керекке жароочу деген мааниде.
[4] Ма́за́ — рахаттануу.
[5] Ма́күр — булганса деген мааниде.

Сулуулар сылап чач өрсө
Жымылдаткан, аккан суу.

Сымап менен окшошсуң,
Сылыктыгың, аккан суу.
Адамдын жүзү көрүнгөн
Тунуклугуң, аккан суу.
Дүнүйөдө белгилүү
Улуклугуң, аккан суу.

Жеткен жериң гүлистан,
Шаар болгон, аккан суу.
Кимге керек шол замат
Таяр болгон, аккан суу.
Масалаң терең белгилүү
Баян болгон, аккан суу.

Сен жүргөн жериң баары абад,
Шириндигиң ак набат.
Бүтүлгөн жериң зыраат,
Курулуш түшкөн ыраат.

Ар ким ичсе бир сабап,
Пайда берген, аккан суу.
Ыктыйарин, көңүлүн,
Сайга берген, аккан суу.
Жерден чыгып сызылып,
Жерге берген, аккан суу.
Касиетин көрсөтүп
Элге берген, аккан суу.

Жайы кышы мал ичип,
Семиз болгон, аккан суу.
Барган сайын көбөйүп
Деңиз болгон, аккан суу.

Деңиз суунун бетинде
Кайык жүргөн, аккан суу.
Арасында буластап
Балык жүргөн, аккан суу.
Түрлү жандар ичинде
Анык жүргөн, аккан суу.

Жээгинде жекендер
Ойноп жүргөн, аккан суу.
Өрдөк, чүрөк тукумдап
Жойлоп жүргөн, аккан суу.
Баарибизге пайда деп,
Ойлоп жүргөн аккан суу.

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ
Инв. № 46292

Қара шагыл кумайды
Җарып чыккан, аккан суу:
Сыртында бар канаты
Балык чыккан, аккан суу.
Ыраатты болжолдоп
Таанып чыккан, аккан суу.

Барып токтор жериңди
Эл билбеген, аккан суу.
Сен болбосоң айбан, мал
Семирбеген, аккан суу.

Җай дагы керек, кыш керек
Сенден пайда, аккан суу.
Қасиетиң башкача
Сендей кайда, аккан суу.

Бууңан булут ичкени
Җамгыр болгон, аккан суу.
Бул кызматың эл үчүн
Мазир[1] болгон, аккан суу.
Җаратилип дүйнөдө
Асил[2] болгон аккан суу.

Терек өсүп көгөрүп,
Чынар болгон, аккан суу.
Гыш пышырып уста урса,
Мунар болгон, аккан суу.
Қасиетиң барлыгы
Шунан болгон, аккан суу.

Тоо жыгачы көктөсө,
Арча болгон, аккан суу.
Қасиетиң дүнүйөдө
Қанча болгон, аккан суу.
Саңа талип дүнүйөдө
Барча болгон, аккан суу.

Ар шагыда мөмө алган
Анжир бүткөн, аккан суу.
Қубанышып эл жеген
Қурма бүткөн, аккан суу.
Җер энеден көбөйүп
Шунда бүткөн, аккан суу.

Җумшак бүтүп эзилген
Җүзүм бүткөн, аккан суу.

---

[1] Мазир — үлгү.
[2] Асил — түшүм.

Анык мөмө тазасы
Анар бүткөн, аккан суу.
Мындан бөлөк мөмөдөн
Далай бүткөн, аккан суу.

Өзөндүү сайдын боюнда
Өрүк бүткөн, аккан суу.
Өз пайданды белгилеп
Көрүп бүткөн, аккан суу.

Аккан суу сенде шарапат:
Ак алма менен нак[1] бүткөн,
Көгөрүп өсүп бак бүткөн,
Көп пайдандан, аккан суу.
Көгөргөн дарак кайналы
Жарашкан бактын майданы.
Ак пакта бүткөн жайдары,
Касиетиң абдами.[2]
Баари бүткөн, аккан суу.

Бозоргон чөлдө көгөрүп,
Асили[3] күрүч көбөйүп,
Шалы бүткөн, аккан суу.
Дарбыз коон пáлáктүү[4]
Дагы бүткөн, аккан суу.

Анделек жыпар бураган
Мураптар арык улаган,
Суу нөөбати[5] бизде деп
Дыйкандар келип сураган.
Арпа, буудай чайлаган,
Дыйкандар алыш байлаган,
Ичкендин баари жайраган,
Абракмат, аккан суу.
Жер энеден таралып
Болду ракат, аккан суу.

Жолдоштугуң Күн менен
Сүйлөшөсүң ким менен?
Күн жолдошуң эритет
Уюлдун калың музуну.
Ай жолдошуң тиктеди,
Аккан суу сенин жүзүңү.

---

[1] Нáк — алмуруттун бир түрү.
[2] Абдами — башкача, ажайып керемети.
[3] Асил — түшүм.
[4] Пáлáк — коон, дарбыздын сабагы.
[5] Нөөвáти — кезеги.

Көргөндүн көөнү кубанган,
Көпөлөк ичип суулаган
Сенин көркүң, аккан суу.
Өзүң менен бир жүргөн
Сенин эркиң, аккан суу.

Макулуктун баарысы
Каны сенсиң, аккан суу.
Айбанат менен куштардын
Жаны сенсиң, аккан суу.

Жер үстүндө мөмөнү
Сен сугарган, аккан суу.
Курт-кумурска, бөй-чаян,
Тең сугарган, аккан суу.

Эгизги тоонун эрки жок,
Эл болбосоң, аккан суу.
Эч ким тирүү күн көрбөйт,
Сен болбосоң, аккан суу.
Сенсиз дарак көгөрбөйт,
Сенсиз мөмө көбөйбөйт.
Шарапаттуу аккан суу.

Ай он беште жык толуп,
Жарык болгон, аккан суу.
Дүнүйө бою ыраатың
Анык болгон, аккан суу.

Жер үстүндө гия чөп
Тамыр алып желпилдейт,
Сени менен, аккан суу.
Буту жок жылан сойлогон
Илбээсин, кийик ойногон
Ала-Тоодон, аккан суу.
Агарып түшсөң шаркырап
Аска зоодон, аккан суу.
Караса көзүң жетпеген,
Карга айланып кетпеген,
Зоо бетинде, аккан суу.
Түрлү жүргөн пáрáндá[1]
Куш четинде, аккан суу.

Сен болбосоң бир нечен
Какшып өлөт, аккан суу.
Бүркүт учса алыстап,

[1] Пáрáндá — куш.

Шаңшып өлөт, аккан суу.
Четинде дарак көгөргөн,
Жетпесе какшып көп өлгөн.
Дүнүйөдө эң керек
Сен жаралдиң, аккан суу.
Кыбыраган жандарга
Тең жаралдиң, аккан суу.
Орус менен мусурман
Тайирлиги, аккан суу.
Эрли, зайып курбунун
Алалдиги, аккан суу.

Түрлү ичер оокатка
Сен керексиң, аккан суу.
Дөө-парилар ичишке
Тең керексиң, аккан суу.

Мөлтүлдөп аксаң бөлөкчө
Түшпөй[1] өткөн киши жок.
Ар күнү сенден бир таам,
Ичпей өткөн киши жок,
Эң пайдалуу, аккан суу.
Жарандардын[2] жаны — сен,
Жаратылган каны — сен,
Абракмат, аккан суу.

Мака Тилла, Кабанын
Кабры бүткөн, аккан суу.
Канчалык жердин үстүндө
Кыбыраган макулук
Баары бүткөн, аккан суу.
Бул дүнүйада түгөнбөйт
Бир омуруң[3], аккан суу.
Асман жерге белгилү
Шул довуруң, аккан суу.
Дүнүйада эң керек,
Төрт такылет[4], аккан суу.
Төртөбүндө барабар
Бар акыбет, аккан суу.

Бурум-бурум жер болсо,
Буруп аккан, аккан суу.
Колу-буту белгисиз
Жылып аккан, аккан суу.

---

[1] Түшпөй — жуунбай, киринбей деген мааниде.
[2] Жаран — жандуу макулук.
[3] Омур — өмүр.
[4] Такылет — дүйнөнү кармап турган төрт элемент.

Баш келиш жериң Күн чыгыш,
Токтолуш жериң Батышта,
Пурсат[1] жок тынчып жатышка.
Аккан суунун белгисин,
Ырдап турам айтышка.
Жер бетинде майда таш
Бетиндесиң, аккан суу.
Күркүрөп аккан шариңдан
Суучулдар өтөт сүздүрүп.
Аккан суунун шаанисин
Жазып турам тиздирип.
Четинде кыздар суу алган
Арка чачы чубалган,
Толкунуңа кубанган.
Түбүндө жылан сойлогон
Түшүнсөң сендей болбогон.
Түрлү жандар дагы бар
Араңда жүрөт ойногон.
Акылымды жибертсем,
Ар киши күсөп ойлогон.
Жарыглыктын мөмөсү
Ыракат куту, аккан суу.
Кеткен жериң арыктан
Бурум-бурум, аккан суу
Жер бүткөндө жаралган,
Элден мурун, аккан суу.
Элге ыраат көрсөткөн
Сенин нуруң, аккан суу.
Жер Эне сенин маканиң[2]
Жеткирип ырдап атамын.
Таритиңди келтирип
Чечилип ырдап атамын.
Ада болбойт аккан суу
Ар канча ырдан мен айтсам.
Көңүлүмдү ачасың
Узактан какшап келетсам.
Жаратылыш жараткан,
«Дүйнөгө керек суусуң» деп,
«Дүнүйө бою түгөнбөй
Узак жашап турсун» — деп.

---

[1] Пурсат — убакыт, мөөнөт.
[2] Макан — мекен.

## ШАМАЛ

Бүт кыдырган ааламды
Айткым келди шамалды.
Аягы жок, башы жок,
Шамал кайдан жаралды?
Анын сырын чечүүгө,
Жүгүртөйүн санаамды:
Төгөрөктү каптаган
Көлдөн чыгып жүрбөсүн?
Кашык сууга зар болгон
Чөлдөн чыгып жүрбөсүн?
Жандуу, жансыз энеси —
Жерден чыгып жүрбөсүн?

Кармайын десең колу жок,
Сыйрайын десең тону жок,
Минейин десең кому жок,
Арызданып баруута,
Айыбын айтып калууга
Башкарган аны чоңу жок.
Байкап көрсөм башы жок,
Айдардан бөлөк аты жок.
Аңдап көрсөм буту жок,
Айдап жүргөн киши жок.
Жарышканы күн менен,
Жолдоштугу түн менен.
Биле албадым эмгиче
Сыр сурашат ким менен?

Көрүнбөгөн кишиге
Канаты бар шамалдын.
Чакырганда келбеген,
Чакырбаса демдеген
Адаты бар шамалдын.
Түшүнгөнгө өзүнчө
Санаты бар шамалдын.
Куюн болуп кубушкан,
Кудуранып урушкан
Жаңжалы бар шамалдын.
Жаңжалына карабай,
Жаманын жаман санабай
Кардары бар шамалдын.
Айдап жүргөн ой-тоого
Туманы бар шамалдын.
Тоонун ташын уратар,

Ак теректи сулатар.
Начар үйдү кулатар
Куралы бар шамалдын.

Тердегенди сергиткен,
Чөксө көңүл эргиткен —
Акибети шамалдын.
Тоого, чөлгө барабар —
Касиети шамалдын.
Жүрбөй калса көп болот
Асирети шамалдын.

Калкка керек шамалдын,
Калкка белек шамалдын
Бар кызматын айтайын,
Багынтып ырдын шайтанын.
Көзгө илинер түсүң жок,
Бирок, чатак мүнөзүң.
Деңиздин суусун терметип,
Көрбөгөндү көрсөтүп
Тоодой толкун түзөсүң.
Толкун менен кошулуп
Жээкти келип сүзөсүң.
Толкун кайтат артына
Бутүрүп алып мүдөөсүн.
Төгүлбөстөн, сынбастан
Кетесиң кайда сен өзүң?
Кылыч менен чапса да,
Мылтык менен атса да
Бөлүнбөйсүң, шамал сен.
Дүрбү салып көрсө да,
Мерген болуп өңсө да,
Көрүнбөйсүң шамал сен.

Онунан жүрсө — таң аткан,
Орунсуз жүрсө — түн баскан.
Оомал-төкмөл шамалдын
Чыккан, барган жерини
Издеген менен ким тапкан.
Бороондуу күнү ышкырат,
Болжолу жок иш кылат.
Жаандуу күнү шуулдайт,
Дарчани[1] бузуп куюндайт.
Тумандуу күнү түн курат,
Туурдукту үзүп булкунат.

[1] Дарча — коргондон там аркага чыкчу кичинекей тактай эшикче.

Чарчабастан бел ашат,
Чабыттап келсе эл шашат.

Кышында жүргөн шамалды —
Жокчулук десе эп болот.
Күзүндө жүргөн шамалды —
Токчулук десе эп болот.
Жазында жүргөн шамалдын
Ачы менен тогу бар.
Жайында жүргөн шамалдын
Жан сергитер оңу бар.
Уулуу тили жалмандап
Жыланы бар шамалдын.
Каримсал деген кероoз
Ылаңы бар шамалдын.
Баарын көккө сапырган
Куюну бар шамалдын.
Тегеренген чарк уруп,
Уюлу бар шамалдын.

Сыдырым соккон салкын жел —
Келин болот шамалга.
Жайында жанды сергитип,
Жабыкса көңүл эргитип
Үйүр болот адамга.
Айта берсе түгөнбөйт
Айдар аттуу шамалдын
Пайда менен зыяны.
Шамалдан озуп кеткидей,
Самаган жерге жеткидей
Адамзаттын кыялы.
Карап турган калайык
Капа болбос Барпыга
Калып кетсе быягы.

## ОТ

Ассалому алейкум,
Ааламдагы адамдар!
Аралыктан өтүүдө
Алда кандай замандар.
Акыл менен ойлонор
Ар нерседен кабардар.

Ыргап көккө канатты,
Ырдап жүрөм санатты.
Ынтызар элге ырдамак —

Ырчыларга адатпы?
Ысырап болот кайран сөз
Ыдыратса танапты.

Жалындуу Күн, жаркын От —
Жылуулуктун теңири —
Алоосунан ыр курап,
Айткым келди кеңири.
Жар, агайин, туугандар
Жалган дебес кебими.

Күүгө салып нурларын
Күндү мактап ырдадым.
Адамдарга жария
Айттым далай сырларын.
Эми
Ортоңорго саламын
Орошон Оттун жыргалын.

Оролуп Күндүн багына,
Отурдум Оттун табына.
Кароомат[1] ойлор көккө учуп,
Келгендей болдум табыма.
Алоосу өчпөйт ырымдын
Аксам да сайдын шарына.

Ойлоп-ойлоп отурсам,
Оюмду ойго толтурсам:
Отту чоң күч жаратат.
Андан кийин ааламга
Алоолорун таратат.
Күм-жам болсо дүнүйө
Күндүн көзүн караткат.
Бүт тириглик Отто бар,
Болбогула арасат.

Жерди жарып чыккан От —
Жан бүткөнгө кутман От.
Зоону жарып чыккан От —
Зоболосу кутман От.
Онго, солго көз салсам:
От жанбаган чоку жок.
Азбарайи[2] ой-тооба,
Атылбайт мылтык оту жок.

От жанивар овлугуп
Буудан чыгып жүрбөсүн?

[1] Кароомат — керемет.
[2] Азбарайи — жараткан эгем.

Орозгерге ылайык
Суудан чыгып жүрбөсүн?
Чыр-чатакты тутантып
Чуудан чыгып жүрбөсүн?
Теңчиликке чакырган
Туудан чыгып жүрбөсүн?

Жар, агайин туугандар!
Жаннатиңда Күн болбойт.
Очогунда От эмес,
Оттон түшкөн күл болбойт.
Оомал-төкмөл дүйнөдө
От бар жерде түн болбойт.
Оту өчкөндүн үйүндө
Ооз ачкан үн болбойт.

Булутка булут жабышса,
Булутка булут кагышса —
Жарк-журк этет чагылган.
Жарып өтөт асманды
Жалынга окшоп жагылган.
Дүбүртүнө чыдабай,
Түңүлөсүң жанындан.
Опурталдуу болсо да,
От ошондон табылган.

Жашил гия чыгабы
Жердин табы болбосо?
Эр азамат чыгабы
Элдин камы болбосо?
Күйбөйт жашоо чырагы
Күндүн шаңы болбосо.

Жарык нурда — сулуулук,
Жер тагида — жылуулук.
Кароомати кол жеткис
Күндө, Отто — улуулук.
Оттон сүйүү башталат,
Оттон күйүү башталат.
Сүйүү оту жалындап
Жүрөгүнө баш багат.

От менен жашоо куралат,
Оту жок жашоо кубарат.
От менен дүйнө уланат,
Оту жок дүйнө куланат.
От менен сүйүү төрөлөт,
Оту жок сүйүү тез өлөт.

От менен достук оңолот,
Оту жок достук жоголот.
От менен полот музду өрттөйт,
Оту жок полот суута өтпөйт.

Жанар тоолор жанганда —
Жаандам[1] түшөт арманга.
Жалын каптап, от каптап,
Жоголот асман дамдамда[2].
Зилзила жутуп бүт сууну,
Зар болосуң замзамга.

От каары — өрт болот,
Оомат кетип, көрк соолот.
Дабасы жок көк түтүн
Дарактарга бөрк болот.

От жаалы өрт чачат
Орозгерден көрк качат.
Очок күлүн сапырып
Отургансыйт төрт качак.

Отсуз супсур жамалың,
Отсуз пышпайт тамагың.
Ач отура береби
Арзып келген адамың?
Акаарат кылбай жөнү жок,
Алды-артыңды карагын.

Отто болуп жүрбөсүн
Ойдун издеп тапкычы?
Отто болуп жүрбөсүн
Ооматыңдын баскычы?
Отто болуп жүрбөсүн
Орозгердин ачкычы?

Орозгериң каралап
Оттон апаат жаралат.
Очогуңа зил чачып,
Олураят сагалап.
Ооматыңа өрт коюп
Оет ичин жаралап.

Ошентсе да, туугандар,
От жылытат түнөктү.

---

[1] Жаандам — көйкап деген мааниде.
[2] Дамдам — бир заматта.

Ойлогонго жетсин деп,
От жылытат тилекти.
Оожалып иши кетсин деп,
От жылытат жүрөктү.
Ооруга даваа болсун деп,
От жаратат мүрөктү.

Кадимкидей оттун да
Карасы бар, агы бар.
Күн менен Түн сыяктуу
Күүгүмү бар, таңы бар.
Жакшылыкта жанаша
Жан көрбөгөн багы бар.
Ойрондотор, сүйүнтөр,
Оң, тескери жагы бар.
Адамдардын багына,
Ар бир күндүн таңына
Аруулуктан шам жагат
Алоолонгон жаныбар.

Окшоштуруп ыраңын
От менен Отту улагын.
От жылытат ар убак
Ордолуу үйдүн турагын.
От аруулайт ар убак
Орозгердин булагын.
Ошол кезде, туугандар,
Өмүрлөрдөн өмүргө
Өчпөй жанат чырагың.
Бул насият конбосо,
Бөксө акылың толбосо —
Барпы көрдөн сурагын:
Өчкөн отуң күйгүзөт,
Өз пайдасын тийгизет.

«Оомал-төкмөл дүйнөнү
От жараткан, От алат.
Желге минип желпинип
Жер бетине чаң салат.
Ошол кезде ааламда
Обо толгон чок калат.
Бардын баары түгөнүп,
Бардык жакта жок калат».
Деп айтышат молдолор.
Тозок толгон От имиш,
Токою жок корголор...

Ишенем Оттун каарына,
Ишенбейм Тозок каарына.

Ишенем Оттун өзүнө,
Ишенбейм молдо сөзүнө.
Ошолор калпты сүйлөйбү?
Ошолор Отко күйбөйбү?
Чырмалса көп эл кейишке,
Чыгабы алар пейишке?

Оттуу кезде курагым,
Отто менин турагым.
Оронбостон ызгаарды
Отту көздөй жыламын.
Орундатам өлгөнчө
Оттун салган сынагын.
Оттон алып кубатты,
Отко таазим кыламын.

Жагылуу От, жаркын От —
Жылуулуктун теңири.
Алоосунан ыр курап,
Айтып өттүм кеңири.
Жар, агайин, туугандар
Жалган дебес кебими.
Өзөк кылдым ырыма
Өчпөс Оттун демини.

## АДАМЗАТТЫН БАЛДАРЫ

Адамзаттын баласы,
Кырк күндө кызыл кан болот.
Үч ай, үч күн болгондо,
Энеңдин ичи дам болот.
Төрт айда бадан[1] дан бүтөт,
Беш айга кадам койгондо,
Эт тарткандай жан бүтөт.
Алты айда анык билинет,
Тогуз ай, тогуз күн,
Тогуз саатта,
Жер жүзүгө түшөт.

Ырыскыңды насибиңди
Эл ичинде бүтөт дейт.
Түшөсүң жерге чыркырап,
Чаңгалиңда ырыскың
Жер жүзүгө тыркырап,
Тирик жүрсөң тересиң.
Ыйлап жүрүп көнөсүң.
Адамзаттын баласы,
Ырыскың таман болгондо,
Салганын шондо көрөсүң.

Эне-атасы сүйүшөт,
Ќáмигá[2] жетип күлүшөт.
Экисинде эс кирет,
Үчкө жашы жеткенде,
Эркелеп, күлүп эчкирет,
Ата-энеси угат дейт,
Чулдурап тили чыгат дейт,
Ата менен энеге
Шондо керек кубат дейт.
Ата-энеси эңсеген,
Беш жашарда белсенет,
Алты жашта аты бар,
Акыл ойлоп теңшерет.
Жетисинде жетилет,
Сегиз жашта серпилет.
Тогуз жашта торолот,
Он жашында оңолот.
Атадан бала калбаса,
Орду менен жоголот.
Он жашарда октолот,

---

[1] Бáдан — дене бой.
[2] Ќáмига — убагына.

Агайныга жоктолот.
Он беш жашка жеткенде
Боло турган азамат,
Өз элиге баш болот.

Болбой турган борбуйсуз
Жыйырмада жаш болот,
Көңүлү катык таш болот.
Балам жаман чыкты деп,
Атанын көөнү гаш[1] болот.
Жыйырма беште жык толот,
Бедеги[2] менен нык толот,
Отузга жашы жеткенде,
Оюндан көңүл кайт болот.
Кыркка жашың жеткенде,
Кыз чырайың кеткенде,
Кылобуң тайып мокойсуң.
Эр ортону элик дейт,
Эр эликке жеткенде,
Бир чемеге келдик дейт.
Паришта улук, шайтан күч,
Байгамбар жашы алтымыш үч.
Алтымыш үчкө киргенде,
Ээгинен тиш кетет,
Эңкейсең белден күч кетет.
Жетимишке киргенде,
Жер таянып туралбайт,
Жемик кабин уга албайт.
Сексен төрткө киргенде,
Миң айдын жүзүн көрөт дейт,
Наристе катар болот дейт.
Токсондо анда токтолот,
Орду менен жок болот.
Өлүм жакын коркконго,
Узак өмүр жаш көрсө,
Араң жетет токсонго.
Өлүм нөөват[3] бир башка
Анданам узак жашаса,
Анда жетет жүз жашка.
Чачырап чеки сүйлөбө,
Жан карындаш, курдашка,
Миңге кирсең Лукмандай,
Адамды жолдон чыгарып,
Ыманы жолдо калсын да.

---

[1] Гаш — кыжалат, көңүл айтуу.
[2] Бедеги — ал-күчү, бедели.
[3] Нөөва́т — кезек.

Балаң калса мал табат,
Катының калса эр табат,
Султан боюң жер табат.
Калган көңүл чыккан жан
Издеген менен ким табат.
Бул дүнүйө армандуу,
Кыз келет да, кыз кетет.
Тирүүбүңдө тобо кыл
Өлгөндө па́нда́ суз кетет.
Бейажал ажал мүрт кетет.
Өлүм түшкөн пенденин,
Жүрөгүнөн мус[1] кетет.
Калганыңды сыздатат,
Как жүрөктү муздатат.
Кабагыңдын ортосу
Кашыңда жүрөт, бул өлүм.
Пармана[2] болуп айланып,
Башыңда жүрөт, бул өлүм.
Эки жакка козголбой,
Таниңда жүрөт, бул өлүм.
Былкылдабай бир жакка,
Жаниңда жүрөт, бул өлүм,
Эки колду аркага,
Кайрып кетет, бул өлүм.
Элиң менен журтуңдан
Айрып кетет, бул өлүм.
Бардыгынан дүйнөдө
Балбан болот, бул өлүм
Балдарына белгилүү,
Арман болот, шул өлүм.
Өлүмдөн киши качпайсың,
Үйүңдү таштап баспайсың.
Ажалсыз киши өлбөйсүң,
Ар балааны көрбөйсүң.
Менменсисең мээнет бар,
Зор зынкапга собол бар
Каарлансаң казап бар,
Караңгы көрдө азап бар.
Тууганың таппай болот зар
Тууגансыз адам болот кар.
Өлүк менен тириктин
Абийрин жапкан адал мал.
Кайда жүрсөң темселеп,
Азапка калган алтын жан.
Агайиндер кулак сал,

[1] Мус — уш, күч, ал.
[2] Пармана — көпөлөк.

Чоң кишинин тилин ал.
Адамзаттын баласы
Өлгөндө көзүң жумулуп,
Жаның кетет кубулуп.
Напасың чыкпайт буулуп,
Нечен ишти көрөсүң,
Энеден бала туулуп.
Чыңырганың ол күнү,
Эч кимге жетпейт угулуп.
Кара жердин турпагын,
Жатасың панда сугунуп.
Теректей боюң теңселип,
Жазданат жерге жыгылып.
Өлүм келет бир башка.
Бир жашардай жүрбөйсүң,
Бир жаштан кеттиң билбейсиң.
Эки жаштай жүрбөйсүң,
Элиңден кетсең билбейсиң.
Үч жашардай жүрбөйсүң.
Үйүндөн кетсең билбейсиң.
Төрт жашардай жүрбөйсүң,
Токтоосуз кетсең билбейсиң,
Беш жашардай жүрбөйсүң,
Беш-бештен кеттиң билбейсиң.
Алты жаштай жүрбөйсүң,
Айлыңан кетсең билбейсиң.
Жети жаштай жүрбөйсүң,
Жер жастансаң билбейсиң.
Сегиз жаштай жүрбөйсүң,
Сенделгениң билбейсиң.
Тогуз жаштай жүрбөйсүң,
Тобуңдан кетсең билбейсиң.
Он жашардай жүрбөйсүң,
Оонаганың билбейсиң.
Бирибиз эмес баарыбыз,
Топурактан та́нибиз.
Танга[1] мээнат бүтүргөн
Олда ширин жанибиз.
Өлүм парча башында,
Өлбөсүн жигит жашында,
Калбасын аяк астында.

---

[1] Танга́ — денегё.

## АДАМ

Опаасы жок жалганда,
Он сегиз миң ааламда
Амир берген жараткан
Азирети адамга.
Айткым келди адамды
Азиз башым аманда.
Ар макулук тагдыры —
Абалы дөөтү каламда...

Азирет деп айтканым —
Амирвар[1] деп жатканым:
Адам баарын башкарат,
Адам баарын аткарат;
Адам баарын катка алат,
Адам баарын тапка алат.
Адам баарын көндүрөт,
Адам баарын өндүрөт.
Адам баарын үйрөтөт,
Адам баарын сүйлөтөт,
Адам баарын бүрдөтөт,
Адам баарын гүлдөтөт.
Аалам менен төрөлүп,
Аалам менен бирге өтөт.

Азирети деп айтканым —
Амирвар деп жатканым:
Адам гана тил табат,
Адам гана дил табат,
Адам гана гүл тагат,
Адам гана үн табат.
Агымы менен ааламдын
Адам гана бирге агат.

Азирет деп айтканым —
Амирвар деп жатканым:
Адам улуу жаамидан —
Ажаандарды багынтат.
Адам жылуу жаамидан —
Алоосуна кабылтат.
Адам сулуу жаамидан —
Ашыгларды сагынтат.
Адам жарык — билгенге,
Адам табып — билгенге.
Адам каньк — билгенге,

---

[1] Амирвар — өкүм, башкаруучу, жаратуучу.

Адам тарых — билгенге,
Адам гүлгүн — билгенге,
Адам күүгүм — билгенге.
Адам тапкыч — билгенге,
Адам ачкыч — билгенге.
Адам акыл — билгенге.
Адам накыл — билгенге.

Ааламда адам бар үчүн —
Адам барын билебиз.
Ааламда адал бар үчүн —
Арам барын билебиз.
Ааламда ажал бар үчүн —
Араан барын билебиз.
Ажал жетип, күн бүтсө —
Ачып жерди киребиз.
Ага чейин жалганда
Адам болуп жүрөбүз.
Ак-каранын ичинде
Ар кыл өмүр сүрөбүз.

Азирет деп атканым —
Амирвар деп жатканым:
Адамды кудай тааныбай,
Адам тааныйт кудайды.
Адам гана өстүрөт
Ар кыл гия, буудайды.
Алла-таала жаратпай,
Адам гана жараткан
Ачты, токту, кул, байды...

Ыймандуу адам — чырагым,
Ыбаадат, сажда кыламын.
Ыкылас коюп бул ишке
Ыр аркагын чубадым.
Ыдыратпай бир сөзүн,
Ырды ырга уладым.
Ырас айтпай, калп айтсам,
Ырга жетсин убалым.

Адам деген күлдүргүч,
Адам деген бүлдүргүч.
Адам деген кыйраткыч,
Адам деген ыйлаткыч.
Адам деген бүтөгүч,
Адам деген түтөгүч.

Адам менен, ыр да бар,
Адам менен чыр да бар.

Адамзаттын өзүндө
Ачыла элек сыр да бар.
Алыкулдун уулунда
Адамдарга карата
Айта турган сын да бар.

Ыкыбалын адамдын
Ырдап жүргөн адаммын.
Өрү чыкпай ишимин,
Өксүп жүргөн кишимин.

Кабар алсам ааламдан,
Кабар алсам замандан:
Адам чыкпай айбандан,
Айбан чыгат адамдан.

Адамдын болот бүркүтү,
Адамдын болот үкүсү.
Адамдын болот күлүгү,
Адамдын болот үлүлү.
Адамдын болот сырттаны,
Адамдын болот чычканы.
Адамдын болот булбулу,
Адамдын болот кузгуну.
Адамдын болот атаны.
Адамдын болот жапаны.

Жакшыны жакшы деп айтат,
Жакшылык ишин төп айтат.
Жерге-сууга тийгизбей
Жаангер жагын көп айтат.
Жакшылык ишин тоспойлу,
Жакшылык ишин коштойлу.
Ашкере болсун жалпыга,
Айбандык жагын козгойлу.

Төөсү жокпу адамдын
Тоодой жүктү артынган?
Чөөсү жокпу адамдын
Чөлдө аңдыган артыңдан?

Канды көрсө жаланган
Карышкыр жокпу адамдан?
Бардыгына кол салат
Батаа алгансып ажалдан.
Минди кырып, бирди жейт,
Малыңды сакта тажаалдан.

Айбандын келчү күлкүсү
Адамдын жокпу түлкүсү?
Бирөөгө көзүн жайнатат,
Бирөөгө тилин сайратат.
Бирөөнүн шорун кайнатат,

Бирөөгө думүн[1] карматат.
Бүрөөлөргө каткырат,
Бирөөлөрдү шаштырат.
Бир заматтын ичинде
Бир тууганды жат кылат.

Мазасы жок ишинин
Маймылы жокпу кишинин?
Макүрөө жерин кашылайт
Мизи менен тишинин.
Дурус дешке — түрү жок,
Думү жаргак түгү жок.
Бирде бакка бекинет,
Бирде бакка секирет.
Кийинтип койсо уят деп,
Көз көрүнөө чечинет.
Жашоодо муну көрөбүз,
Жек көрүп ичтен сөгөбүз.
Теңирдин салган иши деп,
Тез эле буга көнөбүз.

Эшигин ачкан арамдын
Эшеги жокпу адамдын?
Өргө айдаса — чыгынат,
Өзү эле сазга тыгылат.
Азыраак болсо арткан жүк —
Айкырып жолго жыгылат.
Айкырыгы таш жарат,
Азабы шондо башталат.
Күндү көрсө — куйүнөт,
Күлдү көрсө — сүйүнөт.
Оонап алса ошого —
Оюн салып жүгүрөт.
Айкырык менен кыйкырык —
Айылдын ичи булүнөт...

Мүлжүгөн мизин ишиңин
Митеси жокпу кишинин?
Мокосун деп тезирээк
Маңызын тешет тишиңин.

[1] Дум — куйрук, көчүк.

Чырга салат билдирбей,
Чоңу менен кичигин.
Жай чилдеде кийгизет,
Жамандыктын ичигин.
Аңтарса да миң жолу
Ак жери болбойт ичинин.

Жарыя кылбас келгенин
Жыланы болот пенденин.
Жутуп коет тапканын,
Жылас кылат чакканын.
Жеткирбөөгө умтулат
Жерге күндүн аптабын.
Жылтыраса сыртынан
Жан курбум деп бакпагын.
Алып жүрөт жанына
Ажалдын уулуу чакмагын.
Адамдан чыгат айбандар,
Ааламга чеңгел жайгандар,
Арылта албай буларды
А дүйнө кеткен пайгамбар.

Бүт агайин, туугандар,
Белсенип белин буугандар,
Эсирип айбан болгонду
Эл ичинен куугандар,
Аз болсо да көптөй көр —
Адамды айттым баянын.
Аруулуктун жолуна
Асыл башым саямын.
Алып жүрөт жетелеп,
Аса-муса таягым.

Жамандыкты, жакшылык
Жеңип турат, адамзат.
Терс аякты арадан
Терип турат адамзат.
Кишиликтен кеткенди
Көрүп турсун адамзат.
Бейжайлыкты беш убак
Бөлүп турсун адамзат.
Өмүр гүлү соолубай,
Өнүп турсун адамзат!

Адам барда — адам бар
Адам барда — заман бар.
Адам барда — эл да бар,
Адам барда — мен да бар.

Адам — жашаш жаркыны,
Адам жазат жарпымы.
Азгырбаса арамдык
Адамдарга тартамын
Акындыктын салтыны.

## АДАМГА БЕРГЕН ӨНӨР ИЛА[1]

Эчкимге вапасы[2] жок өткөн дүнйа,
Адамзат топурактан болгон бина[3].
Жаратылыш адамзатка берген ила,
Өнөрдү токтотоалбай айтам сыйра.[4]
Эсептүү өткөрөбүз жазды, кышты,
Адамдын иласини мунпан билгин;
Абада учуп жүргөн туткан кушту,
Айланып учкан шумкар торго түштү.
Канаттуу учуп жүргөн карчыга куш,
Адамдын иласыдан колго түштү.
Тор тоскон саяпкердин тура касми[5],
Учкан куш торго чапкан курган напси.
Саяпкар байлап койгон ка́пта́р тири,
Кезенде пайлап жатат күнү-түнү.
Бекемдеп чуктап алат туткан күнү.
Өзүгө үйүр кылат куштун өзүн,
Кыл менен тепчип коет куштун көзүн,
Адамдын иласини айткан сөзүм.
Өзүгө үйүр кылат жаныбарды,
Таптады, илбесинге шилтеп салды.
Өрдөктү, тоодакты да ол куш алды,
Казанга жык толтуруп гөшүн салды,
Сүйүнүп мүлүшкерлер гөшкө канды.
Карчыга кушка илбесин болгон азык,
Капшытка каккан туур бекем казык.
Залалсиз учуп жүргөн илбесиндер
Күнасиз булар кылган кимге жазык,
Мисалин айтип турам ырга жазып.
Ол кушту жакшы көрүп жагоо таккан,
Жанибар учкан шумкар эрди баккан.
Адамдын иласыга та́н беремин,
Талаада шум түлкүгө койгон капкан,
Терисин телпек кылып элге саткан,
Иласыз эндей киши үйдө жаткан.

---

[1] Ила — өнөр, айла — амал.
[2] Вапасы — түбөлүксүз, токтоосуз деген мааниде.
[3] Бина болуу — жаралуу.
[4] Сыйра — баштан аяк.
[5] Касми — кесип.

Адамдын иласыны айтсам узак,
Канаттуу парандага койгон тузак.
Паранда учуп келип конот ылдам,
Тузактын сыйыртмагы бекем кылдан.
Акундар ыр маанисин айтип кошкон,
Талаада качып жүргөн кайберендин
Аңчылдар аста пайлап жолун тоскон,
Өтүүчү кайкы белге торун тоскон.
Аюуду андып жүрүп кармап алган,
Башыга занжыр менен нокто салган.
Аюуду асыраган, жакшы баккан,
Овзудан өткүр тишин койбой чаккан.
Адамзат ила менен кылган оюн,
Аюуда айласы жок салган моюн.
Жетелеп кыштактарда жүргөн басып,
Адамга залал кылбайт, овзун ачып.
Адамдын үйрөткөнүн аюу ойнойт,
Адамзат азат кылып ону койбойт.
Сүткордой ойноп жатып жерге сойлойт,
Адамзат ила менен тапкан дабгир[1],
Токойдон колго түшөт сары маймыл.
Маймылдын эси дарди жүргөн эшек,
Эшекке минип ойнойт маймыл тентек.
Учкашып ойноймун дейт´болуп келин,
Адамзат ила менен сүрткөн желим.
Көчүгүн чыгаралбай болот банда,
Адамзат ила менен тутуп алды,
Көргөндөр бул өнөргө айран калды.
Кол менен берсең жеген сынык нанды,
Шыргыйга чыгып ойнойт курган дарды[2].
Ол маймыл ийлап айтат кимге дардин,
Адамзат муну ойнотуп, падарка алды.
Талаада ойноп жүргөн аюу, маймыл —
Экөбү кутулушка таппайт дабгир.
Экөбү арман менен ийлап калды,
Кайберен адамзатка болду банди[3].

Ырдадым эшиткенге сөзүм накыл,
Адамды адаштырат шайтан бакыл.
Өнөрдүн бир жолдошу адамда акыл,
Бөлүнбөйт бир-бирине турат жакын.

Күн чыкса ааламга болот жарык,
Суу менен тириглиги жүргөн балык.

---

[1] Дабгир — айла деген мааниде.
[2] Дар — адам басуу, оюн көргөзүү үчүн тартылган зым. Чыгышта чоң өнөр катары саналган.
[3] Банди — жакын, баш ийди, үйрөнүп колун карап калды.

Ырдасам тарихини узак санат,
Балыкта жаргак сыяк болот канат.
Муну да адамда ила тутуп алат,
Темирден кайырмакты сууга салат.
Учуга сөөлжанды илип барат,
Муну да балык баатыр соруп калат,
Тамактан курч кайырмак илип калат.
Жанибар кутулалбайт муннан кетип,
Алкымдан калат темир өтөт тепчип,
Балыкты курук жерге бургайт серпип.
Суудагы балык элге болот жемиш,
Адамдын иласыны муннан көрүш;
Балыктын жүргөн жери суудагы ирим,
Илалуу адам тутат гөшү ширин.
Адамга жаратканда берген өнөр,
Өнөрдөн адамзат да пайда көрөр.
Өнөрлүү эр жигиттин иши жөнөр,
Ишидин раатыны[1] киши көрөр.
Чебердеп сулуу жубан тигет чарчы[2],
Өнөрдүү эр жигиттин кетет даңкы.
Ишинен элге тайин болот паркы,
Устанын белгиленет элге аты.
Өнөрдүү султан жигит кылат жумуш,
Сынбаган сом темирден кылат кылыч.
Кылычтын булгарыдан кайыш кыны,
Шилтесе башты кеспей койбойт чыны.
Кылычтын мизи өткүр мүйүз сабы,
Мизиге курч байлаган кесер табы.
Адамдын чоң өнөрү соккон кылыч,
Кылычка эч бир нерсе кылбайт туруш.
Кылычтын бир шериги болот найза,
Адамдын өнөрүдөн болот пайда.
Сөөктөн тепчип өтүп кылат майда,
Өнөрсүз раатка жетмек кайда.
Адамзат өнөр менен мылтык соккон,
Эч бир жан кутулалбайт аткан октон.
Ок тийсе так жүрөктөн калбайт бүтүн,
Тарс этсе буркураган чыккан түтүн.
Бул сөздү ырдап турган элге маани,
Мылтыктан ок чыгарган күштүү дари.
Болжолдон жазбай аткан мерген шаңы.
Мергендин мергендиги элге жары.
Бардыгын сого турган жарак балка,
Жыгачты кесе турган теше, балта.

---

[1] Раат — пайда.
[2] Чарчы — эркектер белге байлап жүрүү үчүн жасалган жоолук сымал саймалуу буюм.

Өнүрдү ырдап жүрдүм элге канча,
Жараткан өкүмү бар, өзү пааша.
Өнөрлүү таштан согот тегирменди,
Көпчүлүк баари кубат жеңилгенди,
Кекенген душман сойбойт эңилгенди,
Адамзат көтөралбайт семиргенди.
Ким болсо майин болсо тапкан акыл,
Акылдан эч айныбай жүрсөң такыр,
Жакшынын айткан сөзү көпкө макул,
Жамандык жолдо жүргөн болот жакыр.
Өнөрлүү уста салат сындап сарай,
Жакшынын пайдасы бар элге далай.
Жамандар душманыга болот малай,
Бул ырды терме менен айттым калай.
Жакшынын туткан иши болот белен,
Акылдын ойлогону узак, терең.
Ушактуу сөзгө кирбей жүрө берет,
Акылдуу жигит болот өзү кенен.
Бул сөзүм ада болбойт айткан менен,
Эч киши пайда таппайт жаткан менен.
Ажалдан кутулбайсың качкан менен,
Шамалды жыгалбайсың аткан менен.
Дарыяны бөлалбайсың кечкен менен,
Булутту туталбайсың жеткен менен.
Айтишсаң жеңалбайсың чечен менен,
Калпасы ээрчип жөнөйт эшен менен.
Жорток ат тең жүралбайт жорго менен,
Илимсиз теңалалбайт молдо менен.
Турумтай зор келалбайт кыйгыр менен,
Жөн чымчык теңелалбайт булбул менен.
Көк кептер бирге жүрбөйт карга менен,
Чайкоочу алакати соода менен.
Жамандын кылган иши коога менен,
Жакшы адам жеңип кетет тобо менен.
Темирдин от алышы көрүк менен,
Азилдеп сөз сүйлөшкө жөнүк менен.
Тириктер сүйлөшалбайт өлүк менен,
Өлгөндөр жалгыз калат көмүш менен.
Караңгы үй жарык болот чырак менен,
Угасың түрдүү сөздү кулак менен.
Ирмейсиң таам жейсиң илап менен,
Жакшы аттын баасы эгиз сыяк менен.
Алтындай башың көркөм чачың менен,
Мандайың турат сындуу кашың менен.
Жагасың көпчүлүккө ашың менен,
Конушу бир жүрбөгүн бакыл менен.
Ырдадым шу сөзүмдү накыл менен,
Ойлогун нечен ишти акыл менен.

Кайырды бере берсең колуң менен,
Акылды туура билгин оюң менен.
Бурулуп жаман жерге барам дебей,
Жүрөбер туура басып жолуң менен.
Мен дагы сен барабар кишимин деп,
Кармашпа бак таалайлуу чоңуң менен.
Казандын тириглиги тулга менен,
Жолдош бол ак көңүлдүү мурза менен.
Көппөгүн колуңдагы малың менен,
Чырт болбо койнуңдагы жарың менен.
Кире бер жакшы жолго талим менен,
Сыр айтип бирге жүрбө залим менен.
Сүйлөшкүн илими бар алым менен,
Күрөшпө кара көңүл чаным менен.
Жакшыга кызмат кылгын жаның менен,
Келгенди мыйман кылгын жайың менен.
Наныңды бөлүп койбо чайың менен,
Чыракты куру койбо майың менен.
Дасторкон сала берсең омат менен,
Ар качан сен болосуң изат менен.
Ич качан ка́м болбойсуң кызмат менен,
Овкатты бирге жегин үлпат менен.
Бирөөгө сөз сүйлөбө кыйпат менен,
Ишиңди бүтөп кеткин сыпат менен.
Жамандар жан чыгарат шылтак менен,
Душманды ур көзүгө турпак менен.
Азилдап шака жебе тентек менен,
Кийгенде баш савлати телпек менен.
Кашаң ат ылдам жүрөт камчы менен,
Жакшы адам элде болот даңкы менен.
Ар киши өтүп кетет касми менен,
Сопулар эсеп алат тасби менен.
Уурулар колго түшөт напси менен,
Жаман жар иши бүтөт ойнош менен,
Эр жигит душман болбойт жолдош менен,
Айу чоң теңалалбайт жолборс менен.
Куу бөрү алышалбайт каблан менен,
Күч жетпей бел кармашка палбан менен.
Ырыссыз сөз сүйлөбө жалган менен,
Омуруң түгөп кетет арман менен.

## НАПСИ

Ар кимдин өзү менен келет касми[1],
Жаралып кошо бүткөн бирге напси.

---

[1] Касми — мүнөз.

Напсини абдан тыйып жүргөн жакшы,
Адашып жаман жолго кирген напси.
Көңүлдү ар тарапка бурган напси,
Токтонуп туралбаган курган напси.
Ашыгып отко, чокко урган напси,
Токтобой ар тарапка кылган напси.
Ашыгып жанга залал кылган напси,
Алтынды жерге жатса, алган напси.
Азапты артык бизге салган напси,
Коркпогон эчтемеден палбан напси.
Көз менен көрүп калса, жеткен напси,
Көңүлдү жолдош кылып кеткен напси.
Бекинип, качса кууп барган напси,
Арылып ада болбос арман напси.
Арамды, алалды да жеген напси,
Алганды аш кыламын деген напси.
Өз турса жатка көңүл бурган напси,
Качкандын аркасынан кууган напси.
Напси үчүн алтын башым калган ойго,
Напси үчүн куш айланып түшкөн торго.
Бул напси кимге болсо болгон жолдош,
Напсини токтотмокту ар ким ойлош.
Чыгардың бир неченди напси жолдон,
Сыйманып бекем тутуп алдың колдон.
Напсиң тый тууру басып өткүн жолдон,
Чыгаргын жамандыкты билип ойдон.
Напси үчүн карышкырды баскан капкан,
Бул напси бэлэлэргэ көптү тарткан.
Напси үчүн дары жеген суусар, түлкү,
Бул напси көрүнгөнгө кылдың күлкү.
Напси үчүн кайырмакка түшкөн балык,
Напсинин залалы бар, билсиң анык
Ырдасам ада болбос узак тарых.
Напси үчүн колго түшкөн учкан бүркүт,
Бул напси алтын жанга болгон түйшүк.
Напсини тыркыраса жыйалбайсың,
Напсини байлап эч ким тыйалбайсың,
Напсиң жок кыбырабай жүрө албайсың.
Напсим деп бака тутуп сорот жылан,
Напсинин үлгүсүнү билгин шуннан.
Напси үчүн түндө чыгып талайт бүргө,
Бул напси зороесуң күндөн-күнгө,
Напси үчүн жаталбайсың бир күн үйдө.
Напси үчүн канды сорот соно паша,
Напсинин убарасы бизге канча,
Напсинин э́лэ́ка́тин ар ким көрөт,
Напсини тыя албастан нечен өлөт.
Бул напси ылгай албайт жатты, өздү,
Уялбай көрүнгөнгө айтты сөздү,

Өзүгө жолдош кылып сүйөт көздү.
Бул напси чыркыратып жанды кыйдың,
Көңүлгө нечи бикир, ойду жыйдың.
Бирөөдөн зорлук кылып жесем дейсиң,
Бербесе азыр башым кесем дейсиң.
Напсим сен туушканга кылдың араз,
Напсини ар ким сүйүп кылбаң аваз.
Напси үчүн падышалар болгон карып,
Каарлуу калың элге жэбыр салып.
Напси үчүн казыларың жеген пара,
Жегени өз башыга болгон бэлэ.
Жалганчы жансиздардин жүзү кара,
Напси үчүн ата-энеден кечкен бала,
Бул напси тыйылганың жоктур жана.
Напси үчүн ата-энеден кетти кызың,
Бир-биринин көрүшпөй өттү жүзүн,
Напсини ырдап, жазып турдум бүгүн.
Напсиңди бекем тыйып кылсаң шүгүр,
Тартипта эдэп сактап өзүң бүгүл.
Бул напси дүнүиага кылат кызык,
Напсини ар ким тыйса, ошол түзүк.

## ЭР ЖИГИТКЕ СЫН

Эр жигиттин жакшысы
Сөзүндө болбойт жалганы.
Оймок ооз, кумар көз,
Өзүнө теңтуш алганы,
Ичинде калбайт арманы.
Эр жигиттин жакшысы
Кеңешин элге билгизет,
Бáрáкá[1] — пейил киргизет,
Элине пайда тийгизет,
Артык доор сүргүзөт.
Жигиттердин жаманы
Айылдашын күйгүзөт.
Күндө чатак көп кылат,
Жаш башын мурда карытат,
Жакындарын кáйитáт[2].
Түйшүктү катуу көрсөтөт,
Ачуусу келсе булкунат,
Айылга күндө чыр кылат.
Көрүнө залал[3] тийгизет,
Көп адамды күйгүзөт.

[1] Бáрáкá — береке.
[2] Кáйитáт — кейитет.
[3] Залал — зыян.

Карды тойсо мардандайт[1],
Мактап койсо аз гана,
Көчөгө батпай дардандайт.
Тойгон күнү шаттанат,
«Оңой оокат кылам» деп,
Аялына мактанат.
Эр жигиттин жакшысы
Элдин ишин тууралап,
Жылдан жылга чыйралат.
Кишиге кылбайт кыянат,
Өзүнөн улуу кишиден
Адеп сактап уялат.
Айткан сөзү орундуу,
Бекемдиги билинет.
Топ-жыйындын ичинде
Чечендиги билинет.
Элине жагат кыялы,
Эч кимге тийбейт зыяны.
Жигиттердин жаманы
Сөз талашып такымдайт,
Өзүнүн сөзүн макулдайт.
Карындаштан жат болот,
Абийири кетип ачылат.
Жатындаш тууган бар болсо,
«Акым көп» деп асылат.
Жөнөкөй тууган кишиге
Тийиштик кылып катылат.
Бузуктукту иштөөгө,
Көңүлүн бурат, шашылат.
Эркин өссө эр жигит,
Эл намысын талашат.
Кадыры бар эр жигит
Калк намысын талашат.
Тууганына туу болот,
Душманына калганда,
Чылап койгон уу болот.
Болбой турган жигиттин
Өзүндө турат айыбы —
Уйкудан көзү ачылбайт.
Ол жигиттин жаманы
Кылган иши арбыбайт,
Өмүрүндө жарыбайт.
Жакындаса бирөөгө
Кийинки жылы таанибайт.
Эр жигиттин жакшысы
Каалгалуу коргондой,

[1] Мардандайт — сүйүнөт.

Кадыр канат болгондой,
Казынасы толгондой.
Тоо тиреген түркүктөй,
Бөрүнү алчу бүркүттөй,
Башкарат элин үркүтпөй.
Эр жигиттин жаманы
Ашыгып кетип алп сүйлөйт,
Адамдарга калп сүйлөйт.
Эр жигиттин жакшысы
Жылдан жылга чыңалат.
Болжолу менен сөз сүйлөп,
Элинен дайым сый алат.
Кайраты артык шер болот,
Калкына пейли кең болот,
Кадырдуу сөзү эм болот.
Эр жигит иши эл менен
Кеңештүү сөзүн билгизет.
Кенебей келген душманга
Керилип найза тийгизет.

## БОЛОР ЖИГИТ

Киши болор жигиттин
Киши менен иши бар.
Өзү менен барабар
Өзөк болор киши бар.
Көлөкө жерге күн тийсе,
Көрө албайт экен ич тар.

Адам болгон жигиттин
Ак бетинде нуру бар.
Ар кимдерге ашкере
Айтылбаган сыры бар.
Алп мүчөгө жарашкан
Ак туйгундай сыны бар.
Андайларды айтууга
Акындардын ыры бар.

Жакшы болор жигиттин
Жүрөгүндө мүлкү бар.
Ырыс толуп үйүнө
Тамаша менен күлкү бар.
Азгырсам деп мындайды
Аңдып жүргөн түлкү бар.

Сөзгө алынар жигиттин
Сарайында сынчы[1] бар.

[1] Сынч — имараттын ички жыгач каркасы.

Сарасап менен сүйлөгөн
Сөздөрүндө курчу бар.
Душманына калганда
Калемпир менен мурчу бар.
Сыпаттап айтып өтүшкө
Бизге окшогон ырчы бар.

Көзгө илинер эр жигит
Кедей да болсо малдуудай.
Чырмаган дартка карабай
Чабал да болсо алдуудай.
Чындык сөзүн бетке айтат,
Чангенттен аккан шар суудай.

Шагдам болор жигиттин
Шаага бербес эрки бар.
Алыстан келген душманга
Арыстандай көркү бар.
Күйүп турган жалындап,
Жүрөгүндө өртү бар.

Эли сүйгөн жигиттин
Эндүү болот мандайы.
Чаласы жок ишинин,
Чечен болот тандайы.
Ушундайды көрө албайт,
Деги, ушакчынын кандайы?

Жигиттин иши эл менен,
Элдин иши жер менен.
Эл аралап, жер басып
Эриккенде бир келем.
Эр жигиттен сөз баштап
Эрмек болуп мен берем.
Эси бар жигит жол тапсын
Эки ооз ушул термеден.

## БОЛБОС ЖИГИТ

Киши болбос жигиттин
Киши менен иши жок.
Жакын тартып өзүнө
Жан ачытар киши жок.
Теңтуш менен сүйлөшүп,
Отурушка кушу жок.
Тууганды тууган билбестен,
Иштегени доомат-док.

Адам болбос жигит бар,
Бозодо салат жаңжалды,
Керилип сунат чаңгалди.
Орундатпайт жумушун
Тозутат күткөн турмушун.
Жети бөлөк кыялы,
Жериге тиет зыяны.
Жүргөн жерин чыр кылып
Элиге тиет зыяны.

Сөздөн калар жигиттин
Күндө бүтпөйт урушу.
Конок келсе жазылбайт
Маңдайынын тырышы.
Арагын ичип, шишесин
Ташка уруп талкалайт.
Көрдүңбү мени дегенсип
Кең дөбөдө чалкалайт.
Улуунун укпай сөзүнү
Шүмшүк кылат өзүнү.
Ичерине аш таппай
Жалдыратат көзүнү.

Болбос жигит терс басат,
Терстигинен эл качат.
Адамсынып короет,
Өзүнөн өзү зороет.
Иште деген кишиге
Жеп ийчүдөй ороет.
Туугандан достон ажырап
Өрттөнгөн бактай сороет.
Минтип жүрсө андайдын
Иши кайдан оңолот?
Элден, жерден калган соң,
Эссиздикке барган соң,
Эки болбой, жоголот.

## ЖИГИТТИК

Күрпөң-күрпөң жүгүртүп,
Күлүктү минсең — жигиттик.
Күндөй бетиң жайнатып,
Сулуулук кылсаң — жигиттик.
Арбын-арбын жүгүртүп,
Аргымак минсең — жигиттик.
Айдай бетиң жайнатып,
Сулуулук кылсаң — жигиттик.

Айылың консо жаамат,
Тоодо ойносоң — жигиттик.
Акбараң мылтык асынып,
Жоодо ойносоң — жигиттик.
Адис мерген кептенип,
Зоодо ойносоң — жигиттик.
Чар жыйындын ичинде
Той тойлосоң — **жигиттик.**
Күндө сурап гүлдөтүп,
Тойдо ойносоң — жигиттик.
Бирди тапсаң ойнотуп,
Ойдо ойносоң — жигиттик
Бирди тапсаң сыланып
Кийип турсаң — жигиттик.
Өз элиң турмак жат элди
Билип турсаң — жигиттик.
Өтө доор жыргалды
Сүрүп турсаң — жигиттик.
Оймок ооз, кумар көз
Сүйүп турсаң — жигиттик.
Далдалабай боюңду
Кырдап жүрсөң жигиттик.
Таамай сулуу жубанды
Ырдап жүрсөң — жигиттик.
Таза боюң көтөрүп
Сындап жүрсөң — жигиттик.
Ысык менен суукка
Чыдап жүрсөң — жигиттик.
Ала барчын бүркүттү
Салып жүрсөң — жигиттик.
Ариетти ар жерде
Алып жүрсөң — жигиттик.
Оттой болуп жалындап
Жанып жүрсөң — жигиттик.
Көпчүлүктүн сөзүгө
Канып жүрсөң жигиттик.
Бир кишиге сырыңды
Айтпай чапсаң — жигиттик.
Мөндүр сыяк ок болсо,
Кайтпай чапсаң — жигиттик.
Өз тууганың, жакының
Колдоп жүрсөң — жигиттик.
Бүтөр ишти бузбастан,
Оңдоп жүрсөң — жигиттик.
Бакты, дөөлөт бар болсо,
Байкап жүрсөң — жигиттик.
Арада чатак сөз болсо,
Жайкап жүрсөң — жигиттик.

Балдай кымыз кайнатып,
Чайкап жүрсөң — жигиттик.
Бардык ишти сыртынан
Пайкап жүрсөң — жигиттик.
Орок орсоң, бекемдеп
Байлап жүрсөң — жигиттик.
Орундатып ишиңди
Жайлап жүрсөң — жигиттик.
Казы, карта, эт туурап,
Чайнап жүрсөң — жигиттик.
Келсе мейман үйүңө
Күлүп чыксаң — жигиттик.
Ар жакшынын баркына
Билип чыксаң — жигиттик.
Ашмаараке той болсо,
Буудан атты токутуп,
Минип чыксаң — жигиттик.
Жайытыңа мал толуп,
Миңдеп өссөң — жигиттик.
Жалпы журттун ичинде
Гүлдөп өссөң — жигиттик.
Жаман атка жем берип,
Түрдөп өссөң — жигиттик[1].
Сыпайыга кошулуп,
Сырдаш болсоң — жигиттик.
Сынга толгон кишиге
Курдаш болсоң — жигиттик.
Өмүр шерик жарыңды
Сөкпөй жүрсөң — жигиттик.
Абийириңди бекерге
Төкпөй жүрсөң — жигиттик.
Сасык дөөлөт менде деп,
Көппөй жүрсөң — жигиттик.
Ак үйүңө жык толуп,
Кут чайнасаң — жигиттик.
Тууруңан түшүрбөй,
Куш байласаң — жигиттик.
Туушуңдун баарында
Иш чайнасаң — жигиттик.
Жыйырма беш, отузда
Толук болсоң — жигиттик.
Көпчүлүк эл кааласа,
Болуш болсоң — жигиттик.
Эл кааласа эң сонун
Сурак кылсаң — жигиттик.

---

[1] Кол жазмада бул сап түшүп калган. Текстте логикалык ырааттуулук, принциби менен киргизилди.

Саңа душман кишини
Жакын тартып өзүңө,
Ынак кылсаң — жигиттик.
Караңгы үйдү жарытып,
Чырак кылсаң — жигиттик.
Ак боз ат минип алыста
Чалкаласаң — жигиттик.
Алышам деген душманды
Талкаласаң — жигиттик.
Турмушуңду ырастап,
Көчүп жүрсөң — жигиттик.
Барган сайын дүркүрөп,
Өсүп турсаң — жигиттик.
Душмандан кийин калбастан,
Өтүп турсаң — жигиттик.
Алтын сөзүң билдирип
Чачып жүрсөң — жигиттик.
Ачууңду келтирбей.
Басып жүрсөң — жигиттик.
Жорго минип, жол жүрүп,
Жерге жаксаң — жигиттик.
Жоругуңду оңдонуп,
Элге жаксаң — жигиттик.
Өз үйүңө артыкча
Паркың болсо — жигиттик.
Айткан сөзүң табарик
Алтын болсо — жигиттик.
Кең жайлооң Ала-Тоо
Салкын болсоң — жигиттик.
Жол азабын тартпастан,
Жорго минсең — жигиттик.
Тон азабын тартпастан,
Торко кийсең — жигиттик.
Булгаарыдан өтүгүң
Бутка кийсең — жигиттик.
Булбул сындуу сөз чачып
Журтта жүрсөң — жигиттик.
Көк сорудан өтүгүң
Жатма кылсаң — жигиттик.
Көркөмдүк менен теңселип,
Башка кылсаң — жигиттик.
Улак чаап атыңа
Жанаштырсаң — жигиттик.
Жамандардан өзүңдү
Адаштырсаң — жигиттик.
Жакшыларга өзүңдү
Жанаштырсаң — жигиттик.
Эл бузугун өзүңдөн

Адаштырсаң — жигиттик.
Элан[1] келсе бир жактан
Эрте жетсең — жигиттик.
Элде чатак гап болсо,
Эрте чечсең — жигиттик.
Сагызгандай боюнду
Тарап жүрсөң — жигиттик.
Саз тууганды асырап
Қарап жүрсөң — жигиттик.
Санаттагы иш болсо
Самап жүрсөң — жигиттик.
Бычагыңды курч кылып
Қайрап жүрсөң — жигиттик.
Биринчиден, ишиңди
Жайлап жүрсөң — жигиттик.
Пикири жаман душманды
Пайлап жүрсөң — жигиттик.
Қáмáриңди[2] бекитип
Белге таксаң — жигиттик.
Қадырыңды кетирбей,
Элге жаксаң — жигиттик.
Эл ичинде жардыңды
Жакшы баксаң — жигиттик.
Ээрчип жүргөн балдардын
Көөнүн тапсаң — жигиттик.
Атты минсең куйругун
Түйүп алсаң — жигиттик.
Акылдашкан сулууну
Сүйүп алсаң — жигиттик.
Ак сакалдын сөзүнө
Кулак салсаң — жигиттик.
Эки жакты карасаң,
Эл көрүнсө — жигиттик.
Тууган менен душманга
Тең көрүнсө — жигиттик.
Ак шумкар салып колуңа
Көкөлөтсөң — жигиттик.
Астыңа келген балдарды
Эркелетсең — жигиттик.
Көңүлүңдү кеңитсең,
Қáм болбойсуң — жигиттик.
Көрсөң жыргал дооруну
Қор болбойсуң — жигиттик.
Айнек тартсаң көзүңө
Қарыкбайсың — жигиттик.

---

[1] Элан — кабар.
[2] Қáмáр — кемер.

Өзүндө болсо бирөөгө
Зарыкпайсың — жигиттик.
Өз боюнду бекем кыл,
Мүдүрбөйсүң — жигиттик.
Атыгасың бирөөдү
Күйдүрбөсөң — жигиттик.
Ишиң жакшы сырынды
Билдирбесең — жигиттик.
Жансактайсың душманга
Бир жүрбөсөң — жигиттик.
Калкан кийип далыңа
Жаркылдайсың — жигиттик.
Душман сезет тез сүйлөп,
Чартылдайсың — жигиттик.
Тууру жүргүн жол менен
Лайлыбасаң — жигиттик.
Тууган сүйөт сөзүңдү
Айныбасаң — жигиттик.

## БААТЫРДЫК

Көрө албаса адамды —
Ич кара бакылдык.
Бардык сөздүн түйүнүн
Чечип айтса акындык.
Кас душманды кармашта,
Жеңип алса — баатырдык.

Борошолоп ок жааса,
Тосо билген — баатырдык.
Өз элине тилегин
Кошо билген — баатырдык.

Душман келсе кол салып,
Жеңе билген — баатырдык.
Аздыр-көптүр тапканын
Бөлө билген — баатырдык.
Телегейин бипбирдей,
Көрө билген — баатырдык.

Тоо туш келсе алдынан
Бузуп өткөн — баатырдык.
Көл туш келсе жолунан
Сүзүп өткөн — баатырдык.

Баатырдык элдин тилеги,
Кошо соккон жүрөгү,

Ыраатын көрсүн өмүрдүн.
Бузулбай элдин түнөгү.

## МАРТТИК

Тапканын мейман менен
Жесе — марттик.
Ортодо орозгерим[1]
Десе — марттик.

Өз тонун жылаңачка
Жапса — марттик.
Жүрөктүн дабасыны
Тапса — марттик.

Жакырга атын түшүп,
Берсе — марттик.
Азапты башка түшкөн
Жеңсе — марттик.

Тилегин Атантайдын
Сезсе — марттик.
Га́за́нда́[2] дилазардан
Безсе — марттик.
Ушуну макул көрсөң,
Бүт калайык,
Башкасын айтпай туруп
Кыскарталык.

## АЯЛДЫН ЖАКШЫСЫ

Жакшы аялдын белгиси —
Аста сүйлөп күлүшү.
Жыла баскан жоргодой
Майин болот жүрүшү.
Жайык болот кабагы,
Жагымдуу болот жамалы.
Боорукер болот тууганга,
Астайдил болот мейманга.
Чалкыган көлдөй кең болот,
Барча журтка тең болот.
Туткан иши бир жаңсыл,
Акыл айтып чечилет.

---

[1] Орозгер — тапкан-ташыганы жөнүндө айтылып жатат.
[2] Га́за́нда́ — зыяндуу курттар, чаяндар ж. б.

Абысыны урушса,
Ачууланбай кечирет.
Өмүр шерик кишинин
Мындан көөнү жетилет.
Кыйындык түшсө билгизбей,
Кундуздай болуп кулпунат.
Сарамжалы шаанилүү,
Үйүнүн ичин гүл кылат.
Сүйүп алган жар менен
Бүт тилегин бир кылат.
Мончоктой сөзү тизилет,
Моймолжуп күлүп, сүзүлөт.
Үйүнө келген мейманга
Каймак менен нан коет.
Дасторконду толтуруп
Түрдүү-түмөн даам коет.
Бүт ишинде айып жок,
Көрүп туруп көз тоет.
Шыргыйга шырваз[1] илдирет,
Сыйчылдыгын билдирет.
Көргөндөрдү мас кылып
Көчөгө чыкса суйсалат.
Көрө албаган далайдын
Күйгүзөт ичин куйкалап.
Жакшыны жакшы караңар:
Жакынга, жатка барабар.
Бактылуу эрдин багына
Ушундай аял жаралар.
Жатты душман ойлобойт,
Өздү тууган ойлобойт.
Бирдей көрөт барчаны,
Милдадар кылат канчаны.
Душманга сырын билгизбейт,
Эриге наалат тийгизбейт.
Эри эмес, жакшы аял
Элиге наалат тийгизбейт.
Барып-келип каттаган
Жериге наалат тийгизбейт.
Чымындыктуу үйүндө
Жанып турган чырактай,
Бáрáкалуу пейли бар
Ийип турган булактай.
Ар кимиң таап алгыла
Мына ушундай ынакты — ай!

[1] Шырваз — сүт эмди козу.

## АЯЛДЫН ЖАМАНЫ

Жаман аял белгиси —
Адамды келбейт көргүсү.
Үйүнүн ичин чыр кылат,
Көрүнгөнгө булкунат.
Бышырганы атала,
Үчтөн бирин күл кылат.
Казанын жуубай катырат,
Ийдиш-аяк чачылат.
Кемчилигин айтканды
Беттен алып, асылат.
Карды тойсо ыргалат,
Өзүнөн өзү кыйналат.
Айыл десе жүгүрөт;
Алты басса мүдүрөт.
Нан жап десе бүрүшөт,
Барган сайын чүрүшөт.
Өзүң жаап жегин — деп,
Күйөөсү менен сүрүшөт.
Өзү бычып тиге албайт
Үстүндөгү көйнөгүн.
Казанынын жанынан
Кургатпайт суунун чөлмөгүн.
Алты күндө бир кулач
Араң токуйт өрмөгүн.
Жаткан төшөк жыйылбайт,
Жаанга тийип чыйылдайт.
Айылма айыл кыдырып,
Каттаганы тыйылбайт.
Тойгон жерин өлгөнчө
Мактаганы тыйылбайт.
Сөзүнүн жок пардасы,
Бирөөгө тийбейт пайдасы.
Өтө чыгат өпкөңө
Тилинде бар найзасы.
Мындай аял, чынында
Аялдардын бакылы.
Көрүнгөнгө сынтагат,
Кирди-чыкты акылы.
Чыдаша албай күйөөсү
Качып кетет акыры.
Түйдөктөй чачы түктөйөт,
Үрпөйүп чачы үксөйөт.
Ашата албайт терини,
Андабайт иштин жөнүнү.
Касам ичкен жанга окшоп
Кумсартат суук өңүнү.

Айтканыңа көнбөсө,
Ирибейт кимдин көңүлү?
Жаман эмес жалпы аял,
Бул аял эмес Барпы аяр.
Жакшыларын кошууга,
Жамандын жолун тосууга
Жар-агайни, мен даяр.

## ЖАКШЫНЫН ЖАКШЫ БИЛЕТ СЫМБАТЫН

Жакшынын жакшы билет сымбатын,
Жаман кайдан билет арзан менен кымбатын.
Жакшыны айтса дарт козур,
Жакшынын аты ак бозур.
Жалпайган жаман алгыча,
Жалаасына калгыча,
Жалгыз ганаке жатсаң жанозур.

Сулууну айтса дарт козур,
Сулуунун бети ак бозур.
Сулкуйган жаман алгыча,
Султан бойду кор кылбай,
Шүк жүргөнүң жан озур.

Жаман атты мингиче,
Жөө бас путуң талгыча.
Жаман пычак алгыча,
Тиштеп жегин тойгуча.

Жаманга басып баргыча,
Жамандан жаман гап угуп,
Жамандан көөнүң калгыча,
Уктап ал уйкуң кангыча.

Жакшы катын жовдурап,
Ачык болот кабагы.
Акак койгон күмүштөй
Аппак болот тамагы.
Өлүмдү беттеп сөз баштап,
Окуй турган сабагы.
Эл көзүнчө чыр баштап,
Аза́лта́н[1] урбайт баланы.
Орунча тамак ичкин деп,
Агартып турат караны.
Таалайыңа мунасып,

[1] Аза́лта́н — эзелтен.

Таптыңбы базар калааны.
Кудай таала бербесин,
Жарылбаган жараны.

Анан кээ бир кызыл ургачы,
Гап айтамын тыңшачы.
Барпы[1] кулду бай кылат,
Габи менен кувантып,
Кедейдин көөнүн жай кылат.

Жакшы болсо алганың,
Кирлүү кийим кийгизбейт,
Колуңду ишке тийгизбейт.
Тапканың гана деп айтып,
Таамайлап отко күйгүзбөйт.

Жакшы болсо алганың,
Жарык дүйнө жүзүндө
Ичинде калбайт арманың.

Жаман болсо алганың,
Жарык дүйнө жүзүндө
Ичинден гетпейт арманың.

Алганың жакшы болгон соң,
Барды — жокту билбейсиң.
Алганың жаман болгон соң,
Күндө үч убак урушуп,
Арамды күйгөнүндөн тилдейсиң.
Жыгылар жериң ойлонуп,
Жыйынга жакын гелбейсиң.
Алган эри шору бар,
Тирүүлөй жерге кирбейсиң.

Алганың жакшы болгон соң,
Мейман келсе таярлап,
Береке кошуп ашыңды,
Беш күндүк жарык дүйнада,
Бак довлат кылат башыңды.

Алганың жаман болгон соң,
Палит[2] кылат ашыңды.
Ичине гөр-жер түшүрүп,
Тамагыңды шишитип,
Маңка кылып мурдуңду,
Узартпайт сенин жашыңды.

---

[1] Кол жазмада — Парпи.
[2] Палит — ыплас, булганч.

Алганың жакшы болгон соң,
Матаны кийсе түрлөнүп,
Пашайи[1] көйнөк кийгендей
Кас кишинди бир кылат,
Кадимтен бирге жүргөндөй.
Жовапты берет сүйгендей,
Көргөндүн көзү күйгөндөй.
Катындардын казалын,
Мен айтамын билгендей.
Бейтаалай эрдин бактына,
Бейжай катын жолугат.
Пешимден туруп гап урсаң,
Беш күнгө чейин оолугат.
Айылчы болот талпактап,
Аяк-тавак жуулбай,
Ар жерде жатат шалтактап.

Аяк-тавак жуу десең,
Уруша кетет чүйрүндөп.
Анан ар айылга бир кирип,
Ушакты айтат сүйрүндөп.

Алганың жаман болгон соң,
Каваган кара канчыктай,
Кайгы менен иши жок,
Капалык менен жан чыкпай.

Алганың жаман болгон соң,
Мейман келсе курушат.
Бет алдырбай урушат.
Конок келсе курушат,
Кой сойдурбай урушат.
Нан барбы десең, ун жок дейт,
Назаринди сындырат,
Жарым тыйын пул жок деп,
Үйүндү сактап отурган
Кара бет мендей тул жок деп.

## ЖАКШЫ КЫЗ

Сайраган жайкы булбул —
Гүлдүн көркү.
Жаркырап жайнаган кыз —
Үйдүн көркү.
Жазында жайкалган чөп —

[1] Пашайы — сайма салынган, пахтадан токулган кездеме.

Дөңдүн көркү.
Сулуу кыз суктандырган —
Төрдүн көркү.
Далида сындап өргөн
Кара чачы.
Маңдайга келишимдүү,
Калем кашы.

Жакшы кыз — жайкы таңдай,
Үйдүн куту.
Аңкыган гүлбурактай —
Кыздын жыты.
Берметтей жаркыраган
Катар тиши.
Келтирип сайма саят —
Онун иши.
Ыракмат айтып кетет
Көргөн киши.

Ак бетке жарашыктуу
Кошмок калы.
Көз артат көрүп калган
Жандын баары:
Болот деп тагдыр буйруп
Кимдин жары?
Оймоктой оозун кара
Майин күлгөн.
Чолпондой көзүн кара
Таңда күйгөн.
Бир күлсө, сүйүнчүгө
Берер элем
Кетсе да, өмүр бою
Тапкан дүйнөм.

Жакшы кыз — эне-атанын
Ырыскысы,
Турмуштун тунук, таза
Уюткусу!
Уккандар жалган дебес
Ырымды ушу.

## ӨЗҮ КААР, ТИЛИ ЗААР КЫЗ

Айылдан айыл гезген[1] кыз,
Ата-энеден безген кыз.
Чарчабай басып жүргөн кыз,
Ушактын сөзүн сүйгөн кыз.
Уяты жок — таскак кыз,
Этек-жеңи баткак кыз.
Кашына көөнү сүрткөн кыз,
Кишинин баары үрккөн кыз.
Балтыры жоон күчтүү кыз,
Күрөктөй орсок тиштүү кыз.
Мойнуна баарын таккан кыз,
Момундар үчүн мастан[2] кыз.
Жумуш кыл десе сулкуюп
Сом темирдей жаткан кыз.
Он алтыда көпкөн кыз,
Озунуп өзү өпкөн кыз.
Ырысын жерге тепкен кыз,
Ымандан ыраак кеткен кыз.
Ушак айтып айылга
Азандан мурда жеткен кыз.
Эсиме түшсө кокустан
Эт жүрөгүм этет тыз.
Нан ордуна аш кылат,
Ичкениңди таш кылат.
Айыбын айтсаң, алкынып
Сенден мурда кол сунат.
Буудай куурат тил менен,
Муунтат заар зил менен.
Өзү-каар бул кыздын,
Тили-заар бул кыздын.
Миңдин бири — ушундай,
Ушундайдан кутулбай,
Кыжы-кужу түгөбөйт,
Кыздын көбүн күнөөлөйт.

## БУЗУК

Жамгырдын кыян, сели
Жерди бузат.
Адамдан чыккан бузук
Элди бузат.

---

[1] Гезген — кыдырган.
[2] Мастан — жомоктогу желмогуз кемпир.

Ырдасам, келе берет
Сөз кызыгы.
Жакшылык жолго жүрбөйт
Эл бузугу.

Элдеги жакшылыкты
Көзүгө илбейт.
Өзүнүн акмактыгын
Такти билбейт.

Аз ишти көбөйтмөккө
Күн-түн шашат.
Жок жерден улуктарга
Айтат ушак.

Бирөөнүн акылына
Кулак салбайт
Каерде чатак чыкса,
Андан калбайт.

Жаңжалда бүтүп калган,
Ойду бузат.
Ак тилек, кубанычтуу
Тойду бузат.

Өзүндөй жамандарга
Кеңешкенсийт.
Элинен жакшы чыкса,
Эгешкенсийт.

Жамандык пикирлерин
Ичке жыйнайт.
Айылды алты бөлүп,
Элди кыйнайт.

Ариптик сөзү менен
Көзүн ымдайт.
Эл үчүн бир жакшылык
Асти кылбайт.

Култуйткан куйругу жок
Болот арзы.
Көпчүлүк элге жакпайт,
Анын тарзы.

Бузукта туура сөз жок,
Баары чатак.
Туйтунган арамдыкта
Ою пахат.

Жанида пычагы бар —
Уулуу канжар.
Жок жерден чатак салып
Баштайт жаңжал.

Улукка кол куушуруп
Малын соет.
Мемиреп жаткан элге
Торун коет.

Бузуктун туткан иши
Баары жаман:
Бирөөгө салайын дейт,
Акыр заман.

Жанида жолдошуну
Жарга түртөт.
Ак ишке амал менен
Кара сүртөт.

Оң келсе атты, тонду,
Кошо жутат.
Өзү уурдап, соо кишини
Ууру тутат.

Тууганды тууган менен
Каршы кылат.
Өлбөсө, эл тынчыбайт,
Ушу чунак.

Бузуку жамандаса,
Сөзүн кошпойт.
Улук да калыс эмес,
Бузук окшойт.

## УШАКЧЫ

Көзүнчө ырсак-ырсак,
Күлүп коет.
Ичиге котур ташты
Түйүп коет.

Өнөрү тирүүлүктө —
Жалаң ушак.
Сүйлөшсө эки киши
Турат тыңшап.

Укканын кулагына
Куюп алат.
Сөзүнө сөз кошушка
Элге барат.
Чогулуп эл отурган
Жерге барат:

«Паланча сени шунтип
Нектеди» — дейт.
«Шол сөзү кулагымдан
Кетпеди» — дейт.

«Жамандык пикир менен
Турушат» — дейт.
«Бир кесир акыр сага
Кылышат» — дейт.

Ошентип үйдөн үйгө
Жортот, желет.
Аны ээрчип миң бир ушак
Кошо келет.

Досуну досу менен
Кылат каршы.
Ушактын уудай тилин
Билген жакшы.
Билбесең, көрөрүң чын
Котур ташты.

Ушакчы ырыскылуу
Жерди бузат.
Куюндай опур-топур
Элди бузат.

Кээ бирлер карматпастан
Кетсе узак,
Ага да астыртадан
Коет тузак.

Эр жигит, эсиң болсо,
Ушак айтпа.
Эл үчүн, чындык үчүн
Оттон кайтпа!

Ушак сөз көпчүлүккө
Салат галба[1].

---

[1] Галба — түйшүк, чатак.

Жан тартып ушакчыга
Жакын барба.
Кабылып капканына
Кара өпкөнүн,
Өзүңдү өзүң кордоп
Өрткө салба!

Жолотпо ушакчыны
Элге-журтка.
Ушакчы ууруга окшоп
Калсын журтта.

## ЖАЛГАНЧЫ

Жалган сөздү чын кылып,
Жарым сабак ыр кылып,
Эптеп айтат жалганчы.
Каяша айткан момунду
Жектеп айтат жалганчы.

Палан күнү үйүңө
Келемин,— дейт жалганчы.
Сураганың нак кылып
Беремин,— дейт жалганчы.
Куда — сөөк болом — деп,
Кынап сүйлөйт жалганчы.

Бир сөзүңө он сөздү
Улап сүйлөйт жалганчы.
Жигин таап алсам деп,
Сынап сүйлөйт жалганчы.

Жалганчынын жаны жок,
Ыраңында каны жок.
Көптүрүп сүйлөп оозуну
Адамсынат, ары жок.

Жакының болуп жагынып
Жалгандан куйрук карматат.
Өткөргөнү барсынып
Жанын жеп сага жармашат.

Күндө ондон убада,
Орундатпайт сөзүнү.
Жаман салып жалгандан
Мактап коет өзүнү.
Кан базарда калп айтып

Аллас[1] деп мактайт бөзүнү.
Анда-санда ар кимге
Кыскан болот көзүнү.

Карындаш болгон кишини
Калп сөзү менен күйгүзөт.
Күндө үч убак азгырып
Ариптигин[2] билгизет.
Өрдөгүн өргө учуруп,
Тууганга наалат тийгизет.

Бүтүрөм баарын өзүм — деп,
Жалган айтып жайсандайт.
Бүтүрдүңбү? — деп келсе,
Жоор аттай кайсаңдайт.

Өлүмтүк тапса талаадан
Улактан алып келдим,— дейт.
Ол жерде түшкөн соорунду
Көпчүлүккө бердим,— дейт.
Март бекемин, калайык,
Өзүң баалап көргүн,— дейт.
Тартышканын жеңдим,— дейт,
Эңишкенин эндим,— дейт.
Салпайтып сүйрөп жыйында
Сазайын колго бердим,— дейт.

Арык ат минсе, семиз,— дейт,
Мен болдум элден эгиз,— дейт.
Байлыгым бар далай — деп,
Жумшаганым малай — деп,
Чакчыгай болуп чакылдайт,
Бабырган болуп бакылдайт.

Ашинам[3] жүздөн ашат — деп,
Үйүмдө мейман жатат,— деп,
Эчкидей болуп эбирейт,
Эл-журтка барып жебирейт.

Жалганчы жандын душманы
Жалынган менен ишенбе.
Жанашып койсоң бир жолу
Бутуң калат кишенде.

---

[1] Алла́с — атилес.
[2] Ариптигин — 1) атаандаш; 2) душман.
[3] Ашина — жолдош, көңүлү жакын киши.

# АЧ КӨЗ

Сандыгы толо за́р[1] болсо,
Короосу толо мал болсо,
Ана ошого карабай
Башкадан сурап алсам, дейт,
Короомо сүрүп салсам, дейт.
Көзү тойбойт малына,
Көз артат элдин баарына.
Ыраа көрбөй чыт көйнөк
Ырастан алган жарына.
Сурасаң бербейт бир тыйын,
Ач көздүн иши эң кыйын.
Айылда семиз мал болсо,
Өзүм союп жесем, дейт;
Бардык малым короомдо
Жүрө берсе эсен, дейт.
Жакырдын жалгыз улагын
Неге өзүмкү болбойт, дейт;
Кудайым неге ошону
Тыптыйпыл кылып койбойт, дейт.
Бүтүн элде мал калбай,
Жалгыз менде калса, дейт;
Таалай, бакыт, ырыскы
Баары мага барса, дейт.
Элди түртүп гөйкапка,
Бир өзүнүн камын жейт.
Асманда учкан кушту да,
Кыбыла менен Кутту да
Өзүмдүкү болсо, дейт.
Ой — тоолорго мал батпай,
Сарайларга зар батпай —
Кайран көзүм тойсо — дейт.
Жараткан Эгем бар болсо,
Жандуунун баарын өлтүрүп,
Мени тирүү койсо — дейт.
Ач көздүн алкы тыйылбайт
Ажалы жетип өлгөнчө,
Ал дүйнө жүзүн көргөнчө.
Сугун артып ар кимге
Көрбөгөндү көргөздү.
Угар болсоң, калайык,
Айткым келди бир сөздү:
Карынбайды жуткан жер
Качан жутат ач көздү?

---

[1] За́р — алтын.

## ПИТИНА[1]

Питина элге бербейт
Жарты тыйын.
Андайдан бир нан алуу
Жуда[2] кыйын.

Питина — өңү жылтыр,
Ичи кара,
Көңүлүн каптап калган
Арам санаа.

Үйүнө мейман келсе
Бир нан койбойт.
Жашырып жалгыз ичет,
Карды тойбойт.

Питина колун жууп
Майга салбайт.
Дүйнө аяп, түгөнөт деп,
Базар барбайт.

Питина жеңи бүтүн
Чапан кийбейт.
Өзүнчө чеченсинип
Акыл сүйлөйт.

Питина жем жедирбейт,
Аты арык.
Түзүктөп өтүк кийбейт,
Бутта — чарык.

Питина туушканга
Кылбайт кайыр.
Кызганып калың элден
Конбойт айыл.

Питина бир кыл бербейт
Сурап келсең.
Жүткүнөт элдин акын
Жегин, десең.

Питина жакшылыктан
Алыс качат.
Жамандык кылуу үчүн
Дайым шашат.

---

[1] Питина — сараң.
[2] Жуда́ кыйын — өтө кыйын.

Башканы өзү менен
Тең ойлобойт.
Кедейди, карыптарды
Эч ойлобойт.

Питина топ айылга
Келгиси жок.
Карыпка кара тыйын
Бергиси жок.

Питина жыят — терет,
Дайыны жок.
Кадак дан дубанага
Кайыры жок.

Береке Питинанын
Үйүндө жок.
Дүйнөсү вафа[1] кылбайт,
Мүрзөгө окшоп.

## ЖЕЛӨПКӨ

Өзгөгө да, өзгө да
Баталбаган — желөпкө.
Кабар укса, тынч алып
Жаталбаган — желөпкө.
Эрте менен овлугуп
Түшкөн жолго — желөпкө.
Элден мурда жөнөгөн
Ашка, тойго — желөпкө.
Эки жагын каранып
Минген жорго — желөпкө.
Бир сөз укса болду ага,
Үйгө жатпайт желөпкө.
Мактап койсо дардайып
Тонго батпайт желөпкө.
Чай кайнамдай ичиге
Сырды катпайт желөпкө.
Жүрөк кагып овлугуп
Келдеңдеген — желөпкө.
Мурду көөп апкаарып
Дердеңдеген — желөпкө.
Барам десе бир жерге
Жумбайт көзүн желөпкө.
Зайып болсуң, эр болсун

[1] Вафа — пайда деген мааниде.

Айтат сөзүн желөпкө.
Мен жараймын ишке, — деп,
Кагат төшүн желөпкө.
Артык чаглап[1] башкадан
Жүрөт өзүн желөпкө.
Атка минсе айылда
Чапкыланган — желөпкө.
Сөзүмдү ук деп жакадан
Тарткылаган — желөпкө.
Жеңилдиги камгактай,
Учкулдугу сайгактай,
Желөпкө деген бир жан бар.
Ишиң түшсө андайга —
Шор бүткөнү маңдайга,
Билип алгын жарандар.

## КЕЛЕСОО

Келесоо сөз сүйлөсөң,
Сөзгө кирбейт.
Жадаса бир айылды
Көзүнө илбейт.

Келесоо ойду айтсаң,
Тоону сүйлөйт.
Олтуруп от жак, — десең,
Күлдү үйлөйт.

Келесоо иште, — десе,
Белден ашат.
Өзүнчө өнөрү бар —
Элден «ашат».

Келесоо жөн сүйлөсөң,
Мойнун бурат.
Кол берсең уйкусурап
Бутун сунат.

Келесоо кетмен чапса,
Турпак чыкпайт.
Маанилүү туура сөздү
Кулагы укпайт.

Келесоо орок орсо,
Чала таштайт.

[1] Чаглап — баалап деген мааниде.

Бирпаста кыялда жок
Шумдук баштайт.

Келесоо бою өссө да,
Киши болбойт.
Жөнү бар жумуш менен
Иши болбойт.

Келесоо кайда болсо,
Өзү жалгыз.
Жумушу бүтпөй калса,
Кылбайт намыс.

Келесоо — байдын уулу,
Киет кабат.
Шамалдай жорго минсе,
Башка чабат.

Келесоо бай атанын
Баркы менен.
Бүт элге өкүм сүйлөйт,
Серең — серең.

Келесоо иштн билбейт,
Жешти билет.
Уктоого маң баш уйдай
Кечти билет.

Келесоо баарын таштап
Жүрөт ойноп.
Кыдырат бүт айылды
Тоюн «тойлоп».

Келесоо — бир макулук
Ойлоп көрсөм.
Кеп кылат келесоону
Бүтүн чөлкөм.

Келесоо — адам эле,
Бирок наадан.
Нааданга банди болду
Барча аалам.

## МАДАЛЫ АЖЫГА

Мадалы ажы мактанат,
Кыянат иштен «сактанат».
«Мекеден барып бата алган,

Кудайдын сөзүн жат алган»
«Пендеси мен, — деп, — кудайдын»
Эл алдында актанат.
«Шор дарыядан өттүм» — дейт.
«Мекейи кава[1] жеттим» дейт.
Мадалынын сөзүнө
Менин көөнүм ишенбейт.
Меке эмес, Ташкенден
Кайтып келген көрүнөт.
«Кудайдын үйүн көрдүм» деп,
Калп жеринен мактанып
Айтып келген көрүнөт.
Элдин малын Мадалы
Алдап алган көрүнөт.
Алдап — соолап бул «ажы»
Алтымыш жылдык оокатын
Камдап алган көрүнөт.
Шор дарыя эмес, Нарынды
Көргөн эмес көрүнөт.
Ажы айткан көп киши
Суу алдына чөгүшүп
Өлгөн эмес көрүнөт.
«Замзамдын суусу ушул» деп,
«Ичкенге бейиш чукул» деп,
Алып келген суулары
Замзам эмес, кудук суу,
Алдап жүрөт ушул куу.
«Мекеден келген белек» деп,
«Мусулманга керек» деп,
Ажы саткан көз мончок —
Аттáрчинин[2] мончогу.
Караңгы элди бул ажы
Алдап жүрөт окшоду.
Чындыгында Мадалы —
Ажылардын коркогу.—
«Кудайдын ушул сөзү» деп,
«Уккан ажың өзү» деп,
Парсыча ырды көчүртүп
Жыйнап алган көрүнөт.
«Касиеттүү тумар» деп,
«Тагынбаса убал» деп,
Ишентүүгө көп элди,
Калп жеринен бул ажы
Ыйлап алган көрүнөт.
Бул жагынан залимдер

---

[1] Кава — мусулмандардын Мекедеги сыйынуучу жайы.
[2] Аттáрчи — майда-чүйдө сатуучу чекене соодагер.

Бир жагынан алдаса,
Бир жагынан кыйнаса,
Элдин ичи бүлүнөт.
«Кудайды» көргөн кишинин
Үйүндө уч жыл иштедим,
Бергени мага бир торпок.
Эски — уску бергем» деп,
Кылат кайра доомат — док.
Ичиме салды жалын чок,
Чындыгында, калың журт,
Мекени көргөн ажы жок.
Сопулукка ушундай
Шордуу жаным ишенбейт.
Ак куружунун көтөрүп,
Арамза сопу жөтөлүп:
Акула, битир бергин деп,
Жалгыз атың кишендейт.
Күйөсүң деп тозокто
Шарият сүйлөп, жанын жейт.
Эшен, сопу, молдолор,
Калпа, ажы, кожолор,
Кокус калса учурап,
Төбө чачым тик турат.
Тоноп алат ар бири
Берген акы барчылап.
Сопудан короз авла[1] экен
Короодон терип куртту жейт.
Кузгундай болуп куркулдап
Сопусу курсун журтту жейт.

## СУК МОЛДО

Сук молдо, сен сумсайба,
Торс эттирип бир чаап:
«Урамын» — деп кумсарба.
Эки карыш дүраны[2]
Ороп алып башыңа,
Киши өлсө — деп, пайлайсың.
«Дооранчы» десе торсоюп,
Көңүлүң тынып жайнайсың.
Өлүмтүк болсо сактайсың,
Жаназага пул алып
Гөрүңдө тынчып жатпайсың.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

[1] Авла — пайдалуу, артыкча, түзүк деген мааниде.
[2] Дүра — селделик ак кездеме.

«Куран окуп», — «кудай» — деп,
«Далил» окуп «дарман» деп,
«Айтканым эмес жалган» — деп,
«Ишенсең, ушул балдар» — деп,
«Мухамбеттин жолуна
Молдолор туура барган» — деп,
«Пайгамбар жок» дегенди,
«Дозокко айдап салган» — деп,
Док кыласың, Молдоке.
Өз жаныңды «күйгүзүп»
Чок кыласың, Молдоке.
Күнөөсү жокту урбагын,
«Дамылдамын» деп жүрүп
Элдин ичин булгадың.
Мындай болсоң, дамылда,
Өлүп гөрдө куурагын.
Көпчүлүктүн ичинде
Жетпей өлөр бекенсиң.
Алкымыңдан алганын
Өтпөй өлөр бекенсиң.

## СОПУ

Азанчы сопу аталып,
Алланын «сөзүн» жат алып
Жүргөнүңдү ырдасам,
Сөзүмдө болбос каталык.
Сопусунуп элди алдап,
«Калаами шариф» окуйсуң.
Селдеңе сүзүп бозо ичип,
Эл жок жерде кокуйсуң.
Кудайдан коркпой ичкен соң,
Элден неге чочуйсуң?
Күн куру эмес беш убак,
Мунарага чыгасың.
Короз менен жарышып,
Азан айтып турасың.
Молдо менен Эшенге
Мынча таазим кыласың?
Кол куушуруп, чөк түшүп,
Айткан сөзүн угасың.
Көк чайнекти думбалап,
Элдин көзүн бурмалап:
«Жакшы чыккан көк чай» — деп,
Эшениңе, молдоңо,
Мусаллани[1] сунасың.

[1] Мусалла — мейиз менен жийдеден жасалган ичимдик.

Онон нары сен барсаң,
Чалк-Өйдө деген жери бар.
Ошол жерди жайлаган
Кылычтамга эли бар.
Миң үйлүүнү башкарган
Митайым ач көз беги бар.
Үйүнө барган меймандын
Жарга байлайт атыны,
Жармага уста катыны.
Сенин жайың шол жерде,
Кор болбойсуң ол жерде,
Эмине бар бул жерде?!

Онон нары сен барсаң,
Мырза-Аке деген жери бар.
Ошол жерди жайлаган
Басыздын далай эли бар.
Ошол элди жеп жаткан
Чоң курсак далай беги бар.
Үйүнө барган меймандын
Кургактап байлайт атыны,
Куймакка уста катыны.
Сенин жайың шол жерде,
Кор болбойсуң ол жерде,
Эмине бар бул жерде?!

Онон нары сен барсаң,
Айтылуу Өзгөн жери бар.
Ошол жерди жайлаган,
Карабагыш эли бар.
Ошол элди жеп жаткан
Жантөрө, Касым беги бар.
Андайлардын үйүндө
Каалаганың деги бар.
Сенин жайың шол жерде,
Кор болбойсуң ол жерде,
Эмине бар бул жерде?!

Онон нары сен барсаң,
Чоң-Алай деген дары[1] бар.
Чоң-Алайды жай кылган
Кыпчактардын байы бар,
Карын — карын майы бар.
Орозонун шол жерде,
Оңолуучу жайы бар.
Жатакчыга келипсиң,

[1] Дар — өрөөн.

Орозо деген жаныбар.
Кармагыдай гезерип,
Кедейдин канча алы бар?

Онон ылдый сен түшсөң,
Араван, Гүлчө жайы бар.
Ошол жерден табасың,
Датка, байдын гани[1] бар.
Курманжандын балдары —
Алты болуш дагы бар.

Эл куруткан чоңдордун
Алтымыш жылдык камы бар.
Камчыбектин өзүнүн
Алты миңдей малы бар.
Жанибарим Орозо,
Сенин жайың шол жерде,
Кор болбойсуң ол жерде,
Эмине бар бул жерде?!

Онон ылдый сен түшсөң,
Айтылуу Оштун шаары бар,
Ар кайсынын баары бар.
Ошол жерде жатпайбы
Орозо деген жаныбар!
Казандай селде оронгон
Молдо менен кары бар.
Эше́н, калпа сыйынган,
Сулаймандын тагы[2] бар.
«Орозо питир бергин» деп,
Алаканын жайган бар.
Ошол жердин өзүнө
Келген дейт нечен пайгамбар.
Жаныбарым, орозо,
Сенин жайиң шол жерде,
Кор болбойсуң ол жерде,
Эмине бар бул жерде?!

Онон нары сен барсаң,
Анжияндын шаары бар.
Чайканада чай даяр,
Сураштырсаң бай даяр,
Сен күткөнүң баары бар.
Шаарды ошол жай кылган,
Курсагын чейрек май кылган,
Өзбектин далай байы бар.
Орозону шол жерде

---

[1] Гани — кени.
[2] Тагы — тоосу.

Урматтоочу жайы бар.
Жатсаң, жамбаш талбаска
Атлас, жибек шайы бар.
Тамагыңды жибитет
Аса́л[1] кошкон майы бар.
Суусунуңду кандырат
Сууткан яхна[2] чайы бар.
Керек болсо молдо бар,
Калпа менен кожо бар.
«Эшендин жайы бейиш» деп,
Калпычысы кошо бар.
Эсиң болсо, орозо,
Ошолорду тосо бар.
Жайлуу болсо жылбастан
Анжиянда жатып ал.
Саратанда келипсиң,
Жатакчылар болду дал.
Ай башына бергидей
Жок эле бизде жыйган мал.
Кеңеш айтам ыр менен
Орозом, угуп кулак сал:
Ачка турган биздейди,
Көрмөксөн болуп кетип кал.

Орозо питир жыйнаган,
Бербегенди кыйнаган
Молдого бар, орозо!
Башына селде оронгон,
Жалгыз — жарым кишини
Жакадан алып торогон
Кожого бар, орозо.
Шарыят деп кыйкырган,
Шыбага алган кыйкымдан,
Күнөөсү жокту камаган,
Камчы менен сабаган,
Казыга бар, орозо.
Адамды көрсө «ак» — деген,
«Ажыңа чапан жап» — деген,
«Алты күн болсо отурам,
Берериңди тап» — деген,
Ажыга бар, орозо,
Зикир менен убара,
Өзүнө койсо «дубана»
Калпага бар, орозо.
Элди зордоп каржалган,

[1] Аса́л — бал.
[2] Яхна — суутулган көк чай.

Бухардан барып таажы алган;
«Пычак учу» чыгарып
Пайда тапкан жаңжалдан
Даткага бар, орозо.

Сени урматтап алгыдай,
Жайларга бар, орозо.
Төрт түлүктө эсеп жок
Байларга бар, орозо.
Ачка отурган аш таппай
Асти бизге жолобо!
Чөлдө калган жатакчы,
Орозо салды чатакты.
Кетирели келгиле
Башка түшкөн азапты.
Кана эмесе, курбулар,
Чаначтагы жарманы
Чалк көтөрүп салалы.
Чердейген чоң курсактар,
Чалгыны колго алалы.
Орозо чочуп жоголор
Чөптү шылып калалы.
«Сыйласак кантет ушинтип
Мекеден келген «конокту»?
Орозо кетер, иш турат,
Курчуталы орокту!

## СЕНИН СЫРЫН СООДАГЕР

«Имам аззам пирим» деп,
Кымбат саттың малыңды.
Сурабай менин алымды,
Ичиме салдың жалынды.
Тизгинден алып жетелеп,
Келтиресиң ачууну,
Көрбөдүм сендей катууну.
Малайларды күйдүрүп
Акын жедиң соодагер.
Ыйманыңды күйдүрүп
Олорго даки[1] бердиң, соодагер.
Жетимдин көбүн кыйраттың,
Жети айлык акын төлөбөй,
Жер каратып ыйлаттың.
Чинек[2] пулга чыдабай,

---

[1] Даки бердиң — өтө азап бердиң, алсыраттың.
[2] Чинек — пахта терүүдө күндүк жумушка төлөнчү акы.

Пахтамды карга бастырган
Ысактай суткор байды көр.
Өлчүлүк[1] алды шайымды,
Билбейсиң менин алымды,
Калың түшкөн карды көр.
Эл ичинде жылоолоп
Уятымды кетирдиң.
Нысабы жок, соодагер,
Шерменде кылат шекилдиң.
Аларсың менден пулуңду,
Көрбөгөм сендей зулумду.
Ачууланып тыңшабай,
Түгөттү менин ырымды.
Мурдатан билбей курудум,
Соодагер, сенин сырыңды.

## МИСАЛ ҮЧҮН

Оводон эргип учкан көрдүм кушту
Өткөрдүм жайы менен жазды, кышты.
Ырдаймын өз башымдан өткөн ишти;
Көрүнгөн жамандардан жедим мушту,
Шу күндөр көңүлүмө эми түштү.

Канчалык ишти көрдүм чыдап турам,
Жүрөккө батыралбай ырдап турам.
Эстесем кан жүрөгүм сыздап турам,
Ысыган оттуу боюм муздап турам.

Ырдадым ушул сөздү тым сал үчүн;
Эшиткен эл билсин деп мисал үчүн,
Ойлонуп ар ким өзүн тутар үчүн.
Жаштыкта ойноптурмун бакпай жанга,
Жүрөгүм зыркырады тойду канга.
Шок жүргөн, тентекчилик жаман экен,
Акыры көрсөтпөдү эч бир пайда.

Кубанып чыгып турам жаңы таңга,
Тиктесем көзүм түштү жанган шамга.
Ичкеним шекер болду кандым канча,
Мурунку жүргөнүмдү эми ойлодум
Машакат болгон экен алтын жанга.

Атамдын бир сөзү бар — акыл экен,
Насият айткан сөзү макул экен.

---

[1] Өлчүлүк — жаан-чачын.

Атамдын айткан сөзүн билалбадым,
Жөн жүр деп нечен айтса, тил албадым.
Адапсиз ар кишиден үлгү албадым,
Токтотуп өз боюмду жүрөлбадым.
Өмүрдүн түгөнүшүн билалбадым,
Атамдын айткан сөзүн кылалбадым.

Иштетип сөз сүйлөтүп жалган менен,
Шу сөздү ырдап турам арман менен.
Ойнодум адаби жок балдар менен;
Теңтушмун акылы жок жандар менен,
Адапсиз элге галба[1] салган менен.

Көңүлдү токтотпостон башка бурдум,
Жылмайган сулууларга колум сундум.
Акыры өз жаныма залал кылдым,
Башымдан өткөн ишти баян кылдым.

Овлугуп урушкансып жолго чыктым,
Жолдогу атты үркүтүп, ээсин жыктым.
Акылсыз акмактардын ишин тутуп,
Шун этип бáлááлáргá[2] өзүм тыктым.

Адапсиз аксакалды басып өттүм,
Кой десе, ону дагы катуу сөктүм.
Шоктуктан авиримди өзүм төктүм;
Душманды жеңгенсинип өзүм кеттим,
Каерде галба болсо өзүм жеттим.
Айылдын тополоңу мен бир акмак,
Бааридан жаман экен чаки басмак.

Бозо ичсем киши болуп мардаңдадым,
Өзүмчө киши болуп дардаңдадым.
Келемин эртеге деп анда алдадым,
Ар кимди тар кысылган жолдо алдадым.
Алдадым эрте менен келем дедим,
Шашкансып эки жакка элеңдедим.
Бөрүдөн үркkөн койдой сереңдедим,
Гáргáрдин[3] эртең пулун берем дедим.

Шун этип жалган айтып, иш көрсөттүм;
Бер десе катуу сөгүп, муш көрсөттүм,
Шон этип көпчүлүккө, иш көрсөттүм;
Чындасам казандагы ашын төктүм,
Кой десе адамдардын барын сөктүм.

---

[1] Галба — жаңжал-чыр.
[2] Бáлáá — кырсык, балакет, бактысыздык.
[3] Гáргáр — бозо сатуучу.

Айылдын тополоңу мен бир акмак,
Акылды ойлоп туруп киши тапмак,
Акмактык өз башына болду токмок.

Каерде чатак болсо, издеп таптым,
Мүргүсө минген атым, башка чаптым.
Жөөнүн азабыны эми тарттым,
Калыңдап согончогум таштай каттым.

Колумда бычагымды ташка чаптым,
Жалганды кара жерден чукуп таптым.
Өзүмчө шол жол менен жанды бактым,
Акáмдин жалгыз атын уурдап саттым.

Бир убак жеңем келди, — көрдүңбү — деп,
Акылсыз бейар эдең, өлдүңбү — деп.
Колумда кылдан эшкен аркан менен,
Жеңемди жыга чаптым бакан менен.

Ол жеңем жедиң сен деп сулап жатты,
Жанымда кошуналар баары качты,
Шун этип жиндилигим чамдан ашты.
Туугады тууган билбей малын сойдум,
Топалоң бáлááлáргá элди койдум.
Туугандын баркын билбес мен бир акмак,
Акмактык өз башыма болду токмок.

Жамандык жолу менен өткөн күнүм,
Тартпадым туугандардан эч бир тилим,
Кыйкырып басалбадым эгиз үнүм,
Жамандык жолу менен өткөн күнүм.

Дос болдум чеки басып жүргөн менен,
Өзүмдүн айтканыма кирген менен.
Тойбодум элдин акын жеген менен,
Кас болдум жөн жүрбөйсүң деген менен.

Шун этип көрүнгөндөн камчы көрдүм,
Өзүмдөй жамандарды жакшы көрдүм.
Кар жаман шону менен курдаш болдум,
Айылда бузуктарга сырдаш болдум.

Жамандан эч бөлүнбөй житип кеттим,
Жакшыга жолобостон өтүп кеттим.
Бирөөгө жакшы айтып досумсуң деп,
Пул салган чөнтөгүнү кесип кеттим.

Акыры өлөмүн деп ойлободум,
Насият көрсөткөнгө жолободум.

Ким айтса насиятты жаман көрдүм,
Акыры бышман жедим, күйдүм, өлдүм.

Акыры кылган бышман болбойт экен,
Жамандар өз билгенин койбойт экен.
Бир күнү бир жаманды баштап кеттим,
Үйүндө бир мыйманды таштап кеттим.

Ол мыйман илажи[1] жок жатты зорго,
Жакшылык эч келбеди биздин ойго.
Жамандык жолу менен күнүм өтүп,
Акыры кез келиштим каттык шорго,
Жамандык мени салды нечен торго.

Бирөөдүн никесини нечен буздум,
Жамандык пикиримди ичке түздүм.
Көңүлүм келген жерге жатып алдым,
Бирөөдүн катынины тартып алдым.

Тынч элге чатак менен галба салдым,
Бирөөдүн кызын бузуп алып качтым.
Шонетип абийиримди бекерге ачтым,
Шу окшош жаман жолго нечен бастым.

Өзүмдөй жамандарды кызыктырдым,
Кой десе курдашымды бузук кылдым.
Шул ишим өз башыма болду бáлáá,
Бáлáá деп ойлободум эч бир санаа.
Атамдын акчасына урдум кумар,
Пайдасын ойлободум эч бир мунун.
Ойлосом арыбады баштан туман,
Шул ишим алтын башка болду зыян.

Өтүптүр жамандыкта жаштык кыял,
Арманым ырдап турам эми шунан.
Өз жүзүм туугандарга кара болду,
Шонетип жүргөндөрүм бáлáá болду.
Кылганым арамдыкта зына[2] болду,
Үйгөнүм алтын башка күнá болду.
Каарлуу катуу тилдеп алганымда,
Учурдум нече кадак балдарымды,
Күйгөндөн ырдап турам арманымды.

Өмүрдүн түгөнгөнүн билгеним жок,
Эрмекке эркек уул сүйгөнүм жок.

---

[1] Илаажи — айла, чара, амал.
[2] Зына — айып, жамандык.

Ажалсыз күнүм бүтүп өлгөнүн жок,
Балдардын бир озурун көргөнүм жок.

Қасапат жаман болду кылган ишим;
Оңолбойт түндө жатып көргөн түшүм,
Арбыбайт а́ла́ка́ттуу кылган ишим.
Мен өлсөм сарай үйүм болот вайран[1],
Бышманым ичимде көп, калдым айраң,
Дак кылды, отко салды нечен балам.
Башымда арылбаган туман болду,
Балдардын турбаганы шунан болду.
Қийгеним каткан бутта чарык болду,
Арманым түгөнгүсүз тарых болду,
кан качып, кызыл жүзүм арык болду.

Зарыктым көрүнгөнгө кыл деп жумуш,
Татыбайт өзүмдө бар гүлдөй турмуш.
Турмуштун гүлдөгөнү болду бекер,
Дүйнөдө мага окшогон күйгөн нечен.
Арамдык жолдо шунча жүрдүм бекен?
Дуба алгын ат мингизип бизден дешкен —
Алдашкан жүргөн экен кожом, эшен.
Парзантиң Парпи акун болсун дешип,
Ошолор алдап мени кеткен экен.
Жамандык түп түбүмө жеткен экен.
Менменсип өз башымдан өткөн экен.

Баланды баш айлантып беремин деп,
Алдашка жүргөн экен кожо, молдо.
Жүрбөпмүн жаштыгымда туура жолго,
Акыры каттык калдым терең ойго.

Алалым үйдө жатса, издеп арам,
Уктабай арамдыкка өзүм барам.
Шун үчүн вайран болду менин канам[2]
Жүрөккө тамса болду анан жарам.
Аксакал карыларга айтпай салам,
Эмдерге пайдасы жок кылган а́ла́м[3],
Қожо, молдо — бардыгын койбой сөктүм,
Қуржунда жыйнаганын жерге төктүм,
Жыгытып башка тээп аттап өттүм,
Шун үчүн ба́лаа́ла́рга́ акыр жеттим.

Туугандын менден калды көөнү муздап,
Аркамда көлөкө жок, жүрдүм сыздап,

---

[1] Вайран — кыйроо, уроо.
[2] Қана — үй, там, имарат.
[3] Ала́м — ичи күйүү.

Жашырбай жарыя кылдым сөзүмдү ырдап.
Бу сөздү түшүнгөндө ар ким кайтсын,
Укканда рахмат деп калкым айтсын.
Жыйырма-жигиттерге көпкөн экен,
Шунетип жаштык да уруп өткөн экен.
Жыйырма беш-жигиттиктин жыргалы экен,
Жыргалды жакшы сүйгөн тууган экен.
Тууганды тууган болгон каттык каккам,
Шону үчүн мени теңир урган экен.
Коркомун жакшылардын бир сөзүнөн,
Жаш акты бузуктардын чын көзүнөн.
Кыларым — бекем тооба айтып калыш,
Башында урган экен мени каргыш.
Ар кими өзүнү оңдоп жолго салыш.
Акылман жакшыларга болгон таңыш.

Бирөөдү жалганыдан жүрдүм мактап,
Жамандык пикиримди ичке сактап,
Аш-гөшүн[1] жесем дедим отко кактап.
Шол ишим өз башыма болду кайгы,
Капалык күйүтүнү башка салды.
Жашчилик, тентекчилик эсимди алды,
Шунетип бáлááлáргá башым калды.
Ичкеним бозо менен болду арак,
Ичимде жамандыкты кылдым талап.
Жамандык акыр болду жанга жабыр,
Ачууга кылалбадым эч бир сабыр.
Бир убак бир кишиге болдум курлаш,
Ол киши мага болду анык сырлаш.
Жамандык эч бирөөгө кылба — деди,
Урматтуу аксакалды сыйла — деди.
Жумшаса мойунуну бурба — деди,
Убада айткан сөздөн жылба — деди.
Кел десе, атын алып току — деди,
Кан качып кумсаргандан чочу — деди.
Шол адам жанды кыйнап сойот деди,
Өзүңдү бир балаага койот деди.

Шол айткан акыреттик жакын экен,
Досумдун айткан сөзү макул экен.
Достугун билбей жүргөн мен бир акмак,
Акмактык акыр башка болду токмок.

Бир адам акыр мага болду жырлаш,
Ойлодум таптым го деп анык курдаш.
Ынагын мен минемин десем — деди,

---

[1] Гөш — эт.

Шериксиң, туугандыкын жесең — деди.
Бербеген каттыктарга кордук — деди,
Кылабер ол кишиге зордук — деди.
Каарың каттык келсе, баргын — деди,
Курч жүрөк каттык калба салгын — деди.
Кани, ким, сенин жолуң тоссун — деди,
Каарыңдан душмандарың корксун — деди.

Шону айткан курдашымды дос ойлодум,
Эр жүрөк өзүм менен кош ойлодум.
Тууганды тууганым деп карабадым,
Колума түшүп калса аябадым,
Акыркы өз пайдамды санабадым.

Түбүндө ошол мага шарим[1] экен,
Распа[2], эч ойлобос залим экен,
Жамандык мага берген талим экен.
Душманды билбей жүргөн мен бир акмак,
Акмактык өз башыма болду токмок.

Бир күнү бир азамат пастан[3] келди.
Достуктан айткан сөзү маккам[4] келди.
Ол киши, мен билбепмин, аяр экен,
Кастыктан ойлогону залал экен.
Атым айта, сыр чечбеген бузук — деди,
Акыры көрөсүң бир кызык деди.
Ол киши жан аябай күндө келет,
Кайда жүрсөң бөлүнбөй бирге келет.
Саара кылсам, былк этпей атым кармайт,
Жерге түшсөм, атым алып бекем байлайт.
Көңүлдү улап, дайыма күлүп — жайнайт,
Кызматымда, үйүм кирсе чайым кайнайт.
Короодун чекесинен отун терет,
Мен өзүм барда, жокто үйгө келет.
Аялым менден ону жакшы көрөт,
Сен үчүн бул досуңду сүйөмүн — дейт.
Паркыңды абдан жакшы билемин — дейт.
Аяба алтын жанды досуңдан — дейт,
Сен жокто жөлөк болуп отурган-дейт.

Жыйылат талааларга кеткен малың,
Аяба шул досуңдан бардын — барың.

---

[1] Шарим — уят-сыйыт.
[2] Распа — уятсыз, адилетсиз, намыссыз.
[3] Пас — төмөн, ылдый.
[4] Маккам — бек, мыкты, бышык.

Атандан, áкáндáн да бул артык — дейт,
Акылсыз иш ойлобойт, бул тартип — дейт.

Аялдын айткан сөзүн макул көрдүм,
Тубушкан эмчектештен жакын көрдүм.
Дүнүйөнү кызык көрүп карабадым,
Ол достон алтын жанды аябадым.
Көңүлдү жакшылыкты бекем күттүм,
Ушар[1] бол, эки — үч күндө келемин деп,
Шол күнү узак сапар жолго түштүм.
Ылдамдап алты катар кырдан аштым,
Сезгенсип ат камчылап ылдам бастым.
Аркамдан бирөө келет ат арытып,
Мингенин аябастан жол арбытып.
Ошол күн жарык эмес, ай караңгы,
Карасам колдо кáлтáк, колдо чокмор,
Ким дедим, мен ойлодум жолдо тоскон.

Келгенин мында билип турдум пайлап,
Келгенде тутушам деп кимди жайлап.
Колумда бир камчым бар табылгы сап,
Камчынын түшүнүдөн бекем кармап
Карасам, күн жарк этти чагылгандай,
Ат үркүп, жер тарс этти кагылгандай.

Токтоттум ошол замат акыл — эсим,
Карадым жарк этkende жоонун бетин,
Түстөдүм жан аябас досумбу деп.
Турганым эки кайың түбүндө эле,
Ол досум мал багам деп үйүмдө эле.
Ол досум былк эткичем тезден жетти,
Эй достум, мен! дегиче каттык чапты,
Кучактап мен жыгылдым каттык ташты,
Эс овгон, көтөрбөдүм өдө башты.
Ажалдын уюшуну келтирдим деп,
Кетиптир муну жайлап өлтүрдүм деп.

Калбаптыр былк этишке менде кубат,
Бир убак келсем эске атым турат.
Кармаган түшүнүдөн камчым турат,
Ат кетпейт башка жакка, жакын турат.
Атымдын чылбырыдан кармап миндим,
Достумдун душмандыгын шондо билдим.
Артыдан мен да калбай катуу жүрдүм,
Коргондун эшигиден мен да кирдим.

Айбанда аты турат чөмүлгүн тер,
Мен жокто аялыма шол экен эр.

[1] Ушар — сак бол.

Эшиктен кирсем зайбым үйдө жатат,
Достум да ошол менен бирге жатат.
Көргөндө менин дагын каным качат,
Билегин аялымдын мойнуна артат.
Аялды бекем кысып чуктап жатат,
Кебезден аппак бетин жыттап жатат.

Аныгын билген замат кайтып кеттим,
Жамандык өзүнө деп айтып кеттим.
Ошол күн билбегенсип кеттим талаа,
Келет деп ол акмактар кылбайт санаа.
Аялдын жаман эрге кылары ана;
Чашкеде кирип келдим кайта жана.
Достум да, аялым да, үйдө — тана[1].
Алдында каймагы бар каттама нан,
Өкөбү бузуклукта бүтүлгөн жан.
Селт этип чочугансып өдө турду,
Э досум, не келдиң, — деп сөзүн урду.
Мен айттым, бир каракчы өлтүрдү деп,
Кудайым мени зорго келтирди деп.

Аялым: — жүрөксүз! — деп мени какты,
Эчкимден бирди союп, өпкө чапты.
Бир убак кудайыга эл жыйылды,
Отуруп токтоно албай кан суюлду.

Бир убак бир тууганым кирип келди,
Өлбөгөн боорлошум билип келди.
Мен айттым:—бул достумду кармагын — деп,
Күнөөлү, батыр колун байлагын — деп,
Күнөөлү, шул бузукту жайлагын — деп.
Адам соер жансыздардан окшодуң деп,
Ол досум ошол замат копшоду кеп:

— А́ка́ндин айткан сөзү бары жалган,
Тынч турган өз үйүгө галба салган.
Мен акмым, көптөн турам, жүрөм алал[2],
Досуң да эч кишиге кылбайт залал.
Акаңиз үйдө турса, бары таяр,
Жайытта оттоп жүрсө, малы таяр.
Шол замат акылымды чын ойлодум,
Жалганга жаратканды күбө ойлодум.

Аялды койдум, — дедим, малын бердим,
Үйдөгү скалаттын баарын бердим.

[1] Тана — макул.
[2] Алал — адал.

Аялым капа болуп жолго түштү,
Арамды алып менден касам ичти.
Душманды досум деген мен бир акмак,
Акмактык өз башыма болду токмок.

Бул сөздү мисал кылып айттым элге,
Эр жигит аял үчүн кирет жерге,
Бул сөзүм белгиленсин элден элге,
Аялдын арыптиги абдан анык;
Кеткен бак эр жигитке келбейт кайтып.

Аялың жакшы болсо эрийт көңүл,
Ачылып жыргалдыкта өтөт өмүр.
Аялың жаман болсо куруйт шоруң,
Үстүңдө жаңы болбойт кийген тонуң.

Эр жигит үзүлбөсүн эч бир пáлáк[1],
Жакшылык жолунда жүр, кылгын талап.
Жамандык туушканды ойлобогун,
Акыры тартып калат, тартып алак.
Бу сөздүн эмне экенин аңдабадым,
Жан барда сооп жолун камдабадым.
Акты го эми көздөн кандуу жашым,
Бу сөздү угуп туруң жаман — жакшым.
Айбанат жакшы баксаң, болот дулдул,
Семиртип жем бербесең, арип кургур.

Тууганды жакшы ушла[2], болот пайда,
Туугандай жан аябас алтын кайда?
Тууганды кадырлашар сыйлабасаң,
Душманга кадимкидей паркың кайда?

Өзүндөй алдуу менен чеңдешпестен,
Ариет, намыс кылып белдешпегин.
Акыры кылалбассың бир пул пайда,
Жыгылсаң устуканың болот майда.

Сөзүңдү таап сүйлө ар бир жайда,
Сүйлөбө тантык болуп кайта-кайта.
Башкалар жакшылыгың түшүнгөндө
Элиге кайтып кетет ушуну айта.

---

[1] Пáлáк — коон,— дарбыздын сабагы.
[2] Ушла, Ушта — карма, тут.

## ҚАЛЫСТЫК ЖӨНҮНДӨ

Қалыс табам деп жүрүп,
Қара чачым ак болду.
Қалк ажаатын ачкыдай
Қөрө албадым па́к[1] колду.
Қанча ыраакат ичинен
Қармап калдым нак шорду.
Қолдобосо кудурет —
Қантип аттайм тоскоолду?

Қалыс дешет эшенди —
Қан какшаткан эченди.
Торбосуна толтуруп
Тоноп кетет печелди.
Жаназасын окуйм деп,
Жансыз кылат кеселди.
Күнөө кылба, пенде деп,
Күн-түн айтат меселди.
Қара кылды как жарган
Қөрө элекмин чеченди.

Қалыс дешет казыны...
Қазы калкты кажыды.
Қыйкым таап жок жерден
Қышка айлантат жазыңы.
Қарышкырдай казынын
Қалайык-калк азыгы.
Эзилгендей эсепсиз
Элдин барбы жазыгы?
Қалыс дешет молдону...
Молдо кимди коргоду?
Жол ачам деп бейишке
Минип кетет жоргоңу.
Жалдырап карап каласың
Жаныбардай тордогу.
Қалысы жок калгыдай
Қалайык-калк шордобу?

Қалыс дешет болушту...
Булгап бүттү конушту.
Қасип кылып алышты
Қалайыкты сорушту.
Билбей калды калың эл
Қантип түштү жорушту.

[1] Па́к — таза.

Чыркыроодо жаами журт
Чыгара албай добушту.

Калыс дешет калпаны...
Калпа кимди алкады?
Кырк чакырым жерди ээлейт
Калпты тизген арканы.
Кара жемсөө булардан
Калайык-калк чарчады.
Темселетип теңдикти
Тегирменге тартабы?

Калыс дешет бийлерди —
Карала нафти[1] кийгенди...
Кара деп айтып агынды,
Кыйратты далай үйлөрдү.
Камчы тийип аларга,
Калкка кордук тийгенби?
Калыстыктын ачкычы
Каргаша отко күйгөнбү?

Калыс дешет кожону...
Калыс болчу ошобу?
Ыйманы жок ошолор
Ырыска ырыс кошобу?
Ыпыр-сыпыр чогултуп,
Ыраң деп сатат жошону.
Иттен сөөк талашат,
Илдеттин жолун тособу?

Калыс дешет улукту...
Улук элди курутту.
Жабыр тартып жүрөбүз
Жамай албай жулукту.
Ыдыратып бүтүндү,
Ылай кылды тунукту.
Калыстык суусу түгөнүп,
Карап калдык кудукту.
Караңгы түндө какшаган
Калктын датын ким укту?

Каалаганым калыстык
Калайыкка ылайык.
Үмүтүмө күн тийбей,
Үшкүрө берем муңайып.
Уурдап чындык ачкычын

[1] Нафти — кымбат баалуу кездеме.

Ушакчы жүрөт чунайып.
Калыстык качкан заманга
Койгум келет миң айып.
Акыйкат нуру жетпеген
Ааламда жок калыстык.
Зар какшаткан адамды
Заманда жок калыстык.
Адамдын изин өчүргөн
Арамда жок калыстык.
Намысты пулга алмашкан
Наадандa жок калыстык.

Жакшылыкты көксөгөн
Көңүлдө бар калыстык.
Өзүн элге арнаган
Өмүрдө бар калыстык.
Бай, кедейди ылгабай,
Барды, жокту кыйнабай,
Байгамбарды сыйлабай,
Өкүмүнө көндүргөн
Өлүмдө бар калыстык.

Калыстыктын ыры ушул,
Калк алдында сыры ушул.
Арасат жолго таштабай,
Айтаар сөздүн чыны ушул.

## АЖАЛ

Өмүр бар жерде Ажал бар,
Өзөктү үзөөр тажаал бар.
Уксаңар айтып берейин,
Улук-кичик, жарандар.
Өмүргө Ажал дос эмес,
Өмүрдүн жолу бош эмес.

Өмүр деген — жарык күн,
Өлүм деген — кара түн.
Өмүр — жандын үмүтү,
Өлүм — жандын күйүтү.

Көрүнбөс көзгө Ажалдин,
Көпкө сырын чечейин.
Чече албасам ошону
Ырчылыктан кечейин.

Жолдошуң болуп күнү-түн,
Жанында жүрөт бул Ажал.

Тамырыңа таркаган
Каныңда жүрөт бул Ажал.

Пармана болуп айланып,
Башыңда жүрөт бул Ажал.
Кабагыңдын ортосу —
Кашыңда жүрөт бул Ажал.

Иче турган дайыма
Ашыңда жүрөт бул Ажал.
Жаны бирге дос эмес,
Касыңда жүрөт бул Ажал.

Орозгериң ордосу —
Түнөктө жүрөт бул Ажал.
Өмүрүңдүн өлчөмү —
Жүрөктө жүрөт бул Ажал.

Чапаның болуп жармашып,
Жонуңда жүрөт бул Ажал.
Баса турган күнүгө,
Жолуңда жүрөт бул Ажал.

Мандалактын гүлүндөй,
Башайынын түрүндөй,
Көрөр көздүн чырагы,
Көңүлдүн тунук булагы,
Азиз жандын сөөлөтү,
Ата-эненин дөөлөтү —
Балдарда жүртө бул Ажал.

Кызгалдактын гүлүндөй,
Кызыл килем түрүндөй,
Өрүлгөн олоң чачы бар,
Көмүрдөй кара кашы бар,
Жайнаган гүлдүн бурагы,
Эне-атанын ынагы —
Кыздарда жүрөт бул Ажал.
Арыстанга күчү тең,
Акылына иши тең,
Мыктылыгы — түркүктөй,
Алгырлыгы — бүркүттөй,
Жүрөгүндө өртү бар,
Жан теңелгис эрки бар —
Жигитте жүрөт бул Ажал.

Шыңга бойлуу, кара көз,
Бала кыял, сылык сөз,

Күлкүгө ынак, кайгы жок,
Күлпөтүндө айбы жок,
Сылыктыгы — жибектей,
Сымбатын көрсөң чүрөктөй —
Келинде жүрөт бул Ажал.

Ак сакалы жайкалган,
Азада бою кайкайган,
Балдарын көрүп кубанган,
Байге алгансып дубандан,
Кайда барса жолу ачык,
Карыптарга колу ачык —
Атаңда жүрөт бул Ажал.

Жыл он эки ай көтөргөн,
Жыла басып жөтөлгөн,
Толук бир жыл сүт берген,
Торолтуп сага күч берген,
Адам кылган акыры,
Ар баланын жакыны —
Апаңда жүрөт бул Ажал.

Өйдө болсоң өбөгүң,
Ылдый болсоң жөлөгүң,
Учайын десең канатың,
Уга турган санатың,
Тай-кулундай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен —
Тууганда жүрөт бул Ажал.

Издегени — жамандык,
Ичи толгон арамдык,
Кара деген агынды,
Кайгыга салган жаныңды,
Коко тикен жолунда,
Котур ташы колунда —
Душманда жүрөт бул Ажал.

Ажалдан кимдер кутулган?
Амалсыз баары тутулган:
Карыны алган, жашты алган,
Калк ичинде башты алган;
Аялды алган, кызды алган,
Акмакты алган, узду алган;
Ооруну алган, соону алган,
Өчүгүшкөн жоону алган;
Карыпты алган, байды алган,
Канча түркүн жанды алган.

Барча жанга жай берген,
Жердин койну кең экен.
Калыстыкты көрсөткөн
Каргаша Ажал чен экен.
Бай-кедейин ылгабай,
Кары-жаш деп кыйнабай,
Баарына Ажал тең экен.

## ПАЙГАМБАРЛАР ЖАНА ОЛУЯЛАР КЫСАСЫ

Айткым келди далилдеп,
Алланын ысмы — шарибин[1].
Алдым дилге жат кылып,
Ысмы изаттин каримин[2].
Жалгыз өзүң улуксуң,
Жанында жок ширигин.
Он сегиз миң ааламды
Орду менен жараттың.
Ошолордун баарысын
Өкүмүңө караттың.
Эзелки Адам атадан
Адамзатты тараттың.
Жан-жаныбар макулук,
Жардыгыңа көнмөкчү.
Айланып ажал келгенде,
Аттиң ай,
Азиз па́нда́ң[3] өлмөкчү.

Бисмилла деп баштамак,
Бир кудаанын жардыгын.
Билгизген адил Куранда
Бизге шонун бардыгын.
Абалкы Адам атадан
Журттуу кылдың бабаны,
Журт ошондон тарады.
Баян кылып айтамын,
Баштан өткөн жумушту.
Бир кудаанын буйругу,
Балык жуткан Жунусту.
Кырк күн балык ичинде
Кылыптыр насип турушту.
Жараткан өзүң билесиң,

[1] Шарибин — (Шариф) эң жогорку, өтө кең пейил, өтө тектүү (Мухамбеттин уруктары) делет.
[2] Каримин — берешендигин, боорукердигин, ак көңүлдүгүн.
[3] Па́нда́ — пенде.

Жакшы — жаман кылышты.
Алты тыйын пул болуп,
Атасына кул болуп,
Айланайын атыңдан
Азирети Жусуп сатылган.
Жети жыл жатып зынданда,
Жетип дуба кутулган.
Ол адамдын баласы,
Азирети Шиш өткөн.
Алдамчы жалган дүйнөдөн
Жан-жаныбар макулук,
Алда канча киши өткөн.
Алла-Эгем өзүң сактай көр,
Башыңдан нечен иш өткөн.
Жаннатты тирүү жай кылган
Оо, Ыдырыс пайгамбар!
Өзүңдөн жардам болбосо,
Өзгөчө кандай айлам бар.
Зикирия пайгамбар,
Сизди каапыр тооруган.
Куткарып ийген Ысаны,
Жынжырдан кылган торунан.
Чокунуп калган каапырлар
Пайгамбар Ыса соңунан.
Эртеңки болчу жумушту,
Бүгүн туруп билчү экен.
Ооруп калган адамдын
Башын жарып көрчү экен.
Башынан оору таппаса,
Жүрөгүн жарып тилчү экен.
Томолок туулган балдарга
Кол — бут жасап берчү экен.
Миң жашаган Улукман
Аким табып кары өткөн.
Алдамчы жалган дүйнөдөн,
Аттиң ай,
Адамзаттын баары өткөн.

Ошол өңдүү Ибраим
Отко салса күйбөгөн.
Кудаанын досту Калилла,
Кутулуп чыккан жалындан.
Тирүүлүктө өтүнүп,
Тилеймин жардам баарындан.
Төр тагында Кудайга
Тике барып беттешкен
Азирети Муса пайгамбар.
Алла менен жүздөшкөн

Азирети Мусанын,
Азиздигин билгизген.
Амур деген дайрага
Айдап барып киргизген.
Агам деп суудан качпаган,
Асасын суута таштаган.
Алланын сүйгөн эркесин,
Агызбай дайра сактаган.
Үпүптүн эки баласын
Үңкүрдөн набыт кылганга,
Қысасын тартып Улукман
Эки жыл жаткан зынданда.
Ошолор да өтпөптүр,
Өмүрүнчө жыргалда.
Өлбөй эч ким калбаптыр
Аттиң ай,
Бул дүнүйө жалганда.

Алтымыш жыл курт жеген,
Азирети Айупту.
Аллага жетип тилеги
Акырында айыкты.
Айтпай кантип койомун
Ааламдан өткөн тарыхты.
Құдай сүйгөн жан үчүн,
Құрбан болгон Ак үчүн,
Я, Ысмайыл пайгамбар!
Жалбарамын ал үчүн.
Эки шейт Қербала
Имамдардын каны үчүн,
Қадыр-Алла бер мадат
Қарыптардын алы үчүн.
Асан, Үсөн аталган
Эки азиз бала үчүн.
Атасы Аали кудайдын
Анык сүйгөн шер эле.
Энеси азирети Бүбү Батма
Жаным балам дээр эле.
Эне сүйгөн шам чырак,
Эки ааламга тең эле.
Атаңа наалат жезиттер[1],
Оларга кылган зулматты.
Суусаса да бир кашык
Суу бербестен кургатты.
Опасыз жалган дүнүйө
Ойлоп көр кимди жыргатты?

---

[1] Жезиттер — жөөттөр, еврейлер.

Мурзалы жанчи[1] Анапия
Мурун өткөн бардыгы.
Ошолорду койгон жок,
Опасыз дүйнө тардыгы.
Жүз жыйырма төрт миң сан
Пайгамбардын баары өткөн.
Акырында Апсалым,
Абдурасул дагы өткөн.
Таажысы бар башында
Так Сулайман кан өткөн.
Бир жүз отуз үч миң сан
Олуянын баары өткөн.
Омор, Осмон — чарыяр[2] —
Абу-Бакир, Аали өткөн.
Асан, Үсөн аталган
Эки шейит бала өткөн.
Ошондой эле пайгамбар —
Азирати Искандар,
Пааша болуп бу дагы
Бүт ааламды сураган.
Акыры ажал жеткенде,
Бир мүнөт такаат кылалбай,
А да тактан кулаган.
Таажысы бар башында
Так Сулайман пайгамбар
Бу да болуп падыша,
Сасык үпүп Сарала
Бүт канаттуунун баарына
Элчи кылган арага.
Жан-жаныбар макулук,
Өз тилинде сураган.
Ааламдан өткөн тарыхты,
Кысасыл деген китапка
Алып келип улаган.
Айланып ажал жеткенде,
А да тактан кулаган.
Йахия деген пайгамбар
Көпкө тарткан кыйналып,
Жетимдиктин азабын.
Азирети Мухаммед
Алладан тилеп ырыскы,
Толтура кылып кайнаткан
Жетимдердин казанын.
Жетим менен жесирге,
Оору-сыркоо, кеселге,

---

[1] Жанчы — каарман, жоокер.
[2] Чарыяр — төртөө.

Карып менен мискинге[1]
Кайрылып жардам берүүчү
Мухаммед өткөн дүйнөдөн.
Оомал-төкмөл тополоң,
Опасыз жалган дүнүйө,
Кимге бапаа кылдың сен?
Ошолордун баарысын,
Оп тартып алып тындың сен.

Лаа иллаха, иллала,
Пайгамбарым, Мухаммед!
Тилим келгей ка́лма́га́,
Алла таала жараттың,
Ажал-өлүм па́нда́га́.
Дин мусулман Махамат,
Оопат эткен бир алла
Ыйык тутам куранды.
Алла-Эгем өзүң сактай көр,
Азаптуу күндө турганды.
Кадыр-Алла[2] кечиргин,
Каталык кетсе тилимден.
Кайрылып жардам сураймын,
Кавсыл Аззам пиримден.
Баш-аягы тополоң
Бало келген дүнүйө.
Бирден өтүп, бирине
Кала берген дүнүйө.
Оомал-төкмөл дүнүйө,
Ошол үчүн аталган.
Бактың тайса башыңдан,
Чыгасың бир күн катардан.
Баштан тайса дөөлөт — бак,
Паашадан калат алтын так.
Айланып ажал жеткенде,
Ажырап элден болдуң сап.
Алла ырайым кылбаса,
Ар ким шондой чачылат.
Өлбөй жүрсөң өмүрдөн
Өзөктөн кетпес калат дак.
Кор кылбастан кудайым,
Койсоң болду дени сак.
Жалгыз өзүң улуксуң,
Жалал-Жалил, Жалгыз Ак.
Азирети султансың,
Айыптууну өзүң тап.

[1] Мискин — дубана.
[2] Кадыр — Алла — кудайдын бир аты.

## ПАЙГАМБАРЛАР ЖАНА САЛБАЛАР ТУУРАЛУУ

(2-вариант)

Ак кагазга жаздырам
Алланын ысмы — шарибин.
Алдым дилге жат кылып,
Ысмы изаттын каримин.
Жалгыз өзүң улуксуң,
Жанында жок шеригиң.
Он сегиз миң ааламды
Орду менен жараттың.
Ошолордун бардыгын
Өкүмүңө караттың.
Эзелки Адам-Атадан
Адамдарды тараттың.
Жан-жаныбар жакулук,
Жарлыгыңа көнмөкчү.
Айланып ажал жеткенде,
Аттиң ай,
Азиз пендең өлмөкчү!

Биссмилла деп баштамак,
Бир кудаанын жарлыгын.
Билгизет адил Куранда
Бизге шонун барлыгын.
Атабыз Адам-Атадан
Журттуу кылдың бабаны,
Журт ошондон тарады.
Баян кылып жазамын,
Башта турган жумушту.
Бир алланын буйругу —
Балык жуткан Жунусту.
Кырк күн балык ичинде,
Кылыптыр насип турушту.
Жараткан өзүң билесиң,
Жакшы-жаман кылышты.
Алты тыйын пул болуп,
Атасына кул болуп,
Айланайын атыңдан
Азирети Жусуп сатылган.
Жети жыл жатып зынданда,
Жетилип дуба кутулган.
Ол адамдын баласы
Азирети Шиш өткөн.
Алда канча макулук,
Ааламдан далай киши өткөн.

Алла-Эгем өзүң колдой көр,
Башыман эчен иш өткөн.
Жаннатти тирүү жай кылган
Оо, Ыдырыс пайгамбар!
Өзүндөн жардам болбосо
Өзгөчө кандай айлам бар.
Зикирия пайгамбар,
Сизди каапыр тооруган.
Чыгарып ийген Ысаны,
Чынжырдан кылган торунан.
Чокунуп калган каапырлар,
Пайгамбар Ыса соңунан.
Эртеңки болчу жумушту,
Бүгүн туруп билчү экен.
Оору болгон адамдын
Башын жарып көрчү экен.
Башынан оору таппаса,
Жүрөгүн жарып тилчү экен.
Томолок туулган балдарга,
Кол-бут жасап берчү экен.
Миң жашаган Улукман
Аким табып кары өткөн.
Алдамчы жалган дүйнөдөн,
Аттиң ай,
Адамзаттын баары өткөн.

Ошол өңдүү Ыбрайым
Отко салса күйбөгөн.
Куданын досту Калилла,
Кутулуп чыккан жалындан.
Тириликте өтүнүп,
Тилеймин жардам баарындан.
Төр тагында Кудайга
Тике барып беттешкен,
Азирети Муса пайгамбар.
Алла менен жүздөшкөн
Ол өңдөнгөн Мусанын,
Асилдигин билгизген.
Амур деген дайрага
Айдап барып киргизген.
Агам деп суудан качпаган,
Асасын сууга таштаган.
Алланын сүйгөн эркесин,
Агызбай дайра сактаган.
Үпүптүн эки баласын
Үңкүрдөн набыт кылганга,
Кысасын тартып Улукман
Эки жыл жаткан зынданда.

Ошолор да өтпөгөн
Өмүрүнчө жыргалда.
Өлбөй эч ким калбаптыр,
Аттиң ай,
Бул дүнүйө жалганда.

Алтымыш жыл курт жеген
Тиги Азирети Аюпту.
Аллага жетип тилеги,
Акырында айыкты.
Айтпай кантип коемун,
Ааламдан өткөн тарыхты.
Кудай сүйгөн жан үчүн,
Курбан болгон Ак үчүн,
Я, Ысмайыл пайгамбар!
Жалбарамын ал үчүн.
Эки шейит Көрбала
Ымамдардын каны үчүн.
Кадыр-Алла бер мадат,
Мендей карыптардын алы үчүн.
Асан менен Үсөйүн
Азиз бүткөн жан эле.
Атасы Аалы Кудаанын
Анык сүйгөн шери эле.
Азирети бүбү Батма
Жаным балам дээр эле.
Эне сүйгөн шам чырак,
Эки ааламга тең эле.
Атаңа наалат жезиттер,
Аларга кылган зулматты.
Суусаса да бир кашык
Суу бербестен кууратты.
Оопасыз жалган дүнүйө
Ойлоп көр, кимди жыргатты?
Мурзали жáңчи, Анапия
Мурун өткөн бардыгы.
Ошолорду койгон жок,
Оопасыз дүйнө тардыгы.
Жүз жыйырма төрт миң сан
Пайгамбарлар баары өткөн.
Акырында Апсалим,
Абдырасул дагы өткөн.
Таажысы бар башында
Так Сулайман хан өткөн.
Бир жүз отуз үч миң сан
Оолуялар дагы өткөн.
Омар, Осмон — чарияр —
Абубакир, Али өткөн.

Асан-Үсөн аталган
Эки шейит бала өткөн.

Лааиллаха иллаалла,
Байгамбарым Махамад
Тилим келгей ка́лма́га́.
Алла-таала жараттың,
Ажал-өлүм па́нда́ңа́.
Дин мусулман Махамат,
Оопат эткен бир Алла.
Улук тутам куранды,
Азаптуу күндө турганда.
Кечире көр жараткан,
Каталык кетсе тилимден.
Кайрылып жардам тилеймин,
Кавсыл Аззам пиримдин.
Баш аягы тополоң
Боло келген, дүнүйө.
Бирден өтүп бирөөгө
Кала берген, дүнүйө.
Оомал-төкмөл дүнүйө
Ошол үчүн аталган.
Бактың баштан тайганда,
Чыгасың бир күн катардан.
Баштан тайса дөөлөт бак —
Паашадан калат алтын так.
Ачып көздү жумгуча,
Ажырап элден болдуң сап.
Алла ырайым кылбаса,
Ар ким шондой чачылат.
Өлбөй жүрсөң өмүрлүк,
Өзөктөн кетпес болот дак.
Кор кылбастан кудайым,
Койсоң болду дени сак.
Жалгыз өзүң улуксуң,
Жалал-Жалил, жалгыз Ак.
Адилеттүү султансың,
Айтыптууну өзүң тап.

## ДҮЙНӨ СЕН

### I

Тартибиңди бир колдо
Сызык кылдың, дүйнө сен.
Кимди болсо өзүңө
Кызыктырдың, дүйнө сен.

Сүйгөнүңдү өзүңө
Жакындаттың, дүйнө сен.
Жакын келсе ар кимге
Макулдаттың, дүйнө сен.

Бир тууганды тууганга
Душман кылдың, дүйнө сен.
Кимге келсең, ошону
Султан кылдың, дүйнө сен.
Бир нечени саргайтып
Ултан кылдың, дүйнө сен.

Бир нечени мээнеттүү
Карып кылдың, дүйнө сен.
Бир адамды бирөөгө
Зарыктырдың, дүйнө сен.

Бир адамды сыздатып
Зыркыраттың, дүйнө сен.
Бир адамды ыйлатып
Буркураттың, дүйнө сен.
Жокко бардан жалынтып
Пул[1] сураттың, дүйнө сен.

Уруштуруп тууганды
Тыркыраттың, дүйнө сен.
Бирдин малын таратып
Чыркыраттың, дүйнө сен.

Бир адамды жаңылтып
Ууру кылдың, дүйнө сен.
Учуратып балаага
Тууру кылдың, дүйнө сен.

Бирдин малын бирөөгө
Ширин кылдың, дүйнө сен.
Бирди бирге өлтүртүп
Кыйын кылдың, дүйнө сен.

Бир адамды кан соргон
Залым кылдың, дүйнө сен.
Бир адамды бирөөгө
Кагым[2] кылдың, дүйнө сен.

Бир адамдын таманын
Чорго айланттың, дүйнө сен.

---

[1] Пул — акча.
[2] Кагым — көз каранды.

Бактысы жок мандайын
Шорго айланттың, дүйнө сен.

Бир адамды жаманга
Жанаштырдың, дүйнө сен.
Бирге таалай өзүгө
Караштырдың, дүйнө сен.
Бирдин акын бирөөгө
Талаштырдың, дүйнө сен.
Сени ээрчиген неченди
Адаштырдың, дунүйө сен.

Бир адамга залалды
Анык кылдың, дүйнө сен.
Жокчулуктан неченди
Зарыктырдың, дүйнө сен.

Бирди кууп ээрчитип
Дартка салдың, дүйнө сен.
Кызыктырып бирөөнү
Бантка[1] салдың, дүйнө сен.

Бирге-берип дүйнөнү
Пайдалаттың дүйнө сен.
Бирди-бирге урдуруп
Майдалаттың, дүйнө сен.

Кээ бирөөнүн малы көп
Бардам[2] кылдың, дүйнө сен.
Барган сайын көбөйтүп
Шардам кылдың, дүйнө сен.
Кээ бирөөнүн малы жок
Шалдан[3] кылдың, дүйнө сен
Малай болсо баасын
Арзан кылдың, дунүйө сен

Калтыратып кедейди
Карып кылдың, дүйнө сен
Бутундагы кийгенин
Чарык кылдың, дүйнө сен

Жан күйөрдөн ашыкча
Көрүнөсүң, дүйнө сен.
Жазгырып бир күн ажырап
Бөлүнөсүң, дүйнө сен.

---

[1] Бант — байлануу, көзүн кароо.
[2] Бардам — оокаттуу, оокаттуулугуна сыймыктанган деген сөз.
[3] Шагдам — көңүлү көтөрүңкү, курсант, кубаттуу.

Бир туугандан артыкча
Көрүнөсүң, дүйнө сен.
Билинбей өзүң бир күнү
Бөлүнөсүң, дүйнө сен.

Кызыктырып ар кимге
Көрүнөсүң, дүйнө сен.
Кылчайбастан акыры
Бөлүнөсүң, дүйнө сен.

Ашык кылып кишиге
Көрүнөсүң, дүйнө сен.
Акыры түгбү бапасыз[1]
Бөлүнөсүң, дүйнө сен.

Көөнө[2] дүйнө сен өзүң,
Көп ырдайын мен өзүм.
Эски дүйнө сен өзүң,
Эми ырдайын мен өзүм.

II.

Белгилеген ыр менен
Айтар сөзүм, дүйнө сен.
Биз түгөйбүз, каласың
Жалгыз өзүң, дүйнө сен.

Кайыры жок Карынбай
Жыргап өткөн, дүйнө сен.
Инжис аттуу миң өлгөн
Жана миң бир тирилик —
Жүрбөдүм деп сүйүнүп,
Дүйнө сенден түңүлүп
Ыйлап өткөн, дүйнө сен.

Мындан бөлөк кишиден
Нечен өттү дүйнөдөн.
Залымдарга башты айткан,
Жейренчидей акылман
Чечен өттү дүнүйөдөн.

Мен айткандын баары өткөн,
Даба тапкан ооруга
Улукмандай кары өткөн
Бапасы жок, дүйнө сен.

---

[1] Бапасыз — пайдасыз деген сөз.
[2] Көөнө — эскирген деген мааниде.

Нечен жердин үстүндө
Кыран өткөн дүйнөдөн.
Аккан сууну токтотуп,
Паашалардын барчыны
Залым болгон азали,
Акыры суудан ажали
Пиран өткөн дүйнөдөн.
Мен кудай деп док кылган,
Кармашканын жок кылган,
Шашпай омур түгөнүп
Шуддат өткөн дүнүйөдөн.
Дөө, парини бант кылган,
Дөөнү минип ат кылган,
Жоо жарагын так кылган
Падыша болгон Көр уулу.
Түгөп өмүр бир күнү
Сулайман өткөн дүйнөдөн.

Мен пааша деп ойлогон,
Дүйнөнү кезип жойлогон.
Аскерин уруп айдаган,
Жүрбөсө канжар кайраган.
Кайсы шаар азандин
Дайрасын буруп байлаган.
Мен жүрсөм деп ойлогон,
Дүйнөгө көзү тойбогон.
Ажал жетип бир күнү
Кара жерге сойлогон,
Искандер өткөн дүйнөдөн.

Мындан бөлөк паашадан
Ар кыл өткөн дүйнөдөн.
Паашалардын гүзүрү[1]
Заркым өткөн дүйнөдөн.

Батыш менен Чыгышка
Барган өткөн дүнүйөдөн.
Учкунуна тоо көчкөн
Балбан өткөн дүйнөдөн.

Тоо көчүрүп, жаа менен
Аткан өткөн дүйнөдөн.
Дөөлөр коркуп сүрүлүп,
Качкан өткөн дүйнөдөн.
Үрүстөмдөй завардас[2]

---

[1] Гүзүр — кыйын, үстөмчүл.
[2] Завардас — чыгаан, чыйрак.

Дастан өткөн дүйнөдөн.
Атантайдай акылман
Март дагы өткөн дүйнөдөн.
Дин кубаттап сопудан
Актам[1] өткөн дүйнөдөн.

Кайраты бар бир нече
Баатыр өткөн дүйнөдөн.
Дөөлөрдү кууп катырган,
Чоң чаңгалин батырган,
Кайраты бар каарман —
Палбан өткөн дүйнөдөн.

Каарманга бир тууган,
Кайрат менен бакырган,
Балбандарды чакырган,
Барлык күчүн ашырган,
Ийилип дөөлөр баш урган —
Катыраң өткөн дүйнөдөн.

Омур түгөйт акыры,
Падшалардын Кашмири —
Бир неченди бантка алган.
Кара көзүн жашка алган,
Дава менен таш кылган.
Дүйнөнү кезип чарк урган —
Аплатын өткөн дүйнөдөн.

Жаан качта кылымды
Кезип өткөн дүйнөдөн.
Кайтып үйгө келбестен
Безип өткөн дүйнөдөн.

Ташты жахан ат кылган,
Сээр менен дак кылган.
Омурунун баарисин
Айарлыкка сарп кылган
Гардан кашан кептенген
Бузук өткөн, дүйнөдөн.
Мындан бөлөк көп сонун
Кызык өткөн дүйнөдөн.

Гөр ичинде туулган,
Атагы алыс угулган.
Мингени кыйрат ат болгон,
Душмандар көрүп дак болгон.

---

[1] Актам — азанды биринчи айткан сопу адам делет.

Өнөрү менен авазди
Коңур шаадан апкелген,
Кууп келген душманды
Илаачиндей качырган,
Көр уулу өткөн дүйнөдөн.
Ай туугандан, күн туугандан
Жусуп, Акмат бир тууган.
Кайраты тереҥ эр тууган,
Экөө бирдей шер тууган.
Алдап душман байлаган,
Мисирге карап айдаган.
Карыптык түшүп башына
Чолпондой көзү жайнаган.
Аскардын тоосун ашырган,
Айагына таш урган.
Караңгы зындан ичинде
Камбарга барып кошулган.
Көзүнүн жашы жошулган,
Карып өлүм болду деп,
Калдагач айым баш урган.
Бакты ачылып зындандан
Бир күн бошоп кутулган.
Сабырдын тойгон напсиси
Кайтып алган тактыны —
Жусуп, Акмат бир тууган,
Бул дагы өткөн дүйнөдөн.

Ол дагы өткөн дүйнөдөн,
Бул дагы өткөн дүйнөдөн.
Чапкан аттай тез жүрүп,
Ылдам өткөн дүйнөдөн.

Нечи кызык дүркүрөп,
Довур өткөн дүйнөдөн.
Акыры түгөп банданын[1]
Омур өткөн дүйнөдөн.

Каттуу чилде катырып
Кыштар өткөн дүйнөдөн.
Канаттуудан карчыга
Куштар өткөн дүйнөдөн.

Болжолуна келгенди
Койбой өттү дүйнөдөн.
Ай ааламды кыдырып
Жойлой өттү дүйнөдөн.

---

[1] Ба́нда́ — пенде, киши.

Өзүм таана болсом деп,
Ойлой өттү дүйнөдөн.
Жарыклыкка ач көзү
Тойбой өттү дүйнөдөн.

Барча кетип, мен калсам
Деген өттү дүйнөдөн.
Элди соруп курутуп
Жеген өттү дүйнөдөн.
Жер меники бербеймин
Деген өттү дүйнөдөн.

Көрүнгөндү коркутуп,
Келген өттү дүйнөдөн.
Кайыр десе айабай
Берген өттү дүйнөдөн.
Тоого кийик койбостон
Терген өттү дүйнөдөн.
Акыркы зоодан ажалы,
Кожомжаштай атыккан
Мерген өттү дүйнөдөн.

Эчтеме менен иши жок
Жаткан өттү дүйнөдөн.
Көпчүлүккө жолобой
Качкан өттү дүйнөдөн.
Күндө күмүш, айда алтын
Тапкан өттү дүйнөдөн.
Жетимдерди асырап
Баккан өттү дүйнөдөн.
Манастай жоону качырып
Чапкан өттү дүйнөдөн.
Күндө шилен үйүнөн
Тарткан өттү дүйнөдөн.
Турмушу таза салкында
Жаткан өттү дүйнөдөн.
Дүнүйөлүк пайданы
Тапкан өттү дүйнөдөн.
Бирөөнү эзип чучугун
Чаккан өттү дүйнөдөн.
Былкылдата койбостон
Чапкан өттү дүйнөдөн.
Көпчүлүккө кыялы
Жаккан өттү дүйнөдөн.
Көңүлдөгү максатты
Тапкан өттү дүйнөдөн.

### III.

Ķелериңде, дүнүйө,
Көл мелтиреп толгондой.
Ķетериңде, дүнүйө,
Көздү чукуп ойгондой.

Ķелериңде, дүнүйө,
Сууну арыкка бургандай,
Төрүндө жолборс тургандай.
Ķетериңде, дүнүйө,
Арыктын суусун тарткандай,
Жолборсту капкан чапкандай.

Ķелериңде, дүнүйө,
Авадан алтын куйгандай.
Сарайыңдын ичинде
Сандаган пулуң тургандай.
Ķетериңде, дүнүйө,
Төөнү чымын кыргандай.
Ķелтирип салган сарайың
Чалдыбар болуп тургандай.

Ķелериңде, дүнүйө,
Ķалыпка күмүш куйгандай,
Ķашыңда чолпон тургандай.
Ķетериңде, дүнүйө,
Ķалыбың жерде сынгандай,
Чолпонуң качып жылгандай.
Ķелериңде, дүнүйө,
Ķоктуга коюң толгондой.
Ķооздоп салган коргондой.
Ķетериңде, дүнүйө,
Ķоюңду бөрү кыргандай
Ķоргонуң жалаң тургандай.

Ķелериңде, дүнүйө,
Жибектен соккон килемдей,
Ķазаның кайнат шилендей[1].
Ķетериңде, дүнүйө,
Ķилемди душман баскандай,
Шиленди шилеп чачкандай.

Ķелериңде дүнүйө,
Тулпарды сылап чапкандай
Шумкарды сындап баккандай.

---

[1] Шилен — мал союлуп, көп даярдалган тамак деген сөз.

Кетеринде дүнүйө,
Тулпарың сулап жаткандай,
Шумкарың сызып качкандай.

Кетеринде, дүнүйө,
Тел жорго менен сур жорго
Жол талашып тургандай,
Актуйгун менен карчыга
Жем талашып тургандай.
Кетеринде, дүнүйө,
Тел жорго тентип калгандай,
Сур жорго сулап жаткандай.
Актуйгун менен карчыга
Колундан чыгып качкандай.

Келеринде, дүнүйө,
Күмүштөн дубал ургандай,
Чырагың жанып тургандай.
Кетеринде, дүнүйө,
Дубалың көчүп жылгандай,
Чырагың өчүп сынгандай.

## ЖАР ЖЫГЫЛСА СУУ БӨГӨЙТ[1].

Жар жыгылса суу бөгөйт,
Жалгыз өлсө ким жөлөйт,
Залал болсо ким төлөйт.
Жашырганды ким көрөт,
Жан бүткөндүн баары өлөт.
Экөө-өктөм эмеспи,
Үчөө-үрө эмеспи,
Төртөө-төрдөр эмеспи,
Бешөө-белдар эмеспи,
Алтоо-астар эмеспи,
Жетөө-жетил дебейби.
Шоруң курган жалгызды,
Таскара басып жебейби.

Жаш тилегин бербейби,
Жаш өлгөндө тирилип,
Жан үйөгө келбейби.
Жан карындаш, тууганы,
Жаркып өңүн көрбөйбү.

---

[1] Буга чейин санат-насият ырларына кошулуп даярдалып келген.

Бул дүйнөдө өмүрдүн,
Түгөнөрүн билбейби.
Түбү пенде өлбөстөн,
Ойноп-күлүп жүрбөйбү.
Мурунку өткөн ата-эне,
Жаштыктын доорун сүрбөйбү.
Балам деп таанып албайбы,
Оңдоп жолго салбайбы.
Атасы өлсө дүйнөдөн,
Баласы өлбөй калбайбы.
Бала тууп зоройткон,
Энеси өлбөй калбайбы.
Уул деп атын тергеген,
Жеңеси өлбөй калбайбы.
Бул жараткан эсебин,
Адаштырбай албайбы.
Күйсө чырак жанбайбы,
Күүлүү жүргөн жандарды,
Ынапатка салбайбы.
Кетер болсо пэндэси,
Кеңеш менен барбайбы.

Топурактын тагидан,
Кирсе кайтып чыкпайбы.
Ал авалын сүйлөшүп,
Бир-бирисин укпайбы.
Бабасынын ишини,
Бала бекем тутпайбы.
Укуругун салганда,
Сууруп башын тартпайбы.
Сулкуйуп жердин тэгидэ,
Нечендер сулап жатпайбы.
Сын туташып, бой муздап,
Жан кеткенде кайтпайбы.
«Палан күнү келем» — деп,
Өлүм кабар айтпайбы.

Мандалактын гүлүндөй
Балдар өлбөс болсочу,
Сакалдарын чайпаган
Чалдар өлбөс болсочу.
Кызгалдактын гүлүндөй,
Кызыл килем түрүндөй,
Буруугa берсе таш экен,
Бир уруунун калкы экен,
Кыздар өлбөс болсочу.
Жыйырма беш жашында,
Жыл болжолу катында,

Тилегени кашында,
Тил билги болгон башында,
Жигит өлбөс болсочу.
Минди берип, бирди алган,
Бурулуп басып ат алган
Бугунуга[1] дак салган,
Жүгүрүп чыгып ат алган;
Жүрөгүнө дак салган,
«Сиз» деп[2] сылык гэ́п[3] кылган;
Эркелеп көңүл чак кылган,
Кара чачы өрүлгөн;
Өмүр шерик тең өскөн,
Кадыры артык көрүнгөн,
Келин өлбөс болсочу.
Отуруп үйдө кеңешкен,
Жыла басып жөтөлгөн,
Жыл он эки ай көтөргөн,
Муздуу күнү буралган,
Аяздуу күнү айланган.
Тоңдуу күнү толгонгон,
Толгонуп эмчек эмизген.
Кардуу күнү кайрылган,
Кайрылып эмчек эмизген.
Эмиздим деп айтпаган,
Күнүң бүтүп өлгүчө,
Берген сүтү кайтпаган.
Татай бешик чаптырган,
Үстүнө маана жаптырган.
Боз кыйгырдай чуктаган,
Бооруга басып уктаган.
«Айланайын балам» — деп,
Алкымынан жыттаган.
Бешененди сылаган,
Ыйласаң көңүл улаган.
Ичиңдеги дартыны
Имерилип сураган.
Саамайын ак кылган,
«Садагаң» — деп, гэ́п кылган.
Көргөндө көңүл чак кылган,
Көзүм ооруйт дегенде,
Көпөлөктөй айланган.
Башым ооруйт дегенде,
Пэ́рпирэ́ктэ́й[4] айланган.
Жая десең жал берген,

---

[1] Бугунуга — муунуна.
[2] Кол жазмада жок.
[3] Геп — кеп.
[4] Пэ́рпирэ́к — көпөлөк.

Шэкэр десең бал берген.
Суу сурасаң чай берген,
Колтугудан жай берген,
Энең өлбөс болсочу.

«Куудай» сакал агарткан,
Кузгундай көзүн кызарткан.
Өөдө басса, белим деп,
Ылдый басса тизем деп,
Бирди тапса миндирген,
Бирди тапса кийдирген.
Мээр салып сүйлөгөн,
Белгилүү жерден үйлөгөн,
Атаң өлбөс болсочу.
Атаң менен бир тууган,
Агаң өлбөс болсочу.
Энең менен бир тууган,
Тагаң[1] өлбөс болсочу.
Чабар камчы, сүйлөр тил,
Өөдө басса өбөгүң,
Ылдый басса жөлөгүң.
Жаныңа жүрсө жаннатың,
Жан учурда канатың.
Атка минсе сөвлэтың,
Алыста жүрсө дөвлэтиң.
Тай кулундай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен.
Бир төшөктө чоңойгон,
Тепкилешип зоройгон.
Темене канат тешилген,
Тегиз куйрук жетилген,
Иниң өлбөс болсочу,
Өзүң менен бир тууган.

Кара чачы өрүлгөн,
Кадыры артык көрүнгөн.
Учарында бөлүнгөн,
Кирпиктери төгүлгөн.
Келсең атың байлаган,
Жулоосунан кармаган.
Бар кыялын андаган,
Таппан даяр камдаган.
Акыл — эсин жамдаган,
«Келиң акэ́, келиң» — деп,
Астыңа салар төшөктүн,

---

[1] Тагаң — таекең.

Аруулугун тандаган,
Келет деп жолуң караган,
Келбесең бикир санаган.
«Келип туруң сиз» деген,
Бир мурапың биз деген,
Кечиксең чыгып издеген.
Арманы күчтүү кыз деген,
Сиңдиң өлбөс болсочу.
Сызылып күйбөс болсочу.
Сыздаганда көңүлү,
Бузулуп күйбөс болсочу.
Бул өлүмдү жаратпай,
Мурунтан бүтүн койсочу.

Кыздар өлсө, кызыл гүл,
Соолгон менен барабар.
Жигит өлсө кыямат,
Болгон менен барабар.
Бул өлүмдө арман көп,
Күйүт тартып калган көп,
Куп ойлонуп караңар.
Бул өлүмдүн арманы,
Жан пүткөнгө баары бар.
Жамандыкты бир киши,
Көрбөй турган болсочу,
Жан бүткөндүн баарысы,
Өлбөй турган болсочу.
Ата-энеден баланы,
Бөлбөй турган болсочу.
Кара жерди кучактап
Жатпай турган болсочу.
Сын туташып, бой муздап,
Катпай турган болсочу.
Кайгысы күчтүү азапты,
Тартпай турган болсочу.
Кара чопо турпакка
Батпай турган болсочу.
Жеңсиз желек кепинди,
Кийбей турган болсочу.
Жетик жердин койнуна
Кирбей турган болсочу.
«Кайран жигит жаш кетти» —
Дебей турган болсочу.
Жашыл гүл соолбос болсочу,
Жаш адам өлбөс болсочу,
Жамандык көрбөс болсочу.
Жэйилган турпак жайыга,
Жаш кийрип көмбөс болсочу.

Кызыл гүл соолбос болсочу,
Кыз балдар өлбөс болсочу,
Кыйындык көрбөс болсочу.
Кызыл чопо турпакка
Кырлантып көмбөс болсочу.
Кыяктай боюн жазылтып,
Суналтып көмбөс болсочу.
Ак жыландай толгонтуп,
Буралтып көмбөс болсочу.
Кара көздү бозортуп,
Тунартып көмбөс болсочу.
Эсил жаштын күйүтү,
Элде калбас болсочу.
Эл көрбөгөн караңгы,
Жерде калбас болсочу.
Отуз эки кашка тиш
Гөрдө калбас болсочу.
Ок жыландай толгонуп,
Жерге батпас болсочу.
Кайтып турбай ойгонуп,
Гиптилериң сөгүлүп;
Кирпиктериң төгүлүп,
Өксүп элден бөлүнүп,
Өңүң башка көрүнүп,
Туугандардан бөлүнүп;
Түсүң башка көрүнүп,
Жаракөр жубан, сулуу кыз,
Жалгыз жатпас болсочу.
Жер койнунда калды деп,
Адам айтпас болсочу.
Жер койнуда толгонуп,
Ар ким жатпас болсочу.
Жалгыз көрдүн ичинде,
Жатып калбас болсочу.
Кебездей болгон таза этиң,
Сасып калбас болсочу.
Устуканың упурап,
Чирип калбас болсочу.
Балыктай болгон таза этиң,
Ирип калбас болсочу.
Калгандары зыркырап,
Күйүп калбас болсочу.
Курт-кумурска, бөө-чаян,
Тоюп кетпес болсочу.
Үңүрөйтүп көзүңдү,
Оюп кетпес болсочу.
Жан күйөрүн жаздантып,
Коюп кетпес болсочу.

Кундуздай болгон кара чач,
Жыдып түшпөс болсочу.
Бул өлүмдүн күйүтүн
Элге бербес болсочу.
Жибек өңбөс болсочу,
Жигит өлбөс болсочу.
Жигарды[1] бөлбөс болсочу.
Эки жашты биригип,
Жерге көмбөс болсочу.
Бул өмүрдү ар киши,
Билип жүрөр болсочу.
Жигит менен кыз бирге,
Тирик жүрөр болсочу.
Ойноп-күлүп, шаттанып
Күлүп жүрөр болсочу.
Кадимкидей бир-бирин,
Сүйүп жүрөр болсочу.
Үйрүн бузбай топтолуп,
Барып алар болсочу.
Мурункусун кийинки,
Таанып алар болсочу.
Уругудан айрылбай,
Топтоп алар болсочу.
Ата эмес, баласы,
Жоктоп алар болсочу.
Кайран өмүр белгилүү,
Кайтып келер болсочу.
Жаткан жерден козголуп,
Башка келер болсочу.
Токсондогу карыя
Жыгырма беш жигиттик,
Жашка келер болсочу.
Алтымышта кемпирлер,
Он бештеги кызга окшоп,
Ойноп жүрөр болсочу.
Энесиге эркелеп,
Жойлоп жүрөр болсочу.
Жигит менен келин-кыз,
Үйдө отурар болсочу.
Бул экөбү бөлүнбөй,
Бирге отурар болсочу.
Он үчтөгү мүчөлүн,
Кайтып токтор болсочу.
Көңүл үзүп калганын,
Кайтып жоктор болсочу.

---

[1] Жигар — тууган, боор.

Түндө жатып санасаң,—
Түшкө кирер болсочу.
Эр карыса жашарып,
Күчкө кирер болсочу.
Кулунчактай жаш балдар,
Сынбай турган болсочу.
Кайтып келип дүйнөгө
Жыргай турган болсочу.
Ышкындай болгон назик бой,
Сынбай турган болсочу.
Ырас болсоң жараткан,
Акыры алман пэндэгэ,
Кылбай турган болсочу.
Эки путту суна албай,
Басып көрөр болсочу.
Көмгөнүн кайта тиргизип,
Ачып көрөр болсочу.
Ачып көрсөң «ата» — деп,
Тура турган болсочу.
Кайта өмүрдү жашартып,
Кыла турган болсочу.
Бу дүйнөдө өлбөстөн,
Жаратылган пэндэси,
Тура турган болсочу.
Жан алгычты[1] жолотпой,
Куба турган болсочу.
Алкымдашып алышып,
Буба турган болсочу.
Атын айтып чакырсаң,
Уга турган болсочу.
Ачып жердин тэгидэн,
Чыга турган болсочу.

Табыт атты саздатып,
Токуп коет бир күнү.
Жаназаны молдолор
Окуп коет бир күнү.
Алты карыш бөз көйнөк,
Кэпин болот бир күнү.
Калганына замана,
Акыр болот бир күнү.
Көмгөн жерге чөп чыкпай,
Такыр болот бир күнү.
Аягыңдан чырмалтып,
Бууп коет бир күнү.
Алты кесе суу менен

[1] Кол жазмада «жалгычты».

Жууп коет бир күнү.
Төгөрөтүп чырмалтып,
Бууп коет бир күнү.
Алты кетмен топурак,
Айван оет бир күнү.
Алты карыш бөз менен,
Алты азамат апарып,
Жерге коет бир күнү.
Жети кетмен топурак,
Жерден оет бир күнү.
Жети карыш бөз менен,
Жети азамат алпарып,
Жерге коет бир күнү.
Жанына алып кезектен,
Жан күйөрүң көңүлүн,
Үзүп коет бир күнү.
Капа алып кезектен,
Тизип коет бир күнү.
Кыз-келиниң көңүлүн,
Үзүп коет бир күнү.
Кыпа алып кезектен,
Тизип коет бир күнү.
Кыз-келиниң көңүлүң,
Үзүп коет бир күнү.
Босоголуу боз үйүң
Боз чалдыбар бир күнү.
Босогосуз кара жер,
Боз сарайың бир күнү.
Керегелүү ак үйүң,
Кең чалдыбар бир күнү.
Керегесиз кара жер,
Кең чалдыбар бир күнү.
Устуканың упурап,
Упа болот бир күнү.
Жаткан жериң топурак,
Супа болот бир күнү.
Карайгандын бээриси,
Жыйын болот бир күнү.
Калганыңа машакат
Кыйын болот бир күнү.
Бозоргондун бээриси,
Жыйын болот бир күнү.
Боздоп ыйлап калганга
Кыйын болот бир күнү.
Курт-кумурска, бөө-чаян,
Талап кетет бир күнү.
Көмүп коюп көпчүлүк,
Тарап кетет бир күнү.

Өмүрлөшүң, сүйгөнүң,
Жесир калат бир күнү.
Оттой кызыл балдарың,
Жетим калат бир күнү.
Алты канат үйүңдү
Аңгыратат бир күнү.
Алты жашар баланды,
Жалдыратат бир күнү.
Жети канат үйүңдү,
Аңгыратат бир күнү.
Жети жашар баланды,
Жалдыратат бир күнү.
Каласың шондо саз көнүп,
Оозуң менен суруңдан,
Сары-зардап кан төгүп,
Бечара жаның көрөр миш.
Көрүп айран болор миш.
Миң бир эки айланып,
Көр башына конор миш.
Ондо алың не кетет,
Бурак минип пир жетет.
Ыйман менен дин жетет,
Бу дүйнөнүн түбүгө,
Кууган менен ким жетет.
Арзыңды кимге даттайсың,
Издеген менен таппайсың.
Ийиндей жердин койнуна,
Акыры барып сактайсың.

## ОКТОБАЙ МЕРГЕН АТАЛБАЙТ

Октобой мерген аталбайт,
Онтобой оору жаталбайт.
Жарылбай жара канабайт,
Жакшынын кебин катардайт.
Сынбай сөөк чор болбойт,
Тилеп алган парзантиң,
Жетим калбай кор болбойт.
Сыйлабай мейман күзөлбөйт,
Так кыямат болгуча,
Жамандын пейли түзөлбөйт.
Суу койбой[1] терек ноодалбайт[2],
Пашага дөөлөт келбесе,

[1] Кол жазмага чейин кошулган.
[2] Ноодалбайт өспөйт, жогорулабайт.

Баатырың чапчып жооду албайт.
Ооматы келбей кишиге,
Ашык дөөлөт алалбайт[1].
Эңкейтбесе баатырды,
Ат үстүнөн оодарбайт.
Суутпай тулпар как болбойт,
Суктанбай жигит так болбойт.
Жаманга жакшы гáп болбойт,
Жаман менен бир жүрсөң,
Акыры саган нáп[2] болбойт.
Шамал болбой жел болбойт,
Жамгыр болбой сел болбойт.
Жакшыга жаман тең болбойт,
Азелде душман эл болбойт.
Ырысы жок адамдын
Жыйында сөзү эм болбойт.
Көңүлү кара кишинин,
Пейли-куйу кең болбойт.
Кум жыйылып таш болбойт,
Кул жыйынга баш болбойт.
Жакшы болсо жолдошуң,
Көңүлүң капа гаш болбойт.
Орунтук алсаң бирөөдөн,
Жутканың менен аш болбойт.
Буралбай сулуу өптүрбөйт,
Сабыр эрди көптүрбөйт.
Жорголор жолдо кагылбайт,
Түбүндө чечен жаңылбайт.
Калган көңүл, чыккан жан,
Издеген менен табылбайт.
Чеченге кудай бербесе,
Чечилип түзүк гáп урбайт.
Агарып түшпөй кар болбойт,
Суу соолбой сай болбойт.
Мурунтан назар тийбесе,
Жыргап бир өсүп бай болбойт.
Семирбей тулпар туйлабайт,
Так болбой киши ыйлабайт.
Барбасаң узак сапарга,
Бар деп бирөө кыйнабайт.
Башынан болгон нáкүстá[3],
Конокту келсе сыйлабайт.
Коркунчулук түшпөсө,
Жүрөгүң сезип туйлабайт.
Булбулдун доошун эшитпей,

---

[1] Кол жазмада — «келбесе».
[2] Нáп — жакшы деген мааниде.
[3] Нáкүстá — тарбиясыз, акылсыз, жетесиз.

Буралып лола[1] ачылбайт.
Мундуунун үнү басылбайт,
Мурунку баатыр шашылбайт.
Кайраты бар эр жигит,
Таги түбүн жашырбайт.
Күкүктүн доошун эшитпей,
Гүл чайпалып ачылбайт.
Күрдөөсү бар эр жигит,
Курдаштан сырын жашырбайт.
Алма бышпай күбүлбөйт,
Атасы бирге түңүлбөйт.
Өрүк бышпай күбүлбөйт,
Өзөгү бирге түңүлбөйт.
Жакшы менен бир жүрсөң,
Тутар ишиң эл билбейт.
Жаман болсо сүйгөнүң,
Орозгерди тең билбейт.
Авадан жамгыр төкпөсө,
Жердин бети нам болбойт.
Ыкывалдуу эр жигит,
Бу дүйнөдө ка́м болбойт.
Атадан каргыш албаса,
Азамат жигит кар болбойт.
Жылдыз жарык ай болбойт,
Жыргатпай сулуу жар болбойт.
Колунда бар март адам,
Эч немеден кар болбойт.
Козу болбой кой болбойт,
Кичик болбой зор болбойт.
Кырдалга кирген эр жигит,
Бу дүйнөдө кор болбойт.
Тайлак болбой нар болбойт,
Оору тартпай шал болбойт.
Кулактуу адам ка́р[2] болбойт,
Жарганатта па́р[3] болбойт.
Алдында атың арыса,
Аскалуу белди аша албайт.
Бечел бала басалбайт,
Белгилүү баатыр качалбайт.
Мурунтан киши март болбой,
Дүйнөсүнү чача албайт.
Өзүң туура болгондо,
Бузуктар сөзүң бура албайт.
Мусапыр келсе элиңе,
Жалаага жапсаң тура албайт.

---

[1] Ла́ла́ — кызгалдак.
[2] Ка́р — дүлөй.
[3] Па́р — жүн.

Адеби жок жаш балдар,
Аксакалдан уялбайт.
Ажал келсе жакында,
Алганың ага кире албайт.
Атамды кое тургун деп,
Балдарың ага кире албайт.
Ажал кайып бир күнү,
Өлүшүн эч ким билалбайт.
Элинде бузук бар болсо,
Мусапыр келсе жүрө албайт.
Кургакчылык болбосо,
Булактын суусу соолбойт.
Эл бузугу көп болсо,
Башканын иши оңолбойт.
Чын табына келбесе,
Карчыга соно алалбайт.
Чын насиби болбосо,
Киши булкунуп узак бара албайт.
Ууз кымыз болбосо,
Суугa суусун кана албайт,
Бейажал койду бөрү албайт,
Жакшыны жаман көрө албайт.
Эски пахта бөз болбойт,
Эсептешкен дос болбойт.
Жакшынын баары корс болбойт,
Жамандын сөзү жоош болбойт.
Мокобой бычак бүлөбөйт,
Бактырбай атың түлөбөйт.
Бактысы бар эл болсо,
Кембагалы жүдөбөйт.
Калемпир ачуу туз болбойт,
Катын кырктан өткөндө,
Кыңшылап сүйлөп, кыз болбойт.
Чоркок кеби сиз болбойт,
Катуу суук болбосо,
Дария тоңуп, муз болбойт.
Кең бычса, чапан тар болбойт,
Келебеттүү эр жигит,
Өлгүчөктү кар болбойт.
Элиң өспөй көп болбойт,
Жүк көтөрбөй лөк болбойт.
Күз болбой кубаң чөп болбойт,
Эси бар бала көк болбойт.
Бир тууган безип жат болбойт,
Мактанып байтал ат болбойт.
Катарга кирчү жигиттин,
Айткан сөзү калп болбойт.
Колго түшпөй эр жигит,

Элинен кетип бант[1] болбойт.
Сүйлөбөй ширин тил болбойт,
Акылы бар жигиттин,
Аз сөзгө көөнү кир болбойт.
Эбин таап айтпаса,
Элге жаккан ыр болбойт.
Кыраан бүркүт учканда,
Кызыл түлкү кача албайт.
Кысталыш келсе бир иши,
Кыйналып үйдө жата албайт.
Токмогу күчтүү болбосо,
Казыкты бекем кага албайт.
Токтомдуу сөзү болбосо,
Топ жыйынга жага албайт.
Саларга оту болбосо,
Минген атын бага албайт.
Ичинде майы болбосо,
Чыракты куру жага албайт.
Жайдын оту болбосо,
Жайкалып жылкы семирбейт.
Жайылып төшкө конбосо,
Жакындап келип эл билбейт.
Энеси узак кетпесе,
Көгөндө козу маарабайт.
Гүл ачылып турбаса,
Булбулдар шаңшып сайрабайт.
Уурулугуң болбосо,
Куугунчу тутуп байлабайт.
Алтын жан денден кетпесе,
Топуракка жайлабайт.
Топурак жерди жумшатпай,
Көгөргөн буудай чайлабайт.
Буйругу жок аш болсо,
Киши ирмеп жутуп чайнабайт.
Үлгүсүз чебер быча албайт,
Чалгынсыз шумкар уча албайт.
Жáкá[2] тубар кой болсо,
Көңүлүн бузуп киши албайт.
Адырдын жери кургаса,
Кош айдасаң тиш албайт.
Күнөкөр болсоң падшага,
Тууганың ара түшө албайт.
Дарт тартпай киши сандалбайт,
Дан албай буудай саргайбайт.
Бөктөргө учуп куш болбойт,

---

[1] Бант — жогору даражалуу.
[2] Жáкá — жеке, жалгыз.

Туура жүргөн эр жигит,
Ар мээнетке туш болбойт.
Жүдөбөй жигит буй болбойт,
Эчки сүттүү уй болбойт.
Чылабай шекер бал болбойт,
Чоңоюп жылгын тал болбойт.
Жакпай турган оокат бар,
Жутканың менен ал болбойт.
Бедиаван[1] чөл болсо,
Тукумдай аппак кар болбойт.
Тал чирибей бөк болбойт,
Актасаң конок сөк болбойт.
Жамандарда көрк болбойт,
Аялдарда эрк болбойт.
Беремин деген бекилбейт,
Бек байлаган чечилбейт.
Мен-менден эч ким кечирбейт.
Суу койбой терек бүр албайт,
Сулуулар жарсыз жүрө албайт.
Сулуулар менен бир жүрсөң,
Сулкуйган жаман көрө албайт.
Жаз болбой дарак бүр албайт,
Жакшылар жарсыз жүрө албайт.
Жакшылар менен бир жүрсөң,
Жалпайган жаман көрө албайт.
Ажалсыз киши өлө албайт,
Айбаты бар жигиттин,
Астына бирөө келе албайт.
Асманда булут болбосо,
Колотту бузуп сел албайт.
Мокобой болот өгөлбөйт,
Болжолу бар баатырга,
Такашып бирөө теңелбейт.
Сабырлуу жигит шашылбайт,
Толкубай жүрөк ташынбайт.
Ат кырчаңгы болбосо,
Дубалга сүртүп кашынбайт.
Ак көңүлдүү азамат,
Теңтуштан сырын жашырбайт.

## БОЛОТ

Жол арбытмак ат болот,
Жол тааныткан кат болот.
Атуулу жигит март болот,

[1] Бедиаван — куу чөл.

Кадыры бар эр жигит
Калың элге баш болот.
Бирөөдөн катык гáп уксаң,
Гүлдөй көңүл каш[1] болот.
Боло турган эр жигит,
Он бешинде баш болот.
Болбой турган борбуйсуз,
Жыйырмада жаш болот.
Суук гáп уксаң бирөөдөн,
Жүрөгүң муздап таш болот.

Кумарды жазган куш болот,
Бакты — дөөлөт, ыгы бар
Таалайлуу элге туш болот.
Жакшылардын кылганы
Оруну менен иш болот.
Жел какса бизде бүч болот,
Күн төбөдө түш болот,
Ондосоң жакшы иш болот.

Корголдун көркү соо болот,
Жаман менен дос болсоң,
Акыры түбү доо болот.
Кайрактын амалы кар болот,
Жигиттин көркү жар болот.
Суудун көркү тал болот,
Сулуунун көркү кал болот.
Чарбанын көркү мал болот,
Нечен адам көп ыйлап,
Парзант үчүн зар болот.

Коргон урсаң арк болот,
Дарбаза курсаң бек болот.
Чечендин сөзү эп болот,
Иш бүтүргөн көп болот.
Мал семирткен чөп болот,
Жалын чыкса өрт болот.
Сагынганда тууганды‌н,
Эки көзү төрт болот.

Кар эрисе суу болот,
Картайса сакал куу болот.
Элинде бузук бар болсо,
Аркасында чуу болот.

Актаса таруу сөк болот,
Адам заада бек болот.

[1] Каш болуу — капа болуу деген мааниде.

Чечендер жайпай сүйлөсө,
Четтеген душман жек болот.
Даракты эксең бак болот,
Бакмандын көөнү чак болот.
Алганың жакшы болгондо
Үйүндүн ичи так болот.

Жакшы аттын көркү жал болот,
Арканын тузу зар болот.
Совхоз менен колхоздун,
Иштеткени мал болот.
Таза болсо ар киши,
Таш чайнаса ал болот.
Аркарлар жүргөн зоо болот,
Аңдышып жүргөн жоо болот.
Шамалы катуу кыр болот,
Шанилүү айтсам ыр болот.
Шашпай туруп сайрасам,
Адамдын көөнү гүл болот.

Пайегерде сыр болот,
Акын май ичсе курч болот.
Ак ыйлаган пенденин,
Акырет жайы тынч болот.
Көк май ичсе курч болот,
Көп ыйлаган пенденин
Гөрүндө жайы тынч болот.
Көңүлдү чайдай ачылткан,
Калемпир менен мурч болот.

Санаса дилде пул[1] болот,
Санатта жок жигиттер
Өз элинде кул болот.
Жуурса камыр ий болот,
Журтуга жаккан бий болот.
Ак шумкар өткөн бел болот,
Атасы бөлөк жат элден
Адашып келген эл болот.
Атактуу баатыр шер болот,
Айдаган жериң жумшаса,
Азилдүү эгин кем болот.

Кызарган кызыл чок болот,
Кыйратып жаккан от болот.
Кырдалы бар жигиттер,
Кылымга наамы жоктолот.
Кыйкырык чыкса бир жерден,

[1] Пул — акча.

Кыраан баатыр токтолот.
Ажыдаар, ок жылан,
Адамды көрсө октолот.
Ажал жетсе ар киши,
Элиден кетип жок болот.
Үстүндө турпак үйүлөт,
Уруулуу эли түңүлөт.

Атасы келсе базардан,
Балдары ойноп сүйүнөт,
Астыны тосуп жүгүрөт.
Ат арыса мүдүрөт,
Ашыкча жалган гáп[1] айтып,
Жаны жок элди күйдүрөт.

Боз карчыга куш болот,
Болорман элге душ[2] болот.
Ак карчыга куш болот,
Азамат элге душ болот.
Ылачын учкул куш болот,
Иматтуу мака душ болот,
Ыргайдай болгон сулуулар,
Ырыстуу элге туш болот.

Күйгөндө оту күл болот,
Күйүттү тарткан зил болот.
Гүлдөгөн элдин ичинде,
Күкүктөй сайрап ыр болот.

Сарайда бекем шам болот,
Шамалдап учкан чаң болот.
Санаттуу жигит сүйлөсө,
Көпчүлүккө таң болот.
Көбүнчө мээнет тарткандын,
Жүрөгү уюп кан болот.
Таалайы качкан жигиттин,
Ыкыбалы кáм[3] болот.

Кара кур тартып бой болот,
Калпычы жигит жой болот.
Неченди колго түшүргөн.
Казып койгон ор болот.
Бááз[4] бир кыл пáндáнин[5],

---

[1] Гап — кеп.
[2] Душ — жөлөк, таяк болот деген мааниде.
[3] Кáм — кем.
[4] Бááз — кээ бир, кез-кез.
[5] Пáндá — бенде.

Берген тузу шор болот.
Үйдү агарткан пор[1] болот,
Жакшылап өзүн оңгорот.
Жазып келип ок тийсе,
Жалдырап жигит кор болот.
Жаңайлак жүрсөң ар качан,
Согончогуң чор болот.

Кол туурулса кесилет,
Күнөйүң болсо бир тоодой,
Тообо кылсаң кечирет.
Асманда турна, каз болот,
Көгөргөн майдан саз болот,
Сулууда саал наз болот.
Жакшыга кылсаң кызматты,
Ар канча ишиң аз болот.
Жок адамда карз болот,
Намазда сүнөт парз болот.

Жип карайткан мом болот,
Узакка тарткан зым болот.
Тузакка даба кыл болот,
Туурасын айтсам ыр болот.
Тууганга тууган касташса,
Туура көңүл кир болот.
Ынтымактуу эл болсо,
Тыркырабай бир болот.

Суу кургаса сай болот,
Бата тийген бай болот.
Ажал жетип пáндá өлсө,
Караңгы көргө жай болот.
Суусасаң ыстык чай ичсең,
Ар канча жесең ар[2] болот.
Нечен адам кан какшап,
Балага чукак зар болот.

Ак сокто деген от болот,
Кыз балдардын ойнору,
Тордоп бир койгон топ болот.
Кайраты бар кишинин,
Жүрөгүндө от болот.
Акылы жок жигиттин,
Āлáкéти жок болот.

---

[1] Пор — акиташ деген мааниде.
[2] áр — күч, ал.

Отузга жашың жеткенде,
Қызып турган тууганга,
Бир жылда эки айт болот.
Қызталак деп сүйлөсөң,
Қызыган көөнү кайт болот.
Былкылдатпайт кишини,
Бекемдешкен шарт болот.
Баасы жаман аялга,
Белгилүү жигит март болот.
Аялдын көркү чач болот,
Алиптей туура каш болот.
Арбыган капта жол болот,
Алыматтуу жигиттин,
Даражасы зор болот.

## БОЛБОЙТ

Желмогузда көрк болбойт,
Жасакерде эрк болбойт.
Жарганаттан бөрк болбойт,
Жакшынын сөзү серт болбойт.

Қара кийим ак болбойт,
Қароосу жок бак болбойт.
Қарыз буюм нак болбойт,
Қарамүртөз па́к[1] болбойт.

Қалысы жок топ болбойт,
Қар жалындап от болбойт.
Қарып адам ток болбойт,
Қара куурай от болбойт.

Жылуусу болбойт жыландын,
Жыргалы болбойт ыландын.
Жашылы болбойт туландын,
Жарыгы болбойт тумандын.

Жардамы болбойт өткөндүн,
Жалыны болбойт өчкөндүн.
Жугуму болбойт көпкөндүн,
Жологу болбойт көчкөндүн.

Даваны болбойт тегиздин,
Дарманы болбойт семиздин.
Даанасы болбойт көп издин,
Дүрмөтү болбойт өгүздүн.

---

[1] Па́к — таза.

Жалганчыда жан болбойт,
Жаткан ташта кан болбойт.
Жарты нокот нан болбойт,
Жалаң чымын мал болбойт.

Жалгыз тамчы көл болбойт,
Жамгырдуу төр чөл болбойт.
Жарды байга тең болбойт,
Жаандамда эл болбойт.

Жакшы киши тар болбойт,
Жок эч качан бар болбойт.
Жазайирде[1] кар болбойт.
Жалган зайып жар болбойт.

Токтоосу болбойт агымдын,
Топусу болбойт жалындын.
Топугу болбойт дарымдын,
Торкосу болбойт чарымдын.

Жылоосу болбойт жалгандын,
Жыргоосу болбойт жанжалдын.
Жемиши болбойт талдардын,
Жеңили болбойт армандын,

Жабыры болбойт жарыктын,
Жыйганы болбойт карыптын.
Жалганы болбойт аныктын,
Жазганы оңбойт тарыхтын.

Эмгектенген кор болбойт,
Эчки тоодой зор болбойт.
Эски шоона тор болбойт,
Эне сүтү шор болбойт.

Ак ойрондон сол болбойт,
Ажалдуу чөл жол болбойт.
Ача жыгач кол болбойт,
Арам оокат мол болбойт.

Дареги жок жер болбойт,
Дарагы жок чер болбойт.

---

1 Жазайир-Алжир.

Дүйүм жырткыч шер болбойт,
Дардакелер эр болбойт.

Залалы болбойт жакшынын,
Заманы болбойт бакшынын.
Зардаби болбойт тамчынын,
Замбары болбойт башчынын.

Өрнөгү болбойт бакылдын,
Өчпөсү болбойт жакындын.
Өнбөсү болбойт акылдын,
Өнөрү соолбойт акындын.

Баарыбыз бир күн өлөбүз,
Бейиттин төрүн көрөбүз.
Бирок да өлбөс ыр болуп
Баарда гүлдөй өнөбүз.

Болбойттун болбойт ыры ушул,
Болбойттун болбойт чыры ушул.
Болбойттон болбойт чыгарган
Барпынын ички сыры ушул.

## ТӨМӨН, ТӨМӨН, ТӨМӨН БАР

Төмөн, төмөн, төмөн бар,
Төмөн жакта нелер бар?
Төрөлүү коргон шаар бар,
Гүл ачылган ба́а́р[1] бар.
Гүлдөп турган шаар бар,
Түрлүү ширин таам бар.

Ат көтөргүс соору бар,
Өткөнгө такта жолу бар.
Мандай-теской отуруп,
Қарайкы малы болбосо,
Қамбагалдын шору бар.

Қамбагалда кайиш бар,
Қудай кылса ар иш бар.
Байлардын баккан кою бар,
Күндө үйүндө тою бар.

Боз адырда түлкү бар,
Дүйнөдө болот ар киши,

[1] Ба́а́р — эрте жаз.

Жүрөгүндө мүлкү бар.
Жүүнүн таап ырдаган,
Бизге окшогон ырчы бар.
Эл ичинде белгилүү,
Толубайдай сынчы бар.
Адамды кылган капилет,
Амма[1] көздө уйку бар.

Сыпайынын шабы бар,
Дозоктун ыстык табы бар.
Жаштыкта кылган табанын,
Акыры кийин набы[2] бар.
Кара сууда кундуз бар,
Асманда Чолпон жылдыз бар.
Ала-Тоодо жайлаган,
Оболтон бери кыргыз бар.

Аргымак атта така бар,
Армандуу эрде капа бар.
Менин айткан ырымдын,
Каеринде ката бар?
Мээнеттүү дартта жапа бар.

Жылкыдан чыккан, күлүк бар,
Эгиз-ки тоодо кийик бар.
Шаарда калың дарак бар,
Сыпайыда[3] жарак бар.
Ар кимде максат, талап бар,
Аркага барсам ыракми,
Кулпунуп жүргөн манап бар.
Учкан кушта канат бар,
Үлгүлүү ырда санат бар.
Ала-Тоо көчүп жайлаган,
Кыргызда эски адат бар.
Кызы бар үйдө жайылган,
Кызыл-тазыл манат бар.
Мүнүшкөрдүн кушу бар,
Ар урууда белгилүү,
Атагы чыккан киши бар.
Бирөө менен бирөөдүн,
Билбесе кандай иши бар.

Балык ойноп, сууда бар,
Атактуу баатыр чууда бар.
Аркар, кулжа зоодо бар,

---

[1] Аммá — бардык.
[2] Набы — залалы, зыяны.
[3] Сыпайы — желдет.

Ардактуу баатыр жоодо бар.
Тууганга каттап келген бар,
Тутушкан жооду терген бар.
Болжогон жерди бөлө аткан,
Кожожаштай мерген бар.
Сүт үстүндө каймак бар,
Бактылуу эрде арбак бар.
Ырыстуу эрде давлат бар,
Баары бир жол пандада,
Атыгып чыкчуу парзант бар.

Илимдүү эрде китап бар,
Сакыларда[1] инсап бар.
Эшектин туура чому бар,
Эгиздин кыя жолу бар.
Ээри жок ат минсең,
Көчүгүнүн жоору бар.
Таамга маза туз да бар,
Кыйматтуу сөздөр кызда бар,
Суукту бээри музда бар.
Майлуу өркөч лөктө бар,
Бэ́рэ́кэ́ — пайиз көптө бар,
Мал сактамак чөптө бар.
Эки тууган таарынса,
Бир-бириге өпкө бар.

Март адамда берим бар,
Уулдуу үйдө келин бар.
Төрт эмчектүү көмүштө,
Чоң чарадай желин бар.
Миңге кирсең Лукмандай,
Акыры башта өлүм бар.
Карагайда желим бар,
Кайнап турган кеним бар.
Ырдабай Барпы жүрөбү,
Тоо менен жолдо элим бар.

Жакшы адамда нуска бар,
Жакшынын габи журтта бар.
Бэрэка, пэйиз кутта бар,
Булгаары өтүк бутта бар.
Маанига кулак салыңар,
Маанига кулак салбаган,
Бир дөөпараз[2], баңги[3] бар.

---

[1] Сакыларда — кайырлуу адамдар.
[2] Дөөпараз — кем акыл.
[3] Баңги — зөөкүр, ээн баш, нашакор.

Таразада пасан[1] бар,
Жалган сөздө касам бар.
Жакшылар пайкап тургула,
Менин айткан сөзүмдө,
Кайсы жерде катам бар?
Азанды айткан Актам бар,
Жыгылганды баскан бар.
Учкунуга тоо көчкөн,
«Үрүстөмү дастан» бар.
Байка ырымда маани бар,
Ка́лла́[1] кесип, кан төккөн
Душманды көрсө, дык тарткан
Азирети Аали бар.
Ар кайсы сөздүн жайы бар,

Дүйнөдө нечен баатыр бар,
Дөөлөрдү жыккан талкалап,
Каарман менен катыл бар.
Шамалды минип ат кылган,
Девларди камап бант[3] кылган,
Тууру келген душманды,
Тутуп, кармап ташка урган,
Сулаймандай адыл бар.

Бурулбас чечен журтта бар,
Тоо са́вла́ти[4] гүлдө бар.
Тек тамдуу жигит үйдө бар,
Топтогон көндө бүргө бар.
Тополоң жүргөн уурунун,
Бутунда кишен күндө бар.

Кош өгүздүн пайы бар,
Колуң менен мал берсең,
Акыреттик жайы бар.
Буудайда көпөк саман бар,
Токойдо доңуз, каман бар.
Топ жыйында чыр кылган,
Тополоң сөздүү жаман бар.
Токойдо өскөн кырчын бар,
Тоолордо сонун ышкын бар.

Шаа̀рлуу жерде сарай бар,
Жайлоодо сонун Алай бар.
Алдында жакшы ат болбосо,

---

[1] Пасаң — тараза ташы, теңдегич кадак.
[2] Ка́лла́ — баш.
[3] Бант — байлаган.
[4] Са́вла́ти — көркү деген мааниде.

Азага жетиш далай бар.
Бай болдум деген манаптын,
Кызматында малай бар.
Мискарлардын[1] мизи бар,
Ар уруудун ичинде,
Атагы артык киши бар.

Өрдөк, чүрөк көлдө бар,
Өрүк, мөмө чөлдө бар,
Өлгөндүн бари көрдө бар.
Масала сөздө маани бар,
Тилегени азыр бар.
Өкүмдүү эрде амал бар,
Тоону учурган шамал бар,
Тополоң кылат көп жерде,
Токтому жок жаман бар.

Мышыкта уур мауу бар,
Адамзат тутса, үйрөнгөн,
Токойдо сонун маймыл бар.
Эшекти минип секирген,
Кызыл көтөн маймыл бар.

Кайраттуу эрдин күчү бар,
Желиндүү үйдун сүтү бар.
Катарлап өскөн терек бар,
Күсөгөндө керек бар.
Эгизги белде элет бар,
Эсинди алган мээнет бар.
Сагызган учуп сайда бар,
Саналуу жылкы байда бар.
Саналуу өмүр өткөндө,
Өлбөстүн жайы кайда бар?
Көгүчкөн учуп сайда бар,
Көк карга, соору жарда бар.
Көрүнөө өмүр түгөнсө,
Көмүлбөс киши кайда бар?
Ага тууган бааридан,
Бөлүнбөс киши кайда бар?
Дүйнөдө киши бир толот,
Төгүлбөс киши кайда бар?

Балалуу үйдө пайиз бар,
Уулду үйдө урмат бар,
Келиндүү үйдө кызмат бар.
Карылуу үйдө каада бар,
Кемпирлүү үйдө кеңеш бар.

---

[1] Мискар — зергер, мис калайчы.

Балалуу үйдө халва бар,
Тоолордо бышкан алма бар.
Бары бар жерде анар бар,
Бактысы бар кишиге,
Теңелишке далай бар.

Шалылуу жерде күрүч бар,
Шаарда жакшы жүрүш бар.
Зергерлик кылган устанын,
Сандыгында күмүш бар.
Аялдуу эрдин малы бар,
Айтканымдын баары бар,
Тоолордо алтын кани бар.
Бөксөдөп кайткан бөрү бар,
Бөлөкчө сөздүн жөнү бар,
Даваан эгиз өрү бар.
Кайнаган сайда булак бар,
Караңгы үйдө чырак бар.
Кайрып, кайрып ырдасам,
Уга турган кулак бар.

Жакшыга жакшы жолдош бар,
Жатар жерди болжош бар.
Күн көрүнбөс токойдо,
Кабылан менен жолборс бар.
Кара кулак шерлер бар,
Кайраттуу баатыр эрлер бар.
Кыдырса киши көрөсүң,
Ар бир сонун жерлер бар.
Бозолуу жерде гáргáр[1] бар,
Усталуу элде зáргáр[2] бар.

Шаарлуу жерде азан бар,
Кабырлуу жерде мазар бар.
Молдолор айтып жат кылган,
Маширап айткан казал бар.
Кутулбайсың качкандан,
Адамга каттык ажал бар.

Эгиз товдо курбу[3] бар,
Эпкиндүү эрдин пурду бар.
Кара сууда кеме бар,
Балдарыга мээрбан,
Ата менен эне бар.
Жете турган жолуга

---

[1] Гáргáр — бозо сатуучу.
[2] Зáргáр — зергер.
[3] Курбу — калдайган таштын далдаасы.

Болжол менен чеме бар.
Аркада тунук туздар бар,
Ата-энеси жарашкан
Адептүү, сулуу кыздар бар.
Ак алтын чыккан завут бар,
Усталарга пир болгон,
Мурунку өткөн Давут бар.
Бергенин бекем доолаган,
Дүнүйө параз жавут бар.

Қалаган отто жалын бар,
Башкага ыраа көрбөгөн,
Дүнүя параз Қарынбай.
Өлүм келсе жакындап,
Қачышка кандай алың бар?

Аккан суудун жары бар,
Ак шумкар кушту учурган,
Чыбыр ала пáри[1] бар.
Тегирмендин кáрди бар,
Саргайгандын дáрди бар.

Қуш түшүргөн каза бар,
Элимде нечен таза бар.
Малды берсең, кызга бер
Орозгерде маза бар.

Адырдуу жерде туман бар,
Айылдуу жерде жубан бар.
Атыр жыттуу жубанга,
Арманда жүргөн улан бар.
Ала-Тоо оттойт, улар бар,
Баатырларда курал бар.
Жыгачта тунук чынар бар,
Шаарда эгиз мунар бар.
Қыздарда толук динар[2] бар.
Көл четинде кумай бар,
Көрүнөө сөздө ыңай бар.
Көгөрүп өскөн буудай бар,
Көпчүлүк элде шундай бар.
Қалтардын таза жүнү бар,
Жолборстун заар үнү бар.
Жыландын учтуу тили бар,
Муну билбей турган кими бар?
Қыш чилдеде каар бар,

[1] Пáри — куштун жүнү.
[2] Динар — ажар, сулуулук.

Ажыдаар жыланда,
Адамга чаччуу заар бар.
Тиригликтин жыргалы,
Түрлүү ширин даам бар.

## ДҮРГӨ ЖЕТМЕК КАЙДАДЫР

Дүрдөй буюм кайдадур?
Дүнүйөсүн та́рх[1] кылбай,
Адамдын өзүн парк[2] кылбай,
Дүргө жетмек кайдадур?
Жаштыкта кылсаң кызматты
Түбү заат пайдадур.
Ажал жетип өлгөндө
Эшилген турпак жайдадур.

Түн жарыгы айдадур,
Түн кызматын кылбасаң,
Раат көрүү кайдадыр.
Илбесин ойноп сайдадыр,
Көк карга совур жардадыр.
Көбүнчө пайда көрсөткөн,
Жаштыкта кылган тообадыр.
Арпа, буудай боодадыр,
Эчки, теке зовдадыр.
Элден чыккан баатырлар
Эч кенебей жоодадыр.

Өскөн терек майдандыр,
Өлгөнду тапмак кайдандыр.
Изат кылсаң кишиге
Өзүңдүн түбү пайдандыр.
Касиеттүү эр жигит
Калкыга ар вак[3] жардамдыр.
Давлатман киши бардамдыр,
Акылсыз жигит дардандыр.
Жамандын паркы арзандыр,
Бозонун көркү га́рга́рдыр[4].
Шурунун көркү маржандыр,
Күмүштүн көркү за́рга́рдир[5].
Дүнүйөсү көп болсо,
Ар буюмга кардардыр.

---

[1] Та́рх — кечүү, дүйнөсүнөн кечип салуу.
[2] Парк — барк, барктабай деген мааниде.
[3] Ар вак — ар убакта.
[4] Га́рга́р — бозо сатуучу.
[5] За́рга́р — зергер.

Жол үстүндө ойногон
Эс кире элек балдардыр.

Казактын эли малдардыр,
Түлкүдө таза калтардыр.
Дүйнөдө ар кыл жандардир,
Тубуштуу жигит сардардир[1].
Боло турган жигиттин
Сүйлөгөн сөзү абдандир,
Чечендин бари габдандир[2].

Кыздардын көркү мончоктур,
Сыйырдын көркү торпоктур.
Жүрөксүз жигит коркоктур,
Эби жок жигит чоркоктур.
Сулуунун көркү сурмадыр,
Сыпайы жигит туурадыр.
Тууранын жолдон чыгарыш
Арасы ачык кыйладыр.
Төөнүн көркү буйладыр,
Адамдын көркү илладир.[3]

Жүктүн көркү килемдир,
Төкмөкү көркү шилендир.
Ынтымактуу эл болсоң,
Кызматка тайар бүлөндүр.
Тооктун көркү гүлангир[4]
Айылдын көркү уландыр.
Уландарды күйгүзгөн
Узун чачтуу жубандыр.
Өткөн ырым накылдыр,
Айылдын көркү чатырдыр.
Азбай жооду качырган,
Атагы чыккан баатырдыр.
Адаштырган кишини
Азовзид шайтан бакылдыр.
Тизип туруп ырдаган
Көмөкөй эзген акундур.
Көмөкөйдө сүйлөткөн
Сөөксүз кызыл тилиндир.
Көпкө пайда жеткизген
Көлдөн терең илимдир.
Душманга туура ат койгон
Бир тубушкан ининдир.

---

[1] Сардар — башчы.
[2] Габдан — сөзөмөл.
[3] Илла́дир — амал, айла, ыкма.
[4] Гүла́нгир — бекер койкондоп басып жүрүү.

Калкка чечен көрсөткөн,
Акыл менен билимдир.
Ар кайда жүрсөң келтирет,
Орозгер кызык үйүңдүр.

Деңиздин көркү кемедир,
Балдар үчүн мээрибан
Ата менен энедир.
Атаң мапа, энең нур,
Кылса кызмат жетпейдир,
Кызматы жеткен жигиттен
Барака-пайиз кетпейдир.
Эне кызык мээрубан
Балдарым деп эстейдир.
Эмгекке жазган бул ырдур,
Бээнин көркү кулундур.
Бактын көркү чарбактыр,
Сүттүн көркү каймактыр,
Ингендин көркү тайлактыр.

Гүлдүн көркү булбулдур,
Куштун көркү туйгундур.
Чычканга кууп жетпеген
Кулаалы көпак кургурдур.
Жылкынын көркү дулдулдур,
Токойдун көркү жылгындыр.
Жыгачта каттык пистадыр,
Ырдаган ырым нускадыр.
Атагым калса журткадыр,
Миң жашаган арчадыр,
Ырымды уккан канчадыр.

Көп жашаган кузгундур,
Жол этеги узундур.
Көңүлдө иши бүтпөсө,
Көсөм баатыр кыжылдыр.[1]
Жыгачта тунук чынардыр,
Кыз бой жетсе дынардыр[2],
Куш учкулу тынардыр.
Тынарды таптап көтөрүп
Мүлүшкөрлөр кумардыр.

Дубалдын көркү түркүктүр
Куштун чоңу бүркүттүр.
Карышкыр келсе жемекке
Капталда койлор үркүптүр.

---

[1] Кыжыл — кыжалат, капа.
[2] Дынар — көрк, сулуулук.

Лаачин тепсе турнаны
Галдайып жерге түшүптүр.
Ыкыбалдуу жигитке
Бакты-таалай бүтүптүр.

Асмандын көркү жылдыздыр,
Ичиктин көркү кундуздур.
Ала-Тоо барып токтогон
Биздин эл өскөн кыргыздыр.
Тоодо оттогон эликтир,
Ынтымактуу эл болсо,
Бактуу таалай келиптир.
Саратанда күн ысык
Тоолордун тузу эриптир,
Көбөйүп чөлгө келиптир.
Көп ыраат пайданы
Жараткан бизге бериптир.
Жан-жанибар пáрáндá
Жайилип учуп келиптир.
Жаңылык келгин келди деп
Жалпы журтум көрүптүр.
Жетимиш пурка[1] милдетти
Тайпа-тайпа бөлүптүр.
Жаңгалда өскөн жолборстур,
Жаралуу жакшы жигитке
Жакшы адамдар жолдоштур.

Белиндин көркү чарчыдыр,
Белгилүү элге билинген
Шарт жигиттин даңкыдыр.
Сүйлөсөң гопол айыптыр,
Турмуштун көркү зайыптыр.
Жем жебесе тулпар ат
Жете албай жолдо калыптыр.
Жокчулук кыйын кишиге,
Ар балаага салыптыр.
Акылы жеткен кишиге
Айткан сөзүм тарыктыр.
Касташса душман кишиге,
Азгырып кайгы салыптыр.
Айтып турам термемди,
Акундугум аныктыр.
Суу тагида ойногон,
Жандардин чоңу балыктыр.
Жерден чыгып көгөргөн

[1] Пурка — түрдүү.

Суу тийген сайын көбөйгөн,
Гийанын чоңу камыштыр.
Кызыл өңдү саргарткан
Капалык менен ка́йиштир.

Өрдөктүн жайи көлдөдүр,
Өлгөндөр баари көрдөдүр.
Ба́ра́ка́-па́йиз, касиет
Азим шаар чөлдөдүр.
От тазасы тоодадыр,
Аркар, кулжа зоодадыр.
А́за́лда́ бейбаш жигиттин
Аркасында говгадыр.
Күйгүзгөн ыстык кумдадыр,
Куушуп суксур суудадыр.
Курушту баатыр чуудадыр.
Эки кошун беттешсе,
Белгиси тиккен туудадыр.
Көз мээри пулдадыр,
Көрүнөө акын ырдадыр.
Көркөм жигит мурзадыр,
Көп ба́ра́ка́ ундадыр.
Жер тербеген гол келсе,
Жетишкен баатыр шундадыр.

Кулпунган таза манаттыр,
Кушту учурган канаттыр.
Артта калса жолдошуң,
Келгиче тиктеп карап тур.
Азыркысын көздөбөй,
Түпкүлүгүн санап тур.
Бүтөөр ишиң самап тур,
Учар болсоң бир жакка
Канатыңды тарап тур.
Душманды тепсең майда кыл,
Өз элиңе пайда кыл.
Мыйманың келсе тескеп тур,
Тууганыңды эстеп тур.
Толкуган деңиз сайдадыр,
Топтогон жылкы байдадыр,
Күн жарыгы айдадыр.

Абанын нуру күндөдүр,
Бар кубаты гүлдөдүр.
Ай менен күндүн кубаты,
Ажырашпай биргедир.
Жол адашкан түндөдүр
Уруку жайы гүндөдүр.

Урматы бар кишиге
Улуктар жолдош биргедир.
Отуз эки таамдин
Шириндиги туздадыр.
Таанымбаган жат элдин
Таанышт ыгы кыздадыр.
Өткөн омур ылдамдыр,
Куш белгиси мизамдир.
Кудалашсаң жат элге
Катташмагы шундандыр.

Кыш белгиси үркөрдүр,
Пил саблаттуу үлкөндүр.
От макани таштандыр,
Омур көрмөк жаштандыр.
Айтылган ырым аккандыр,
Азамат жигит маккамдыр[1].
Алгыр жолборс арстандыр,
Учкунуна тоо көчкөн
«Урустами дастандыр».
Жиндилик жүрмөк мастандыр.

Бөксөлөп жүргөн бөрүдүр,
Бөлүп жооду качырган
Эр жигиттин өрүдүр.
Эч душмандан сезбеген
Ынтымак элдин өмүдүр.
Ар ишти бүтөйт максатта
Кыялдуу эрдин көөнүдүр.
Адашпай жолдо түз кеткен
Айдама жакшы жоргодур.
Андып душман тооруса,
Кайраттуу баатыр шондодур.
Душманың качып кеталбайт,
Качырсак биздин колдодур.

Талпынган учкул шумкардыр,
Талыбай кеткен тулпардыр.
Таамай келсе көп душман
Жүрөктүү баатыр бар тандар,
Ырыстуу жигит султандыр.
Ырысы жок жигиттин
Таалайы таштай каткандыр,
Талпынып жоодон качкандыр.
Тартынбас баатыр азамат
Көпчүлүккө жаккандыр.

---

[1] Маккам — бек, бекем.

Жакын келген тууганды
Көп асырап баккандыр.
Көрүнөө баатыр эр жигит
Душманга темир капкандыр.
Бир пул үчүн көп киши
Жалганга жанин саткандыр.
Көбүнчө жалган сүйлөбө
Ба́ра́ка́-пайиз качкандыр,
Карысаң омур кайткандыр.
Напси жаман казынын
Жегени күндө парадыр.
Пара жеген марттарди
Мардамдардан эшиттим
Элге жүзү карадыр.
Напсинди тыйбай жегенин
Өз башыңа балаадир.
Неченди колго түшүргөн
Куру доомат жалаадир.

Калк эскиси карыдыр,
Карынын сөзү дарыдыр.
Калкым ырдап турганым,
Угушуңа маанидир.
Кадыры бар кишинин
Калкыга берген чайидир.
Калы килем салдырган,
Кашкардан уста алдырган,
Кош имарат жайидир.
Конушу консо ар киши
Көрүнөө тийген габидир.
Дасторкон салсаң ба́ра́ка́т,
Мейманга кылсаң а́ла́ка́т[1],
Пайданын көбү шундадыр —
Балдарың өсүп мурзадыр.

Аргымак күлүк үзүктүр,
Алтындан ша́ка́к[2] жүзүктүр.
Бул орозгер ар кимге
Дүнүйөдө кызыктыр.
Каршы кылган көп элди
Кара көңүл бузуктур,
Калктын баарин бузуптур.
Туура жүргөн түзүктүр,
Ынтымак элди көргөндөр
Бою чалкып кызыптыр.

---

[1] Ала́ка́т — аракет.
[2] Ша́ка́к — шакек.

Кагазга тарткан каламдыр,
Адаптин[1] чоңу саламдыр,
Бузуктун пейли жамандыр,
Баатыр болчу эр жигит
Көпкө болот камандир.
Дыйканга жолдош жамалдыр,
Эл бузугу жамандыр.
Бел савлати ка́ма́рдир,
Кыш кеткенде — а́ма́лдир.

Суу кирсе толуп сайдадыр,
Сур кашка жылкы байдадыр.
Сыпаалык менен так жүрсөң,
Өз жаныңа пайдадыр.
Атуулу жигит а́бда́ндир,
Акмактын иши жаңжалдыр.
Ат арыса ма́ңга́лдир.
Кой савлати козудур,
Алыстан көрсөң белгилүү
Аргымак аттын бозудур.
Эчкиге савлат улактыр,
Эшиткен сөздү кулактыр.
Кызыл тилди сүйлөткөн
Жарашкан жаак, илаптир[2].
Муназалуу эр жигит
Айткан сөзгө ынаптыр.
Алыстан атса ок менен,
Азамат баатыр кулаптыр.
Жан кеткенде та́на́да́н[3]
Алгысыз жерге сулаптыр.

Күүлөнгөн шамал желдедир,
Кут барака элдедир.
Куп келтирип ырдасам
Түрдүү сөздөр мендедир.
Кекилик сайрап таштадыр,
Барака-пайиз баштадыр.
Атадан болсо алты уул
Ырыскысы башкадыр.
Кош ка́литтүү сандыктыр
Корчулук тарткан карлыктыр.
Кубанткан көңүл бардыктыр,
Куп куйгузгөн зарлыктыр.
Жер бетинин баариси
Жараткандын мүлкүдүр.

---

[1] Адаптин — адептин.
[2] Илап — эрин.
[3] Та́на́ — дене.

Жарым эстүү жигиттин
Аркасыдан күлкүдүр.
Боло турган эр жигит
Бала экенден зиректир.
Шого окшогон жигитти
Эл тилегин тилептир.
Атагың чыкмак аштандыр,
Аганыга[1] жаккандыр.
Арыгы келсе баккандыр,
Адамдын дардин тапкандыр.
Тили ширин жигиттин
Айткан сөзү áсáлдир[2].
Түрү бузук жалкоолор
Жалганыдан кáсáлдир.
Азамат болчу жигитке
Миң тилде карыз пасандыр[3].
Арам көңүл жигиттин
Айткан сөзү касамдыр.
Қасам ичип кутулса,
Өз оюнда асандыр.
Ого окшогон азамат
Омурундо тойбоптур,
Бирөө экөө болбоптур.

## ТЕСКЕЙДЕН ШАМАЛ ТЕРБЕНБЕЙ

Тескейден шамал тербенбей,
Кыбладан шамал кырланбай,
Добул болбой чаң кайда?
Эгиз болбой түз кайда,
Чөп куурабай күз кайда,
Эсепке жетпей жүз кайда?
Эрем келбей жигиттер,
Айдап-айдап мал бербей,
Айры өркөчтүү нар бербей;
Сүрүп-сүрүп мал бербей,
Сүйрү өркөчтүү нар бербей;
Ал карачач, моюну узун,
Қáптáр моюн, бутар бел,
Қызыл чырай, кыйгач каш,
Орто бойлуу, өлөң чач,
Қырмызы көйнөк кыз кайда?
Агарып чыкпай ай кайда,

---

[1] Аганыга — алганына.
[2] Асáл — бал.
[3] Пасандыр — туура болот.

Чарбадар болбой бай кайда?
Ордодо болсо жайларың,
Ойносо кулан-тайларың,
Дүйнөдө калбайт арманың.
Ак шумкар болсо салганың,
Адептүү болсо алганың,
Дүйнөдө болбойт арманың.
Көк шумкар болсо салганың,
Көңүлчөк болсо алганың,
Дүйнөдө калбайт арманың.
Ымдуу болсо айылың,
Меймандос болсо зайыбың,
Дүйнөдө калбайт арманың.
Тулпар болсо мингениң,
Дубулга[1] болсо кийгениң,
Туу көтөрүп жүргөнүң,
Дүйнөдө калбайт арманың.
Жорголор болсо мингениң,
Жолборстой жандап жүргөнүң,
Дүйнөдө болбойт арманың.
Коргон урсаң арк[2] болот,
Дарбаза курсаң берк болот,
Дарбазалуу, коргондуу,
Алда канча накшы[3] бар,
Журт толгон элде жакшы бар.
Назари тийген бай болот,
Журт каалаган бий болот.
Көңүлгө жатык гáп[4] урсаң,
Көкүрөккө чий болот.
Карыса сакал куу болот,
Кан белгиси туу болот.
Сулуудун бети ак болот,
Султандын жайы так болот.
Балалуу өрдөк талпынса,
Балалары чубурат.
Баласыз өрдөк талпынса,
Жез канаты куу болот.
Балалуу катын эр урса,
Балдары ыйлап чуркурайт.
Баласыз катын эр урса,
Бадан бою зыркырайт.
Эки жакшы бириксе,
Бир-биринен сыр сурайт.

---

[1] Дубулга — туулга. Акындын өз оозунан жазылып алынган материалда ушундай берилген.
[2] Арк — сепил, хандыктын тосулган коргону.
[3] Накшы — сайма-чийме, кооздук.
[4] Гáп — кеп-сөз.

Эки жаман бириксе,
Айыбын таап чукулайт.
Колунда давлат болбосо,
Бирөөдөн-бирөө пул сурайт.
Жокчулук тарткан мукурайт,
Кеч кирсе ток чукулдайт.
Кекилик жазда тукумдайт,
Оорубу күчтүү жараат,
Ириңи агып лукулдайт.
Күлкүсү туткан жаш балдар,
Каткырышып бакылдайт.
Темирди соккон устанын,
Балкасы катык чакылдайт.
Айланып учкан шумкардын,
Канатын ирмеп зырылдайт.
Күрмөлдү минсең тулпардай,
Төрт аягы тырылдайт.
Тишиң каттык ооруса,
Тамыры бошоп былкылдайт.
Жаман болсо коңушуң,
Сурасаң буюм кыңкылдайт.
Таш төгүлгөн жол болсо,
Басканда бутуң тарсылдайт.
Болоттон соккон кылычты,
Суурсаң күнгө жаркылдайт.
Коркунуч түшсө кишиге,
Бууну бошоп калчылдайт,
Ушакчылар элде көп,
Айылды сүйлөп тамтандайт.
Баткакты кечсең балылдайт,
Өскөндө камыш ыргалат,
Баатырдан баатыр ылганат.
Кайраттуу жигит чыңдалат.
Туугандан жаман гап укса,
Көңүлү болот кыжалат.
Мурунтан калган мазарга,
Көпчүлүк кылат изаарат,
Өскөндө терек узарат,
Уялса киши кызарат.
Көз карыса тунарат,
Көп ыйлаган муңаят.
Алалдан тапкан малыңды,
Жолдо жүрсө ким алат.
Жакшы атанын баласы,
Жумшап койсоң тил алат.
Жакшы чыкса элинден,
Кеткендер келип куралат.

Кишиде давлат бар болсо,
Эки бети нур алат.

## МӨМӨЛҮҮ ДАРАК КӨГӨРТСӨҢ

Кокондун үстү Пайзи-Абад,
Коону болот көк набат.
Атан төөнү иштетип
Азамат эрлер мал табат.
Калган көңүл, чыккан жан
Издеген менен ким табат?
Оруну жок сөз айтсаң,
Туугандын көөнү кир табат.
Мусапырга жай берген
Бузулбасын ыраабат.
Жаанди[1] кезип, кыдырып
Жүргөнүмдү эстесем,
Жүрөккө кайгы жаралат.
Бүтө турган ишиңе
Мурдатан кылган а́ра́ка́т[2].
Мурдатан ишке урунбай,
Акыры болбо арасат.
Адебинди бек сактап
Кылсаң болот парасат.
Мөмөлүү дарак көгөртсөң,
Көчөтүн тигип көбөйтсөң,
Кошулат пайиз — баракат.
Мөмөсү бышып жетилсе,
Өткөндөрдүн баары жейт,
Өксүгөнгө дары дейт.
Мөмөлүү жердин баары бак,
Армандуу элдин баары дак.
Жакшы чыкса элинден
Жалпы журттун көөнү чак.
Болжогон жерге жеткирген
Аргымак, күлүк, буудан ат.
Сүйлөштүрөт кишини
Ак кагазга жазган кат.
Айып өтсө өзүңдөн
Аракет кылгын, оңдо бат.
Жаман адам элге кас,
Акылсыз жигит жолдо мас.
Акылсызга ар качан
Айткандарың баары аз.

---

[1] Жаанди — дүйнөнү.
[2] Ара́ка́т — аракет.

Ариеттүү эр жигит
Ар качан болот элге баш.

## БИР ООЗ КЕҢЕШ

Казыгы болот чатырдын,
Калканы болот баатырдын.
Жагымы болбойт кишиге
Жанкечти айткан акылдын.

Оюну болот кызыктын,
Оңолбойт пейли бузуктун.
Кайыры болбойт каттыктын,
Кадырсыз сөзү тантыктын.

Касиети жок болот
Пулга ойногон кумардын.
Орозгерге кунту жок
Ойсондогон жубандын.

Энеси болот баланын,
Эгеси болот калаанын.
Элдин кардын тойгузган
Эгини болот талаанын.

Үнү сонун торгойдун,
Гүлү сонун гунчанын.
Ыраңында кан болбойт
Адам соер кумсаңын.

Дарманы болбойт печелдин,
Дарыдай сөзү чечендин.
Элден алдап алмакта
Эси-дарты эшендин.

Сайрашы сонун булбулдун,
Сонун го жүнү кундуздун.
Таасири дилди сергитет
Таңкы чолпон жылдыздын.

Пайдасы терең илимдин,
Паркы бар, билсең билимдин.
Каршы душман кол салса,
Калканчы болгун элиңдин.

Ойлоп-ойлоп олтурсам,
Олуттуу иши олуттун.

Айтканынан кайтпаган,
Адаты сонун орустун.

## ЖАКШЫ ЭКЕН

Оң колуңдун сэвлэти,
Ак тасма өргөн камчы экен.
Ач белимдин сэвлэти,
Келтирип тиккен чарчы экен.
Келтирип тиккен чарчыны,
Байланган жигит жакшы экен.
Ак бөкөндөй көп койду,
Айдаган жигит жакшы экен.
Ак тасмадан камчыны,
Алган жигит жакшы экен.
Ондоп жолго өзүнү,
Салган жигит жакшы экен.
Кең ордого керилип,
Барган жигит жакшы экен.
Ариет[1] менен намысты,
Алган жигит жакшы экен.
Жоого каршы бет алып,
Барган жигит жакшы экен.
Каптал толук кара мал,
Сүргөн жигит жакшы экен.
Кабырашып калкында
Жүргөн жигит жакшы экен.
Ачуубу жок кашкайып,
Күлгөн жигит жакшы экен.
Жаман менен жакшыны
Ажыратып паркыны,
Билген жигит жакшы экен.
Пикир менен сөз чечип,
Жүргөн жигит жакшы экен.
Канаттуу кушту пөпөлөп,
Салган жигит жакшы экен.
Көл айланып кыдырып,
Барган жигит жакшы экен.
Көпчүлүктүн намысын,
Алган жигит жакшы экен.
Кичигиден таранып,
Толгон жигит жакшы экен.
Уруулу элдин чекеси,
Болгон жигит жакшы экен.
Жайытын таап, жайлоого,

---

[1] Ариет — ар-намыс.

Конгон жигит жакшы экен.
Түп атасы кар болбой,
Тойгон жигит жакшы экен.
Мейман келсе бирден кой,
Сойгон жигит жакшы экен.
Калың элдин туткасы,
Болгон жигит жакшы экен.
Пейил-куйун кең салган,
Дениз жигит жакшы экен.
Ыкыбалы жогору,
Эгиз жигит жакшы экен.
Минген атын арытпай,
Семиз жигит жакшы экен.
Ак калпактуу кыргызда
Асыл жигит жакшы экен.
Айтканынан кайтпаган,
Макул жигит жакшы экен.
Термелбей элде тек турган,
Акыл жигит жакшы экен.
Таза кийим кийинген,
Сәтәң[1] жигит жакшы экен.
Тайгылбаган сөзүдөн,
Мэкэм[2] жигит жакшы экен.
Таамайы элге сүйүндүү
Чечен жигит жакшы экен.
Жаш экенде бир атка
Конгон жигит жакшы экен.
Калың элдин калкасы
Болгон жигит жакшы экен.
Курбандыкка кой кармап,
Сойгон жигит жакшы экен.
Душман сезип жолобос,
Сүрдүү жигит жакшы экен.
Канымга сөзүн алдырбай,
Тилдүү жигит жакшы экен.
Кабар келсе бир жерден,
Жеткен жигит жакшы экен.
Кадыры элге бөлөкчө
Өткөн жигит жакшы экен.
Кыя кылыч байланып,
Таккан жигит жакшы экен.
Кылымга сөзү мэзэлүү[3],
Жаккан жигит жакшы экен.
Адамга катык тийбеген,

---

[1] Сәтәң — короздонуп кийинген.
[2] Мәкәм — бекем.
[3] Мэзелүү — маанилүү, жагымдуу.

Мэйин[1] жигит жакшы экен.
Көпчүлүктү күлдүргөн,
Шайир жигит жакшы экен.
Жүрөгүнө бир сөздү,
Кадек кылган жакшы экен.
Ашыкпастан, ар кимди
Адеп кылган жакшы экен.
Колуң менен бергениң,
А́зир болгон жакшы экен.
Көпчүлүккө кызматың,
Ба́зир болгон жакшы экен.
Күсөгөн жерге азыр деп,
Азыр болгон жакшы экен.
Теңтуш таап жанашып,
Жолдо жүргөн жакшы экен.
Башыңдан өткөн түрлүү иш,
Ойдо жүргөн жакшы экен.
Мусурмандын сүннөтүн,
Бекем туткан жакшы экен,
Элге пайда көп ишти,
Нечен туткан жакшы экен.
Атасы бөлөк душманды,
Тууган кылган жакшы экен.
Алыстан келген конокту
Мейман кылган жакшы экен.
Өздү, жатты дебестен,
Тууган кылган жакшы экен.
Ариетке астейдил,
Бел байлаган жакшы экен.
Көпчүлүк келсе, суроолоп,
Жер жайлаган жакшы экен.
Бир тууганга, бир тууган,
Шер байлаган жакшы экен.
Куш жетпеген Ала-Тоо,
Эл жайлаган жакшы экен.
Агайниден бөлүнбөй,
Тең жайлаган жакшы экен.
Колуңдан келсе беш намаз,
Окуп жүргөн жакшы экен.
Элинде болсо жаманың,
Эрдемсинип оолукпай,
Коркуп жүргөн жакшы экен.
Атты жайдак койбостон,
Токуп койгон жакшы экен.
Айылыңды топ кылып,
Эрмек болгон жакшы экен.

---

[1] Майин — сылык.

Көп уйкуга кызыкпай
Сергек болгон жакшы экен.
Тели-теңтуш балдарга
Сыр чечишкен жакшы экен.
Көкүрөккө сактабай,
Бир чечишкен жакшы экен.
Айыл, үйдүн баригэ,
Белен болгон жакшы экен.
Акылыңды токтотуп,
Кенен болгон жакшы экен.
Копол калпты сүйлөбөй,
Пáрдá[1] кылган жакшы экен.
Залал эмес, ар кимге,
Пайда кылган жакшы экен.
Жарды келсе жэнынэ,
Жардам кылган жакшы экен.
Жалгыз келсе сүрөөлөп,
Пардам[2] кылган жакшы экен.
Мусапырдын көңүлүн
Улап турган жакшы экен.
Кемчилигиң кайсы деп,
Сурап турган жакшы экен.
Канат болчу тууганды,
Калкалаган жакшы экен.
Кара көңүл душманды,
Талкалаган жакшы экен.
Колхоз, совхоз уюмун,
Баалап турган жакшы экен.
Бардык кызмат көп ишти,
Каалап турган жакшы экен.
Элге жагып кыялы,
Эркин жүргөн жакшы экен.
Эл эркилүү жолуга,
Эрте кирген жакшы экен.
Боло турган иштерди,
Эрте билген жакшы экен.
Көп эм жеңил болбостон,
Көңүл бөлгөн жакшы экен.
Коргошундан салмактуу,
Оор болгон жакшы экен.
Эже-сиңдиң бар болсо,
Каттап жүргөн жакшы экен.
Ачууну жутуп ичине,
Сактап жүргөн жакшы экен.
Алыс жакын көргөндө,

---

[1] Пáрдá — сабырдуулук, токтоолук деген мааниде.
[2] Пардам — көмөк көрсөтүү деген мааниде.

Атасыга бардым деп,
Мактап жүргөн жакшы экен.
Мамиледен чыкпасын,
Каттап жүргөн жакшы экен.
Көңүлдөгү сөзүңдү,
Пикир кылган жакшы экен.
Тирилигиң канимет,
Шүгүр кылган жакшы экен.
Боло турган ишиңди,
Замдап жүргөн жакшы экен.
Тапканыңды мейманга,
Камдап жүргөн жакшы экен.
Залал менен пайданы,
Аңдап жүргөн жакшы экен.
Ынтымактуу сөз болсо,
Кирип жүргөн жакшы экен.
Изиңди байкап жолуңду,
Билип жүргөн жакшы экен.
Көпөрүктүү ат минбей,
Жөө өткөн жакшы экен.
Бардык элдин сөзүнө,
Сүйлөп өткөн жакшы экен.
Келиниңди какпастан,
Балам деген жакшы экен.
Өзүңдөн улуу кишиге,
Салам берген жакшы экен.

Барып калсаң бир жерге,
Жооп алган жакшы экен.
Асэ́м[1] берип колуңдан,
Соoп алган жакшы экен.
Тууганың кетсе тыркырап,
Жыйып турган жакшы экен.
Жаманыңды үгүттөп,
Тыйып турган жакшы экен.
Кымыз ичсең «үү»-лөбөй,
Жутуп турган жакшы экен.
Кыргыздын эски салтыны,
Тутуп (турган)[2] жакшы экен.
Ат мүргүсө алдында,
Какпай турган жакшы экен.
Ачууланып башына,
Чаппай жүргөн жакшы экен.

Баланы жаман үйрөтпөй,
Баштап жүргөн жакшы экен.

---

[1] Асам — кайыр.
[2] Кол жазмада көп чекит коюлган.

Канатына тууганды,
Сактап жүргөн жакшы экен.

## ТУРБАЙБЫ

Аргымактын баласы
Буудан болот турбайбы.
Атасы бөлөк жат элден
Ариетти талашкан,
Тууган болот турбайбы.
Эри бар үйгө көп турган
Мейман болот турбайбы,
Баатыр жигит эл үчүн,
Курман болот турбайбы.

Адаштырган кишини
Туман болот турбайбы.
Айткан кептин болжолу,
Шунан болот турбайбы.
Кыз отобдон чыкканда
Жубан болот турбайбы.
Турмуш жайы кызымак
Шунан болот турбайбы.

Короодо малды уурдатсаң,
Күмөн болот турбайбы.
Буудай чачсаң береке
Кырман болот турбайбы.
Ак сенкеден ун тартып,
Шырман болот турбайбы.

Кыдырып баскан кайберен
Кырда болот турбайбы.
Кырдалуу элдин баласы
Мырза болот турбайбы.
Кызык сөздүн түйүнү
Ырда болот турбайбы.
Күн эсеби белгилүү
Жылда болот турбайбы.
Баатыр болчу эр жигит
Сында болот турбайбы.
Саратандын ыстыгы
Кумда болот турбайбы.
Берекенин баарысы
Унда болот турбайбы.

Кыз чыгарсаң үйүндөн
Келин болот турбайбы.

Гөмүш[1] сыйыр сэвлэти[2]
Желин болот турбайбы.
Мээнет менен иштесең
Өнүм болот турбайбы.
Кыйла адамды күйгүзгөн
Өлүм болот турбайбы.
Эсеп менен ар санат
Бөлүм болот турбайбы.
Ар кишиде ар бөлөк
Өңүң болот турбайбы.

Жаштыгында көргөнүң
Довур[3] болот турбайбы.
Бирөө эрте, бирөө кеч
Омур болот турбайбы.
Бозо ичкен жерде бакырып,
Кобур болот турбайбы.
Токмок жалдуу тобура
Чобур болот турбайбы.
Эки чейрек жүк койсоң,
Атан эмес майыган
Обур болот турбайбы

Баатыр кийип сынданган
Соот болот турбайбы.
Таза кийим бөз чепкен
Моот[4] болот турбайбы.
Булактын суун байласа,—
Ноот[5] болот турбайбы.
Көрмөн үчүн ар киши
Зоок болот турбайбы.
Бирөөгө кылсаң жакшылык
Сооп болот турбайбы.
Салам айтсаң, алиги —
Жооп болот турбайбы.
Кылсаң кайыр кол менен,
Сооп болот турбайбы.

Эки чапан тең кийсең
Кабат болот турбайбы,
Эл бар жердин шаары
Абад болот турбайбы.
Бал уютуп катырсаң
Нават болот турбайбы.

---

[1] Гөмүш — сүттүү уй.
[2] Сэ́влэ́т — сөө́лөт.
[3] Довур — доор.
[4] Моот — нооту.
[5] Ноот — суу топтолушу үчүн жасалган тосмо.

Сөөк жарып тер чыккан
Чечек болот турбайбы.
Чырмооктун уругу
Печек болот турбайбы.

Маселенин болжолу
Маани болот турбайбы.
Катуу оору кагынга,
Чагылгандан түшкөн таш
Дары болот турбайбы.
Ар кишинин өзүнчө
Камы болот турбайбы.
Ата уулунун алыска
Даңы болот турбайбы.
Таш төгүлбөс чоң жолдун
Чаңы болот турбайбы.
Ар бир элдин ар канча
Кэмы болот турбайбы.
Жибек соксо дүкөндө
Шайы болот турбайбы.

Кара бүркүт тырмагы
Катык болот турбайбы.
Күкүк менен Зейнеп куш
Бир-бирини көрүшкө,
Ашык болот турбайбы.
Кургултайдын уясы,
Кийиз болот турбайбы.
Тоо кулжанын сөөлөтү
Мүйүз болот турбайбы.
Боз үйүңдүн сөөлөтү
Уук болот турбайбы.
Борошолуу шамалда
Суук болот турбайбы.

Кум токтогон айлана
Дымык болот турбайбы.
Печке койсок ак сарай
Жылык болот турбайбы.
Кыз баланын обону
Сылык болот турбайбы.
Таш айнектин тазасы
Тунук болот турбайбы.
Көкүрөккө жарашкан
Садат[1] болот турбайбы.

---

[1] Садат — кыздар көкүрөккө тагынчу кооз жасалга.

Тартип билген балдарда
Адат болот турбайбы.

Аркар-кулжа жайыты
Зовдо болот турбайбы.
Алыш-бериш айрымы
Совда болот турбайбы.
Коркулдаган асманда
Кузгун болот турбайбы.
Карагайдын ноодасы
Узун болот турбайбы.
Бар боюнча жеткилең
Кайың болот турбайбы.
Баш аралаш сүйлөгөн
Айың болот турбайбы.
Долононун бутагы
Тикен болот турбайбы.
Эчки малдын тууганы
Үч эм болот турбайбы.
Үч оодуру чырак жак[1]
Панар болот турбайбы.
Ала капты койбогон
Кәләр[2] болот турбайбы.
Чычкан менен кэлэрдин
Аралыгын ойлогон,
Далай болот турбайбы.

Кош аяктын басканы
Карда болот турбайбы.
Жарганаттын уясы
Жарда болот турбайбы.
Суук сүрөөдө жүргөн жер
Сайда болот турбайбы.
Сур жылкынын уругу
Байда болот турбайбы.
Кекиликтин жайыты
Белде болот турбайбы.
Кеңештүү сөздүн баарысы
Элде болот турбайбы.
Курт-кумурска, бөй-чаян
Жерде болот турбайбы.
Чапан кийсең үшүйсүң,
Адамзаттың чарбасы
Жеңде болот турбайбы.
Кичик кызга улук кыз

---

[1] Жак — май.
[2] Кәләр — келемиш.

Эже болот турбайбы.
Эжесинин алганы
Жэзде болот турбайбы.
Айтар сөздүн учуру
Кезде болот турбайбы.
Магазиндин кереги
Метир болот турбайбы.
Атасы өлсө, балдары
Жетим болот турбайбы.
Эри өлгөн тул катын
Жесир болот турбайбы.
Өлүм күчтүү баарыдан
Кесир болот турбайбы.
Сот сурагы акыйкат
Өкүм болот турбайбы.
Ай чыкканда абадан
Шоокум болот турбайбы.
Асман менен бир турган
Жылдыз болот турбайбы.
Түн сүрүлүп таң атса
Күндүз болот турбайбы.
Кичикке чоңдун бергени
Тээлим болот турбайбы.
Ким жакшы да, ким жаман,
Жүрүп өзү бир күнү
Мээлим болот турбайбы.

Үй төлдөсө баласы
Торпок болот турбайбы.
Жүрөгү жок эр жигит
Коркок болот турбайбы.
Иш билбеген адамзат
Чоркок болот турбайбы.
Кымыз ичсе, сөөлэти
Боорсок болот турбайбы.
Азыр кайра көгөргөн
Нокот болот турбайбы.
Сары майга буудай ун
Токоч болот турбайбы.
Узак жолдун белгиси
Бекет болот турбайбы.
Улак жүрүп чоңойсо,
Эркеч болот турбайбы.
Ашыглыкты кызыгы
Секет болот турбайбы.
Атан төөнүн сөөлөтү
Өркөч болот турбайбы.

Камыр жууруп отко көм
Көмөч болот турбайбы.

Бир тууганга бир тууган
Жөлөк болот турбайбы.
Атадан болсо он уул,
Баардыгынын турмушу
Бөлөк болот турбайбы.
Бэрэкэ менен касиет
Ашта болот турбайбы.
Булбул сайрап чарласа,
Тили ширин турбайбы.
Кыяк тартып күүлөсө,
Үнү сонун турбайбы.
Бирге келген баланын
Тили сонун турбайбы.
Эл жайлаган Ала-Тоо
Гүлү сонун турбайбы.
Кызыл-тазыл кийинсе,
Кыздар сонун турбайбы.
Кыя бычып тон кийген
Уздар сонун турбайбы.
Манас баатыр жайлаган
Талас сонун турбайбы.
Кабаттап салса чоң үйгө
Палас сонун турбайбы.
Кийсең желим эмиркэн
Кэ́лэ́ч[1] сонун турбайбы.
Ариплан учкучка
Канат сонун турбайбы.
Ар урууда ар түрдүү
Адат сонун турбайбы.
Томолонуп ойногон
Балдар сонун турбайбы.
Эки басса жөтөлгөн
Чалдар сонун турбайбы.
Наманганда бак болгон
Анар сонун турбайбы.
Айтсам десем буга окшош
Далай сонун турбайбы.
Консоң журтуң билинбейт
Алай сонун турбайбы.
Жыртыкты бүтөй чайкаса
Калай сонун турбайбы.
Атың шашпай байлайсың
Сарай сонун турбайбы.

---

[1] Кэ́лэ́ч — көлөш.

Көгөргөн кумда жойлогон
Кийик сонун турбайбы.
Көк шумкардай качырган
Күлүк сонун турбайбы.
Көпчүлүккө көз салган
Улук сонун турбайбы.
Акундар шаңшып ырдаса,
Уккан сонун турбайбы.
Алыстан кабар тез жеткен
Тилпан сонун турбайбы.
Ак кар кетип, чөп чыгат,
Бә́ә́р[1] сонун турбайбы.
Абад болот ар түрдүү,
Шаар сонун турбайбы.
Таш талкалап бышырган
Чайнек сонун турбайбы.
Карасаң бетиң көрүнгөн
Айнек сонун турбайбы.
Келиндер кыргак тартынган
Баргек сонун турбайбы.

Кекиликти ээрчиген
Жөжө сонун турбайбы.
Беш сугарып, үч оргон
Беде сонун турбайбы.
Бошогонду бекиткен
Чырыч[2] сонун турбайбы.
Хэм[3] бариси тез бышкан
Киларс[4] сонун турбайбы.
Дарбазалуу коргонго
Зангир[5] сонун турбайбы.
Дарактын бышат боорудэ
Анжир сонун турбайбы.
Болоттон темир кә́рә́бә́т[6]
Жаткан сонун турбайбы.
Кара мылтык көтөрүп,
Каптадагы кийикти
Аткан сонун турбайбы.
Карышкырды түшүргөн
Капкан сонун турбайбы.
Иликтирдин чырагын
Жаккан сонун турбайбы.

---

[1] Бә́ә́р — эрте жаз.
[2] Чырыч — желим.
[3] Хә́м — бут.
[4] Киларс — алчанын бир түрү.
[5] Заңгир — коңгуроо.
[6] Кә́рә́вә́т — керебет.

Тизмеги менен бул ырды
Айткан сонун турбайбы.
Жер тагиден казылган
Көмүр сонун турбайбы.
Адамзатка жаралган
Өмүр сонун турбайбы.

Төрт аягы жапжалпак
Төөлөр сонун турбайбы.
Желеде турса ылаалап,
Бээлер сонун турбайбы.
Чыккан чөптүн асылы
Мия сонун турбайбы.
Кара чеке алган аш
Чия сонун турбайбы.
Катык жаңгак, жөн жаңгак,
Булар сонун турбайбы.
Карайган зоодо оттогон
Улар сонун турбайбы.
Эшендер алдап алышка
Тумар сонун турбайбы.
Сопулар тартат шыбырап,
Теспе сонун турбайбы.
Кыздар тиккен саймалап,
Кеште сонун турбайбы.
Күркүрөп жазда суу кирсе,
Кечкен сонун турбайбы.
Гүлдөгөн элде сөз тапкан
Чечен сонун турбайбы.
Дубаналар кур тарткан,
Саар жооп күү тарткан
Эшен сонун турбайбы.
Бардык кыял жоругун
Десем сонун турбайбы.
Тегирменчи кургурга
Кала сонун турбайбы.
Ата менен энеге
Бала сонун турбайбы.
Напси жаман казыга
Пара сонун турбайбы.
Саман менен буудайды
Ажыратып бөлүшкө,
Парак[1] сонун турбайбы.
Магазинде ичишке,
Арак сонун турбайбы.
Сыпайылар байлашка,

[1] Парак — калбыр, элек деген мааниде.

Жарак сонун турбайбы.
Бутактары ийилген
Кыдырата тигилген,
Дарак сонун турбайбы.

Жазып окуп отурсаң
Китеп сонун турбайбы.
Жаңылбай жанга байласаң
Бычак сонун турбайбы.

Күн чыкканча сайраса,
Күкүк сонун турбайбы.
Бөрүнү алып бөктөргөн
Бүркүт сонун турбайбы.

Узак жолдо бир кеткен
Жолдош сонун турбайбы.
Түнт токойдон жай алган
Жолборс сонун турбайбы.
Жолборс менен бир турган
Каблан сонун турбайбы.
Алышканды бир чапкан
Балбан сонун турбайбы.
Куш төрөсү буудайык
Абдан сонун турбайбы.
Гүлдөгөн элде ырдасам,
Чандам сонун турбайбы.
Түндөсү көзү ачылган
Үкү сонун турбайбы.
Түбөлүктү ойлогон
Киши сонун турбайбы.
Калкы үчүн иштеген
Иши сонун турбайбы.
Трактирдин бир сегиз
Тиши сонун турбайбы.
Кырк бууданга тең келчү
Күчү сонун турбайбы.
Куш айбаттуу эр кичик
Чыбы сонун турбайбы.
Баарынан күчтүү ылаачын
Сыны сонун турбайбы.
Пэрэдэдан[1] мактасам,
Түрү сонун турбайбы.
Торгой сайрайт таң менен,
Үнү сонун турбайбы.
Токсон түрлүү бурулган

[1] Кол жазмада «парадан» деп берилген.

Тили сонун турбайбы.
Тартип менен чай ичкен
Чыны менен турбайбы.
Жаламалуу көк зовдо
Куму менен турбайбы.
Калың шаар, кышлактын
Тамы сонун турбайбы.
Эрлүү зайып кеңешке
Сыры сонун турбайбы.
Ак-Бууранын тез аккан
Суубу сонун турбайбы.
Таалайы бар жигиттин
Багы сонун турбайбы.
Падышалар отурган
Тагы сонун турбайбы.
Товго бүткөн арчанын
Шагы сонун турбайбы.
Саяпатын түйдүргөн
Тору сонун турбайбы.
Эл жетпеген Ала-Тоо
Жолу сонун турбайбы.
Бэрэкэлүү Чангенттин
Бору сонун турбайбы.

## МЕНЕН

Араба жүрөт төш менен,
Ууру жүрөт, пас менен,
Колунда котур[1] таш менен.
Бел кармашып дос болбоң,
Азелден наркы пас[2] менен.
Басташпаңыз мас менен,
Теңелбес көөдөн жаш менен.
Капалык, кумар жазат деп,
Карындаш болбо нас менен.

Ат жүгүрөт кыр менен,
Эл таанылым ыр менен.
Азамат баатыр сын менен,
Капилет уйку түн менен,
Жер жарыгы күн менен.
Кеме жүрөт суу менен,
Жамандар жаңжал чуу менен.

---

[1] Кол жазмада түшүп калган.
[2] Пас — төмөн.

Абийир кутөт мал менен,
Суюлат жылдыз таң менен,
Кэмпирлер сырдаш чал менен.
Шалынын суусу пал[1] менен,
Чарбадар[2] алек мал менен.

«Пайдасы пулдун тиет» — деп,
Жардылар көчөт бай менен.
Самовар көркү чай менен,
Чырак күйөт май менен,
Түн жарыгы ай менен.
Тартар жүрөт сай менен,
Аркарлар жүрөт айланып,
Жалама аска жар менен.

Багбандар алек бак менен,
Пашанын көркү так менен,
Дарактын көркү шак менен,
Ылайдын иши бел[3] менен,
Дыйкандар алек жер менен,
Улуктун иши эл менен,
Шамал жүрөт жел менен,
Кийим кирдейт тер менен.
Азамат болчу жигиттин
Намысы бүтөт эл менен.
Салтанатта чоңдордун
Белгиси дайым чен менен.
Тавыптын иши эл менен,
Такашып келип сайышса,
Таамайы баатыр эр менен.

Чакмак чагат куу менен,
Адамзат өлөт уу менен.
Көп кошундун белгиси,
Былк этпеген туу менен.
Узакка жүрсөң ат менен,
Көңүлдөгү сөзүңдү
Сүйлөшөсүң кат менен.
Сыр беришип, сүйлөшпө,
Тааныбаган жат менен.

Кашек күйөт өрт менен,
Эл бай көркөм көч менен,
Белдешпегин көп менен.
Отуз эки таамдын,

[1] Пал — тосмо, бөгөт.
[2] Чарбадар — малчы.
[3] Бел — бакса дубалчылардын кичинекей темир күрөгү.

Шириндиги туз менен.
Азамат жигит сырдашат,
Айнектей тунук кыз менен.
Эрмектешип сүйлөшөт,
Эл эрмеги биз менен.
Илбесин жүрөт суу менен,
Мен жүрөйүн сиз менен.

Жансыздар жүрөт доо менен,
Босоголуу боз үйдүн,
Көркү кирет боо менен.
Илгерки эски өткөндөр,
Байланышкан дин менен.
Жан тууганың жок болсо,
Жанашасың ким менен.

Кармайсың жарак кол менен,
Кагылбай басат жол менен.
Эс, акылы болбосо,
Эсепке кирбейт бой менен.
Терме ырымды чыгардым,
Акын согуп ой менен,

Жер басасың бут менен,
Ынтымак болгун журт менен.
Чакканда жанды соо койбойт,
Азилдешпе курт менен.
Алабука, Чыйырчык,
Иш эрмеги тыт менен.
Эли байдын соодасы,
Арчалышат сүт менен,
Өнөрүң туура болбосо,
Балбанды жыга албайсың күч менен.
Адамдар кылат тажирпа,
Уйкуда көргөн түш менен.
Жаз — тополоң, кыш — күрөш,
Дыйкандар алек иш менен.
Боодон кармап жем берип,
«Мүнүшкөр» алек куш менен.
Катуу суук борошо,
Калың кардуу суук менен.
Колунда жарак болбосо,
Душманды жыгалбайсың муш менен.
Туз урасы болбосо,
Ичкениң ширин болбойт мурч менен.
Темирди уста ширетет,
Кара болот курч менен.
Теңелем деп ойлобо,
Үйдө жатчу «тынч» менен.

Ээлеттин көркү тоо менен,
Кара өпкөнүн адаты
Эси-дарты доо менен.
Ченинде албай барбагын
Алышам деген жоо менен.

Ыраакты көрөт көз менен,
Ырдадым санат сөз менен.
Жамандашып жүрбөгүн
Душман эмес өз менен.
Жеңишкенди жыгасың
Жетиктик туура сөз менен.

Атың күчтүү болгондо,
Ашасың эгиз бел менен.
Аюу туура келеби,
Азамат жолборс шер менен.
Булбул шаңшып сайраган
Катарлап тиккен тал менен.
Адамзат көөнү куш болот,
Айдаган кара мал менен.
Көчкөндө жүгүң артасың,
Арыбас атан нар менен.
Аттай кылып өтө албайт,
Ак жалама кар менен.
Ашына болом дебегин
Азалда ичи тар менен.
Нанды жесең, ысык же
Созулган коюу бал менен.
Сүйлөшүп болбо убара
Сөз укпаган кэ́р[1] менен.
Байлувунун турмушу,
Чалдыбар дувал муң менен.
Бул дагы куштай болот деп,
Эргешип кубат шун менен.
Кардагач үйүр адамга,
Өчөшкөн жылан шум менен.

Бака сайрайт чуркурап,
Көгөрүп жаткан көл менен.
Кишиде дөөлөт болбосо,
Орок оруп, боо байлап,
Өмүрү өтөт шор менен.

---

[1] Кэ́р — дүлөй.

Амал кирет жаз менен,
Карчыга тунжур учкур куш
Эрмеги турна каз менен.
Сулууларга сөз айтсаң,
Бурулуп качат наз менен.
Пэ́ндэ́ нуру аз менен,
Саргаят киши нас менен.
Жылкылар жуушап тек жатат,
Желпинген гана жумшак саз менен.
Азилдашип тийишпе,
Азэлдэ жалаң таз менен.

Көк карга жүрөт көк менен,
Мал секирет чөп менен.
Боек кылат көп кыргыз,
Жаңактан чыккан пөк менен.
«Жакшылар» жүрөт көрк менен,
Башың сындуу көрүнөт,
Кара-бара[1] бөрк менен.

Мактанат табак эт менен,
Кыз балдар сындуу сеп менен.
Жыгамын деп ойлобо
Түбү калың бек менен.
Кишинин бүтпөйт намысы,
Өчөшүп жүрүп кек менен,
Дэңгэнэ[2] кылып гөш[3] бөлүп,
Адамдар кетет чек менен.
Тантык адам элде көп,
Басылбайт, «кой» — деп, тек менен.

Паровоз жүрөт күркүрөп,
Жаткызган темир жол менен.
Кармашам деп ойлобо
Өзүңдөн ка́ттэ́ зор менен.
Кой кайтарган койчунун
Эси-дарты кой менен.
Алышам деп ойлобо
Таалайы кэ́ттэ́ зор менен.
Ашаткы менен жумшаткан
Жан сактайсың тон менен.
Чыгарбагын бир сөздү
Жалган айтып, ой менен.

---

[1] Кара-бара — кара тармал көрпө.
[2] Даңгана — бир нече адам уюшуп мал союп алуусу.
[3] Гөш — эт.

## ДЕГЕН

Чымбайда[1] болот туз деген,
Чырайлуу болот кыз деген.
Сураса табат издеген,
Сылыктын габи «сиз» деген,
Мактанат өзү «биз» деген.
Отуз эки таамди,
Ширин кылат туз деген.
Қолу чебер, уз деген,
Боз баланы түз деген,
Қилемде болот түс деген.

Бейиште кырман үр деген,
Жайында дарак гүлдөгөн,
Жибекти чебер түр деген.
Бир мен дебей ойлоймун,
Биздейден дагы[2] миң деген.
Бей адаби габ урат,
Арканда сырың билбеген.
Адамга таалим бере албайт,
Азизден кызмат тийбеген.
Элге жаман көрүнөт
Эби жок тантып сүйлөгөн.
Учарында ак шумкар
Қанатын кагып күүлөгөн.
Көпчүлүк элге сүйкүмдүү
Өз журтуну бийлеген.
Аялдардын сындуусу —
Қамырды жакшы ийлеген.
Тартиби жок балдар бар,
Адеп сактап жүрбөгөн.
Аялдардын сыпаасы —
Көп каткырып күлбөгөн.
Барса мойну салынат
Мейманды каалап сүйбөгөн.
Селсаяк болуп атыгат
Өз элинде жүрбөгөн.
Аш, маараке, той десе,
Ары жок жигит жүрбөгөн.
Қолу чебер зайыптар
Учугу түшпөйт ийнеден.
Уурулук кылган эр жигит
Қутула албайт түрмөдөн.

---

[1] Чымбай — жердин аты.
[2] Кол жазмада түшүп калган.

Жүк көтөргөн нар деген,
Жигитке жакын жар деген.
Акылы жок жигиттин,
Сөзүнүн тузу ка́м деген.
Саратан ыстык да́м[1] деген,
Жапканда палоо да́м жеген.
Товлордо ка́тта́ таш деген,
Тоорулат нечен мас деген.
Кылар ишин кыла албайт,
Жетиле элек жаш деген.
Эшекти тажик «ар» деген,
Жыланды тажик «мар» деген.
Ылайды тажик «гил» деген,
Он эки айда жыл деген,
Тырманат этин кирдеген.
Аскерлер жүрөт миндеген,
Батынбайт жоого сүрдөгөн.
Адаштырбайт жол деген,
Кайырды берет кол деген.
Ачык суу акса шор деген,
Алыска кетсе кой деген.
Иштей турган кишинин
Бүтөр иши мол деген.
Бала экенде мээнет кыл,
Жигиттин иши шол деген.

Көгөрүп өскөн тыт деген,
Эмчектен чыгат сүт деген.
Эл жактырган кишинин
Айткан сөзү пүт деген.

Адамдын көөнү куш деген,
Ыкыбалдуу эр жигит
Күсөгөн жерге туш келген.
Бир койгонду жыгыткан
Токмоктой күчтүү муш деген.
Ыраатын көрбөй калабы,
Ак ниетте иштеген.

Дыйкандар иштеп күчөгөн,
Бардык ишти бүтөгөн,
Өл отун[2] жаксаң түтөгөн.
Өлтүрбөй турган өз деген,
Өлүк менен тириктин
Абийирин жапкан бөз деген.

---

[1] Да́м — аптап, жел жүрбөй күндүн ысышы.
[2] Өл отун — суу отун, ным отун.

Ширинден ширин кант деген,
Бир кыл жаман жигиттер
Аргымак атты жүгүрткөн.
Саяпкер чапса тап деген,
Санаты менен сүйлөсө,
Көңүлдү ачат гáп деген.
Атказса балдар «так» деген,
Мөмөдө ширин нáк деген.
Жыл эсебин карасаң,
Тажик итин сáк деген.

Үрккөн атты «тáк» деген,
Үлгүлүү болот гáп деген.
Уруудан чыгат март деген,
Үшкүртөт эрди дарт деген.
Шаарда болот сарт деген,
Шириндик нерсе кант деген,
Жаны жок ичет ант деген.

Урулуу аска зоо деген,
Соон кылбайт жоо деген.
Арпа менен буудайды,
Тегирменде ноо деген.
Теке, кулжа, оттогон
Тепкичсиз эгиз зоо деген.
Жүгөрү да дан деген,
Жер тагында гáн[1] деген,
Кишиге ширин дан деген.
Кубантат эрди зор деген,
Ачылган тоодо гүл деген,
Мусулманда дин деген.
Караңгыда кез келсе,
Тааныбай бирөөн ким деген.

Жылгасы узак сай деген,
Жыргалдуу жарык ай деген.
Асманда жылдыз сан деген,
Эсебин билген кáм деген.
Аса тайдай жер ысык
Шамалы жок, дáм деген.

Конокто тыгыз баш деген,
Казандуу үйдө аш деген.
Курма болсоң бир жерге
Отурсаң азыр көч деген.
Жалгыз атын өлтүрсө,

[1] Гáн — кен.

Балдары ыйлап гөш[1] деген,
Катарлаган айылдын
Конушу жакшы бош деген.
Эки күндөш баласы
Бир-бири менен өч деген.
Мээнетке дары[2] өт деген,
Эл коркутат от деген.
Атасы кетсе талаага
Балдардын көзү төрт деген.

Эсептин башы бир деген,
Бирден барып миң деген.
Алты күн жүрсө талаада
Үстүндө кийим кир деген.
Дарбазада кулп[3] деген.
Тартиптүү болот журт деген.
Калган айтып кеңешти
Жаш балдарды ук деген.
Бирөөнүн кирсең үйүнө
Ачуубу келсе чык деген.
Сөз билбеген тентекти
Бир чукурга тык деген.
Ак көңүлдүү азамат
Ким сүйлөсө куп деген.
Жарылып кеткен жыгачты
Жабыштырган мык деген.
Өлүк менен тириктин
Абийирин жапкан чыт деген.
Стампилден[4] кем эмес,
Таза буюм сурп деген.
Өсгөн дарак сулк деген.

## ЭМЕСПИ

Караңгыны жаркыткан
Айдын нуру эмеспи.
Жаш баладай жайнаган
Жаздын күнү эмеспи.
Көк шибери кулпунган,
Көлдүн чети эмеспи.
Көл суусунан көрүнгөн
Кыздын бети эмеспи.
Бул дүйнөгө өтө ынак

[1] Гөш — эт.
[2] Мээнетке — ооруга деген мааниде.
[3] Кулп — ачкыч.
[4] Стампил — кездеменин түрү.

Эне сүтү эмеспи.
Тилсиз суута кол салган,
Тоону бузуп жол салган
Элдин күчү эмеспи.
Жай сáвлáти[1] өзүнчө
Чаман гүлдөй эмеспи.
Жаш баланын көңүлү
Чыккан күндөй эмеспи.
Каардуу чилде белгиси
Карда, музда эмеспи.
Топ айылдын савлати
Келин, кызда эмеспи.
Сулууларга суктанган
Көпкөн балдар эмеспи.
Өпкөсү көөп жөтөлгөн
Жаткан чалдар эмеспи.
Кара жерди как жарып,
Чыккан булак эмеспи.
Жаман, жакшы сөз болсо,
Уккан кулак эмеспи.
Колунда бала талпынса,
Жаккан чырак эмеспи.
Көп жигитти мардайткан
Кургак дымак эмеспи.
Он сегизге жеткенде
Кыздар динар[2] эмеспи.
Ол кыздарды көрмөккө
Бозой кумар эмеспи.
Алган жары бап[3] болсо,
Көңүл тынар эмеспи.
Эр жигитти саргайткан
Катуу санаа эмеспи.
Ата-эненин эрмеги
Гөөдак бала эмеспи.
Напси бузук казынын
Жеши пара эмеспи.
Азаматты мөгдөткөн
Курук жалаа эмеспи.
Алыс созгон арканын
Адамда үмүт эмеспи.
Көкүрөктү өрттөгөн
Кетпес күйүт эмеспи.
Сайганды бөрктөй учурган
Болот найза эмеспи.

---

[1] Сáвлáти — көркү.
[2] Динар — ажар, сулуулук.
[3] Бап — жарашкан.

Колуңдан келсе кайыр бер,
Жанга пайда эмеспи.
Даамды ширин көрсөткөн
Салган туздан эмеспи.
Оюн, күлкү, тамаша —
Келин-кыздар эмеспи.
Он эки чалгай, он куйрук
Кушта канат эмеспи.
Түрдүү сөздү баштамак
Ырда санат эмеспи.
Үч ичеги комуздун
Күүсү — «Тайчи» эмеспи.
Уурунү колго түшүргөн.
Жүргөн пайчы эмеспи.
Түнкү асмандын белгиси
Толук жылдыз эмеспи.
Ариетин бербеген
Тоолук кыргыз эмеспи.
Кайраты бар эр жигит
Сүйкүм журтка эмеспи.
Ыкыбал, таалай бир келсе,
Көпкө тутка эмеспи.
Деңизди жарып жол салган
Кеме болот эмеспи.
Кызга тартип үйрөткөн
Эне болот эмеспи.
Жетимдердин укканы
Жеме болот эмеспи.
Издегениң табылган
Базар болот эмеспи.
Тууганды кагып сүйлөсөң
Азар болот эмеспи.
Узун сабак ырдасаң,
Казал болот эмеспи.
Көп тилдесең аялды,
Чая болот эмеспи.
Мээнет кылсаң билбеске
Зая болот эмеспи.
Тапкан дүйнө бир күнү
Тамам болот эмеспи.
Торопой жүрүп чоңойсо,
Каман болот эмеспи.
Ойлой-ойлой отурсаң,
Сыр куралат эмеспи.
Айта-айта отурсаң,
Ыр куралат эмеспи.
Ырдын дагы түрү бар,
Ырдай турган күнү бар

Ырысына ылайык
Ырчылардын жүгү бар.
Жар-агайни, туугандар,
Жакшы жерин ырымдын
Жадыңа бекем түйүп ал.

## ЧЕРИ ЖАЗЫЛАТ

Аргымак күлүк бууданды
Минсең териң жазылат.
Аралап элди гүлдөтүп,
Жүрсөң чериң жазылат.
Тириликтин озурун
Сүрсөң чериң жазылат.
Жагообу күмүш боз шумкар
Салсаң чериң жазылат.
Болжогон жерге кеч калбай
Барсаң чериң жазылат.
Ариет менен намысты
Алсаң чериң жазылат.
Колуң менен дасторкон
Салсаң чериң жазылат.
Дүнүйөлүк доорду
Сүрсөң чериң жазылат.
Эл аралап олжо алып,
Жүрсөң чериң жазылат.

Шилтегенде каз алса,
Куштун чери жазылат.
Босого бою кар түшсө,
Кыштын чери жазылат.
Кычыратып чайнасаң,
Тиштин чери жазылат.
Кармаганды качырсаң
Иштин чери жазылат.
Жыйырма беш жык толсоң,
Күчтүн чери жазылат.
Гөш кайнатып, мол салсаң,
Туздун чери жазылат.
Жаңы күйөө келгенде
Шыбырашып сүйлөшүп,
Шыңкылдашып күлүшүп,
Кыздын чери жазылат.
Болжогон жерге тез жетсе,
Аттын чери жазылат.
Аябай пулун зарп кылса,
Марттын чери жазылат

Ашилла[1] айтып, кыйкырса,
Сарттын чери жазылат.
Дүкөндөн согуп чыгарса,
Бөздүн чери жазылат.
Алыскыны тез көрсө,
Көздүн чери жазылат.
Артыкча чечен сүйлөсө,
Сөздүн чери жазылат.
Шамал келсе ыркырап
Кырдын чери жазылат.
Сындап айтып отурсам,
Ырдын чери жазылат.
Боекчуга жолукса
Кылдын чери жазылат.
Телефон кагып сүйлөсө,
Зымдын чери жазылат.
Мындай айтып бербесем,
Кимдин чери жазылат.
Эшен, кожо сүйлөсө,
Диндин чери жазылат.
Чирмандалуу бакшыга
Жиндин чери жазылат.
Белге байлап ток болсо,
Курдун чери жазылат.
Соодагерлер санаса,
Пулдун чери жазылат.
Ак буудай салып жайласа,
Сүкөндүн чери жазылат.
Усталар иштеп отурса,
Дүкөндүн чери жазылат.
Арык малга жармашса
Тикендин чери жазылат.
Сайма тигип отурса,
Чебердин чери жазылат.
Сапкандай белге байласа,
Кемердин чери жазылат.
Сыпай жигит бек болсо,
Амалдын чери жазылат.
Аш-мааараке той болсо,
Кемеге сактап арбайып,
Карды тойсо тардайып,
Жамандын чери жазылат.
Кырдай кылып топтосоң,
Самандын чери жазылат.
Токойдо жүрүп мас болсо,
Камандын чери жазылат.

---

[1] Ашилла́ — ыр, өлөң.

Кемпир менен бир жатса,
Дал ортосун тырматса
Чалдын чери жазылат.
Кең көчөдө ойносо́,
Балдардын чери жазылат.
Өпкөн чабыш майлышта
Ка́лда́рдин[1] чери жазылат.
Эптеп адам сүйлөсө,
Жалгандын чери жазылат.
Эл чогулган жыйында
Балбандын чери жазылат.
Айтып ырдап отурса,
Акындын чери жазылат.
Аябай жоого качырса,
Баатырдын чери жазылат.
Эгизге тиксең жанаша
Чатырдын чери жазылат.
Бир тууганды сүйбөсө,
Бакылдын чери жазылат.
Ай таранма той болсо,
Катындын чери жазылат.
Күндө сурак кып турса
Закондун чери жазылат.
Кургак отун каласа,
Оттун чери жазылат.
Эсептеп турсаң шакылдап
Чоттун чери жазылат.
Жайылып бетте оттосо,
Койдун чери жазылат.
Жарашыктуу тон кийсең,
Бойдун чери жазылат.
Жез кернейди тарттырсаң,
Тойдун чери жазылат.
Чеберлер тиксе келтирип
Тондун чери жазылат.
Сыймык менен уютсаң,
Жолдун чери жазылат.
Боз эшекке токуса,
Чомдун чери жазылат.
Тоолордун кары эрисе,
Суунун чери жазылат.
Мандайлашкан эр келсе,
Туунун чери жазылат.
Эрчитсең тайган тастарын
Уунун чери жазылат.
Болжогонун учурса,

[1] Ка̂лда́рдин — таздардын

Мергендин чери жазылат.
Бозо кучтүү кайнаса
Гэргэрдин[1] чери жазылат.
Сулуулар такса тизилтип,
Маржандын чери жазылат.
Көгөрүп өссө көйкөлүп,
Дарактын чери жазылат.
Магазин сатып кулпунса
Арактын чери жазылат.
Баатырлар белге байласа,
Жарактын чери жазылат.
Сулуулар сүйкөп сындаса,
Та́ла́птын[2] чери жазылат.
Корукка коон айдасаң
Па́ла́ктин[3] чери жазылат.
Короолош айыл көп болсо,
Манаттын чери жазылат.
Ырчылар ырдап отурса,
Санаттын чери жазылат.
Кыз-келиндер суу алып
Булакта чери жазылат.
Чабандестер оодарып,
Улакта чери жазылат.
Орундагы каталык
Суракта чери жазылат.
Самоварда кайнаса,
Чайдын чери жазылат.
Шаар уста сындаса,
Жайдын чери жазылат.
Чоорчулар күүлөсө,
Найдын чери жазылат.
Он бешинде жык толуп
Айдын чери жазылат.
Кербендер жолду баштаса,
Нардын чери жазылат.
Саратанда кайнаса,
Күндүн чери жазылат.
Жайылып бетте ачылса,
Гүлдүн чери жазылат.
Жай-жайында ырдасаң,
Тилдин чери жазылат.
Мурут уулап кыдырса,
Пирдин чери жазылат.
Узакка сапар жол тартсаң,
Жоргонун чери жазылат.

---

[1] Га́рга́р — бозо сатуучу.
[2] Та́ла́п — бетке сүртүчүү боек.
[3] Па́лек — коон, дарбыздын сабагы.

Жаназа-дооран бар десе,
Молдонун чери жазылат.
Эки күндүк жол болсо,
Күлүктүн чери жазылат.
Элинде ынтымак бар болсо,
Улуктун чери жазылат.
Ымдап сүйлөп ынтылып
Дудуктун чери жазылат.
Кагыштырса эки элди
Бузуктун чери жазылат.

Орундатып аткарсаң,
Пландын чери жазылат.
Башкарма эмгек көп берсе,
Члендин чери жазылат.
Ак пахта терип дуулашып,
Кызыл көйнөк аялдар
Күзүндө чери жазылат.
Тракторлор талаанын
Түзүндө чери жазылат.
Өзүбек калкы сүйүнүп,
Жүзүмгө чери жазылат.
Ак бетинди кызартса,
Кандын чери жазылат.
Рабочий иштесе,
Кéндин чери жазылат.
Ар шаарга ташыса,
Көмүрдүн чери жазылат.
Усталар соксо узартып
Темирдин чери жазылат.
Кайрылып ырдап отурсам,
Канчанын чери жазылат.
Темирди соксо жалпайтып
Балканын чери жазылат.
Кырандуу бетте буркурап
Арчанын чери жазылат.
Кызарып бышса киларстай[1]
Алчанын чери жазылат.
Кыздар кийсе жарашып,
Манаттын чери жазылат.
Боз туйгун учса көкөлөп,
Канаттын чери жазылат.
Алтындай болуп мөлтүрөп,
Таштын чери жазылат.
Тартып койсо имерип
Наздын чери жазылат.

[1] Кол жазмада жок.

Түрлүү таза чыт чыкса,
Заводдун чери жазылат.
Қарды тойсо, чыкырса,
Тооктун чери жазылат.
Топчуланып тон кийсе,
Далынын чери жазылат.
Толкуп ырдап отурсам
Баарынын чери жазылат.
Мылтыктан добуш тарс этсе
Дарынын чери жазылат.
Чанакта тогуз түйүлгөн,
Чигиттин жери жазылат.
Сарамжалдуу кыз алса,
Жигиттин чери жазылат.
Аары койсоң эгизге
Балдын чери жазылат.
Ак карлуу тоодо жайылса,
Малдын чери жазылат.
Шырмандай жапсаң тандырга
Нандын чери жазылат.
Абада жылдыз суюлса,
Таңдын чери жазылат.
Ийин казса көк карга
Жардын чери жазылат.
Арык мал өлсө жыгылып,
Андын чери жазылат.
Чымчыкты урсаң чыңыртып
Сапкандын[1] чери жазылат.
Бөксөдөн бөрү түшүрсөң
Қапкандын чери жазылат.
Құлун, тайы ойносо,
Жылкынын чери жазылат.
Қыламык карга оонаса,
Түлкүнүн чери жазылат.
Қыз келиндер жыйылса,
Құлкүнүн чери жазылат.
Былк этпестен тим жатсаң
Уйкунун чери жазылат.
Бетегеде желпилдеп
Белдин чери жазылат.
Берекелүү азамат
Элге чери жазылат.
Чеберине жолукса,
Қайчынын чери жазылат.
Сексен кулач байласа,
Дарчынын[2] чери жазылат.

---

[1] Сапкан — Қавказ курма.
[2] Дарчы — бийикке тартылган зым үстүндө ойноону кесип кылган адам.

Секин ырдап отурса,
Барпынын чери жазылат.
Бышыкканга ийилсе
Тарыхтын чери жазылат.
Кам[1] тери бузуп ийлесең,
Чарыктын чери жазылат.
Жээги толуп суу келсе,
Арыктын чери жазылат.
Суу түбүнө ойносо,
Балыктын чери жазылат.
Мындай ырдай бербесе,
Кимдин чери жазылат.
Камыш чыккан аралда
Чилдин чери жазылат.
Шалпайага көп чыкса.
Кылалдын чери жазылат.
Боору менен сойлосо,
Жыландын чери жазылат.
Сулуулар тиктеп отурса,
Айнектин чери жазылат.
Азада жубан кармаса,
Чайнектин чери жазылат.
Өткүр болот бычакка
Байнектин чери жазылат.
Үнү бир эгиз сопуга
Азандын чери жазылат.
Күндө шилен кайнаса,
Казандын чери жазылат.
Серпип коюп сүйлөсө,
Каштын чери жазылат.
Бала-чака көп болсо,
Аштын чери жазылат.
Чоң сокуга ийлесе,
Насдын чери жазылат.
Чеберлигиң бар болсо
Колдун чери жазылат.
Кышта кийсең тердетип,
Тондун чери жазылат.
Ала-Тоону каптаса,
Тумандын чери жазылат.
Алган эри жарашса,
Жубандын чери жазылат.
Кашкарлыктар чогулса
Кумардын чери жазылат.
Тегирменчи жыйнаса,
Каланын чери жазылат.

---

[1] Кам — ылгый.

Энеси эптеп көтөрсө,
Баланын чери жазылат.
Көз жетпеген түз болсо,
Талаанын чери жазылат.
Арабаны сүйрөсө,
Аттын чери жазылат.
Эркекти жасап тегиздеп,
Сарттын чери жазылат.
Мырза жигит сагынса,
Каттын чери жазылат.
Суюк ашка тууpaca,
Түрптүн чери жазылат
Көчкөндө малды жөө айдап,
Түрктүн чери жазылат.
Байдын малы кырылса,
Иттин чери жазылат.
Жамачылуу чапанда
Биттин чери жазылат.
Арык койго асылса,
Жөлөктүн чери жазылат.
Жашыгын тоюп тартып жеп,
Бөлөктүн чери жазылат.
Касаптар сойсо пул кылып,
Семиздин чери жазылат.
Карартып жерди айдаса,
Өгүздүн чери жазылат.
Кетилбеген бүтүндөй,
Бураган кара түтүндөй.
Колхозчунун пайдасы
Теңдик заман шу күндөй.
Өгүздөй болуп өкүргөн,
Букадай болуп бөкүргөн.
Жердин бетин аңтарган,
Көргөндүн баары таң калган
Каруусу артык ЧТС,
Карамай менен обжалган.
Каңтарып жерди оодарган,
Трактор чери жазылат.
Аргымак атка токуса,
Токумдун чери жазылат,
Машинени жүгүртсө,
Шопурдун чери жазылат.
Велосипед, машина
Мергендин чери жазылат.
Кең көчөдө жарышып
Жүргөндүн чери жазылат.

Кыргыздын жери Ала-Тоо,
Аркарлар жүргөн эгиз зоо.
Мергендер сунуп мылтык кол
Алмадай ташка жашынып,
Келгендин чери жазылат,
Андыганын аңтарган
Мергендин чери жазылат.
Кең көчөдө марш берип,
Командир келсе чес берип,
Аскердин чери жазылат.
Аябай жолду качырган
Марттардын чери жазылат.
Балдарынын күчүнө
Улуу атабыз генералисимус Сталин
Арстандын чери жазылат.
Жаркыраган туу турат,
Жайылып аккан суу турат,
Жалпы баатыр бир турат,
Качырып жоого киргенде:
— Сталин! — деп кыйкырат.
Эрдигин көрүп булардын
Сталин чери жазылат.
Баатырлардын атагын
Уккандын чери жазылат.
Туу көтөрүп, жол тосуп
Чыккандын чери жазылат.
Тылда жатып иштеген
Дыйкандын чери жазылат.
Берлинди атып, талкалап
Жыккандын чери жазылат.
Самурайды сап кылган,
Элимдин көөнүн чак кылган
Бизде кубат, бардык күч.
Башканын эли тик турган,
Теңеле албай кызылга.
Кызылдар барып ок атса,
Чыккандын чери жазылат.
Биздин күчтү көргөндө
Душмандын эли шашылат,
Суу сепкендей басылат.
Баатыр балдар турганда
Бизге кимдер катылат!
Катылганды кызылдар
Жер жаздантып катырат.
Биздин элдин кубаты
Барган сайын ашынат.
Кабарын уккан көп душман
Жыгылып бизге баш урат.

Кокустан келсе көп душман
Биздин балдар таш урат,
Душмандар кайда жашынат?
Калкымдын чери жазылат.
Жер үстүндө көрүнгөн
Алтындын чери жазылат.
Баатырларда мартаба,
Борборубуз Москва,
Тактыбыз чери жазылат.
Жаңы таңда жыргаган,
Бактыбыз чери жазылат.
Кутулдук кара тумандан,
Кем эмеспиз куралдан.
Ыразыбыз буларга
Журтумдун чери жазылат.
Айбаттуу баатыр чаңырган,
Аскерлер кел деп жамырган
Жамынын чери жазылат.
Жарактуу баатыр көп кызыл
Баарынын чери жазылат.
Сталиндик жол менен,
Таңынын чери жазылат.
Мага окшогон кубанып,
Сүйүнгөндөн жубанып,
Карынын чери жазылат.
Сталиндей кыраандын
Даңынын чери жазылат.
Москванын көчөсү,
Туш тарапка таралган
Таалайлуу элдин бактыга
Эр Сталин жаралган.
Эргип чери жазылат
Элдин көөнү кубанып
Сергип чери жазылат.

## ЫНТЫМАКТУУ ЭЛ

Ынтымактуу эл болсо,
Таалай, багы ачылат.
Ынтымагы жок элдер
Талааларга чачылат.
Ынтымагы бар элдин
Эли чогуу жыйылат.
Ынтымагы болбосо,
Айылы качып суюлат.
Ынтымагы бар элдин
Корообу каттык коюлат.

Ынтымагы жок элдин
Кара көзү оюлат.
Ынтымагы бар элдин
Жайытта малы чырмалат.
Ынтымагы жок элдин
Жардысы качып кыйналат.
Ынтымагы бар элдин
Калага карды ток болот.
Ынтымагы жок элде
Бириге бири октолот.
Ынтымагы бар элдин
Дүркүрөп өсөт балдары.
Ынтымагы жок элдин
Сөзүнөн чыгат жалганы.
Ынтымагы бар элдин
Имерип келет мейманы.
Ынтымаксыз эл болсо,
Чекелеп качат тууганы.
Ынтымактуу эл болсо,
Адил болот улугу.
Ынтымагы жок элдин
Ичинен чыгат бузугу.
Ынтымактуу эл болсо
Кеңеш берет карысы.
Ынтымагы болбосо,
Тозуп качат баарысы.
Ынтымактуу эл болсо,
Катар конот айылы.
Ынтымагы жок элдин
Эч билинбейт тайыны.
Ынтымагы бар элдин
Жарып сүйлөйт чечени.
Ынтымагы жок элдин
Жабылып сүйлөйт нечени.
Ынтымагы бар элдин
Пайгеден озот күлүгү,
Ынтымагы жок элдин
Жемекей болот улугу.
Ынтымагы бар элдин
Келишимдүү баариси.
Ынтымагы жок элдин
Сөзүнүн кетет мааниси.
Ынтымагы бар элдин
Жетилет текши жигити.
Ынтымагы жок элдин
Тетири болот үгүтү.
Ынтымактуу эл болсо,
Меймандос болот аялы.

Ынтымагы жок болсо,
Тууганга тиет залалы.
Ынтымактуу эл болсо,
Душманга намыз алдырбайт.
Туура кеңеш көрсөтөт,
Туугандын көөнүн калтырбайт.
Ынтымаксыз эл болсо,
Тууганга кеңеш салдырбайт.
Бузуктук кылбай жөн жүрбөйт.
Ынтымактуу эл болсо,
Бар кыялы келишет.
Элиден чыккан жардыга
Чарбак жыйып беришет.
Ынтымактуу эл болсо,
Душманга тийген ок болот.
Ынтымаксыз эл болсо,
Дыркырап качып жок болот.
Ынтымак эл биригет,
Ынтымаксыз бүлүнөт.
Ынтымак элдин бакты бар,
Имерилген калкы бар.
Ынтымактуу жакшы элдин
Бир-бириге паркы бар.

## КЫРГЫЗ ЫРЫНЫН ЧЕЧИМИ[1]

Буудандан тулпар болбойт жарышпаган,
Тууганга тууган болбойт кайышпаган.
Жыгачта сынбас болбойт майышпаган,
Жоргодон жорго болбойт калышпаган.
Баатырдан баатыр болбойт сайышпаган,
Палбандан палбан болбойт алышпаган.
Бир-бирин карактashат таанышпаган,
Суукта жандар болбойт карышпаган.
Душманга эчким болбойт атышпаган,
Баатыр көп бир-бириге батышпаган.
Каблан бар бир алышпай кайтышпаган,
Душманга душман сырын айтышпаган.
Жар болбойт сылап чачын өрүшпөгөн,
Сагынат бир тууганды көрүшпөгөн.
Дайрада алыш болбойт байлабаган,
Кынында бычак болбойт кайрабаган.
Бактарда булбул болбойт сайрабаган,
Казанда шилен болбойт кайнабаган,
Короодон кой козголбойт маарабаган.

[1] Буга чейин «Ала-Тоо көркко келбейт эл болбосо» деп жарыяланып келген.

Асканын музу эрибей суу болбогон,
Чакмактын оту чыкпай куу болбогон,
Кошунда белги болбойт туу болбогон.
Кыргыз эл кең жайлабайт, жер болбосо,
Ала-Тоо көркке келбейт, эл болбосо.
Аргымак ат арыбайт, бел болбосо,
Дайралар жайда кирбейт, сел болбосо.
Айдабайт каттык шамал, жел болбосо,
Дыйкандар асил таппайт, жер болбосо.
Көк собур уя салбайт, жар белбосо,
Кышында белгиси жок, кар болбосо.
Аккан суу туура кетпейт, сай болбосо,
Каранкы жарык болбойт, ай болбосо.
Сур бээ көрктүү болбойт, тай болбосо,
Чыракта пилик күйбөйт, май болбосо.
Тоолордун көркү кайда, гүл болбосо?
Гүл ачып, кубат албайт, күн болбосо.
Акундар ырдай албайт, тил болбосо,
Тилпандан кабар келбейт, зым болбосо.
Аргамжы тартуу бербейт, кыл болбосо,
Кыргыз эл атак албайт, ыр болбосо,
Имарат көркке кирбейт, сыр болбосо.
Шаардын салкыны жок, тыш болбосо,
Палбандын атагы жок, күч болбосо.
Чайнап нан жуталбайсың, тиш болбосо,
Мүнүшкөр кумар баспайт, куш болбосо,
Сулууду ким белгилейт, каш болбосо,
Аялдын көркү болбойт, чач болбосо.
Тоолордун салмагы жок таш болбосо,
Эр жигит капаланбайт, гаш болбосо.
Кызыл нар киши жебейт, мас болбосо,
Узакка кабар жетпейт, кат болбосо.
Шаарлар абат болбойт, калк болбосо,
Жигиттин наамы чыкпайт, март болбосо,
Эр жигит түстөн жазбайт, дарт болбосо.
Комуздан абан чыкпайт, кыл болбосо,
Сүйүшүп эл каалабайт, ыр болбосо.
Боектун түсү кирбейт, ныл болбосо,
Назик бел кубат албайт, кур болбосо.
Ак бетте кызыл болбойт, нур болбосо,
Сооданын иши жүрбөйт, пул болбосо,
Пермелер май алалбайт, уй болбосо.
Чарбанын көркү кайда, кой болбосо,
Кишинин сыны кайда, бой болбосо.
Ар киши адашасың, жол болбосо,
Учкан куш колго түшпөйт, тор болбосо.
Куш шилтеп салалбайсың, кол болбосо,
Көөнду кара кылалбайсың, шор болбосо,

Имарат сынга кирбейт, пор болбосо.
Аламан башын ийбейт, чоң болбосо,
Көк эшек жүк көтөрбөйт, чом болбосо.
Төөлөргө жүк жүктөлбөйт, ком болбосо,
Жылаңач жүрө албайсың, тон болбосо,
Буудан ат ташыркабайт, тоң болбосо.
Болжолго жеталбайсың, бут болбосо,
Жоордон өлүк түшпөйт, курт болбосо.
Ҡáсáлсиз[1] мал кырылбайт, жут болбосо,
Жигиттен кайрат кетет, шут болбосо,
Жибектер кайдан чыгат, тыт болбосо?
Курут, май кайдан болот, сүт болбосо?
Чоң чара кайдан бүтөт, мис болбосо?
Эпкиндүү токтоно албайт, иш болбосо,
Балбандын наамы чыкпайт, күч болбосо.
Күсөгөн максатыңа жете албайсың,
Колуңда бар жарагың бүт болбосо.
Арыктын көркү кайда, тал болбосо?
Чарбанын көркү кайда, мал болбосо?
Сулуунун көркү кайда, кал болбосо?
Өлөсүң, ичкен овкат ал болбосо,
Жигиттин бурду кетет, жар болбосо.
Боз шумкар учалабы, пáр[2] болбосо,
Марттардин наамы чыкпайт, зáр[3] болбосо.
Кыргыз эл тоого чыкпайт, мал болбосо,
Ҡáрбáндáр жүк арталбайт, нар болбосо.
Өрдөк, каз кайда конот, көл болбосо?
Мөмөлүү дарак кайда, чөл болбосо?
Өлгөндү иттер талайт, көр болбосо.
Ҡой гөшкө даам кирбейт, туз болбосо,
Боз үйдүн сáблáти жок, кыз болбосо.
Булбул куш кайда сайрайт, бак болбосо?
Паашанын көркү кайда, так болбосо?
Секетти ким ырдасын, дак болбосо,
Арчанын саясы жок, шак болбосо.
Насия мал сатпагын, нак болбосо,
Эр жигит гарып болот, бак болбосо.
Аркарлар кайда жүрөт, тоо болбосо,
Пашалар тынчы кетпейт, жоо болбосо.
Ҡоргондо мал токтобойт, гоо болбосо,
Эр жигит залал тартпайт, доо болбосо,
Боз үйдө кийиз турбайт, боо болбосо.
Пастагини[4] кайдан көрөт, кыр болбосо,
Эгердин пайы турбайт, сыр болбосо.

---

[1] Ҡáсáл — оору.
[2] Пáр — куштун тыбыт жүнү.
[3] Зáр — төмөн, ылдый.
[4] Пас — төмөн, ылдый.

Эшкен жип жанып кетет, мум болбосо,
Качкан эл жоого алдырат, кум болбосо,
Үйүңдө ба́ра́ка́ жок, ун болбосо.
Эр жигит өңдөн жазбайт, зил болбосо,
Ак кийим караябы кир болбосо?
Душманың баш ийеби, сүр болбосо?

## ЖЫРТКЫЧТАР

Адаштырат кишини
Көрбөгөн жолдун ачасы.
Кырк жигиттей күчү бар
Жолборс — жырткыч паашасы.
Аркасында дагы бар
Жырткычтардын канчасы.
Туурасын айтып ырдасам,
Түгү чаар жолборстун.
Каарданып бакырса,
Үнү заар жолборстун.
Мышык сындуу туулган,
Бой жашырып кубулган.
Онтосо жолборс бир жерде
Алыскы жакка угулган.
Караанын көргөн көп жырткыч
Артына карай чыгынган.
Жолборстун катуу сүрүнөн
Жүрөгү чыгып жыгылган.

Токойдон издеп тапкан бар,
Кара кулак — арстан бар.
Чыргайлуу токой бадалда
Мындайдан эчен жаткан бар.
Ушуларды мен кошуп
Ырдай турган чамам бар.
Неченди жарып сулаткан,
Теректи урса кулаткан.
Жемиши жерден табылган,
Торопою жайылган.
Токойдо жүрүп зор болгон
Айтсам, чочко — ол болгон.
Алманы терип чайнаган,
Уучтап ташты кармаган.
Узун жүнү түксүйгөн,
Башы ка́тта́[1] үксүйгөн.
Алакандай кулагы

[1] Ка́тта́ — чоң.

Аюу балбан бу дагы.
Аскалуу зоода күүлөнгөн,
Адамдын ишин үйрөнгөн.
Аюу аттуу балбанга
Адамдан айла табылган:
Азуу тиши чагылган,
Мойнуна чынжыр тагылган.
Айла менен жан баккан,
Жалкоолорду көрсөткөн.
Мунун баарын аюуга,
Адамзат анык үйрөткөн.
Жырткычтардын кáттáсы,
Окшобойт буга башкасы.
Неченге болгон зыянкеч
Булардын түпкү максаты.

Айтканымдын жөнү бар,
Ууру сыяк бөрү бар.
Угуп менин сөзүмдү,
Жаманды кууп алыс кыл,
Жанкечтин бири — карышкыр,
Аркар менен кулжаны
Аскадан издеп жойлогон:
«Көрүнүп калса көзүмө,
Кутулбайт» — деп ойлогон.
Кой, эчкиге жолукса,
Алкымдан алып «ойногон».
Кулунду тапса, кулаткан,
Асыйды жыгып сулаткан.
Кез келгенин кыйраткан,
Мал бакканды ыйлаткан.
Уурулук кылат жатканда,
Жорткондо түшөт капканга.
Капканга түшүп өлгүчө
Канча зыян келтирет.
Бирди жеп тоюп кетпестен,
Канчасын жарып өлтүрөт.
Кылмышты кылган карышкыр
Издесең кайдан табылат?
Качкан менен кутулбайт,
Капканга бир күн чабылат.
Жырткычтардын ичинде
Карышкыр жаман касапат.
Уучулар кармап өлтүрөт,
Териси ташка жабылат.
Үн чыгарса ыр болот,
Көпчүлүк каалайт күлкүнү.
Ырдабай кантип коеюн

Алдар көсөө — түлкүнү.
Алыс аттап секирген,
Амалын таап бекинген,
Сонордуу карга оонаган,
Тайганды көрсө жоолаган.
Бүркүттү көрсө бүрүшкөн,
Жайын, кышын аңчылар
Артынан кууп жүрүшкөн.
Куу түлкүдө — амал көп,
Жолборсту көрсө алдаган,
Аюуну көрсө баблаган[1].
Жалама зоодон учуруп
Өлтүрсөм деп чаглаган.
Мына ушундай куу түлкү
Капалык тартса сабылат,
Сактык менен кутулбайт,
Капканга бир күн чабылат.
Айтар сөздүн кези бар,
Тегерек келген изи бар.
Көзүнүн бир аз көгү бар,
Бетинин кара түгү бар
Маймылдын түрү — бир кызык.
Маймыл сыңдуу жандарды
Айткым келди туйгузуп.
Адамзаттын колунан
Эч нерсе качып кутулбайт.
Маймылга окшош айбандар
Оңойлук менен тутулбайт!

Кашкулак менен суурдун
Жемиши — чөптүн тамыры.
Жер алдында түгөнөт.
Өмүрүнүн жарымы.
Айттым, балдар, азыраак
Жаратылган дүйнөгө
Жырткычтардын баарыны.

## БУЛ КУШТАРДЫН САНАТЫ

Карап турган калайык,
Кайсыдан айтсам, ылайык?
— Куудан айтсам ылайык.
Куш төрөсү буудайык,
Ит төрөсү Кумайык,

---

[1] Баблаган — айласын тапкан деген мааниде.

Ырдай айтсам ылайык.
Жомокчуга жолобой,
Сындай айтсам ылайык.
Жандардын бири карчыга
Жарашыктуу жалпыга,
Куш учкулу — карчыга.
Далбага түшөт кара куш,
Ак шумкар учкул — сара[1] куш.
Туйгун-куштун асылы
Баштап жүрөт тана[2] куш.
Теректин сындуу чынары,
Куштардын алгыр тынары.
Ылаачын андан кем эмес,
Ыргыта тээп турары.
Бардык куштун ичинен,
Ителги күчтүү балбаны.
Аскага кирсе кекилик
Аябай чеңгел салганы.
Кекилик качып кутулбайт,
Калтырап бошойт дарманы.
Чүйлү — куштун кичиги,
Талыбайт учса канаты.
Шакылыктап сайраган —
Сагызгандын адаты.
Берүнү алат бөктөрүп
Бүркүттүн артык кайраты.
Түлкүнү көрсө түйүлгөн,
Тутамын деп сүйүнгөн,
Алыстан көрүп бүркүттү
Түлкү шашып жүгүргөн.
Качканы менен коебу,
Кайраттуу бүркүт тигилген!
Чэ́ңгэ́лин салып качырган,
Курч тырмагын батырган.
Баатыр бүркүт көрүнсө,
Жолборс да чочуп бакырган.
Томогонун ичинде,
Бүркүттүн көзү ачылган,
Учкул куштун кырааны
Ушинтип ырда айтылган.
Ылаачындан жашынат
Кептер зоонун бетинде.
Үкүнүн көзү ачылат
Күн баткан соң кечинде.
Таскара, кажыр зор болгон,
Тырмагы жоктон бечара

---

[1] Сара — эң жакшы.
[2] Тана — эң биринчиси, башкысы.

Канаттуудан алалбайт,
Шул жагынан кор болгон.
Алыста арам мал өлсө,
Таскарага билинген.
«Өлүмтүккө жетсем» деп,
Өлгүчө кургур сүйүнгөн,
Өлүмтүктү пайлаган,
Сөөгү менен чайнаган.
Өлүмтүктү эшитсе,
Бармайынча калбаган.
Топтолушуп чардаган
Куштарда бар ыктыяр.
Кубалашып жөнөшөт,
Кулаалы менен жамансар,
Кубалап кетет бөктөргө
Куйругунда агы бар.
Айры куйрук, чөжөгат
Балапанга жетет бат.
Уядан издеп таппаса,
Убайым тартып калган дак.
Жагалмай деген бир куш бар,
Эмне алганын билбедим.
Баары куштун ичинен
Муну, ырдабастан жүрбөдүм.
Кыргыйга күйкө окшошот,
Учса баары топтошот.
Канаттарын күүлөшүп
Чычканды көрсө токтошот.
Ырдадым учкул кыраанды,
Мүлүшкөр таптайт буларды.
Качырган туйгун коебу,
Тоодогу жүргөн уларды.
Тырмагы бар куштарга
Жемиш кылган буларды.
Кыргый куштун — сулуусу,
Турумтай куштун — баласы.
Торгой менен куушуп,
«Ойногонун» карачы.
Айтып ырдап отурган —
Бул куштардын санаты.
Канаттуу куштан — буудайык,
Тумшуктуу иттен — кумайык.
Кайрат, күчтүн баарысы —
Экөөнө ылайык.

## АТАСЫНЫН САНАК ЫРЫ

Жигиттер кайда калайык
Кайсыдан айтсам ылайык?
Куудан айтсам ылайык,
Куш төрөсү — буудайык.
Ит төрөсү — Кумайык,
Сындай айтсам ылайык.
Жомокчуга жолобой,
Ырдай айтсам ылайык.
Жараша бербейт жалпыга
Жандардын бири карчыга.
Сайапчылар күйдүбү?
Шунча илбесин ичиден
Тандап алган чүйлүнү.
Какыр жерде көп учкан,
Кара боор көк кытан.
Канатың учу кайрылуу
Караңгыда так деген
Каргыш тийген баюлу.
Ача куйрук чоң бекен,
Аягын тартып алдайткан
Акылы жаман пом[1] бекен.
Аркасынан жетишкен,
Ала-Тоо эгиз жол бекен.
Узун тумшук коң карга,
Ка́лта́ тумшук шор карга,
Жандап учкан чар карга,
Тебишип ойнойт ар карга.
Түндө көмөт орону,
Түркүрөк чымчык королу.
Эшек сүйөт шорону,
Таяк менен ургудай
Жарача дөбө куркултай.
Сарттар сатат как алмай,
Жандап учкан жагалмай.
Сарайгыр кушка эр чынар,
Сан ааламды жер кылар.
Арпага түктөш тактекпи
Куш кичиги бактекпи?
Балбаны деймин бүркүттү,
Башкача көрөм күкүктү.
Тута албайсың туйгунду,
Көп дарактын ичинен
Таба албайсың булбулду.
Тезекчи балдар бир коет

---

[1] Пом — үкү.

Тели куш деген кургурду,
Адамдын көп иласи[1].
Кыраңдан учкан кыраан саар
Өзүдан ка́тта́[2] күнаси.
Көтөрүлүп уча албайт,
Лейлек куштун тунасы.
Күйкө куштун карыбы,
Чычканга душман аныгы.
Күйкө кургур чычкан жейт,
Жете албаса быша жейт.
Кайыгып учуп зып берген,
Карчыганын канаты.
Жетпесе кубат шалпаңдап,
Ителгинин адаты.
Жагалмай — куштун печели[3],
Булбул — куштун чечени,
Торгой — куштун эшени.
Казанак — куштун калпасы,
Артынан ээрчийт канчасы.
Сава[4] — куштун уурусу,
Бөөш чымчык — туурусу.
Сары айгыр — куштун коозу,
Чандолөш — куштун моосу.
Ызгыт — куштун ыйыгы,
Баарил — куштун кыйыгы.
Жарганат — куштун жаначу
Кыймылдайт жаны араңы.
Байгулу — куштун бакылы[5],
Чалдыбардан чыгалбай
Кыш түшсө өлөт акыры.
Кыргоол — куштун кызыгы,
Учкул куштун баарinin —
Боз карчыга түзүгү.
Бүркүт — куштун палваны,
Өлбөй калбайт алганы.
Өзүм кичик болдум деп
Борбаштын болот арманы.
Узакка жөнөп жете албайт
Кууганда качып кете албайт.
Илегилек — куштун бошоңу,
Сарттар сүйөт ошону.
Көкөтаан — куштун коңуру.
Көп жашабайт омуру.

---

[1] Ила — айла, амал.
[2] Ка́тта́ — чоң.
[3] Печел — бытмый, жүүнү бош.
[4] Саба — кичинекей канаттуунун түрү.
[5] Бакыл — ичи тар, сараң.

Товдак — куштун томпогу,
Тоту куш-анын кошогу.
Майна — куштун шайыры,
Токойдогу паранда
Баарысыга байыры.
Учуп жүргөн куштардын,
Айтпасам чыкпайт дайыны.
Карлыгач — куштун карасы,
Жылан сорсо жем болуп,
Жашында өлөт баласы.
Калдык ачка казанда,
Шум жыланды карачы,
Шыптан келет жылмандап.
Куу жыланды карачы:
Учкан аары — заары,
Коон шире — даамы.
Кара жалак — качкан куш,
Жүгөрү менен жийдени,
Учуп барып баскан куш.
Жору — куштун кедейи,
Өлүмтүктүн ээси,
Жебесе тиет кээси.
Куркулдай — куштун кичиги,
Буудайык — куштун түркүгү.
Эжеди — синди экита —
Сайнеп менен Күкүгү.
Сасык үпүп — сопусу,
Делдейген бардаң топусу.
Таранчы — куштун тазасы,
Тузакка түшөт — жазасы.
Кекилик — куштун чомогу,
Түгөнбөйт мунун жомогу.
Чил — куштардын арыгы,
Этке толбойт аныгы.
Котурели серейген
Жаз болсо каттык келмеги.
Чыйырчык-куштун аласы,
Боз чапан киет баласы.
Чебиртке менен урушат,
Адамга жакын карачы.
Ала карга — азанчы,
Кара карга — казанчы.
Чөкө таан — чөкүрү,
Таанды тутуп бергин деп,
Бүркүттүн кылган өкүмү.
Сүтак — куштун катыгы,
Өзүнү зардап көрүнөт

Үпүнүн суук сасыгы.
Бурулуп учкан булбулдун,
Токойдун гүлү ашыгы.
Сарбарпы — куштун сарпары,
Уяга батпайт балдары.
Жыгачтын куртун таап жейт,
Көк теке куштун кандайы?
Таранчыдай чуркурап,
Боз чымчык куштун далдалы.

## БУЛ ДҮНҮЙӨ БЕЙБАЛА

Аллам сүйүп кайталык,
Абалкыдан айталык.
Эгем сүйүп кайталык,
Эски өткөндөн айталык.
Кызырым сүйүп кайталык,
Кылымкы иштен айталык.

Мурункунун бары өткөн,
Үч миңге чыгып жашаган
Улукман табып кары өткөн.
Азирейил барганда
Арман кылгын ошол да.
Адам ата, Обо эне
Бир миң ашып жашаган
Булар да өткөн дүйнөдөн.
Дүнүйөнүн төрт бурчун
Бир кадамча көрбөгөн
Авлийа өткөн дүйнөдөн.
Кудайымдын ышкыда
Көзүнөн жашы бурчактап,
Каламилла[1] кучактап,
Улама өткөн дүйнөдөн.


Макатилла динибиз,
Азирет Али пирибиз.
Акырет жолун ондомок
Куда деген пандайин
Акыры бир күн колдомок.
Пусурман, капыр ылгаган
Булар да өткөн дүйнөдөн.
Карбаланин даштинда[2]
Капырлардын колунан
Каллалары кесилип,

---

[1] Каламилла — диний китептин аты.
[2] Дашт — чөл.

Бадандары эзилип,
Асан, Үсөн Имандар
Булар да өткөн дүйнөдөн.
Батман жүктү көтөрүп,
Балбандар өткөн дүйнөдөн.
Дөө минип, жылан камчылап,
Айарлар өткөн дүйнөдөн.
Жамбылдын башы Таластан,
Кырктан жашы ашпаган
Кыргыздан өткөн Манас кан.
Манастын уулу Семетей
Таласты кайта ээлеген.
Кайнатасы Кантемир
Анын да калкын бийлеген.
Андын кийин кыргыздан
Баш көтөрүп чыккандан
Азирет кан ошондо
Кытайлар менен эңишип,
Жаныш, Байыш ээрчишип,
Кытайларды камаган
Балбандарын сабаган.
Андан кийин чыккандан
Эр Табылды, Курманбек
Булар да болгон мыкты бек.
Миң-миң кылым жыл өткөн,
Ону менен тең кошо
Ар бир түрлү эл өткөн.
Бул дүнүйө жалганда
Акырети бир күнү
Булар да болгон арманда.
Так Сулайман мустапа
Бул дүнүйө бейбапа
Там толгон тиллаң болсо да
Тынчып жатып албайсың.
Беш жүзгө жашың толсо да,
Тыйынча пайда таппайсың.

# Айтыштар



## БАРПЫ МЕНЕН НАЗАР

Барпы: Дал ортомду кабартып,
Көтөрдүм отун адырдан.
Барпы, Назар — экөөбүз
Сырдашып, болдук кадыржан.
Залим байга кор кылган —
Бул ишти көрдүк тагдырдан.
Атабыз сатты залимга́,
Акчасын санап алууга.

Назар: Кире элекпиз, Барпы дос,
Экөөбүз тең карууга.
Атам сатты залимге
Жарым чейрек тарууга.
Кожоюнум көтөрөт
Урамын деп таягын.
«Отунуң менен кургур» — деп,
Байбиче бүркөйт кабагын.
Алты күндө бир жууйт,
Атала куйган аягын.
Ишенбесең Барпы дос,
Али[1] барып карагын.

Барпы: Андай болсо, жан досум,
Түшөт го сенин таманың.
Бутумдагы кам[2] чокой
Жыртылганын карагын.
Тикен сайып таманым
Тытылганын карагын.
Үшүк алды бутумду
Убайда көрдүк шул күндү.
Жатканым суук эшикте,
Залим бай алды тынчымды.
Үргүлөсөм, бакырып —
Кечеси бузат уйкумду.
Үйгө кирсем: «от жак» дейт,
Эшикке чыксам: «мал бак» — дейт.
«Кеч каласың отундан
Эртелеп туруп, «тез бас» — дейт.
«Алгамын пулга сени» — дейт,
«Сырымды билип алгансып
Уктай бербе эми» — дейт.
Өңү суук залимдин,
Сөгүшү менен геби жейт.

[1] Али — кечинде, кечирээк.
[2] Кам — ийленбеген, чылгый.

Назар: Айым бүтүп залимден,
Кетер күнүм бар бекен?
Өзүмдүн жайым Кыр-Жолго,
Жетер күнүм бар бекен?
Менин да шишип тапаным,
Жыртылды кийген чапаным.
Кызыталак залимден
Кутулуп качан кайтамын?
Күйгөнүмдөн сырымды
Досум, сага айтамын.
Мен да сендей кеч курун
Азабымды тартамын.
Кытыр-кытыр кашынып,
Тынч уктабай жатамын.
Байбиченин кордугун
Укчу, дос сага айтамын:
Куурмак берет — бадырак,
Тиктеп турам жалдырап.
Менден бөлөк туубастын,
Үйүндө жок «баласы».
Кийгизгени эски шым,
Жыртылганын карачы!..

Барпы: Сен күйгөн байдан мен күйгөм,
Экөөбүз — жолдош тең күйгөн.
Алты ай өттү эсепте,
Бир жолу жуубайт кийимди.
Жоголсо деп тилеймин
Шуга окшогон зулумду.
Атала берсе, тузу жок,
Кетирди беттен нурумду.
Күйгөнүмдөн мен дагы
Айттым сага сырымды.
Алтыбайдай áкáси
Артыкча мени бул жумшайт.
«Кулубузсуң Барпы» деп,
Баласы Зирек шул жумшайт.
Чыңырып тилдейт Чырагы,
Тили уудай бу дагы.
Байлардын өттү казабы,
Өлгүчө чыкпайт эсимден,
Залимдин кордук азабы.
«Ырысы жок кедей» деп,
Ынтылганы[1] күйгүздү.
Кык ташытып замбарлап[2],
Булкунганы күйгүздү.

[1] Ынтылганы — жулунганы, тап бергени.
[2] Замбар — замбал.

Назар: Жокчулук кести мойнумду,
Алды суук колумду.
Атам сатып залимге
Курутту менин шорумду.
Көтөрүп барган отунум,
Бир өгүзгө жүк турат.
Билесиң Назар досуңду,
Аягы менен тик турат.
Өмөрбектин балдары,
Баш-башыга зор болду.
Алибек уулу Назариң,
Азабын тартып кор болду.
Жаш толду кара көзүмө,
Жабыр түштү өзүмө.
Бул сырымды, Барпы дос,
Айтайын сенин өзүңө.
Кожоюнум Өмүрбек,
Азары мага болду көп.
Ыраңымда кан калбай
Саргайып өңүм болду чөп.

**Барпы:** Ажалым жетип өлбөсөм,
Ажырармын жалындан.
Кутулармын бир күнү
Шуга окшогон залымдан.
Катуу суук чилдеде,
Согончогум жарылган.
Жалынсам да эч бербейт,
Чокоюма чарымдан.
Бул азапты мен көрүп,
Үмүт үзөм жанымдан.
Көтөрө албай отунду
Белим ооруп мекчеет.
«Отундан эрте келбейт» — деп,
Байбичеси чекчеет.
«Аттарга кишен салгын» — деп,
Назарбай чабат башыма.
«Торпокту байлап койгун» — деп,
Апиже тиет гашыма[1].
Сен дагы мендей кедейсиң,
Назар досум, жашыба.
Нелер келип не кетпейт
Эр жигиттин башына.

[1] Гашыма — жиниме тиет.

## БАРПЫНЫН НАЗАРБАЙ МЕНЕН АЙТЫШКАНЫ

Назарбай: Үйүмдө жүргөн «уулумсуң»,
Үч тиллалик кулумсуң.
Қаптагын, кулум, саманды,
Жумшаймын сендей жаманды.
Эртең менен турбайсың,
Айтканымды кылбайсың.
Көтөрүп тургун башыңды,
Актап ичкин ашымды,
Келтиресиң гашымды[1].
Тойгуча жейсиң нанымды,
Бакпайсың жакшы малымды,
Билемин, кулум, алыңды.

Баргың келет апаңа,
Пул бергемин атаңа.
Кызын баалап береби,
Өткөргөн менин акыма?

Барпы: Қаптадым капка саманың,
Азыр сенин заманың.
Бутума чокой бербестен,
Үшүк урду таманым.
Тонголок кести бутумду,
Малыңа кантип барамын?
Чоң акырга толтуруп
Жылкыңа саман саламын.
Кыйналып жүрүп өлбөсөм,
Кегимди сенден аламын!
Отунуң тердим ойдолоп,
Адырга барам жорголоп,
Карайып булут көбөйсө,
Төбөмдөн жамгыр шорголоп.
Карышам сыным туташып,
Кайкайган ташка корголоп.
Та́гимда́[2] түзүк төшөк жок,
Жаталбаймын ойдолоп.
Арзымды качан тыңшайсың?
Үч ага — ини жинденип,
Үчөөлөп мени жумшайсың.
Үч дилда акча бергениң,
Сүйөсүң үшүп өлгөнүм.

---

[1] Гашымды — ачуумду.
[2] Та́гимда́ — астымда.

Ыраат[1] болор бир күнү
Кордукту сенден көргөнүм.

Назарбай: Акмаксың, кедей, оолукпа,
Бир бáлááгá жолупка.
Таманың тилип кан алсам,
Анан, ачылып көзүң соолукпа.
Тойгонуна торондоп,
Сүйлөйсүң мага олондоп.
Өлүп кетсең майлига,
Жүрө бер, сокур, чолондоп.
Áкáмдин аты — Алтыбай,
Туугандын мага баркы бар.
Жашымда сүйүп көтөргөн,
Кызматты мага өткөргөн.
Жумшаймын сендей кулумду,
Төлөтүп алам пулумду.
Күрөп бер көңдүү чаркарын[2],
Пулуман жумшап айтамын,
Аккыз жеңе катыны,
Токуп бер минчү атыны.
Кардыңы жарат тампайтып,
Бышырып койгон патири[3].
Ортончу áкáм Базарбай,
Кошко жумшайт эртеге,
Коштун башын жетеле.
Агамдын көөнүн куш кылгын,
Арбытып кедей, иш кылгын.
Жармага кардың тоесуң,
Жарылгандай болосуң.
Көк арканың бүктөй кел,
Көк атка куурай жүктөй кел.
Байбичем үйдө ыйлады,
Кечээ отун жоктон куурады.
Жүктөбөсөң отунду,
Сыйрып алам тонунду.
Жара чабам жонунду,
Курутам, кулум, шорунду.

Барпы: Эки аганды көрсөтүп,
Ашырдың мээнет сен мага,
Жүргөмүн малай бир сага.
Куурай терип келгин — деп,
Кутургандай сүйлөйсүң.

---

[1] Ыраат — жыргал болор деген мааниде.
[2] Чаркар — мал сарай.
[3] Патир — нан, той-ашка атайын даярдалган кооздолгон нан.

Мээнетке бүткөн Барпынын
Кыйналганын билбейсиң.
Апаже[1] сенин айымың,
Ардактап алган зайыбың.
Кийим бербей кыйнайсың
Менин кай жерден таптың айыбым?
Мээнет менен бактырган
Малыңдын жайын ырдаймын.
Оокат менен иши жок,
Жарыңдын жайын ырдаймын.
Таң атса берет бир калдай
Кеч кирсе берет бир калдай
Экөө биригип келип бир нандай.
— Эңкейсем белим үзүлөт,
Эртерээк байла кулун — деп,
Байбичең төрдө сүзүлөт.
Кордукту мага көрсөттү,
Жумушка жок баласы.
Айыга элек, Назарбай,
Согончогум жарасы.
Түш болсо берет кымыран,
Чыдабай калдым шунуңан.
Атамдан алгын пулуңду,
Келип калса кезегим,
Соолтсом сендей зулумду.
Кечээ камгак отун кейитти,
Тикенге шишип билегим.
Кордукту мага көрсөтүп
Бакырсаң чыгат жүрөгүм.
Келет го деп ойлоймун,
Акыры менин тилегим.
Кызыны баалап алам — деп,
Сен, кыжынасың атама.
Жашымда эмчек эмизген,
Баргым келет апама.

## БАРПЫ МЕНЕН КАРАМУРЗА

Карамурза: Кызылды кийсең жарашат:
Кыргыздар сени карашат,
Кылбат жерде талашат.
Өңдүүнү кийсең жарашат;
Өзбектер сени карашат,
Өңүттүү жерде талашат.

---

[1] Апаже — Назарбайдын аялынын аты.

Барпы: Кызылды кийсем жарашат:
Кыргыздар мени карашат,
Кылбат жерде талашат.
Өңдүүнү кийсем жарашат;
Өзбектер мени карашат,
Өңүттүү жерде талашат.
Эшекке жабуу жапкандай,
Итке тумар таккандай,
Журтта калган кашыктай,
Ит мүлжүгөн ашыктай,
Кара чаар Мурзага
Кайсы кийим жарашат?

Карамурза:

. . . . . . . .

. . . . . . . . . . .

Барпы:

. . . . . . . . . . .

. . . . . . . . . . .

Кыздарыңа айта бар...

## БАРПЫ, БЕКНАЗАР ЖАНА НЫШАН

Бекназар: Топтолуп ырчы толуптур,
Топондон арзан болуптур.
Аламан ырчы толуптур,
Арпадан арзан болуптур.
Келгин ырчы толуптур,
Кебектен арзан болуптур.
Аламан балдар көбөйүп,
Алымыбыз азайды.
Жетесиз балдар көбөйүп,
Жемишибиз азайды.
Чоорчу турат чочоюп,
Кыякчы турат кыйшаңдап,
Тайган иттей шыйпаңдап.
Комузчу турат койкоңдоп,
Жаман кыздай ойсоңдоп.
Ителги тийген таандай
Илбитемин[1] баарыңды,
Аламын бүгүн шайыңды.
Акынсынган, Барпы көр,
Кесемин сенин пайыңды[2].
Ким билет түпкү жайыңды?
Созоктогу сарттардын
Жашыңда бактың бадасын.

---

[1] Илбитемин — таратамын.
[2] Пайыңды — согончок тарамыш.

Жалгыз көздүү Барпынын
Бергени турам жазасын.

Нышан ырчы Барпыны жактап, ажыратып алуу үчүн ырдайт:

Бекназар, сендей ким болот?
Кой аксагы менен миң болот.
Ачыдан Барпы чыкканы,
Менин колум узарды.
Менден кийин Бекназар,
Сенин колуң узарды.
Кем эмес Барпы чырагым,
Мен жардамдык кылган убагым.
Ченебей аке чекчейбе,
Капкандай белиң мекчейбе!
Балага катуу ѓап урба,
Этегиде[1] таарынба.
Ажыратып койбойт деп,
Нишанга келип жалынба.

Бекназар: Жантөрөнүн атындай,
Кыландаба, Нишаным.
Балага катуу тийдиң деп,
Тырандаба, Нишаным.
Боорсок кулак эчкидей,
Чунандаба, Нишаным.
Билемин сенин жөнүндү,
Түгөтөм Барпы көрүндү.

Нышан: Көгөрүп өсөт майда тал,
Көркү адамдын кара мал.
Бириң болсо үка́мсың,
Бекназар менин а́ка́мсиң,
Бириң өлүп, бириң кал!

Барпы: Сыйласам а́ка́ билбейсиң,
Сыйырмага сүйлөйсүң.
Өз атыңды билбейсиң,
Имересиң сүйлөйсүң.
Ишенбе Жолборс казыңа,
Келбейби бирөө алдыңа.

Кебектен арзан дебегин,
Келишимдүү акынды.
Көрбөдүм сендей бакылды.
Топондон арзан дебегин,
Топтон келген акынды.

Көңүлүң тайын жалганга
Казыдан бир тон алганга.

---

[1] Этегиде — аягында деген мааниде.

Калк акыны жыйылса,
Адамды теңеп тайганга.
Илими бар молдосун,
Ылаачын болуш ойдосуң.
Кетиремин бурдунду[1],
Кетиндетпе мурдунду.
Азил кебиң өткөрөм,
Бычырайган мурдуңа,
Пышаң салып көтөрөм.

Бекназар: Өрдөк учат көлдөрдөн,
Кутулбадым ар жерде,
Сага окшогон көрлөрдөн.
Жылкы сулайт башаттан,
Кутулбадым ар жерде,
Сага окшогон кашактан[2].
Эртеги күндү кечки дейт,
Уругунду сурайын,
Себеби эмне эчки дейт?
Билейин сенин баркынды,
Ак эчки дейт калкынды.
Бекназар айтпай коебу,
Асти адамдан бер жака,
Адамдан эки болобу?

Барпы: Өрдөк учат көлдөрдөн,
Кутулбасаң, Бекназар,
Мага окшогон көрлөрдөн;
Жылкы сулайт башаттан,
Кутулбасаң, Бекназар,
Мага окшогон кашактан;
Найманбай менен ырдашып,
Абийриң кеткен Аркадан.
Ким кутулуп калыптыр,
Сага окшогон маңкадан.
Билесиң менин баркымды,
Сүрүштүрсөң наркымды.
Ак эчки десе калкымды,
Ак эчкинин ордуна
«Соем» деп аның чочуткан.
Түп бабамды коркуткан,
Ошол хан сенин уругуң
Оолукпа маңка тырыгым.
Ачууланып буулуккан,
Канга барып каккан деп,
Ак эчки наамы мундуктан.
Сенин атаң Маадалы,

---

[1] Бурдунду — абийиринди.
[2] Кашак — сокур.

Кан алдында атыккан.
Не себептен Жангазы
Жоор атка чомурган.
Токсондо бутун томурган,
Алымкул кан áкáм деп,
Таштакта бутун омурган.
Ошентип атаң оңолгон,
Качырып Барпы ырдаса,
Маңкалар качып жоголгон.

**Бекназар:** Пириң элем ак кылдың,
Айыпты коем мойнуңа,
Эми казыкты кагам бооруңа.
Дары берем өзүңө
Далпараң[1] коем көзүңө.
Камчы берем өзүңө
Калемпир себем көзүңө.
Оң көзүңдү оемун,
Сол көзүңдү соемун.
Сакайса, сакайбаса да,
Далпараң баса коемун.

**Барпы:** Неченди жолдон чыгарган,
Динди кудай урдубу?
Сага окшогон беймаза,
Пирди кудай урдубу?
Алты ооз ырды тапкансып,
Чечендикке жетесиң.
Арбак урган бир маңка,
Эшендикке жетесиң.
Эшен болбой жерге кир,
Эстүүлүктү билбейсиң.
Эшенмин деп чочутуп,
Элге жалган сүйлөйсүң.
Оң көзүмдү оесуң,
Сол көзүмдү соесуң.
Сакайбаса көзүмө
Далпараң басып коесуң.
Дайым ырың бул элге
Маани болот, Бекназар.
Далпараң сабил[2] маңкага,
Дари болот, Бекназар.
Какшаганың бул элге,
Маани болот, Бекназар.
Калемпир сабил маңкага
Дари болот, Бекназар.
Ыштаганга түлкү өлөт,

---

[1] Далпараң — көк таш. Дары ордуна колдонулуучу ачык таш.
[2] Сабил — чоң, зор.

Далпараң сепсе курт өлөт.
Ак дари сепсең сап болот,
Анан мурдуң сак болот,
Таноoң таза пáк[8] болот.
Барпы менен ырдашып,
Бүгүн Бекназар маңка сап болот.

Бекназар:

Өйдө төмөн ыр кылып,
Энтелесең капамын.
Асасы жок көргө окшоп,
Темселесең капамын.
Таанып келген жолуңа,
Таяк берем колуңа.
Қадырлап келсең жолума
Қáлтáк берем колуңа.
Азыр кирсең жолума,
Аса берем колуңа.

Барпы:

Алдыңа туура барамын,
Аса берсең аламын.
Абалкылар кармаган,
Асадан кантип танамын.
Таамай басып барамын,
Таяк берсең аламын.
Чолпон-ата[2] кармаган,
Таяктан эмне танамын.
Қай жерде болсоң барамын,
Қáлтáк берсең аламын.
Заңги баба[3] кармаган,
Қáлтáктáн эмне танамын.
Илгеркиңдей ырдайсың
Илияс аса кармаган.
Мурункудай ырдайсың
Сенин Мустапаң аса кармаган.
Бардаш[4] кылбай ырдайсың,
Сенин Мухамбетиң аса кармаган.
Улук эмес ар жерде
Қичике аса тийбеген.
Сага окшогон шерменде,
Бучука аса тийбеген.
Мындан кийин, Бекназар,
Қанчага аса тийбеген?
Сага окшогон шерменде,
Маңкага аса тийбеген.
Қетиремин күчүңдү
Аламын сенин үшүңдү.

---

[1] Пáк — таза.
[2] Чолпон-Ата — койдун пири.
[3] Заңги-Баба — уйдун пири.
[4] Бардаш кылбай — кенебей, камырабай.

Бекназар: Чокчондобо, Барпы көр,
Жолборстой казы чоңум бар.
Чоголдук кылып катылсаң,
Маңдайыңда торуң бар.
Күрпөңдөбө, Барпы көр,
Кушубак болуш анаке.
Акырет кылдың атаңды
Жейсиң го ка́лта́к мынаке.
Башыңды жарат төрт жерден
Мавлан болуш анаке.
Адеби жок акмак көр
Асылып жатсаң мынаке.
Бекназарды жеңем деп,
Безет көр бекер урунду,
Акмак көргө кор кылбай,
Ажыратып алып кал,
Карындашың Бурулду.
Катыласың пириңе,
Ойлобогун акмак көр,
Мундузга келип турумун.

Барпы: Күнөө кылган ишим жок,
Казыңдан не деп коркомун.
Бозуп келген эмесмин,
Болуштан не деп коркомун.
Башымды жара чаптырып,
Мавландан не деп коркомун.
Күйөөсү Барпы уялган,
Никелеп бата кыркам деп,
Казың отуз сом акча пул алган.
Урушту казың оңолбойт,
Урам десе казыга,
Карындашы жолобойт.
Кете берем кет десе,
Барпынын алты пулу коробойт.
Караңгыда көрүнсө,
Карындашы казынын
Барпынын көөнүн чак кылат.
Аркамдан ээрчип тек койбой
Казыңды мында дак кылат,

— деп Барпы ырдагандан кийин Базаркул деген кишинин ачуусу келип, «Аялды ортого салып ырдайсың» — деп, Бекназарды жемелеген. Ошондо эл ортого түшүп биз ажырап кеттик. Экөөбүзгө эки чапан кийгизип айтыштырбай койгон.

## БАРПЫ МЕНЕН ЖЕҢИЖОКТУН АЙТЫШЫ

Жеңижок: Избаскен менен Бүргөндү
Кезип келдиң, Барпы акун.
Канча элди аралап,
Сезип келдиң, Барпы акун?
Базар-Коргон, Тентек-Сай
Жайдан келдиң, Барпы акун.
Сендей бала жок эле,
Кайдан келдиң, Барпы акун?
«Жеңижокту жеңем» деп,
Кууп келдиң, Барпы акун.
Сол көзүңдү ачпастан,
Жуумп келдиң, Барпы акун.
Эки катар тон кийсең,
Сүйүнөсүң, Барпы акун.
Акундугуң шул жерде
Билинесиң, Барпы акун.
Ээрчигениң Семетей
Найып болду, Барпы акун.
Кармашмагың мен менен
Анык болду, Барпы акун.

Барпы: Жалалабаддан жол тартып,
Жөнөп келдим, Жеңижок.
Жакшылардан ажырап,
Бөлөк келдим, Жеңижок.
Угузарга ыр жүктөп,
Ала келдим, Жеңижок.
Акундугуң эшитип,
Сага келдим, Жеңижок.
Тай баланын күчүнү
Эми көргүн, Жеңижок.
Сол жак көзү жумулган
Мени көргүн, Жеңижок.
Көрүп кетем, Мейли-Сай
Жолуңузду Жеңижок.
Сынап кетем бай-манап —
Чоңуңузду, Жеңижок.
Көрүшөлү, кел бери,
Колуңузду, Жеңижок!

Жеңижок: Беттешкенде манакей,
Менин колум, Барпы акун.
Адаштырат сендейди
Менин жолум, Барпы акун.
Жайып койдум алдыңа
Темир торум, Барпы акун.
Кууратам го тебишсең,

Эми шоруң, Барпы акун,
Манаптарым көргөндө
Сүйүнөсүң, Барпы акун.
Ичегинден сыдырып
Түйүлөсүң, Барпы акун.
Өлөмүн деп жанындан
Түңүлөсүң, Барпы акун?

Барпы: Эсендикке көрүшүп,
Туттум колуң, Жеңижок.
Ок аткандай тешемин
Сенин торуң, Жеңижок.
Келем десең Мейли-Сай
Жолуң ыраак, Жеңижок.
Чеңгелдесем чычырам,
Менде тырмак, Жеңижок.
Жайын таап, ыр чечкен,
Жакшысыңбы, Жеңижок?
Өлүшүмдү билгидей
Бакшысыңбы, Жеңижок?
Ырчылардын ичинде
Өрүсүңбү, Жеңижок?
Ичегимди түйгүдөй
Лөлүсүңбү[1], Жеңижок?
Таманымдан үзгүдөй
Бөрүсүңбү, Жеңижок?
Ушул жерде билинди,
Эми өлөсүң, Жеңижок.
Менден мурда тырайып,
Сен өлөсүң, Жеңижок!..

Жеңижок: Карала напти жибек тон
Кийип келдиң, Барпы акун.
Казысы бар ала тай
Минип келдиң, Барпы акун.
Ала тайың кечкурун
Соер бекен, Барпы акун?
Чучук каптап алдыңа
Коер бекен, Барпы акун?
Султанказак болуштун
Сулпатыны билбейсиң.
Жанындагы Бабаяр
Улпатыны билбейсиң.
Ээриңди көтөртүп,
Айдар бекен, Барпы акун?
Эки колуң артыңа
Байлар бекен, Барпы акун?
Жалгыз көзүң ботодой

[1] Лөлү — Орто-Азиядагы мусулмандашкан цыгандар.

Жайнар бекен, Барпы акун?
Бүгүн атың казанга
Кайнар бекен, Барпы акун?
Маскаралап, Жеңижок
Чайнар бекен, Барпы акун?

Барпы: Карала напти жибек тон
Кийип келдим, Жеңижок.
Казысы бар ала тай
Минип келдим, Жеңижок.
Бабаярың алдына
Баблап келдим, Жеңижок.
Семиз минип, союшуң
Камдап келдим, Жеңижок.
Жолоочунун атын жеп
Жору беле болушуң?
Жара тартып кеткидей,
Бөрү беле болушуң?
Талагандай тайымды
Таскарабы болушуң?
Таамай элдин ичинде
Маскарабы болушуң?
Конок келсе сыйлашып,
Кой сойбойбу болушуң?
Ырчынын атын союшка
Кол койгонбу болушуң?
Булгаары тердик атында
Теминиптир болушуң.
Мунуң үчүн чардайып
Семириптир болушуң.
Ачка беле бөрүдөй
Алатайым казысын
Чайнагандай болушуң?
Ууру белем колумду
Байлагандай болушуң?
Куңайым жок артыма
Айдагандай болушуң.
Барпынын сына турган бели жок,
Корко турган жери жок,
«жалгыз атың соем» деп,
Жагжаңдайсың. Жеңижок!
Сен оё албайсың көзүмдү,
Ура албайсың өзүмдү.

Барпы ушунтип айтканда, Султанказак манап ызаланып, Жеңижокту жемелеп жиберет экен. Ушундан кийин Жеңижок айтыштын багытын башка жакка буруп, сөздү мындайча баштайт экен.

Жеңижок: Баятан айткан сөзүмө
Капа болбо, чырагым,
Жүрөгүңдү чыгарып,
Бир пас сени сынадым.
Өйдө өтөт көк дөбөт,
Ылдый өтөт боз дөбөт.
Эки дөбөт айрымын
Акыл менен ким көрөт?
Тамагынан кан чыкпай,
Суналып киши неге өлөт?

Барпы: Өйдө өткөн көк дөбөт
Амал[1] болот, Жеңижок.
Ылдый өткөн боз дөбөт
Шамал болот, Жеңижок.
Муну Барпы билбесе,
Жаман болот, Жеңижок.
Билбегендер бул сөздү
Наадан болот, Жеңижок.
Көгөрүп өскөн кияны[2]
Кыш күн көрбөйт, Жеңижок.
Азирейил жан тартат,
Эч ким көрбөйт, Жеңижок.
Өлүм башка келгенде,
Эр муңаят, Жеңижок.
Жан денеден кеткенде
Көз тунарат, Жеңижок.
Таппады деп болбогун.
Сен кыжалат, Жеңижок.

Жеңижок: Дүнүйөдө бирөө бар
Турбай кетет, Барпы акун.
Бөлөк жолго өзүнү
Бурбай кетет, Барпы акун.
Экинчиси айтканым,
Он эки жаш, Барпы акун.
Тан беришсин, бул сөздү
Элим укса, Барпы акун.
Табалбастан болбогун
Менден куса, Барпы акун?

Барпы: Сенин айткан касиет —
Күндүн нуру, Жеңижок.
Күн чыгабы жолудан,
Билсең, чыны, Жеңижок?
Ай менен Күн жылышса,
Ким жете алат, Жеңижок?
Күн болбосо, дем алып,

---

[1] Ама́л — эрте жаздагы табияттын ойгонушу.
[2] Кия — чөп.

Ким эс алат, Жеңижок?
Тептегерек бир нерсе —
Айдын өзү, Жеңижок.
Кандай болду Барпынын
Айткан сөзү, Жеңижок?

Сенин айтканыңа унадым.
Сенен да бир сөз сурадым.
Башында бар селдеси,
Оозунда бар келмеси,
Үч жүз алтымыш бир жөжөсү,
Мунун кандай болду мааниси?

Жеңижок: Имерилип сүйлөдүм,
Илек-илегиң билбедим.
Кайдан санап билейин
Жөжөлөрүң баласын?
Жеңижокту, Барпы акун,
Ар балаага саласың.

Барпы: Абалы менден сурадың,
Түрдүү ырдын кыйынын.
Чечалбасаң Жеңижок,
Ичи өткөндөй ыйынын.

Жеңижок: Кыйындыкты тез билген.
Кысталышта сөз билген,
Ак таңдай асыл акындан
Калышпайсың Барпы акун.
Ар дайым болсун оюнда;
Акындык жолуң оңунда —
Арыштайсың, Барпы акун.

## БАРПЫ МЕНЕН ЖЕҢИЖОКТУН АЙТЫШЫ
(2-варианты)

Жеңижок: Жака-белден кеп уктум,
Жаңыбайдан кеп уктум.
Жалал-Абад, Өзгөндөн
Ырчы келди деп уктум.
Ысмынды Барпы деп уктум,
Ырынды уккан адамдын
Жазылат жарпы деп уктум.
Көрүмүң кыргыз баласы,
Көзүңдүн бар чаласы.
Караңгыга кабылсаң
Кайда барып коносуң?
Калың кыпчак ичинен
Кайсы уруудан болосуң?

Жалал-Абад, Чаткалдын
Ортосу канча жол болот?
Кайсы эгин аз болот?
Кайсы эгин мол болот?
Кайсы уруу оң болот?
Кайсы уруу сол болот?
Айрып берчи арасын?
Айтып берсең аныктап,
Агандап пата аласың.
Кемпирабад, Акманды
Кезип келдиң, Барпы ырчы.
Кайсы элдин кандай салты бар —
Сезип келдиң, Барпы ырчы.
Базар-Коргон, Тентек-Сай
Жайдан келдиң, Барпы ырчы.
Сендей бала жок эле,
Кайдан келдиң Барпы ырчы?
Бир жак көзүң ачпастан,
Жумуп келдиң, Барпы ырчы.
Жеңижоктун кабарын
Угуп келдиң, Барпы ырчы.

Барпы: Ат бастырып атайы
Кайдан келдим, Жеңижок?
Жалал-Абад, Кең Чаңгет
Жайдан келдим, Жеңижок.
Барчыны зоодо шаңшыган,
Булбулу бакта таңшыган
Анжияндык калкыман
Ысык салам айтамын.
Орозали, Бекназар
Өзүңүзгө бир катар,
Нышан ырчы, Жаңыбай
Жаңшаганда чер жазар.
Топчубай менен Көр Жолдош —
Катышпаган той болбос —
Ошолордун атынан
Ысык салам айтамын.
Уруумду — Төөлөс дейт,
Төрүн жоого бербес дейт.
Жалал-Абад, — Чаткалдын
Ортосу он күн жол болот.
Бүтүн Багыш оң болот,
Бүтүн Саруу сол болот.
Күрмөктө түшүм аз болот,
Күрүчтө түшүм мол болот.
Кыргыздан чыккан акын деп,
Казалы элге макул деп,
Өзгөн деген жеримден

Жөнөп келдим, Жеңижок.
«Жакшылардан» ажырап,
Бөлөк келдим, Жеңижок.
Угузууга ыр жүктөп,
Ала келдим, Жеңижок.
Акындыгың эшитип,
Сага келдим, Жеңижок.
Сынап кетем бай-манап
Чоңуңузду, Жеңижок.
Көрүшөлү сунуңуз
Колуңузду, Жеңижок.
Көрсөтүңүз Барпыга
Жолуңузду, Жеңижок.

Жеңижок: Көрүшөр болсоң — мынакей
Менин колум, Барпы ырчы.
Адаштырат сендейди
Менин жолум, Барпы ырчы!
Жайып койдум алдыңа
Темир торум, Барпы ырчы.
Күкүктөй эргип ырдасам —
Көпчүлүк жыйын бөлүнөт.
Суроого жооп кайтардың —
Сыягың ырчы көрүнөт.
Адаштырып ырдасам,
Адашпадың жолуңдан.
Чынын билип отурам —
Чыгыпсың кыпчак тобундан.
Нышан менен Бекназар
Катар ырдап чыкты эле.
Көк жаңыртып добушу
Көп ырчыдан мыкты эле.
Карала напти жибек тон
Кийип келдиң, Барпы ырчы.
Казысы карыш, ала тай
Минип келдиң, Барпы ырчы,
Султанказак болуштун
Сулпөтүн сен билбейсиң.
Жанындагы Бабаяр,
Үлпөтүн сен билбейсиң.
Ушул ала тайыңды
Соер бекен, Барпы ырчы?
Чучук каптап өзүңө
Коер бекен, Барпы ырчы?
Төрт кароол, бир жасоол
Жайлар бекен, Барпы ырчы?
Ээриңди көтөртүп,
Айдар бекен, Барпы ырчы?
Эки колуң артыңа

Байлар бекен, Барпы ырчы?
Жалгыз көзүң олоюп,
Жайнар бекен, Барпы ырчы!

Барпы: Карала напти жибек тон
Кийип келдим, Жеңижок.
Казысы карыш ала тай
Минип келдим, Жеңижок.
Жолоочунун атын жеп —
Жоору беле болушуң?
Жара тартып кеткендей
Бөрү беле болушуң?
Талагандай тайымды
Таскарабы болушуң?
Маалим болгон жалпыга
Маскарабы болушуң?
Алыстан келген меймəнды —
Билалбайбы болушуң?
Ырчынын атын союудан
Уялбайбы болушуң?
Ат үстүндө дардайып,
Теминет го болушуң?
Күндө эт жесе чардайып
Семирет го болушуң?
Ачка беле бөрүдөй
Ала тайым казысын
Чайнагандай болушуң?
Ууру белем колумду
Байлагандай болушуң?
Күнөөм да жок бул жерден
Айдагандай болушуң?
Кейишке башым түшөрүн
Билгеним жок, Жеңижок.
Келининин койнуна
Киргеним жок, Жеңижок.
Азапка башым түшөрүн
Билгеним жок, Жеңижок.
Аялынын койнуна
Киргеним жок, Жеңижок.
Сына турган белим жок,
Корко турган жерим жок!

Жеңижок: Ала-Бука, Кызыл-Жар,
Аксы, Чаткал жерим бар.
Алты уруу, Саруу, көп Мундуз —
Аттуу-баштуу элим бар.
Башкарып турган жыйынды
Султанказак бегим бар.
Жаанбай менен Сагымбай
Ушул топтун башчысы.

Ушул топко чогулду
Жаман менен жакшысы.
Жүрөгүңө кол салып,
Бир аз сени сынадым.
Баятан берки сөзүмө
Капа болбо, чырагым.
Өйдө өтөт көк дөбөт —
Бул эмине болуучу?
Ылдый өтөт боз дөбөт —
Шул эмине болуучу?
Барпы: Өйдө өткөн көк дөбөт —
Амал[1] болот, Жеңижок.
Ылдый өткөн боз дөбөт —
Шамал болот, Жеңижок.
Муну Барпы билбесе —
Жаман болот, Жеңижок.
Жеңижок: Бул дүйнөдө бирөө бар —
Бурулбай кетет жол менен.
Казганактап турган жан
Кармай албайт кол менен —
Бул эмине Барпы ырчы?
Адашпаган жолунан,
Ар бир иштин оңунан —
Бул эмине Барпы ырчы?
Бир-бирине кошпой айт,
Басар жолун тоспой айт;
Жик-жигинен айрып айт,
Жол-жобосун кайрып айт —
Акындыгың билейин,
Акыным деп жүрөйүн,
Асыл сөздү терейин,
Адилет баа берейин!..
Барпы: Бул дүйнөдө бирөөң —
Кармалбаган кол менен,
Кадам койгон оң менен,
Кадиксиз жүргөн жол менен —
Күн эмеспи, Жеңижок!
Актык ишти жактаган,
Аурулукту сактаган,
Адилет сөздү сатпаган —
Дил эмеспи, Жеңижок!
Муну чечпей такалса,
Болбойбу Барпы эби жок.
Жеңижок: Кыйындыкты тез билген,
Кысталышта сөз билген
Ак таңдай асыл акындан

---

[1] Ама́л — эрте жаздагы табияттын жанданышы.

Калышпайсың, Барпы ырчы.
Ар дайым болсун оюнда:
Акындык салтың оңунда —
Арыштайсың, Барпы ырчы!

## БАРПЫ МЕНЕН КАЛМУРЗАНЫН КАРМАШЫ

Аргымак минген ка́тта́ла́р[1],
Алтын ка́ма́р[2] даткалар.
Күлүктү минген ка́тта́ла́р,
Күмүш ка́ма́р даткалар,
Ойнотуп күлүк мингендер,
Ой бешикке киргендер,
Каңтарып күлүк мингендер,
Катарга башы киргендер,
Элден озуп калбалар.
Кара сакал Калмурза
Кармашканы болбойт деп,
Капа болуп калбаңар,
Көөнүңөргө албаңар.
Өтөмбайдын ашы деп,
Арка, Анжиян калбастан,
Журту келди деп уктум.
Анжыяндык Парпы акун
Ырчы келди деп уктум.
Ка́мба́галдын оокаты
Жылымдыкка жетишпейт.
Эр чекишпей бекишпейт,
Кармашпаса эки ырчы,
Көпчүлүк мактап кетишпейт.
Жаман-жакшы элде көп,
Ырдашалы кел бери,
Чечендикти билдирип,
Көмөкөйдө ширин тил
Кайрашалы, кел бери!
Кел экөөбүз талыбай
Сайрашалы, кел бери!

Кыбла кайсы, кут кайсы?
Үзөңгү тебер пут кайсы?
Арка, Анжиян журт кайсы?
Алым кайсы, кат кайсы?
Айта турган чак кайсы?
Эсептө кайсы, нарк кайсы?

---

1 Ка́тта́ла́р — чоңдор.
2 Ка́ма́р — кемер.

Барпы: Элиңе келген мейманмын,
Эргип ырдай турганмын.
Эл жүрөгүн кубантып,
Сергип ырдай турганмын.
Калкыңа келген мейманмын,
Кайнап ырдай турганмын.
Өкөө эмес, даанамын[1],
Жаңгыз аттуу баламын,
Сенден кантип каламын,
Билип туруп ырдашка
Бийиңди ызат кыламын.
Болжогондой ырдашка,
Болушуң ызат кыламын.
Очасковой бир билип
Орусуң ызат кыламын.
Бирмандан ырдап өтөмүн
Ыр ка́литин[2] чечемин.
Теңелбесем өзүңө,
Көтүмдү кысып кетемин.
Ары жок адам айтышат,
Бейтааныш адам беттешет,
Эси жок ырчы жектешет.
Эл жыйылып топ болот,
Бала менен теңелсе,
Сендей акмактын эси жок болот.
Кыбла мына, кут мына,
Арка, Анжиян журт мына.
Мени менен ырдашып,
Кетирбегин баркыңды.
Эми аралап мен көрөм,
Аркада жаткан калкыңды.
Анжиyандай жеримдин
Сенин наркың менен иши жок.
Сени менен ырдашып,
Жинди болгон киши жок.
Шариаттан бөлөккө
Барпы ырчынын кушу жок.

Калмырза: Куткунуң[3] боoбун бек байла,
Кубалашмай ойнойлу.
Басмайылың бек байла,
Аңтарышмай ойнойлу.
Жылооңду бек карма,
Жыгылышмай ойнойлу.
Ат жабууңду бек карма,
Ат жарышмай ойнойлу.

---

[1] Даана — жалгыз.
[2] Калит — кулпу.
[3] Куткун — куюшкандын ээрге улашкан боосу.

Барпы: Куткунуӊ бобун бек байлап,
Кубалашып нетемин.
Басмайылым бек тартып,
Аӊтарышып нетемин.
Катылбасаӊ Калмырза,
Чаӊ салышып нетемин.
Жылообумду бек кармап,
Ат жарышып нетемин.
Элиӊе келдим бир мейман,
Эми өзүм жөнөп кетемин.

Калмырза: Чечен бала экенсиӊ,
Чечектен кетер бекенсиӊ?
Өткүр бала экенсиӊ,
Өткөктөн кетер бекенсиӊ?
Жаман бала экенсиӊ,
Жатагалар бекенсиӊ?
Чыйрак бала экенсиӊ,
Чычкактан кетер бекенсиӊ?
Теӊирдин салган ишини,
Көрүп кетер бекенсиӊ?
Мындай болсоӊ жугармак,
Өлүп кетер бекенсиӊ?

Барпы: Мени Бегабат эли мактаган,
Безгектен кудай сактаган.
Ханабад эли мактаган,
Каректен кудай сактаган.
Өзгөндүн эли мактаган,
Өткөктөн кудай сактаган.
Чымбайдын эли мактаган,
Чычкактан кудай сактаган.
Анжыян деген жеримде,
Кожо, молдо көп болот.
Безгек деген забилди[1],
Байлап койсо жок болот.
Чечек деген забилди
Чегип койсо жок болот.
Чегилбесе шо чечек,
Мага чыксын Калмырза.
Алигиче кам болсоӊ,
Сага чыксын Калмырза.
Ажал жетип күн бүтсө,
Жан бүткөндүн баары өлөт.
Каза жетсе хан өлөт,
Каргыш тийсе бала өлөт.

---

[1] Забил — жугуштуу дарт.

Нөөватига[1] караса,
Сага окшогон чал өлөт.

Калмырза: Өтөнбайдын ашы деп,
Жумгалда жатып уккамын.
Сага окшогон ырчынын
Бетиге чыккан чыйканмын.
Анжиянды Калмырза
Көрбөгөнсүп ырдайсың.
Соно[2] талап көтүңдү,
Өлбөгөнсүп ырдайсың.

Барпы: Сенин наркың мен билдим,
Боогачы менен Сапардын
Үйүгө келген меймансың.
Мага окшогон ырчыны
Үй айлантып кууган сың.
Өзүңдөн катта келгенде,
Ыштаныңдын ичине
Эгиз бала тууган сың.
Сен мекиян, мен короз,
Кууганда маалым болосуң.
Карагандын ичине
Качыратып тукумду
Тууганда маалым болосуң.
Өтөмбайдын ашы деп,
Жумгалда жатып уккансың.
Беттешип келген ырчынын
Бетиге чыккан чыйкансың.
Чыйкан болсоң чындап кел,
Анжияндык баламын.
Чыйканыңдын көтүгө
Болоттон кездик саламын.
Чыйканга чыккан бáлááмын.

Калмырза: Анжиянды Калмырза,
Көрбөгөнсүп ырдайсың.
Базар десе шайланат,
Май кабагын байланат.
Кырк тыйынга чай алат,
Кырк тыйынга май алат.
Үйүгө мейман келгенде
Катын шавла кылчы дегенсийт.
Эки араба тарткансыйт,
Жарты улукман алгансыйт.
Канаке табак деп алат,
Катыны талап жеп алат.

[1] Нөөват — кезек.
[2] Соно — чиркейдин түрү.

Барпы: Бул айтканың баари ырас;
Анжыяндын кишиси
Базар десең шайланат,
Май кабагын байланат.
Қырк тыйынга чай алат,
Қырк тыйынга май алат.
Ак буудай тартып нанын жейт,
Акыреттин камын жейт.
Арка деген жеринде,
Майда тартып нанын жейт.
Эшиктеги балдары,
Ак караны ылгабай,
Өпкө менен карын жейт.
Арам өлгөн малын жейт,
Макүр[1] болду деп койсоң,
Адал эле өлгөн деп,
Жалган сүйлөп жанын жейт.
Анжиянга барганда,
Сары май деп самын жейт,
Чүчбара деп камыр жейт.
Бул айтканың барысы
Маани болот, Қалмырза.
Меймандан калган саркынды
Миң бир эки ба́ла́ага
Дари болот, Қалмырза.
Бээси бар байларда,
Қымызы бар жайларда,
Саба болот Қалмырза.
Меймандан калган саркынды
Қаттык оору мейнетке
Дава болот Қалмырза.

Қалмырза: Қөкөлөп учкан ка́пта́рсиң,
Қөтү күйгөн а́тта́рсиң[2]
Айланып учкан ка́пта́рсиң,
Алды кайткан а́тта́рсиң.
Ала ат минип желгенсиң,
Арканын богун тергенсиң.
Анжиядан Аркага
А́ттарчи болуп кегенсиң.
Қөп иштерди көрөрсүң,
Мени менен ырдашсаң,
Қелтекке чычып өлөрсүң.

Барпы: Мен көкөлөп учкан ка́пта́рмин,
Қөтү күйгөн а́тта́рмин.
Айланып учкан ка́пта́рмин,

---

[1] Ма́кур — арам.
[2] Атта́р — майда-чүйдө буюмдарды кыдырып сатуучу.

Алды каткан áттáрмин,
Ала ат минип желгемин,
Арканын богун тергемин.
Анжияндан аркага
Áттáрчи болуп келгемин.
Эли-журтка болчудай,
Халба[1] жүктөп келгемин.
Эки атыма теңденип,
Алма жүктөп келгемин.
Қырып алып жешиңе,
Сабиз жүктөп келгемин.
Қыз-келиниң жешине,
Майиз жүктөп келгемин.
Боогачы дубанаң
Эрте менен пас тартат[2].
Бойго жеткен кыздарың,
Менден сурап нас тартат.
Таамини шимишет,
Илаптари чүрүшөт.
Қуптандан кийин безилдеп,
Бекбекей айтып жүрүшөт.
Өлдүм áттáр барчы дейт,
Өчүндү áттáр алчы дейт,
Бала ырчысың баргын дейт,
Майизиң акын алгын дейт.
Барбай койсоң өкүнөт,
Бойдок жүргөн бала ырчы,
Токтобостон секирет.
Чечип-чечип ырдасам,
Чечендикке саласың.
Чегир бала аласың,
Қулундуу болуп каласың.
Акылы жок Қалмырза,
Муну кантип танасың.

Қалмырза: Мындай болсоң акмак көр,
Караңгы тамга камайын.
Қарсылдатып сабайын.
Қылчылбыр салып бурайын,
Қыйнап зоокат[3] сурайын.
Керип коюп урайын,
Келтирип зоокат сурайын.
Мурунуңду тердетип,
Азабыңды берейин.

Барпы: Қараңгы тамга камашың,
Билгеним жок, Қалмырза.

---

[1] Халба — кáлбá.
[2] Пас тартат — ылдый карап жол тартат деген мааниде.
[3] Зоокат — сөз.

Катыныңдын койнуна
Киргеним жок, Калмырза.
Кыл чылбыр салып бурашың,
Билгеним жок, Калмырза.
Кыз-мызыңдын койнуна,
Киргеним жок, Калмырза.
Керип коюп урарың,
Билгеним жок, Калмырза.
Келиниңдин койнуна,
Киргеним жок, Калмырза.
Кантип мени урасың?
Алты катар дубалың
Тешкеним жок, Калмырза.
Ала качып атыңды
Кеткеним жок, Калмырза.
Жети пакса дувалың
Тешкеним жок, Калмырза.
Жетелетип атыңды
Кеткеним жок, Калмырза.

Калмырза: Көргөнмүн балам элиңди,
Көгарт, Чаңгет жериңди.
Каралма кайкы дейт экен,
Катыны жаңгак жейт экен.
Жаныбарым кара курт,
Катынынын мурдуну
Кетирейтип жейт экен.
Керки тамга дейт экен,
Жаныварым кара курт
Келининин мурдуну
Кетирейтип жейт экен.
Кылыч тамга дейт экен,
Кыздары жаңгак жейт экен.
Жаныварым кара курт
Кыздарынын мурдуну
Кыңырайтып жейт экен.
Бөлөкбай кашка дейт экен,
Бөлүшүп жаңгак жейт экен.
Жаныварым кара курт
Бөйрөктөн оюп жейт экен.

Барпы: Көрүпсүң менин элимди
Көгарт, Чангет жеримди.
Каралма кайкы дей берет,
Катыны жаңгак жей берет.
Керки тамга дей берет,
Келини жаңгак жей берет.
Кылыч тамга дей берет,
Кыздары жаңгак жей берет.
Бөлөкбай кашка дей берет,

Бөлүшүп жаңгак жей берет.
Жел түшкөндө бетин жейт,
Арка деген жеринде
Кыздарынын көтүн жейт.
Анжияндын кыздары
Алма, өрүккө тоюнат.
Арка деген жеринде
Аздан арты оюлат,
Жаман атка коюлат.
Анжияндын кыздары
Бостондун багын аралайт.
Аркалыктын кыздары
Бойдокту көрсө каралайт.
Анжияндын кыздары
Асыл жибек кийинип,
Кооз болот турбайбы?
Аркалыктын кыздары
Адаби жок жүргөндөн,
Бооз болот турбайбы.

Калмырза: Анжиян деген жеринде
Ашка салса татыбайт,
Кадагы менен сарт саткан
Тузуң менен куруп кал.
Тогуз жашар бало элек,
Көлгө түшмө ойногон,
Кызың менен куруп кал.
Агылында айкырган,
Атың менен куруп кал.
Чылым чегип отурган,
За́га́ра́га[1] мас болуп
Тарс эттирип осурган,
Сартың менен куруп кал.
Кордого салып кайнаткан,
Түрпүң менен куруп кал.
Көк өгүздөй үнү бар,
Көкүрөктө жүнү бар,
Түркүң менен куруп кал.
Бака, балыр аралаш
Көлүң менен куруп кал.
Кош куржуну мойнунда
Лөлүң[2] менен куруп кал.
Айтып турган ырында
Жөнүң менен куруп кал.
Сага окшогон беймаза
Көрүң менен куруп кал.

---

[1] Загара — мака жүгөрүдөн салынган бозо.
[2] Лөлү — мусулмандашкан цыгандар.

Барпы: Ашка салсаӊ татыбай,
Ӄадагы менен сатылган
Туздарымды ырдайсыӊ.
А̄да́п менен ийилген
Ӄыздарымды ырдайсыӊ.
Агылымда айкырган
Аттарымды ырдайсыӊ.
Шаардагы зырапа
Сарттарымды ырдайсыӊ.
Пайгамбар жеген мөзүза
Түртпөрүмдү ырдайсыӊ.
Түрк араптан таркаган
Түрктөрүмдү ырдайсыӊ.
Билбейсиӊ сөздүн жөнүнү,
Ӄошосуӊ мага лөлүндү.
Анык билип калыпсыӊ,
Бир көзүмдүн көрүнү.
Ӄөр а́м болсом көрдүмго,
Чоӊ кызыӊдын төрүнү.
Ээрчип жүрөт аркаман,
Ӄысыратып белини
Сенин Боогачыӊдын келини.
Ӄара товда оттогон,
Ӄарымбайдын эчкиси.
Сенин бийлериӊдин кийгени,
Баӊги сарттын эскиси.
Сенин ашка салса татыган
Тузуӊ менен куруп кал.
Тогуз жашар боло элек,
Төө өтмөктөн маш кылып
Житип кетме ойногон,
Жылгасына сойлогон,
Жыйырмага тойбогон,
Ӄызыӊ менен куруп кал.
Мейман келсе бир союш
Беримиӊ менен куруп кал.
Ӄойчусу менен дос болуп,
Ӄол кармашып бир жүргөн.
Ӄелиниӊ менен куруп кал.
Ӄалмырза: Ууктары төш жары,
Үйүӊ менен куруп кал.
Элечеги башында,
Молдо Сати, Исмаил,
Бийиӊ, менен куруп кал.
Чайыр кырдын башында,
Ӄонушуӊ менен куруп кал.

Гамбар сарттай кеспуруш[1]
Болушуң менен куруп кал.
Букарага чоң экен,
Жабириң менен куруп кал.
Турдукулдай бел сакал
Амириң менен куруп кал.
Барпы: Ууктары төш жары
Үйлөрүмдү ырдайсың.
Ырдасам га́бим эптелген,
Эгиз козу кептенген,
Акыйкатты аңдаган,
Шариятты кармаган,
Молдо Сати̇, Йсмайыл
Бийлеримди ырдайсың.
Букарага көбөйгөн,
Жабиримды ырдайсың.
Салтанаттуу Турдукул,
Амиримди ырдайсың.
Арка, Анжиян тан болгон,
Анжияндын ка́тта́син,
Кагаз менен жоктогон,
Мурзакарим, Мурайып,
Топко келген куралып.
Кадырлуу болуш экен деп,
Аркалыктын кыздары
Көпчүлүгү кубанган.
Ээрчип жүргөн муңайып,
Жүз элүү сом пул алган.
Ортосунда бир ка́мпир
Балалуу болуп калам деп,
Гамбардан кулун алам деп,
Шул жеринде айыбың,
Билбейсиң сөздүн калыбын,
Кече ээрчип жүрдү жүгүрүп,
Койнуңдагы зайыбың.
Сенин ууктарың үч кулач,
Үйүң менен куруп кал.
Таскараны билбеген,
Нарк деп га́пти сүйлөгөн,
Бийиң менен куруп кал.
Ак-Сайга барып токтогон,
Конушуң менен куруп кал.
Ысабектей чоң тумшук,
Сакаланы бит баскан,
Болушуң менен куруп кал.

---

[1] Кеспуруш — көталакы.

Қалмырза: Ууктары төш жары,
Үйлөрүңдү урайын.
Молдо Сати, Исмаил,
Бийлериңди урайын.
Чайир кырдын башыди,
Қонушуңду урайын.
Қамбар сарттай кеспуруш,
Болушуңду урайын.
Букараны күйгүзгөн,
Жабириңди урайын.
Гамбар сарттын патчасы,
Сакалы жок Турдукул
Амириңди урайын.

Барпы: Ууктары төш жары,
Үйлөрүмдү урасың.
Молдо Сати, Исмаил
Бийлеримди урасың.
Чайыр кырдын башында
Қонушумду урасың.
Айры сакал Гамбардай
Болушумду урасың.
Букараны күйгүзгөн,
Жабиримды урасың.
Сакалы жок Турдугул
Амиримди урасың.
Эми менден сөз угуп,
Сен да чыдап турасың.
Имерип туруп карагын,
Ит жолобойт эркекке.
Тооруп турап карагын,
Тоңуз чаппайт эркекке.
Аңдап тургун Қалмырза
Аюу баспайт эркекке.
Маанисин менден түшүнгүн,
Маймыл баспайт эркекке.
Мен, алыс эмес, өзүңдүн
Жакыныңы урайын.
Бөлөк эмес, өзүңдүн
Қатыныңы урайын.
Боогачы са́та́ңдин[1]
Келинини урайын.
Бойго жеткен кызыңдын
Желинини урайын.
Сексендеги кемпириң
Белимдете урайын.
Сегиздеги кызыңды
Желиндете урайын.

---

[1] Са́та́ң — короздонуп кийинген адам, стиляга.

Токсондогу кемпириң
Белимдетип урайын.
Тогуздагы кызыңды
Желиндетип урайын.
Каза көйнөк, ак дамбал
Жуудургуча урайын.
Кысыр болсо төлдөтүп,
Туудургуча урайын.
Жылкыдагы кызыңды
Жылмалатып урайын.
Киндигинин тагини
Тырмалатып урайын.
Колоттогу кызыңды
Кокуйлатып урайын.
Бешиктеги баласын
Бөлөттүрүп урайын.
Эжесине сиңдисин
Жөлөштүрүп урайын.
Өз аке деп үйрөнүп,
Эликкиче урайын.
Жүрөгү ысып туралбай,
Демиккече урайын.
Эне-атасы келгенче,
Элеңдетип урайын.
Эки бутун эгизге
Серeңдетип урайын.
Табарсыгын оорутуп,
Тарсылдатып урайын.
Муундарын бошотуп,
Шалкылдатып урайын.
Чыдабаса чаңыртып,
Аркасынан кувайын.
Адырына тартпаган
Танабыңы урайын.
Күн чыккыча уктаган
Манабыңы урайын.
Басылбастан кыйкырган
Күлкүсүнү урайын.
Сага окшогон беймаза
Ырчысыны урайын.

Калмырза: Көп китаптин маанисин
Көрүп окуп билгизген.
Көк карганын көгүнү
Кайсы олуя кийгизген?
Көк соурдун көгүнү
Кайсы олуя кийгизген?
Азиретали кылычы
Эмнеликтен узарган?

Илек-илек илген куш,
Ийинде жаткан жыланды
Бал көргөндөй билген куш.
Шыйрагы неден узарган
Тумшугу неден кызарган?

Барпы: Уламанын сөздөрү
Байит болгон эмеспи.
Эки дүлөй Ќарбала
Шайит болгон эмеспи.
Батбагандан ыйлаган,
Өз жаныны кыйнаган,
Көп китаптин маанисин,
Көрүп окуп билгизген.
Көк собурдун жүнүдөн
Азирет Батма кийгизген.
Көк карганын көгүнү
Азирет Айша кийгизген.
Аалынын чапкан кылычы,
Барган сайын узарган.
Илек-илек илген куш,
Ийниде жаткан жыланды
Бал ачкандай билген куш.
Шалпаяны көп кечип,
Шыйрагы шондон узарган.
Тумшугуну сурасаң,
Чоң энеңдин чочогун
Чокуп алып кызарган.
Өз энеңдин чочогун
Оюп алып кызарган.
Айбике менен Бужундун
Таби барбы Қалмырза?
Мындан ары мамаңдын
Ќаби барбы Қалмырза?
Бирден кийин экита,
Бунан бусурманчилик нечи та?
Торко калит ким койгон?
Токтоо жок ыр койгон,
Жаннатка калим ким койгон?
Жайын таап ыр койгон.
Чын тозокко күйөт дейт
Адамзаттын палити[1].
Эмне болот Қалмырза
Көтүндүн калити[2]?

Мында жеңип алган Барпыга Чоробай ээр токуму менен бир ат миңгизет. Боогачы бир тай берет. Басыздын эли биздин

[1] Палити — ыпласы
[2] Қалити — ачкычы

ырчы жаңылбай ырдады деп сүйүнөт. Калмырза балага тийишип ырдады эле, эл ажыратып, дуу күлдү.

## КАЛМУРЗА МЕНЕН БЕТТЕШҮҮ
(2-варианты)

Өтөнбай деген байдын ашында Барпы менен Калмырза экөө бет келип айтышып ырдашат. Жасалгалуу үйдө бай, манап, бий, истарчин жана найып, даткалар отурушат. Ошол ашка Анжыяндан Барпы барып улагадан орун ээлеп олтурат. Ошондо Барпыны көздөп Калмырза ырчынын ырдаганы:

Аргымак минген ка́тта́лар,
Алтын ка́ма́р даткалар.
Күлүктү минген ка́тта́лар,
Күмүш ка́ма́р даткалар.
Карчыга кушту түшүрүп,
Кармаса колдо талпынар.
Кара жолтой Калмырза
Кандай ырдап турат деп,
Мейманды кылат уят деп,
Көөнүңөргө албаңар.
Өтөнбайдын ашы деп,
Арка, Анжыян сүрүлүп,
Журту келди деп уктум.
Анжыяндан Барпы акын —
Ырчы келди деп уктум.
Бежин алыс жол бери,
Беттешели кел бери.
Ындыстан алыс жол бери,
Ырдашалы кел бери.
Буту-колуң талкалап,
Сындырамын мен сени.
Ашка, тойго кыдыртпай,
Тындырамын мен сени.
Куткунуң боосун бек байла,
Кубалашмак ойнойлук.
Атыңдын белин бек байла,
Аңтарышмак ойнойлук.
Жылобуңду бек тарткын,
Ат жарышмак ойнойлу.

Барпы:

Мен элиңе келген мейманмын,
Эргип ырдап турамын.
Калкыңа келген мейманмын,
Кадырлап сени турамын.
Кадырлап келсем Калмырза,
Көрүшүүнү билбейсиң,

Көлдөлөндөп сүйлөйсүң.
Айлыңа келсем Калмырза,
Арба дешти билбейсиң,
Атырылып сүйлөйсүң.
Куткунум боосун бек тартып,
Кубалашып нетемин.
Атымдын белин бек тартып,
Аңтарышып нетемин.
Жылобумду бек тартып
Ат жарышып нетемин.
Ары жок адам айтышат,
Бети жок адам беттешет.
Анжыянга сен барсаң,
Тапсам бир кой соемун,
Кызматыңда боломун.
Кимде каруу, кимде күч,
Мага тең болуп нетесиң.
Этегинде түшүнүп,
Кайыл болуп кетесиң.
Аркалык элиң таарынат,
Чаначың бүгүн жарылат.

Калмырза: Чыйрак бала экенсиң,
Чычкактан кетер бекенсиң.
Өткүр бала экенсиң,
Өткөктөн кетер бекенсиң.
Жаман бала экенсиң,
Жападан кетер бекенсиң.
Мындай болсоң жубармак,
Өлүп кетер бекенсиң.
Жаратканды салганын,
Көрүп кетер бекенсиң.

Барпы: Мени Жаллабат элим мактаган,
Жападан кудай сактаган.
Канабат элим мактаган,
Каректен кудай сактаган.
Анжыян деген жеримде,
Кожо молдо көп болот.
Безгек деген сабилди,
Байлап койсо жок болот.
Чечек деген сабилди
Чегип койсо жок болот.
Каза жетсе кан өлөт,
Каргыш тийсе бала өлөт.
Ноoбатына караса,
Сага окшогон чал өлөт.

Калмырза: Анжыянды Калмырза,
Көрбөгөнсүп ырдайсың.
Көгөн жепта көтүңдү,

Өлбөгөнсүп ырдайсың.
Ала ат минип желгенсиң,
Анжыяндан аркага
А́тта́р болуп келгенсиң,
Арканын богун тергенсиң.
Көкөлөп учкан ка́пта́рсиң,
Көтү күйгөн а́тта́рсиң.

Барпы: Ала ат минип желгемин,
Анжыяндан аркага
А́тта́р болуп келгенмин.
Бир атыма сылама,
Өрүк жүктөп келгенмин.
Кыздарың кырып жешине
Сабиз жүктөп келгенмин.
Кемпирлериң жешине
Майиз жүктөп келгемин.
Качеке деген бир сопуң
Саар туруп дос тартат.
Бойго жеткен кыздарың
Меннен сурап нас тартат.
Насвайымды шимишет,
Илептери жибишет.
Берсе экен деп мекирет,
Бойдок жүргөн Барпы акун
Токтоосуз туруп секирет.
Чекер кулун аласың,
Ба́ла́а́дай болуп каласың.

Калмырза: Мындай болсоң, акмак көр,
Караңгы тамга камайын.
Карсылдатып сабайын.
Кылчылбыр салып бурайын,
Кыйнап сабал сурайын.
Эки бутуң керейин,
Адебиңди берейин.
Сенден келген иш болсо,
Жараткандан көрөйүн.

Барпы: Караңгы тамга камашың,
Билгеним жок, Калмырза.
Катыныңдын койнуна
Киргеним жок, Калмырза.
Кыл чылбыр салып бурашың,
Билгеним жок, Калмырза.
Кыз-мызыңдын койнуна
Киргеним жок, Калмырза.
Алты пакса дубалың
Тешкеним жок, Калмырза.
Арык-торук байталың
Чечкеним жок, Калмырза.

Анжыянга жетелеп,
Кеткеним жок Калмырза.

Калмырза: Менин задим сурасаң,
Бугу менен Сати бий —
Экөөнө тең тууганмын.
Беттешип келген ырчынын
Бетине чыккан чыйканмын,
Үй айланта кууганмын.

Барпы: Сенин задиң мен билдим,
Бугучу менен Саты бий,
Экөөнө тең туугансың.
Өзүңдүн ка́тта́ келгенде,
Ыштаныңдын ичине
Эгиз бала туугансың.
Мен Анжыяндык баламын,
Чыйканга чыккан ба́ла́а́мын.
Болоттон кездик саламын,
Ортосунан жарамын.

Калмырза: Анжыянды Калмырза
Көрбөгөнсүп ырдайсың.
Көгөн жап да көтүңдү,
Өлбөгөнсүп ырдайсың.
Анжыян деген жеринде,
Базар десе шайланат.
Майкабагын[1] байланат.
Кырк тыйынга чай алат,
Кырк тыйынга май алат.
Үйүңө мейман келгенде,
Шөөла кылгын дегенсип,
Эки араба тарткансып,
Качыке табак деп алат,
Катының талап жөп алат.

Барпы: Анжыян деген жеримде,
Ак буудай тартып нанын жейт,
Акыреттин камын жейт.
Арка деген жериңде,
Ачка өлөйүн дегенде[2]
Арам өлгөн малын жейт.
Эшиктеги балдарың,
Өпкө менен карын жейт.
Анжыянга барганда,
Сары май деп самын жейт,
Чүчбара деп камыр жейт.
Арам өлдү деп койсом,
Адал эле өлдү деп,
Жалган айтып жанын жейт.

---

[1] Майкабак — календер, дубаналардын жип менен асып алган идиши.

Қалмырза: Анжыян деген жеринде,
Акырында айкырган
Атың менен куруп кал.
Загарага[1] мас болуп,
Чылым чегип айкырган
Сартың менен куруп кал.
Қордого салып кайнаткан
Түрпүң менен куруп кал.
Көкүрөгүн жүн баскан
Түркүң менен куруп кал.
Бакалары аралаш,
Көлүң менен куруп кал.
Желкесинде куржуну,
Лөлүң[2] менен куруп кал.
Сага окшогон окшуйган,
Көрүң менен куруп кал.

Барпы: Акырында айкырган
Аттарымды ырдайсың.
Шаардагы зырапа
Сарттарымды ырдайсың.
Пайгамбар жеген мөжүза
Түрптөрүмдү ырдайсың.
Түбү араптан таркаган
Түрктөрүмдү ырдайсың.
Ырдайсың ырдын жөнүнү,
Қошбогун мага лөлүнү.
Ырас көрүп калыпсың,
Бир көзүмдүн көрүнү.
Көрда болсом көрдүмго,
Чоң кызыңдын төрүнү.

Қалмырза: Анжыян деген жеринде,
Қарала кайкы дейт экен,
Қатыны жангак жейт экен.
Жаныварым кара курт,
Қаңтарып мурдун жейт экен.
Қылыч тамга дейт экен,
Қыздары жаңгак жейт экен.
Жаныварым кара курт,
Қыйшайтып мурдун жейт экен.
Қерки тамга дейт экен,
Қелини жаңгак жейт экен.
Жаныварым кара курт,
Қемшийтип мурдун жейт экен.

---

[1] Загара — мака жүгөрүдөн салынган бозону айтат.
[2] Лөлү — мусулмандашкан цыгандар.

Барпы: Арка деген жеринде,
Желдүү тамак көп болот,
Желе түшүп бетин жейт.
Бойго жеткен кызындын,
Акырын оюп көтүн жейт.
Эки бойдок бир кызың,
Кууп кетет турбайбы.
Энесинин төрүндө,
Тууп кетет турбайбы.
Алты бойдок бир кызың,
Кууп кетет турбайбы.
Атасынын төрүндө,
Тууп кетет турбайбы.
Уругу менен берди деп,
Алып кетет турбайбы.
Бешигине баласын,
Салып кетет турбайбы.
Анжыяндын кыздары,
Алмалуу бакты аралайт.
Аркалыктын кыздары,
Бойдокту көрсө каралайт.
Сага окшогон жуксуздар,
Кара сакал кун берсе,
Кедейдин кызын ала албайт.

Калмырза: Уuktары төш жары
Үйлөрүңдү урайын.
Молдо Саты, Ысмайыл,
Бийлериңди урайын.
Букарага зор экен,
Жабириңди урайын.
Карасакал Турдукул
Аминиңди урайын.

Барпы: Мен тескейдеги манабың,
Телпегине урайын.
Күңгөйдөгү манабың,
Күндөсүнө урайын.
Бөлөк эмес өзүңдүн,
Жакыныңды урайын.
Ат башында сайраган,
Акимиңди урайын.
Эри өлүп тул калган,
Жесириңди урайын.
Болушуңдун алдында,
Песириңди[1] урайын.
Сегиздеги кызыңды,
Желиндетип урайын.

[1] Песир — писарь, катчы.

Сексендеги кемпириң,
Белимдетип урайын.
Тогуздагы кызыңды,
Желиндетип урайын.
Токсондогу кемпириң,
Белимдетип урайын.

Калмырза: Илегилек илген куш,
Ийинде жаткан жыланды,
Бал көргөндөй билген куш.
Азиретали кылычы,
Ар чапканда узарган.
Илегилектин тумшугу,
Не себептен кызарган?

Барпы: Азиретали кылычы,
Ар чапканда узарган.
Илегилек илген куш,
Ийинде жаткан жыланды,
Бал көргөндөй билген куш.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . .

## ТОКТОГУЛ МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ

Барпы Токтогул менен алгачкы жолугушуусу жөнүндө мындай дейт: «Мен улуу акындын үстүнө капыстан кирип баруудан тартындым. Жүрөгүм даай алган жок. Анын ырларын, наамын Жеңижоктон уккан болчумун. Мени Кетмен-Төбөгө ээрчитип барган Далбай: «Мына бул Токтогул» — деп көрсөттү. Мен Далбайды ээрчий үйгө кирип барсам, Токтогул:

Комузум кымбат арчадан,
Черткенде черим таркаган.
Көңүлүн жазат жалпынын
Көңүлү ачык март адам.
Черткенде комуз кылынан
Комуздун күүсү угулган.
Уккула, балдар, кубанып
Токондун айткан ырынан!

— деп ырдап, комузун чертип жаткан экен. Менин ала топу, өзбекче чапан кийип отурганым абамдын көзүнө көрүнө калды. Абам мени карап минтип ырдады:

Токтогул: Эшиктен келдиң бир бала
Көңүлүм сага бөлүндү.
Сезбейт деп мени ойлобо,
Сыягың акын көрүндү.
Кандай иним экенсин,
Үйгө кирбей тартынган?
Араң кирип отурдун,

Бир кишинин артынан.
Сырдашсак арман бөлүнөт,
Илебиң жука көрүнөт.
Өнөрүң болсо өргө чап!
Тартынбай, балам, сырынды айт,
Ичинде болгон чынынды айт.
Чын сырынды айтпасаң,
Адебиң менен өзүң кайт!

Барпы: Жеңижок айткан атынды,
Билдим го, аба, баркынды.
Эми таанып турамын
Кир болбогон алтынды.
Адеби жоктук кылып мен,
Кирип келген өңдөнөм.
Жеткиче, аба, шашылдым,
Алдына келдим келделең.
Каталык өтсө кечиргин,
Эшитким келет, үнүңдөн,
Булбулдай назик тилинден.
Аттанып келдим атайы
Төөлөс, Бостон элимден.
Болжолдоп чыктым Бостондон,
Насибим сага кошкондон.

Токтогул: Адеби менен сүйлөгөн
Аманбы, Барпы чырагым?
Акындыгың белгилүү —
Башынан уккан кулагым.
Жеңижок айткан сенсин го?
Эми таанып турамын.
Байкадым эле өңүндөн,
Сурайын аты-жөнүндөн.
Сен да ырчысың го элирген,
Ырга көөнүң берилген.
Баатыр болчу жигиттин
Маңдайынан билинет.
Акын болчу жигиттин
Таңдайынан билинет.
Күлпөтүңдү карасам,
Пайдувалдай бекемсиң.
Токтогулдун ырларын
Токтотпостон чечерсиң.
Алыстан келген баласың,
Айтымдуу сөзгө канасың.
Билбеймин ата-тегинди,
Аныктап айтчы кебинди.
Көңүлгө жагар сен болсоң,
Табайын анда эбинди.
Пикири жок аттанган

Бий баласы болбогуң?
Пардашы[1] жок, батпаган
Бай баласы болбогун?
Түбү сурап эл бийлеп
Жеп келгенден болбогун?
«Ырым менен эритем» —
Деп келгенден болбогун?
Арыктатып ала атты
Аксаткандан болбогун?
Аламанды күйгүзүп
Какшаткандан болбогун?
Бейкасам кийип түрдөнүп
Жасангандан болбогун?
Калп менен чынды жоруган
Атангандан болбогун?
Эшен менен молдодон,
Бата алгандан болбогун?
Кожо келсе кой союп
Сыйлагандан болбогун?
Кедейлерди «кой тап» — деп,
Кыйнагандан болбогун?
Канкорлордо эзилип,
Кара таман тешилип
Жүргөн болсоң, мунунду айт,
Сырынды ачкын чечилип,
Кана эмесе, кезегиң,
Кайсыны ырдар экенсиң?
Калкыма жакса айтканың,
Сен кубаныч менен кетерсиң.

Барпы: Андадым, аба, кебинди,
Табасың менин эбимди.
Айтайын, аба, чечилип
Сурасаң ата-тегимди:
Пикири жок аттанган,
Бир күнү тынып жатпаган,
Бий баласы эмесмин.
Пардашы жок батпаган,
Жалгыз өзүн мактаган.
Бай баласы эмесмин.
«Ырым менен эритем,
Отурганды дегдетем» —
Деп келгенден эмесмин.
Түбү сурап эл бийлеп,
Калайыкка чоң сүйлөп
Жеп келгенден эмесмин.

---

[1] Пардаш — сабыр деген сөз.

Арыктатып ала атты
Аксаткандан эмесмин.
Аламанды күйгүзүп,
Айылдын ичин бүлгүзүп,
Какшаткандан эмесмин.
Бейкасам кийип түрдөнүп,
«Жакшымын» — деп термелип
Жасангандан эмесмин.
Калп менен чынды жоруган,
Карышкырдай улуган
Атангандан эмесмин.
Кудурети колдогон
Эшен менен молдодон
Бата алгандан эмесмин.
Кожо келсе кой союп,
Алдын алып нан коюп
Сыйлагандан эмесмин.
Кедейлерди «кой тап» — деп,
Жалгыз малын алып жеп,
Кыйнагандан эмесмин.
Чын пикирим болбосо,
Аба деп издеп келбесмин!
«Зулумду Током сүйбөйт» — деп,
«Манаптар менен жүрбөйт» — деп,
«Эшен менен молдонун
Айтканына кирбейт» деп;
«Жардыга Током тарап» деп,
«Адашкан Барпы сен болсоң,
Азгырбай жолго салат» — деп,
Айткан эле Жеңижок
Акылдуу акын Током деп,
Артык көрдүм өзүңдү.
Тыңшап угуп турамын
Булбулдай мукам сөзүңдү.
Комузуңду карасам,
Келтирип чапкан арчадан.
Сен ырдасаң чогулат,
Алыс, жакын барча адам!
Комуз менен жарышкан
Тилиң ширин канчадан!
Тирилей жетим мен калып,
Машакат өттү башымдан.
Айла таппай жалдырап,
Падачы болдум жашымдан.
Жетинбей жети жашымдан
Муңайып жүрдүм азапта.
Жыйырма жыл жылбастан
Малай болдум Сузакта.

Бай тырмагы — уу тырмак
Балыктай этке батырат.
Унутуп калсам бир ишти
Олондоп мага бакырат.
Түнүнкүсүн төрт ирет
Уйкумду бөлүп чакырат.
Жеңижок акын аныктап:
«Барсаң сени жактырат,
Алдынды сурайт асырап» —
Деп, дайындап айткандан
Келдим эле ашыгып,
Ичимден сырым ачылып.
Сындадың, аба, сындадың,
Сындап туруп ырдадың.
Булбулдай үнүң уксам деп,
Мен кезиге албай турбадым.
Акындардын ичинде,
Артык экен ардагың.
Комузду күүгө келтирген,
Аты жок, ортон бармагың.
Керек болду иниңе
Таалим, нуска алмагым.

Токтогул: Жетимди көрсөм жашыймын
Муунум бошоп туралбай.
Катуу сүйлөп койдумбу?
Жайынды сурап сыр албай.
Көзүндүн көрсөм карасың —
Шам чырактай жанасың.
Касиетсиз душмандан
Азап чеккен баласын.
Мени бирөө айткандан,
Көңүлүнө жаккандан
Келген балам экенсиң.
Мен ырдасам сөзүмө
Каныш кетер бекенсиң?
Келбеске Токоң кетти деп,
Беш каман көөнүн жайлады,
Бекитип колум байлады...
Жалгандан кара көрсөтүп
Бездирип элден айдады.
Кабарым алган киши жок,
Согончогум туурулду,
Заманам жаман куурулду.
Зарлаган менен көрбөдүм,
Артымдан калган уулумду.

Кубанчым элден айрылып —
Башкы азабым бул болду.

Менин тирүүмдө сүйгөнүм
Армандуу жесир тул болду.
Тогуз жыл Сибирь токтодум,
Кайрылып калың кыргызга
Келбей турган окшодум.
Үйдөгү калган зайыбым.
Күдөрүн менден үзүптүр.
Жаман аттуу болом деп,
Башына кайгы түшүптүр.
Акырында ал дагы
Байга тийип кетиптир.

Бешенеме тартылган
Мээнеттүү азап калабы...
Алганым кетсе кантейин,
Өз күнүн көрсүн адагы.
Шумкарым арып азыптыр,
Туурумдан уча качыптыр.
Ачылбай гүлүм солуптур,
Арманым ичке толуптур.
Бузулган экен турмушум,
Сынган экен кылычым.
Туяктан мени айырып
Көрчү мындай кылышын...

Бузулса турмуш мейли эле,
Булбулум бактан качыптыр.
Булбулду көрбөй бүктөлдүм,
Булбулдун тили катыптыр.
Булбул сындуу чолпонум
Буралып жерге жатыптыр.

Жолуктум мындай азапка
Ата деп мойнум кучпады[1]
Адашып келген Токондун —
Алдынан тосуп чыкпады.
Жаркырап жайнап күлбөдү.
Жаңырып атам келди деп,
Жанымдан чыкпай жүрбөдү.
Калдым оттуу түтүндө,
Кайгырат агаң бул күндө.
Муңга батса ар киши,
Түгөнөт өмүр бир күндө.
Жашсың, балам, билип ал,
Ичи кара бузуктар:
«Ат берем» деп оолугуп

[1] Мойнум кучпады — мойнумдан кучактабады деген мааниде.

Кымындай жанды күйгүзөт.
Каяша айтсаң бир ооз
Ачуу таяк тийгизет.
Сени такыр аябай,
Өлүшүңө карабай
Чоңдугун мыңдан билгизет.
Караны сүйлөйт аныктап,
Атыңды алат айыптап.
«Жаман ырчы экен» — деп,
Жалпы элге жайылтат.
Сүйгөн жардан айрылтат,
Канатыңды кайралтат.

Барпы: Алыстан келдим алдыңа,
Байкадым, аба, түрүңдү...
Урматтуу Током аман — деп,
Укканда жүрөк сүйүндү.
«Беш каман — деди,— мени» — деп,
«Түгөтөмүн сени» — деп,
Көрсөткөн экен казапты[1],
Тартыпсың, аба, азапты.
Уйкуга көзүң илинбей,
Үйдөгүдөн түңүлбөй,
Бардаш[2] бир кылдын билинбей,
Балдарыңдан түңүлбөй.
Касташкан байлар камынган,
Сенин кадырың кайдан табылган?
Кектешкен душман камынган,
Сенин келбетиң кайдан табылган?

Алтыным элең — кирдедиң,
Сен кылмышың кайдан билбедиң?
Күмүшүм элең — кирдедиң,
Сен күнөйүң кайдан билбедиң?
Сибирде жүрдүн нечен жыл,
Сыздадың ыйлап күнү-түн.
Кара чачың агартты,
Тепсегең сени күйүтүң.

Бешенеңе бүтүптүр
Арылбаган катуу шор.
Душмандардан байланды
Комузду черткен алтын кол.
Аман көрдүм жолугуп
Токо, азыркы менин ишим оң.
Таалимиң алып калсам деп,
Абалы менде үмүт чоң.

---

[1] Казапты — жабырчылыкты деген мааниде.
[2] Бардаш — чыдап туруу.

Токтогул: Комуздан берген саламым
Улап кет, иним, аягын.
Эмкисин бөлөк ырдайдын,
Акындыгың сындайын.
Кеп түйүнүн чечпесең,
Чечендигиң ким билет.
Кереметиң болбосо,
Чебердигин ким билет?
Табышмакты таппасаң,
Сырчылыгың ким билет?
Жабылтып ырды төкпөсөң,
Ырчылыгын ким билет?

Барпы: Аркар менен кулжанын
Оттоор жериң ким билет?
Талыбаган күлүктүн
Токтоор жерин ким билет?

Токтогул: Жүрөгүндө оту бар
Айтымдуу киши жаталбайт.
Түбү бузук адамдар
Башкага келип баталбайт.
Белгилүү чечен белен эр,
Сүйлөгөн сөзгө такалбайт.
Алмакка оору тооруса,
Эч айласын табалбайт.
Эшен, кожо чогулуп
Дем салган менен айыкпайт.
Өлөрүн билсе адамзат,
Өзүнөн өзү арыктайт.
Ажал кыстап келгенде
Агага сырын айталбайт.
Айткан менен пайда жок,
Агасы кууп, кайтарбайт.
Аманат жаның өтпөсө,
Алганың кара жамынбайт.
Өлбөй киши айрылбайт,
Өксүбөй tууган кайгырбайт.
Өпкөлөгөн өз тууган
Өбөктөсөң табылбайт.
Ашыккан менен алдастап
Ажалсыз эч ким өлө албайт.
Ыраактан учса ылаачын
Караанын эч ким көрө албайт.
Жан куйөрүң болсо да
Аркандан ээрчип бара албайт[1].
Жаңжалдашып мушташып,

[1] Өлүм жөнүндө айтылып жатат.

Ажыратып ала албайт.
Тууштуу тууган ардaнбайт,
Күйүтсүз киши зарланбайт.
Барпы: Октобой мерген ата албайт,
Оңтобой ooру жата албайт.
Түздөбөй мерген ата албайт,
Түйшөлбөй ооpу жата албайт.
Сынбай сөөк чор болбойт,
Тилеп алган балдарың
Жетим болбой кор болбойт.
Бузуктун иши оң болбойт,
Буйруктуу алтын жоголбойт.
Булбулдун үнүн эшитпей
Буралып гүлдөр ачылбайт.
Мурунтан күйүт көп көрсө,
Муңдуунун үнү басылбайт.
Күкүктүн үнүн эшитпей
Гүл жайкалып ачылбайт.
Күйүттүн дартын көп тартса,
Күйгөндүн үнү басылбайт.
Токтогул: Куш канаттуу кир болбойт,
Душмандын көөнү бир болбойт.
Кароолуңа илинбей
Качкан кайып аттырбайт,
Алганың жакшы болгон соң,
Тууганды сенден жат кылбайт.
Жакшы чыкса элинден,
Душманга сени кактырбайт.
Барпы: Эски пахта бөз болбойт,
Эсептешкен дос болбойт.
Жакшынын сөзү корс болбойт,
Жамандын сөзү жоош болбойт.
Калемпир ачуу, бал болбойт,
Жакшынын пейли тар болбойт.
Токтогул сендей акындар,
Ар жерде жүрсө кар болбойт.
Жаманды мактаган менен баш болбойт,
Токтогул, нээти жакшы кас болбойт.
Токтогул: Эмчегин салса энеси
Эмчектүү бала ыйлабайт.
Боорткосун бек тартса,
Бешикте бала туйлабайт.
Кушунду өзүң салбасаң,
Чырмалып колдон баралбайт.
Анык табын билбесе
Илбесинди алалбайт.
Бул ырды иним таштайын:
«Менен» деп ырдай баштайын.

Көл сөөлөтү каз менен,
Мелмилдеп жаткан саз менен.
Сулуулар бетин өптүрөт,
Кайрылып туруп наз менен.

Барпы:
Дарыя агат сай менен,
Жылкынын көркү тай менен.
Көк соорун учат балалуу
Ошо сай боюнда жар менен.

Кулалы жүрөт аң менен,
Көк карга учат жар менен.
Сагызган ойнойт сай менен,
Баласыз киши зар менен.

Жигиттин көөнү кубанат
Булкунган буудан ат менен.
Жолдош болуп бир жүрбө
Көңүлү кара жат менен.

Токтогул:
Өз баркын билбес жан болот,
Басташпагын мас менен.
Капалыгым жазам деп,
Кадырлаш болбо нас[1] менен.
Кучакташып дос болбо
Асты акылы пас менен.
Жанашсаң жакшы март менен,
Сооданын иши — карт менен.
Моюнуң кылдай ичкерет,
Сары ооpу мээнет дарт менен.

Барпы:
Араба жүрөт таш менен,
Ууру жүрөт пас менен.
Адамдын сыны баш менен,
Маңдайдын сыны каш менен.
Киши акыл табат эс менен,
Ороюң ысык бет менен.
Өз элинден бөлүнүп.
Басып өтпө чет менен.

Токтогул:
«Мененди», иним, таштайбыз,
«Турбайбыдан» баштайбыз.
Аркар, кулжа жайыты
Зоодо болот турбайбы.
Ар өсүмдүк мийвалар
Тоодо болот турбайбы.
Ак шумкар кушту учурган,
Канат болот турбайбы.
Айтылуу ырдын белгиси,

---

[1] Нас — насвай деген сөз.

Санат болот турбайбы.
Тууганга тууган белгилүү
Медет болот турбайбы.
Медет болгон иниде,
Адеп болот турбайбы.
Баатырлардын колунда,
Кылыч болот турбайбы.
Кайраты бар жигитке
Ырыс болот турбайбы.

Барпы: Жамандын пейли белгилүү:
Казанын тээп сындырып,
Быркыратат турбайбы.
Үйдөгү бала-чаканы
Чыркыратат турбайбы.
Муундуруп аялын
Кыркыратат турбайбы.
Нар төөлөрдүн сөөлөтү
Чууда болот турбайбы.
Жаян балык жайыты
Сууда болот турбайбы.
Айтылуу кептин чечими
Ырда болот турбайбы.
Ай-эсеби-төрт мезгил,
Жылда болот турбайбы.
Дициздн жарып жол салган
Кайык болот турбайбы.
Ай асманда тегерек
Жарык болот турбайбы.
Өткөн иштин баарысы
Тарых болот турбайбы.

Токтогул: Балам, «турбайбыдан» өтөлүк,
Эми «жазылатка» көчөлүк.
Арабаны көргөндө
Аттын чери жазылат.
Элге шилен[1] бергенде
Марттын чери жазылат.
Илбесинди көргөндө
Куштун чери жазылат.
Акмакты урсаң аябай,
Муштун чери жазылат.
Нарын тартып эт жесең
Тиштин чери жазылат.
Жер бетине кар түшсө,
Кыштын чери жазылат.

Барпы: Арык байлап суу келсе,
Салдын чери жазылат.
Жайылып шибер оттосо,

[1] Шилен — элге берилүүчү арбын тамак.

Малдын чери жазылат.
Иштен кийин эс алса,
Жандын чери жазылат.
Тышка казып чыгарса,
Ка́ндин[1] чери жазылат.
Балтыркан оттоп чалкалап,
Чалканды басып талкалап,
Курсагы тойсо кайкалап,
Нардын чери жазылат.
Ак мөңгүлүү жылгада,
Муздун чери жазылат.
Булгары ийлеп шым кылса,
Өңү сонун кулпурса —
Уздун чери жазылат.
Жаңы күйөө келгенде,
Чымчылашып күлүшүп,
Чын көңүлүн беришип,
Сары майдай эришип
Кыздын чери жазылат.

Токтогул: Сен дагы мендей ырдадың,
Ырыңдан, иним, сындадым.
Адаштырып ырдасам,
Айтканымдан жылбадың.
Менин айткан ырымды,
Бекеринен бурбадың.
Сайраттың кызыл тилинди,
Акындыгын билинди.
Мен көрсөткөн ырымды
Улабастан койбодун,
Ажыратпай бир жерин,
Кынабастан койбодуң,
Адис[2] акын экен деп,
Бул жеринден ойлодум.

Барпы: Мен үчүн, аба, чечилдиң,
Кубанып көөнүң көшүлдүң.
Айтканым айып болсо да,
Агалык кылып кечиргин.
Кечирет деп жол сурап,
Алдыңдан, аба, өтүндүм.
Жаңылбаган чечэнсиң,
Бизге — жазылган каттан экенсиң.
Элге тийген керегиң,
Кимге калат белегиң?..
Сайрап турган бул күнүң,
Калат жерде бул тилиң.
Жаздырып кагаз таштап кет,

[1] Ка́н — кен деген сөз.
[2] Адис — кыл.

Суранамын мен иниң.
Ушул иниң айтканын
Акылман, ага, сен билгин.
Эми го кетип барамын
Аман-эсен тынч жүргүн.

Токтогул:
Эми жок менин арманым:
Бар экен сендей ардагым.
Аман келдиң, аман кет,
Боордошум, дарманым.
Карадан[1] алган кашка атты,
Бердирдим, сени минсин деп,
Атаңдай болгон агаңмын
Кадырымды билсин деп.
Кай жерге барсаң, агасын
Эсине алып жүрсүн деп.
Көңүлүмдө достошуп,
Кайырдашып коштошуп.
Бери сун, иним, колунду!
Биздин элден сен көрдүн.
Эчен түркүн сонунду.
Анжиян барсаң агандан
Үзө көрбө оюнду.

Жаралгандан эзилип
Жүргөн балам экенсиң.
Кордук тартып зарланып,
Күйгөн балам экенсиң.
Ырдашында айып жок,
Калыпка тартып койгондой.
Ырга канган кишинин
Көңүлү артык толгондой.
Кынадың, терме, санатын.
Сен болдуң менин канатым.
Устазы болуп жол ачсам,
Адашпай кеттиң ырыңдан,
Анык билдим сынындан.
Кетмен чапкан кедейди,
Келиштирип ырдадың,
Кеңешин угуп жыргагын.
Башынан бузук байларга,
Балам, көңүл бурбагын,
Малайды кошуп ырдагын.
Орокчу болсо, толуксуң,
Өзүң барып жолуккун.
Кубандырып ырдагын,

[1] Кара — кишинин аты.

Кошулуп бирге жыргагын.
Өспүрүм жаштан экенсин,
Жолунду тапкын, чырагым!
Оңолор заман биздики,
Оодарылып кылымдан.
Кутуларбыз жарк этип,
Куруттай эзген зулумдан.
Жаркырап бизге таң атар.
Жамандар бизден адашар.
Кабарын уккам, түшүнөм,
Аракет кылган бирөө бар.
Айтайын десем ашкере,
Чыгарбайт азыр турмуш тар.
Душмандын туусу бүктөлөр,
Турмуштун туусу тиктелер.
Бизге каршы душманга
Кайгынын зары жүктөлөр,
Карышкыр түшөр капканга,
Ырдарбыз анда жакканга.
Душмандар түшөр оруна,
Чыгарбыз тендик жолуна,
Бизге каршы душманды
Келтирер балдар колуна.
Акылың болсо билип ал,
Абаңдын айткан ырларын,
Алтындай сактап, түйүп ал.
Сүйгүлүктүү турмуштун
Түрү келер бир күнү.
Жыргалчылык, кубаныч
Күнү келер бир күнү.
Алыс, жакын дебестен
Тең туулар бир күнү.
Эзилген элдин жардамы
Эр туулар бир күнү.
Өлбөсөң анда билерсиң,
Абамдын ыры анык деп,
Чын экен бизге тарых деп,
Ичиңен тынып жүрөрсүң,
Көзүң менен көрөрсүң.
Жан, иним, эми унутпайт.
Токтогул агаң өзүңдү.
Айланып элге айта жүр
Агандан уккан сөзүңдү.

Барпы:
Айтканың ырас, Токтогул,
Аныгы мага билинди.
Манаптан жеген таягым,
Көкүрөккө чийилди.
Дарманымды куруткан,

Узун түндө улуткан
Залимден көргөн азапты,
Иңин кайдан унуткан?
Берчи, аба, колунду,
Көрсөтчү баштап жолунду.
Алыстан келдим арзылап,
Билейин кызык сонунду.
Эзилген кедей баласы,
Токтогул деп эшитип
Токтобой келдим карачы!
Көрсөтсөң ырдын тазасын,
Көңүлдү, аба, жазасың.
Ырдап берип, күү чертип
Жүрөгүмдү басасың.
Насаат берип, жол ачып,
Жанымдан артык атасың.
Алдында Барпы олтуруп,
Жазды жүрөк капасын.
Комузга ашкан чеберсиң,
Өнөрдү көпкө бересиң.
Өзүңө жакын жардыга
Үйрөнгүн, иним, дегенсиң.
Казыналуу көп ырдын,
Түгөнбөс түптүү кенисиң.
Жарды, жалчы — жалпынын
Кайрылбас катуу белисиң.
Адашып келген адамдын,
Түнөп кетер жерисиң.
Кайраттуу калың элиндин
Кайнап чыккан эрисиң.
Булбулдай сайрап турганда
Таанығам элдин четинен.
Жол көрсөткөн абасын
Чыгарбайт Барпы эсинен!

## БАРПЫ МЕНЕН ЭШМАМБЕТ

Барпы:

Эсенсиңби Эшмамбет?
Элиңе келип турамын.
Эстеп келип айлыңа,
Эсендигиң сурадым.
Эшитип жүргөн ырыңды,
Эли-журтуң аманбы?
Эшиттиңби же жокпу,
Эңилип айткан саламды?
Амансыңбы Эшмамбет?
Айлыңа келип турамын,

Айланып келип алдыңа
Амандыгың сурадым.
Акындыгың баалаган,
Айылдашың аманбы?
Айтышканы келдим мен,
Азыр көрдүм каранды.
Жериңе келип Эшмамбет,
Жеткирип айтам саламды.
Жетелешип ыр уккан
Жердештериң аманбы?
Жеңишкени келдим мен,
Жетигим көрдүм каранды.
Алдыңда айткан саламды
Албасаң да алдың да.
Алган болсоң Эшмамбет,
Амандашып алгын да.
Алик алып кол бербей,
Аңдып мени калдың да.
Ырдашаар болсоң Эшмамбет
Ырыма жооп бергин да.
Ыкчамыраак бастырып,
Ыраактабай келгин да.
Айылыңда көп жүрүп,
Арып калган окшойсуң.
Аркадан бөлөк эл көрбөй,
Карып калган окшойсуң.
Атың алыс баралбай,
Талып калган окшойсуң.
Акындыкта айталбай,
Калып калган окшойсуң.
Ыраакка барып ырдабай,
Ыргалып калган окшойсуң.
Ырыңды алыс чыгарбай,
Ылганып калган окшойсуң.
Ырдашканы келгенге,
Ырыңды неге кошпойсуң?
Ыраактан келген иниңди
Утурлап неге тоспойсуң?
Айылыңдан чыкпастан,
Акындыктын жолунан
Адашып калган окшойсуң.
Алышканы айлыңа
Алыскы жерден келгендин
Алдынан неге тоспойсуң?
Алышаар болсоң Эшмамбет,
Аваның неге кошпойсуң?
Ырдашаар болсоң чыныңды айт,
Ичиңдеги сырыңды айт,

Алик алып саламга,
Адашпастан ырыңды айт.

Эшмамбет: Айылыма келип Барпы акын
Амандашып турасың.
Алышам деп ыр менен
Ашып кетти сурашың.
Алдыма келген адамга
Алышканым жарашпайт.
Анык акын адамы
Акындар менен талашпайт.
Элиме келген ырчыга
Эңишээр акын мен эмес.
Эшмамбетти эп көрүп,
Эңип кетер сен эмес.
Ээрчишип жүрүп элим көр,
Эшмамбеттин жерин көр,
Бастырып келип Барпы акын,
Басташам деп ырдадың,
Балам бул эмне кылганың?
Баса калчу сен эмес,
Бастыра койчу мен эмес.
Айлыма келген мыймансың,
Алым жетсе сыйлаймын.
Асыла берсең иним сен,
Ай батканча кыйнаймын.
Элиме келген мыймансың,
Эсепсиз жакшы сыйлаймын.
Эзиле берсең иним сен,
Эскертпестен кыйнаймын.
Эли-журттун алдында
Эсептешпей ырдайлы.
Элим угуп тыңдасын,
Эси жоктук кылбайлы.
Аксакалдар алдында
Алышпастан ырдайлы.
Адамдар угуп тыңдасын,
Айбанчылык кылбайлы.
Акылыңа кирсең сен,
Арка, Анжиян жеринде
Аралап жүрүп өсөсүң.
Алдыңа салбай эч кимди,
Аксакал болуп өтөсүң.
Ырдай бер Барпы иним сен,
Ырыстуу бала экенсиң.
Баамдадым ырыңдан,
Ыр жагынан чечeнсиң.
Ырчылык өнөр бул дагы
Кудайымдын бергени.

Ырас болду ыраактан
Ырдаймын деп келгениң.
Аралатып элимди,
Баарына баштап барамын.
Ээрчишип жүрсөк эки акын
Актайбыз элдин талабын.
Күтүп калды чогулуп,
Карачы элдин караанын.
Көрүп кет иним сыйымды,
Ачайын ичте сырымды,
Үйрөнгүң нуска ырымды.
Көңүлүм жылып өзүңө,
Аянбай айттым чынымды.

— деп Эшмамбет Барпыны сыйлап меймандап, бир топ күн эл аралатып алып жүргөн экен.

## СУУСАРКАН МЕНЕН БАРПЫ

Жаздын акыркы айы болсо керек. Бечара Барпы Өзгөндүн Төөчү тарабында мандикер болуп жүрөт. Булактан суу ичип турса, жанынан шаан-шөкөттүү кызыл-тазыл көч өтө баштайт. Ир алдында эки жагынан эки жеңеси коштогон бир эрке кыз көөнү куунак келатат. Бул Суусаркан деген кыз экен. Окуган, көптү баамдаган, табышмактап ыр ырдап, далай жигитти уятка калтырып коюучу да экен. Булакта турган Барпыны көрө коюп, эригип келаткан неме тийишип ырдайт.

Суусаркан: Ойрулманын кырына
Оюп туруп жол салдым —
Баспайсыңбы, боз улан?
Капыя кошуп сөз айтсам —
Качпайсыңбы, боз улан?
Оң менен Солго таанымал
Атакемдин кош атын
Минбейсиңби, боз улан?
Ак кештелеп тон тиктим —
Кийбейсиңби, боз улан?
Оң жагыма обдулуп
Өтпөйсүңбү, боз улан?
Орой тартып алкымдан
Өппөйсүңбү, боз улан?
Ай көкүрөк маралды —
Атпайсыңбы, боз улан?
Жыпар жыттуу койнума
Жатпайсыңбы, боз улан?

Барпы: Ойрулманын кырына
Оюп туруп жол салсаң —

Чандуу экен баспаймын.
Калемпир кошуп койсоң да —
Капыяндан качпаймын.
Атакеңдин эки аты
Терчил экен — минбеймин.
Ак кештелүү тонуңду
Кирчил экен — кийбеймин.
Оң жагыңа обдулуп,
Оруну жок өтпөймүн.
Ээн турган алкымдын
Ээси бардыр — өппөймүн.
Ай көкүрөк маралдын
Убалы бардыр — атпаймын.
Жыпар жыттуу койнуңдун
Жапаасы бардыр — жатпаймын.

Суусаркан: Албасаң тилим — куруп кал,
Ач бөрүдөй улуп кал.
Абал баар көктөмдө,
Адырда кыртыш көпкөндө,
Айылдагы өрүкзар
Агартып гүлүн төккөндө,
Жан бүткөндү суктантып
Жайлоого беглер көчкөндө;
Алты атанга жүк артып,
Аркан салып бек тартып
Алайга кетсем — кантесиң?
Орок оруп, жөө жүрүп,
Ошого кантип жетесиң?

Барпы: Алты атанга жүк артып,
Аргамжысын бек тартып;
Аргымакка камчы уруп,
Алыс жолду кыскартып
Алайга кетсең көктөмдө...
Сур жорго минип суйсалып,
Боз жорго минип бой салып,
Азыркы дартың козголтуп,
Азыркыдай оштонтуп —
Алдыңдан чыксам — кантесиң?
Аңдачы кептин бир четин...

Суусаркан: Алайдан тоссоң жолумду,
Акырын шилтеп колумду...
Шамал болуп талаага
Желип кетсем кантесиң?
Амалыңды асманга
Эңип кетсем кантесиң?
Ар гөйгө салып азгырып,
Жеңип кетсем кантесиң?

Барпы: Шамал болсоң, жолуңа
Кырка болом тосулуп,
Асман жолун туюктап
Тор жаямын озунуп.
Арган бүтүп агасың
Агымыма кошулуп.

Суусаркан: Агымыңдын алкагын
Жерип кетсем — кантесиң?
Аскадагы кар болуп
Эрип кетсем — кантесиң?
Анча-мынча ырыңды
Андатпастан өзүңө
Терип кетсем — кантесиң?

Барпы: Алкактарын көрсөтпөй,
Агым четин оемун,
Эрип кетсең кар сыяк —
Музга айлантып коемун.
Аларыңда ырымды,
Атырылтып нурумду
Аарчып коем боегун.
Боегу жок ыр болбойт,
Бул амалың, чын болбойт.

Суусаркан: Тамчы болуп чачылып,
Таш артына секирем.
Ташка тийип быркырап,
Таруу болуп тыркырап
Туш-тарапка бекинем.
Кара көзүң түздөйсүң,
Кайдан мени издейсиң?

Барпы: Ташка тийип быркырап,
Тартуу болсоң тыркырап...
Жөжөлүү тоок болом да,
Таштан ташка коном да,
Терип жеймин бир бирден.
Кутулмаксың сен кимден?

Суусаркан: Жөжөлүү тоок сен болуп,
Жеген жемиң мен болуп,
Жемчөөң эми толоордо
Жалгыз данга жолоордо...
Бийикте көөнү сергиген
Боз торгой болуп эргиген
Учуп кетсем — кантесиң?

Барпы: Бийикте көөнү сергиген,
Боз торгой болуп эргиген...
Боз турумтай мен болуп,
Барар жагың чамалап,
Басар жолуң камалап,
Кош канатты сабалап,

Куул жетип асмандан
Илип кетсем — кантесиң?

Суусаркан: Анда мен сага карматпай,
Алды, артымдан жандатпай,
Күрдөөлдүү тоонун арасын,
Күн тийбес тоонун саясын
Мекен кылган туулуп,
Кайберен болуп кубулуп,
Жалама зоока, аскага
Жатып алсам — кантесиң?

Барпы: Кайберен болуп секирип,
Карматпай койсоң бекинип...
Асканын кумун кулатпай,
Ак бараң мылтык асынып,
Аяктай ташка жашынып;
Көк жардын кумун кулатпай,
Көк бараң мылтык асынып,
Көнөктөй ташка жашынып,
Адис мерген мен болуп...
Милтени басып от менен,
Коргошун деген ок менен
Атып алсам — кантесиң?

Суусаркан: Атып алган кезинде
Ак чабак болуп кубулуп,
Алп колуңдан жылмышып
Аксууга түшөм чумулуп.

Барпы: Ак чабак болуп кубулуп,
Ак сууга түшсөң чумулуп...
Усталар жасап чыгарган,
Узун курчка сугарган
Жез кайырмак мен болуп
Илип алып өзүңдү,
Жалдыратам көзүңдү!

Суусаркан: Кайырмакка илинбей,
Кайда экеним билинбей,
Атакемдин төрүнө,
Аапакемдин сөрүнө
Арс ичикти жамынып,
Түлкү ичикти төшөнүп,
Кайда экениң ойлобой,
Кайым айтып ойнобой,
Көк дөбөттү агытып,
Көп эшикти бекитип
Жатып алсам — кантесиң?

Барпы: Жатып алсаң чиренип...
Колуна күмүш карматып,
Койчуңа итиң байлатып;
Жеңекеңди шаштырып,

Жети эшигиң ачтырып...
Жеңеңди кайра жиберип,
Жанында жатсам — кантесиң —
Жылгындай белиң имерип?

Суусаркан: Жанымда жатсаң... карматып,
Жигиттерге сабатып,
Сазайыңды бердирип,
Төрт казыкка кердирип,
Төрт мурутуң тердирип...
Түйшөлгүс кылсам — кантесиң?

Барпы: Түйшөлгүс кылсаң — коркпоймун,
Түнкүсүн күйгөн оттоймун.
Жоомарттыгым көргүн деп,
Жалпы элиңди топтоймун.
Анан...
Ата-энеңди көндүрүп,
Айткандарын бүт берип;
Ак боз бээни сойдуруп,
Айылыңда той кылып;
Себиңди бөлөк жыйдырып,
Суу куюп, нике кыйдырып;
Жеңеңе төшөк салдырып,
Өзүңө өтүк тарттырып;
Таң атканча бир жатып,
Тамаша сүйлөп, сырды ачып —
Алып койсом — кантесиң?
Ак жоолукту башыңа
Салып койсом — кантесиң?

## БАРПЫ, КАЛЫК, ОСМОНКУЛ, АЛЫМКУЛ ЖАНА ШАРШЕН

1936-жылы октябрде Фрунзеде биринчи олимпиада болот. Ага Кыргызстандын бардык булуң-бурчунан өнөрпоздор келишет. Москвадан Затаевич катышат. Шубин жетекчилик кылат. Ошондо үч күн кечигип келген акын **Алымкул** сахнага чыгып, элге саламдашып, минтип ырдайт:

Ала-Тоолук акындар,
Албан-албан акын бар.
Комузчу бар, ырчы бар,
Кубулжуган үн менен,
Коңгуроодой күү менен,
Кубантып элди турчуулар;
Күлкүлүү сөздөн салчулар,

Гүлдөп жаткан көп элдин,
Күлдүрүп көөнү алчулар;
Тобуңа айтам саламды,
Залда турган калың эл,
Жонуңа айтам саламды.
Келипсиздер шайырлар,
Кең Фрунзе шаарына,
Кадыр менен келдиңер,
Кабар жетип баарыңар.
Сапар келип атайы,
Саламдашпай каламбы.
Бактылуу элдин шайыры,
Барыңа айтам саламды.
Калык менен Осмонкул,
Катарлашым замандаш.
Кучакташып тең өскөн,
Курбуну киши табалбас.
Курбуларым аманбы,
Кубанып айтам саламды.

Калык: Алымкул иним рахмат,
Айтып өттүң саламды.
Эсендешип алалы,
Эли-журтуң аманбы.
Келалбай неге буйдалдың,
Кеч алдыңбы кабарды.
Кылчандап үйдө жаттыңбы,
Кыялбай катын-баланды.
Алыс деп угам абыдан
Алай-Куу, Лейлек, Баткенди.
Алар деле кечикпей,
Алымкул сенден бат келди.
Тогуз-Торо, Чаткалдар,
Толук келди кечикпей,
Тоо башында жаткандар.
Келдиң бүгүн жаңыдан,
Кечигип калдың абыдан.
Келген өнөрпоздордун,
Кечирим сура баарынан.
Акынсың элди аралап,
Акты-көктү тааныган.
Кеп салып элге түшүндүр,
Кечигип калган жайыңан.
Карыш турган Таластан,
Кандай болуп кечиктиң,
Ушуну айткын Алымкул,
Олтурган эл эшитсин.

Алымкул: Кыйытсам Каке билээрсиз,
Кырсык болду жолума.

Кызыл желек көтөрүп,
Жүрүүчү элем колума.
Жерге түштү желегим,
Жаркыраган желекти,
Жашырбай кантип келемин.
Чыгалбай үйдө жатканым,
Чымчыгым учту чынардан.
Артынан куусам карматпай,
Ашып кетти кырандан.
Кулунум качты желеден,
Андай кырсык болбосо,
Алдыда келчү мен элем.
Талпындым эле жетсем деп,
Табалбай калдым айламды.
Тагдырдын жолу тайгалак,
Талаша турган шай барбы.
Баламды берип ээсине,
Башыма туман айланды.
Ойлогон ойго жеталбай,
Ошентип колум байланды.

Осмонкул: Жайынды айттын Алымкул,
Жаңы келип Таластан.
Чынарынан бөлүнүп,
Чымчыгың экен адашкан.
Чырпык сынса сынсын деп,
Чынар аман турсун деп,
Чынында ушул кыйын кеп.
Өлгөндү туулган жеңет деп,
Башынан далай иш өтүп,
Байыркылар айткан кеп.
Ажырапсың Алымкул,
Артын берсин баланын.
Аяш уул төрөсө,
Беш-алты кемпир чогулуп,
Бешикке салып бөлөсө,
Ай тийгендей жаркырап,
Ачылып калат кабагың.
Атын Замир коебуз,
Андагы тапкан баланын.
Амалы кетип өлүмдөн,
Атадан бала бөлүнгөн.
Чымчыгың экен Алымкул,
Чыгарып кой көңүлдөн.

Барпы: Ой, Алымкул чырагым,
Аман болсун чынарың.
Убакты жетип күн бүтүп,
Учкан экен тынарың.
Өзүң деле баласың,

Өкүнүп тартпа убайым.
Көпүрөң ооп Алымкул,
Көлгө кеткен, турбайбы.
Көк шумкарың айланып,
Чөлгө кеткен, турбайбы.
Жети атаң барып тынч алган,
Жерге кеткен, турбайбы.
Боору бүтүн башы эсен,
Болбойт экен адамда.
Айтканың оор сөз болду,
Аралаштырып саламга.
Каза шумкар жем жесе,
Канатын канга тийгизбейт.
Кайраты бар азамат,
Кайгысын элге билгизбейт.
Эки ага-ини кишинин
Бири — кедей, бири — бай.
Эки жилик эт жесек,
Бири — каргыш, бири — май.
Жанаша эки өзөндүн
Бири — токой, бири — сай.
Жашыба жаман адамча,
Жаратылыш ушундай.

Осмонкул менен Калыкты,
Оозуңа алдың да,
Олтурган төрт, беш чал барбыз,
Бизди унутуп калдың да.
Ниязалы, Бекназар,
Шапак турат алдыңда.
Топ жыйында жолукса,
Токтогул берчү саламды.
Токтогулдан чоңсуңбу?
Тоотподуң аганды.
Кадырлап өзү кол берип,
Калмурза айтчу саламды.
Калмурзадан чоңсуңбу?
Карабадың аганды.
Көөлү көмүр өчүрүп,
Көөп жүргөн чагымда;
Көрүнгөндүн кыздарын,
Өөп жүргөн чагымда;
Перизаттардын тобуна,
Барып жүргөн чагымда;
Белегиме бет аарчы,
Алып жүргөн чагымда;
Саадагым чаян чок беле,
Санатым сенче жок беле?

Жоолугум чаян чок беле,
Жолуң болгон Алымкул
Жомогум сенче жок беле?
Барпы деген мен элем,
Балдар, мен кимден кем элем.
Түндүк, түштүк акындын,
Түзүктөрүнө тең элем.
Калык, иним сен айтчы,
Кайсы акындан кем элем.
Арка, Анжиян ырчыңдын,
Алдыңкысыга тең элем.
Эртеби, кечпи, ким билсин,
Эчкиникиндей жаш калды,
Кача турган куш дагы,
Карай берет асманды.
Качуучу куштай убагым.
Кааласаң балдар кезинде,
Кадырымды сурагын.
Карганда түшөт оюңа,
Кайгы, санаа узун жол.
Заманың келди тилеген,
Сайранда балдар аман бол.
Эстүү болсо балдарың,
Эркелетет карганын.
Эси жок болсо балдарың,
Эсептен чыгып калганың.

Алымкул:

Кечирип кой Бапыке,
Кетирген кемчил күнөөнү.
Аксакалдар кечиргин,
Алымкул бүгүн күнөөлүү.
Алып кетпей ичиңе,
Айтканың жакшы мүдөөнү.
Сахнага чыкканда,
Санаам санга бөлүндү.
Салтанаттуу чоң жыйын,
Залдагы көп эл көрүндү.
Айталбадым сүрдөнүп,
Аркы-терки жөнүмдү.
Калык чымчып өткөндө,
Кара тер баштан төгүлдү.
Кечигип артта келгенге
Кетенчиктеп токтодум.
Айтпай эле баланы,
Амалсыздан козгодум.
Айтайын деген оюмдан,
Адашып калган окшодум.
Баарынан катуу урунду,
Бапыке сенин токмогуң.

Балапанына кайгырып,
Баш ооруган мен капа.
Алымкул басып келбейт деп,
Ага деп салам бербейт деп,
Ал жөнүндө сен капа.
Өтүнөм ага кечиргин,
Экөөбүз бирдей тең капа.

Ошондо Калык, Осмонкул, Карамолдо аксакалдар Шаршенди чакырып алып, «Барпыга салам айт, көңүлүн жайка» дегендей болду. Шаршен сахнага чыгар алдында Осмонкул: «Эл күлсүн, баягы куудул сөздөрүңдөн аралаштырып, күлкү менен Барпынын таарынычын унуткар», — деди. Осмонкул менен Шаршен сахнага чыкканда эле эл күлө баштады. Атайылап жасатып алган экен, комузунун бир бети комуз, экинчи бети домбура. Эл аны көрүп андан бетер күлдү. Шаршен ырдай баштады.

Айткандар айтып салабы,
Мендей аңкоолор карап калабы?
Аныктап таанып алайын,
Акын Барпы аганы.
Акын болсом деп жүрөм,
Бапыке, абайлап көргүн балаңы.
Чогулушта жыйында,
Чоң жорголор салабы,
Мендей чобурлар карап калабы?
Жолугуп таанып алайын,
Жолоочу келген аганы.

Термекчиктин баласы,
Шаршен деген акынмын.
Улуу кичи келди деп,
Учурашып жатырмын.
Бапыкеме айтам саламды,
Бала-чакаң аманбы?
Эли-журтуң аманбы?
Бапыке аманбы?
Амандашсам жаманбы?
Саламдашып ырдадым,
Бапыке өзүң байкачы,
Салмактуу бекен ырларым,
Кандай экен ырларым?
Көп эле жерде ырдадым,
Көбөйбөй жүрөт ырларым.
Ар кайсы жерде ырдадым,
Арбыбай жүрөт ырларым.
Ырчылыгым бар бекен,

Ырымды бүгүн сындагын.
Осмонкулга сынатсам,
Ырчы эмессиң сен деди.
Акын болбой жерге кир,
Айлыңа кете бер деди.
Уйкашпайт экен ырларың,
Уялбай кантип ырдадың,
Акын сендей болобу?
Сага окшогон жиндини,
Акын деген оңобу,
Деп тилдеди Осмонкул.
Көңүлүмдү калтырып,
Көп тилдеди Осмонкул,
Жаман экен Осмонкул.
Айтаарыма келгенде,
Айтып кое бергенде,
Ырдаарыма келгенде,
Ырдап кое бергенде,
Уйкашына карабайм,
Уккан элди кубантып,
Ушундай катуу сабалайм.
Угуп турган Бапыке,
Төгөйүнчү жамгырдай,
Кудайдын берген жел сөзүн,
Куюлтайын жамгырдай,
Катуу төгөм жамгырдай.
Бозокорлорго ырдагам,
Болжолсуз акын экен деп,
Бозо берип сыйлаган.
Калык акын жактырган,
Борумуң да мыкты деп,
Боору калбай каткырган.
Ошол киши жактырган,
Чоң ырчысың деп жактырган.
Кошокко апам мыкты эле,
Атам маркум өлгөндө,
Кошокчу болуп чыкты эле.
Андан ооп маа келди,
Энесин тарткан булбул деп,
Көргөн-билген айылда
Көп кемпирлер баа берди.
Бали, рахмат Шаршен деп,
Байбичелер баа берди.
Калк аралап көп жүрөм,
Калыктай болсом деп жүрөм.
Чогулушта көп жүрөм,
Чоң ырчы болсом деп жүрөм.
Калыктай акын боломбу,

Ойлонуп айтчы Бапыке
Осмонкулду согомбу,
— деп Шаршен токтоду.

Шаршендин күлкүсү менен эл көңүлдүү тарады.

## БАРПЫ МЕНЕН ТОКТОСУН

1948-жылы областтык олимпиадага Жумабай кыякчы, мен, Ормонбек келдик. Олимпиадада 11-октябрда жыйынтык концерт болмок. Кароодон өткөндөн кийин 12-октябрде «Саламдашуу» менен биринчи мен чыкмак болдум...

Комузумду көтөрүп жатаканага келе жатсам, ошондо эки жылдык мугалимдер курсунда окуп жүрүшкөн жолдоштор жолугуп, театрга келсек, фойеде сейрек чокчо буурул сакалы бар, башында өзбек топучан, толук киши таяк кармап отургучта отуруптур. Барпы ырчы ушул дешти. Ырдаш деп сурап калышты. Тобокел деп, ошондо көпкөндүкпү же жаштыктын жалыныбы ким билет, Барпыга тийишип ырдап кирдим. Мен комузду күүлөй баштаганда үн чыккан жакка кулагын сала баштады. Байбичеси жанында экен.

Көрүп турам биерден,
Тетиги көгала сакал абамды.
Барпы акын ушул деп,
Балдардан уктум кабарды.
Сакадай бою сары алтын,
Салабаттуу кишиге,
Саламдашып алалы.
Карыянын кашында,
Кайкы тилди чабалы.
Кыйлага жашы барыптыр,
Кыргыз элдин ичинде,
Кыдырып тоо, талааны.
Сырттан адам көрүнөт,
Сындасын мендей баланы.
Жардамга кошо барчудай,
Жаакташкан жан болсо,
Жаатташа калчудай,
Жанында экен аялы.
Бүтпөгөндөй дүнүйө,
Бүркөлүп турат кабагы.
Жеңемдин мындай турушу,
Жетпейби кийим, тамагы.
Алтымыштан ашканча
Алган менен тойбогон;
Сексенге кадам басса да,
Серпкендигин койбогон

Абам, аялды шундай багабы?
Кайдагы тентек дебестен,
Аба, кабыл ал айткан саламды.
Аксы деген жердемин,
Атайы эңсеп келгемин.
Арзып жүргөн кезимде
Абам сизсиз көргөнүм.
Алган киши экенсиз,
Акын Током өрнөгүн.
Көрбөй туруп сүйлөгөн
Көптөн сиздей көрбөдүм.
Азыр эле кеп уктум,
Ар кимдерден мен уктум:
Жаш кезинде Барпы акын,
Карамырза, Накенди,
Орозматын баш кылып,
Онтолоткон деп уктум;
Ошолорду жөн уктум.
Карып калган кезинде,
Кайрат, күчү дагы эле
Калдыбы деп сезимде,
Кайрылдым эле аксакал,
Кажылдашып кетүүгө.
Комузум бар колумда,
Кооз күүлөр чертүүгө.
Көөдөн согуп турган кез,
Көпкө кызмат этүүгө.
Элирет менин жүрөгүм,
Эңсегенге жетүүгө.
Улуусуз сизди сыйлабай —
Урунгансып ырдадым.
Учуратпай кесирге,
Акыл болсун айтканың
Акын аба баштагын.
Карынга катпай сөзүңдү,
Калп эле жумбай көзүңдү,
Калганын мага таштагын.
Атагыңды унутпай,
Айтып жүрсө болгону,
Артыңда мендей жаштарың.
Коргол деген карыдан,
Үлгү алып быйыл жаңыдан,
Азыраак чыкты таскагым.
Элирсем бир аз чыдарсыз,
Эрмегимди угарсыз.
Эсирген кандай бала деп,
Эл-жеримди сурарсыз.
Элирсин тилим абыдан,

Илгертен Аксы деп коет,
Элимден келдим жаңыдан.
Жалпыга маалим таанылган,
Атыңды угуп көрбөстөн,
Алтын жүрөк сагынган.
Короголдон уккам даңкыңды:
«Ачууланып ырдаса,
Аярданып турбаса,
Айтканы тийген чагылган».
Менин да бактым бар экен,
Сиздей, Барпыга келип кабылган.
Күүң болсо үйрөткүн,
Күкүктөй тилди сүйлөткүн.
Үлгүңдү алып калайын,
Үңүлүп чыкпай жаныңдан.
Мен туулуп өскөн жер,
Тегененин талаасы,
Жылга-жылга сайынан,
Жылжып агат кашка суу,
Жыпар жыттуу абасы.
Ныязалы комузчу
Балаңыздын бабасы.
Желпингенден жел жетпес,
Жеткилең ырчы болуучу
Жеңижоктой абасы.
Акындардын мыктысы;
Ачуусуна тийгенди,
Алды менен жыкчусу —
Атагы чыккан Нурмолдо,
Ал баландын тагасы.
Эл, жеринен күүчү, ырчы,
Эчен өссө ырдамак,
Эзелтен кыргыз адаты.
Токтогул күү үйрөнгөн,
Торгойдой таңшып сүйлөгөн
Ныязалы комузчу.
Күүлөрүнө ыр кошуп,
Күлдүргөн ошо болуучу.
Токтогул эле дейсиңби,
Толгон жаштар үйрөнүп,
Толгоп черткен комузду.
Кытыгылап жаткансып,
Кыт-кыт күлүп көргөн эл,
Кызыгына тоюучу.
Карыяны көргөндө,
Кандай ырдап берет деп,
Касиети керек деп,
Каргадай болгон уулундун,

Качырып турган жолу ушу,

— деп басылдым. А дегенде катуу тийишип алып, кайра качкандан намыстанып, эмине болсо да тобокелге салдым. Барпы болсо уюткан коргошундай болуп, эч нерсени оюна албай менин ырымы тыңшады.

— Ээ... балам, бүттүңбү?

— Ооба.

Ошондогу Барпынын ыры (комуз чертпейт экен, таягын бекем таянып алып, кара төкмөгө салып ырдады).

А... а

Учурашып ырдадың,
Урмат менен тыңдадым.
Амандашып ырдадың,
Айтканыңды тыңдадым.
Алабарман экенсиң,
Акындык жолун булгадың.
Азиз элем жетелеп,
Алыс жолду төтөлөп,
Алып жүрөт курбалым.
Аялын да жардамга,
Ала келген экен деп,
Айтып бир аз ырдадың.
Ал эмине кылганың?
Балам сендей кезимде,
Баары турат эсимде;
Көзүм ачык чагында,
Көп баргам далай айылга.
Каяша кылган ырчылар,
Калуучу менин каарыма.
Көпкүлөң тартып ырдадың,
Көзү азиз мендей карыга.
Көзү азиз экен деп,
Көтөрмөгө чалынба.
Көмөлөнүп жыгылып,
Көлгө барып малынба.
Катыгыңды берейин,
Капа болуп таарынба.
Билет элең баркымды,
Бир жүрсөң мурун жанымда.
Барпы, Барпы болгону,
Барпы атка конгону,
Ышкыбозум элиме
Ырдан тарткам жоргону.
Барпысы жок өтчү эмес,
Бул айылдын тойлору.
Күкүктөй сайрап отуруп,
Гүлдөткөм эчен ордону.

Барпы ашпаган жер бекен,
Бардык кыргыз тоолору,
Кокту, колот, коолору.
Биле албадым, баланын
Кандай экен ойлору.
Качырсам деп турат го,
Карап көрсөм болжолу.
Чыгарайын эсинди,
Балам, чыдап турсаң болгону.
Атасынан жеме укса,
Арылар балким шорлору.

Мына тийиш деп отуруп балаага калтырмак болдуңар,— дедим балдарга, Барпы төктү:

Мен да сендей жаш болгом,
Ар нерсеге маш болгом.
Кыз-келиндер көрүнсө,
Кымыз ичпей, бозо ичпей,
Сендей пиво, арагын кошо ичпей,
Жалаң кыялына мас болгом.
Кызыталак кары деп,
Кызыкканга ат койгом.
Алтымыш төрт жашымда,
Ал кыял менден жат болгон.
Куруп калсын карылык,
Кудурет кетип, дарт конгон.
Жакшы экен жашчылык,
Жазгы күндөй бак конгон.
Жашчылыгың болбосо,
Айылда сендей акмак жок,
Атасына тап койгон.
Болбосо биз улууга
Урматтап салам берчү элек.
Ыңгыранып турса да,
Ызаат менен келчү элек.
Ырыс шерик экен деп,
Ырахатын көрчү элек.
Аштан-тойдон тапканды,
Арбыныраак алсын деп,
Аксакалга бөлчү элек.
Артканы болсо жечү элек,
Артпаса ачка келчү элек.
Жолу калса болгону,
Жокко ыраазы дечү элек.
Угуп турам сөзүңдү,
Көрбөй турам көзүңдү.
Сокур чалды Токтосун,

Сойлотом дейт шөкүлдү.
Атаңды мен өлтүрүп,
Алгың барбы өчүңдү.
Айтып өттүң жаш бала,
.Абаңды сыйлап аз гана.
Бул кыялды таштагын,
Буруп айтпай башкага.
Абандан уккан акылды,
Ара жолго таштаба.
Азуум жок болсо да,
Ак сакал кылып койсо да,
Арабөк жүргөн балдарды
Ала жатам жаздана.
Адам болуп кетерсиң,
Акылың болсо такшала.
Кыргыз жаман көрчү эмес,
Кызыктуу биздей эрмегин.
Той-ашта жүрүп үйрөнгөм,
Токтогулдун өрнөгүн.
Он тогуз жаш улуу эле
Ойротто андай көрбөдүм.
Кармашамын дегенде,
Карамырза, Накендин
Катыгын колго бергемин.
Калык, Коргол, Осмонкул,
Катары бир теңдерим.
Жакында эле борбордо,
Жаакташып келгемин.
Молдобасан, Саякбай,
Өздөрү да Манастай.
Күнү-түнү тынбастан,
Күпүлдөйт экен адашпай.
Күлүктү көрдүм адамдан,
Күн жүгүргөн таң ашпай.
Алар да каяша айткан жок,
Атымды угуп баткан жок.
Кызыталак жаш бала,
Кыялың турат жарашпай.
Кылыгыңды байкасам,
Кызыгансып сүйлөйсүң,
Башынан байге бербеген,
Барпы аваңды ким дейсиң?
Көрбөгөн чал экен деп,
Көмүскөлөп тилдейсиң.
Жөөлөбөстөн аваңды,
Жөнүң менен жүрбөйсүң.

— Аба, кечирип коюңуз, Сизди ачуусуна тийбесе, а киши төгүп бербейт дегенинен, мен атайын тийишип ырдадым эле деп өз жолумду кылдым. Аялы да мага кошулуп, жаш баланы анча каарыбай эле жөн ырдасаң боло деди. Ошондо Барпынын ыры:

Катуу тийдиң башынан,
Карыяга кашынган.
Калкымда сендей көрбөдүм,
Кайраттуу чыккан жашынан,
Карысына асылган.
Менин ырым Чаңгенттин,
Бозосундай ачыган.
Күздүн күнү Акмандын
Козосундай ачылган.
Арстанбаптын, Ачынын
Агынындай ташыган.
Чын кары деп сыйласаң,
Чыкпай жүргүн каршыман.
Мен-мен Барпы болгону,
Барпы атка конгону,
Толукшуп сайрап олтурган,
Тоонун болгом торгою.
Ай-ай балам, ай балам,
Ардактаган тай балам.
Сендей нечен ырчыны
Серпкен кезде жайлагам.
Ширеткендей болотту,
Шилтегенден тайбагам.
Азыр өткүр баласың,
Ачууңа саларсың.
Ардактап сыйлап отурган,
Абаңды кайдан табасың.
Кыялыңды байкасам,
Кыпкызыл күйгөн панарсың.
Кыялыма сен жаксаң,
Кызматыма жарарсың.
Ага да бар, ини бар,
Айткан жерге барарсың.
Барбай койсоң кокустан,
Бар балаага каларсың.
Угуп кой, балам, сөзүмдү,
Урматтагын өзүңдү.
Курчтугуң бар турбайбы,
Кутургандай шөкүлдү.
Жорголугуң бар экен,
Жолго түшүп көшүлчү.
Жашы улууга тийбестен,
Ачып жүргүн көзүңдү.

Анда мен: Кытыгылап койбосо,
Кызыбайт деп уккамын.
Карыя ырдап бербесе,
Калат деп ичте бушманым.
Топон суу болуп кетсе да,
Тосоюнчу беттешип —
Тобокел деп чыккамын.
Сергий түштү көңүлүм,
Сөзүңдүн татып туз, даамын.
Качырышың башкача,
Канатындай шумкардын.
Жүгүрүшүң тап-таза,
Жуда өзүндөй тулпардын.
Таасын чыкса экен деп,
Тай кезимде таскагым.
Сынчы абамдан оңолсо,
Сылтып баскан аксагым.
Элдик ырчы болсом деп,
Эркелеп сизге айткамын.
Кармайын аба колуңдан,
Каардуу сөздү таштагын.
Колуңа тийген мен бир куш,
Канатым тарап таптагын.
Үлгүңдү берип үйрөткүн,
Ителгидей күүлөнткүн.
Тантык болсо сөздөрүм,
Таасындатып сүйлөткүн.
Жазгы гүлдүн ичинде,
Жагымдуу уккан кишиге,
Жаңшалган булбул үндөткүн.
Кошулуп топко барайын,
Кой жоргомду салайын.
Акыл-насаат сөзүңдү,
Артыңдан ээрчип алайын.
Ар жыйында ырдайын,
Айтканы деп абамдын.
Алды менен угулду,
Аздыр-көптүр саламым.
Абаке берчи колуңду,
Менин да аткарылсын талабым.
Мен эмес эчен ырчылар,
Үлгү алышкан улуудан.
Күжүлдөгөн күлүктөй,
Күүлөнсө топтоп суурулган.
Жакшы деп аяк таштапты,
Жакканы элге угулган.
Айтканын угуп калсак деп,
Артынан калбай чуурган.

Аяндан бир аз уктуңуз,
Ансыз да сынап чыктыңыз.
Алдында мендей уулуңдан
Татына сөздөн үйрөтүп,
Таптагы куштай күүлөнттүң,
Аба, талпынтып учур тууруңдан.

Ошо күнү Барпы мени Болот деген инисиникине ээрчитип барды. Таңды тамаша менен аткардык. Барпы абам мага жооп ырын ырдады. Андан кийин Барпыны көргөн жокмун. 1951-жылы «Ала-Арча» мүрзөсүнөн анын эстелигин көрдүм.

## БАРПЫ МЕНЕН БАЛА ЫРЧЫ СЫДЫК

Мен он сегиз жашта элем (1894-жылы туулган). Жалал-Абаддын бери жагы Чаңгент деген жерде Шүкүралы деген атасына аш берет. Ошондо чоң манап Сары болуш чакырып келип, түндөсү Барпы экөөбүздү айтыштырган. Сары болуш 10 сом, Кала бий 10 сом, Калча манап 10 сом чыгарып, ортого койду да, жеңгениңер аласыңар деди. Ошондо сөздү баштап ырдады.

Барпы:
Адамзат көрөт ар ишти
Сары болуш алдында
Барпы менен Бала ырчы
Экөө бүгүн таанышты.
Бала ырчыны билчү элем,
Даңкыңды угуп жүрчү элем.
Укканымча бар экен,
Тарбиялап өстүрсө
Боло турган бала экен.
Башынын жүнү ка́м[1] экен
Жагжандаган ка́л[2] экен.
Шул айыбы бар экен.

Сыдык:
Атактуу ырчы экенсиң,
Атагың чыккан сен дагы
Барпы ырчыны көрсөм деп,
Эңсечү элем мен дагы.
Башымдын айтып айыбын,
Адаштың бир аз сөзүңдөн.
Ажырап калган экенсиң,
Акактай тунук көзүңдөн.

Барпы:
Тойлорго ырдап барасың,
Эркелетип ырдасам

[1] Ка́м — кем (жыйноочу ушундай жазган туура эмес жери бар).
[2] Ка́л — таз.

Балам, көөнүңө эмне аласың?
Башыңды элден жашырып
Кай жакка качып барасың?

Сыдык:
Баланы алдың башынан
Баары дайын жашынан.
Баш менен көздүн айыбын,
Канетип элден жашырам.

Барпы:
Жоктоого кирдиң жашыңан
Жоор болдуң башыңдан.
Катарга кирдиң жашыңан,
Карыш болдуң башыңан.
Ачуумду келтирсең
Аштап сени кубамын.
Карышыңды кызартып,
Аюу чачы менен жуламын.

## НУРМОЛДО МЕНЕН АЙТЫШЫНАН

Нурмолдо:
Кайрылып ырдап каласың,
Кайдан келген баласың?
Таанybaймын мен сени
Көрдүң беле сен мени
Менин атым Нурмолдо
Ичимде ырдын кани бар,
Ыргып чыгат жаныбар.
Барган сайын көбөйүп,
Кайнап чыгат жаныбар.
Кардымда ырдын кани бар,
Жайнап чыгат жаныбар.
Булак ийген суугa окшоп,
Оргуп чыгат жаныбар.
Оозумда ырдын кани бар,
Тизип чыгат жаныбар.
Тишимде ырдын кани бар,
Анык айтат жаныбар.
Алкымда ырдын кани бар
Ар кайсыны ортого
Салып айтат жаныбар.

Барпы:
Акылың Нурмолдо
Айтып ырдап тур молдо.
Түгөтөмүн каниңди
Таанып турам баарыңды.
Мактанбагын барыңды,
Эми көрөм алыңды.

. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

## СЫДЫК МЕНЕН АЙТЫШЫНАН

Сыдык: Акман, Ачы биздин жер,
Атуулу биздин эл.
Байлыгы элге таң болгон
Мал айдаса сүрүлүп
Тумандай калың чаң болгон.
Калың элдин кани эле
Мундуз журттай кам болгон.
Төөсү кара нар болгон,
Жутканы шекер бал болгон,
Алыстагы душмандар
Аралашка зар болгон.

Барпы: Ырдадың Сыдык нуска деп
Назар тийген журтка деп
Атаңды айттың Бука деп,
Эл сураган тутка деп
Ырдабай Барпы коебу
Куп ойлончу Сыдыгым
Адамдан бука болобу?
Муруңку сөзүң мунандыр,
Атаң бука болгондо,
Энең кайсы кунаажын,
Аттай албай кыйырдан
Белгилүү болдуң жыйындан.
Көрсөтөсүң Барпыга
Энең кайсы сыйырдан.
Сен билбесең мен билем
Эп келбеген кыйындан
Акман ажы жериңди,
Калың мундуз элиңди.
Байкап калдым чениңди
Айтымыңдан Сыдыгым
Кадырың көргөн таң калган,
Капталга байлап мал салган
Мундуздун тагин мен билем,
Арыса жорго чарчаган
Боoбек журттун болушу.
Атасын мактап бука деп,
Сыдыктын кандай жоругу.
Жараке журттун жакшысы,
Сөзүңдүн чыкты калпысы.
Өтөмүш журттун өткүрү
Кебиндин кыйын кесири
Сыдык менен ырдашкан
Чечен Парпи акыны
Атаңды бука деп ырдап,
Ка́лта́к жебе акыры.

Мейман келсе деп ойлоп,
Сыдыгым ырчынын экен бакылы.

## БАРПЫ МЕНЕН АКМАТ

Акмат: Аманбы Барпы аксакал!
Акматтын сөзүн байкап ал.
Ак жүзүмдү көрбөсөң,
Айранга, сүткө чайкап ал.
Алтын кемер белимде,
Аким болом элиңде.
Андаганга акынмын,
Ар өнөргө жакынмын.

Барпы: «Алтын кемер» сенсиңби?
Акындыкка теңсиңби?
Адам эмес жердеги,
Асмандагы желсиңби?
Бетиң акпы, карабы —
Бакпай туруп сеземин.
Азыркы жаңы заманда
Аким болсоң — беземин.
Ырчы — болсоң төкмө бол,
Ырдай турган кезегиң.

Акмат: Айыл ичин кыдырып,
Аш бергенди мактадым.
Ак теректи сыдырып,
Айга чейин каттадым.
Өнөрүмө өрөпкүп
Өзүмө өзүм батпадым.

Барпы: Курсагыңдын тойгонун
Куп келтирип ырдадың.
Жарма ичкениң жашырбай,
Жуп келтирип ырдадың.
Адамдыктын сапаты —
Алдыдагы ашта эмес.
Алдуулуктун белгиси —
Алабарман жашта эмес.
Акындыктын жобосу —
Ашкабактай башта эмес.

## БАРПЫ МЕНЕН АБДЫРАХМАН

Барпы: Шаймардандин шайкысын
Шайирлик сөздүн жакшысын.
Токтолушуп таалим кыл,
Уругуң кайсы маалим кыл.

Дариядай мов жүрүп
Сайдан келдиң жаш бала.
Таг уругуң кайсы элден
Қайдан келдиң жаш бала?

Тириглигиң кылалбай
Шашып келип жүрбөгүн?
Уврулук кылып журтуңдан,
Қачып келип жүрбөгүн?

Түндө уктабай ордуңдан
Туруп келип жүрбөгүн?
Бадөвлеттин жылкысын
Сүрүп келип жүрвөгүн?

Абдырахман: Шаймардандын мазары
Шаирликтин илмиде,
Жакшы эмесмин Барпы аке.
Шашилип бирөв док кылса,
Қашчу эмесмин, Барпы аке.

Түндө уктавай орнумдан
Туруп кеген эмесмин.
Түрүлгөн байдын жылкысын
Сүрүп келген эмесмин.

Басмачы болуп бир байды
Басып келген эмесмин.
Уурулук кылып элимден
Қачып келген эмесмин.

Тувулган жерим сурасаң,
Айдархан, Қош-Қөл жерденмин.
Түп уругум атаклуу
Жовкесек Бостон элденмин.

Топурлуу элдер той кылса,
Топтолуу жыйын тойдомун.
Барпы авамды көрөм деп,
Он беш күн болду жолдомун.
Жовавынды айталбай,
Ойлонуп турган ойдомун.
Барпы аке сенден сурайын,
Азыр көрдүм өзүңдү:
Адамдар жүда мактаган
Довмай айткан сөзүңдү.

Санап бардым үйүңө,
Турмушуң анык көрүндү.

Жаш экенмин көрбөпмүн,
Эгиз дован Көк-Артты.
Каяктан алдың үйдөгү
Шол көтөрүм болгон көк атты.
Алганыңда шунчалык
Арык беде Барпы аке.
Жаткан жерден туралбай
Гарып беде Барпы аке.
Көпчүлүк журтка айтып бер
Арыган аттын са́ба́бин.
Кечиктирбей көп журтка
Маалим кылчы жова́бин.

Барпы: Көк атымды сурасаң,
Туралбайт эле байловдо.
Овал баар жазында
Айдадим эле жавловго.
Айгырлар менен алышып,
Өйдө-төмөн чавышып,
Жаман айгыр иштеген,
Желкесинен тиштеген.
Чымын чычып курттаган,
Кычышкан жерин өйкөгөн,
Арчага барып сөйкөгөн.
Шунуң үчүн болунган
Жоворлуктун са́ба́би.
Жеми кашек жукпастан,
Огурлуктун са́ба́би.
Аның деймин жалгансыз,
Арыглыктын са́ба́би.
Карашка колу тийбеген,
Карывлыктын са́ба́би.

Абдырахман: Айтишка жобосу шулки,
Айтип турган ка́биңдин,
Са́ба́бина́ канбадым.
Акун Барпы экенсиң,
Жовобуңа канбадым.
Аның мага көрсөткөн,
Жовуңа канбадым.

Сен калкка ырчы болгону,
Кавыр кылып коюпсуң.
Сөздөн эгер токува
Жавур кылып коюпсуң.

Өөдөшүрөөк жер келсе,
Жарыш кылып коюпсуң.

Тавын билбей сув берип,
Карыш кылып коюпсуң.

Көз көрүнө көк атты,
Көк желкеден союпсуң.
Залимдигиң шул болсо,
Барпы аке кайдан тоюпсуң.

## БАРПЫ МЕНЕН БАЙЗАКОВ ТҮМӨНБАЙ

Түмөнбай:
Жаш балапан уядан
Уча турган кезде мен —
Тарбия берчи иниңе,
Акын Барпы ава сен.

Берметтей сөздөр тизилген
Сүйүп жүрөк эзилген
Нусканды алып калсам деп
Өрчүп турат демилгем.
Акын болуп чыктыңыз,
Атагы Түштүк элимден.

Талыкпас дулдул аталып,
Булбулдун сөзүн жатка алып.
Кызыгамын мен иниң
Үлгүңдү алсам катка алып.

Ырдаганда токтолбой
Жолго түшкөн жоргоңуз.
Мен Түмөнбай иниңе
Сиз сыяктуу болсоңуз.

Ушул быйыл өзүмдүн
Жыйырма үчтө курагым.
Уят болуп калам деп,
Ыйба кылып турамын.
Мүнүшкөр болчу иниңе
Аба сизден сурадым.

Барпы:
Жайнап турган белгиңден
Акындыгың билгемин.
Талбас күлүк болот деп,
Мен дагы ойлоп жүргөмүн.

Сайраганың булбулдай,
Акылы артык баласың.
Аракет кылсаң иним сен
Акындык нускам аласың.

Таланттуу болсоң чырагым,
Тизилген сөзүм сеники.
Ырдай бер балам тартынбай,
Табарик сөзүм меники.

Жаңылбас болсоң сөзүндөн,
Атагың элиң көтөрөт.
Чындыкты айтсаң элиңе
Акындыгың эп көрөт.

Авалы акын Барпы аваң
Аттанып чыктым жашымдан.
Жыйында аваң ырдаса,
Кетпеген жыйын кашымдан.

Токтогул булбул асылдан
Урматыма ат алдым.
Ава деп келген белгиңден
Арнап иним үн салдым.
Картайып кетти өмүрүм,
Авадан нуска үлгү алгын.

Алтымыш үчкө барган жаш,
Асыл өмүр карган жаш.
Бул беш күндүк өмүрдө
Нелерди көрөт алтын баш.
Өтүп кетем бир күнү,
Жер астында болуп таш.
Айта берсем тизилет
Акындык ишке болдум маш.
Алып калгын нускамды,
Балапан иним Түмөнбай.
Үлгүлөрдү көрсөтүп,
Насыят айттым бир далай.

Карыя аваң Барпы акын,
Калк ичинде үн салам.
Өтүп кетем бир күнү
Нускамды алып кал балам.

Түмөнбай: Сиз саяпкер иниңе,
Ырыңыз аккан дарыя.
Авалы Барпы акын деп,
Атагың элге жарыя.
Мен талапкер ырыңа
Асыл сымбат карыя.
Ырымдын калем жолдошу,
Акын ырдын жоргосу.
Ар санаттан билдирип
Иниңди мындай колдочу.

Ар бир санат ырлардын
Көрсөтүңүз үлгүсүн.
Түмөнбайдай иниңе
Бериңиз ырдын күзгүсүн.

Барпы: Элирип аваң ырдаса,
Элдин көбү карашат.
Сталинди мактасак,
Жакшы болот, жарашат.
Ажыдаар жыланга,
Арбашкан да Сталин.
Канкор Гитлер залымга
Кармашкан да Сталин.
Кармашканда жоо менен,
Эл тиреги, Сталин,
СССРге нур чачат,
Эл жүрөгү, Сталин.
СССРды жарытып
Күйгөн шамы Сталин.
Эмгекчинин багына
Аткан таңы, Сталин.

Түмөнбай: Эл кысталып турганда
Акыл тапкан, Сталин.
Эмгекчиге түбөлүк,
Бакыт тапкан, Сталин.
Кремлди жарытып,
Нурун чачкан, Сталин.
Ата мекен жеңиштин
Жолун ачкан, Сталин.

Барпы: Баатырларды өстүргөн
Камкорубуз, Сталин.
Каршы жоону кайтарып
Коргонубуз, Сталин.
Армияны башкарып
Алгаладың, Сталин.
Немецтик желдетти,
Талкаладың, Сталин.
Бүт эмгекчи калкыңды,
Мыкачы Гитлер залимден
Калкаладың, Сталин.

Түмөнбай: Порт-Артурдан Берлинге
Улуу Сталин жол салдың.
Тогузунчу май күнү
Жеңиш туусун колго алдың.
Жеңиш нуру жарытса,
Сайрандайбыз, Сталин.
Сентябрдын үчүнү —
Самурайды жоготтук
Майрамдайбыз, Сталин.

Барпы: Эки жеңиш майрамда,
Сүйүнүп элим дүрбөгөн.
Фаргана Түштүк талаасын
Алтын пахта түрдөгөн.
Сталиндин таңында
СССР эли гүлдөгөн.
Ынтымактуу эмгекчи,
Қолуң жеткен жылдызга.
Бакыт берген Сталин
Өмүр көрсүн миң жылга.

## Кыскача комментариялар

**«Ыр»** — Алгач жолу «Ала-Тоо» журналына (1957. № 4, 107-б.) жарыялан-ган. Акындын 1960—1970—1984-жылдары жарык көргөн «Тандамаларынан» орун алган.

**«Ырдаймын»** — Биринчи жолу Бир томдук жыйнагында (1960) жарыяланган. Андан соң 1970, 1984-жылдарда басылган Бир томдуктарына кирген.

Китепке алгачкы басылышынан калыбына келтирилип алынды.

**«Айт, айт десе»** — Бул ыр биринчи жолу 1955-жылы «Тандалган чыгармалар» жыйнагында жарык көргөн. Кийин «Бир томдук ырлар жыйнагында» (1960, 1970), «Тандалмалар» китебинде (1984) жарыяланган.

Китепке алгачкы басылышынан текстологиялык анализден соң, тактоолор менен алынды.

**«Күн»** — Бул ырдын биринчи вариантын акындын өз оозунан 1948-жылы Бурул Парпиева жазып алган. (Инв. № (401) 190). Алгачкы ирет 1957-жылы «Ала-Тоо» журналына кыскартуулар менен жарыяланган. (Ала-Тоо, 1957, № 4, 107—108 бб.). 1960-жылы «Бир томдук жыйнагынды» бир кыйла толуктоолор менен басылган.

Китепке «Бир томдук жыйнагынан» текстологиялык тактоолор менен алынды.

**«Жер»** — Биринчи жолу 1987-ж. «Ала-Тоо» журналынын № 4-санына Т. Байзаков жарыялаган.

Китепке аталган материалдан алынды.

**«Аккан Суу»** — Акындын өз оозунан Т. Бекибаев жазып алган. Кол жазма Адабият жана көркөм өнөр институтунун фондусунда сакталууда (инв. 198 (410) Алгачкы ирет 1955-жылы «Тандалган чыгармалар» жыйнагында жарык көргөн. Андан кийин «Чыгармаларынын бир томдугунда» (1960, 1970), «Тандалмалар» жыйнагында (1984) басылган.

Китепке түп нускасынан текстологиялык тактоолор менен алынды.

**«Шамал»** — Биринчи жолу Т. Байзаков тарабынан 1959-жылы «Ала-Тоо» журналынын 1-санына жарыяланган. Китепке журналдын жана китептерине чыккан тексттерине талдоо жүргүзүү менен киргизилди.

**«От»** — Алгач ирет 1984-жылы акындын «Тандалмалар» ыр жыйнагында Т. Байзаков тарабынан жарыяланган.

Китепке ошол материалдан алынды.

**«Адамзаттын балдары»** — Акындын өз оозунан Ж. Сулайманов, И. Койтиевдер жазып алышкан. Кол жазма Адабият жана искусство таануу институтунун фондусунда 188(399) — инвентарь номерлүү папкада сакталууда.

Китепке кол жазмадан тактоолор менен алынды.

**«Адам»** — Биринчи жолу 1984-жылы акындын «Тандалмалар» ыр жыйнагында Т. Байзаков тарабынан басылган.

Китепке ошол материалдан алынды.

**«Адамга берген өнөр ила»** — Бул ырды акындын өз оозунан Т. Бекибаев жазып алган. Кол жазма Адабият жана көркөм өнөр институтунун фондусундагы 198(410) — номерлүү папкада сакталууда.

Буга дейре ырдын жарыялангандыгы тууралында кабар табылган жок. Китепке кол жазмага текстологиялык тактоолор киргизүү менен алынды.

**«Напси»** — Акындын өз оозунан кызы Бурул Парпиева жазып алып, 1946-жылы Институттун кол жазмалар фондусуна тапшырылган. Кол жазмалар фондусунун № 190(401) — инвентар номерлүү папкасында «Көз менен напси жөнүндө ыр» деген ат менен сакталууда.

Алгачкы жолу 1949-жылы «Тандалмалуу ырлар» жыйнагында «Напси» деген ат менен кыскартылып, өзгөртүлүп жарыяланган.

Биз кол жазма менен салыштырып, текстологиялык тактоолор, толуктоолор менен китепке киргиздик.

**«Эр жигитке сын»** — Биринчи жолу 1951-жылы «Тилек» аттуу китебинде кыскартуулар менен жарык көргөн. Кийин «Тандалган чыгармалар» (1955), «Бир томдук ырлар жыйнагы» (1960, 1970) китептеринде бир кыйла толукталып басылган.

Китепке 1960-жылы басмадан чыккан жыйнагынан алынды.

**«Болор жигит»** — Бул ыр биринчи жолу 1960-жылы «Бир томдук ырлар жыйнагында» басылган. Андан кийин 1970, 1984-жылдары чыккан китептеринде киргизилген.

Китепке айтылган жыйнактардан алынды.

**«Болбос жигит»** — Алгач ирет 1960-жылы Бир томдугунда жарыяланган. 1970, 1984-жылдары кайрадан басылган.

Китепке 1960-жылы жарык көргөн нускасынан алынды.

**«Жигиттик»** — Бул ыр Барпы акындан Б. Керимжанова, И. Койтиев, Ж. Сулаймановдор тарабынан жазылып алынган. Кол жазма институттун фондусунда (инв. № 88(399) сакталууда. Биринчи жолу ыр 1949-жылы «Тандалмалуу ырлар» жыйнагында кыскартылып жарыяланган.

Китепке текстологиялык тактоо, толуктоо жүргүзүлүп алынды.

**«Баатырдык»** — Биринчи жолу 1960-жылы Бир томдугунда жарыяланган. Кийин 1970, 1984-жылдары чыккан жыйнактарына киргизилген. Ошол себептен алгачкы жарыяланышынан өзгөртүүсүз алынды.

**«Марттик»** — Алгач 1960-жылы Бир томдугунда жарык көргөн. Андан кийин

1970-жылы кайра басылган. Ошондуктан алгачкы басылышынан эч өзгөртүүсүз алынды.

**«Аялдын жакшысы»** — Биринчи жолу 1960-жылы Бир томдугунда жарыяланган. Андан кийин бир нече жолу (1970, 1984) басылып чыккан.

Китепке алгачкы жарыяланган нускасынан алынды.

**«Аялдын жаманы»** — Алгачкы жолу Бир томдук ырлар жыйнагында (1960) жарыяланган. 1970-жылы кайрадан басылган.

Китепке көрсөтүлгөн жыйнактардан алынды.

**«Жакшынын жакшы билет сымбатын»** — Бул ыр 1972-жылы Өзгөн районуна уюштурулган фольклордук экспедиция учурунда Шалпыков Мамайкул деген аксакалдан Б. Элебаев тарабынан жазылып алынган.

Кол жазма Адабият жана көркөм өнөр институтунун фондусундагы «Санат» деген ат менен 164-папкада сакталууда. Буга дейре эч жерде басылган эмес.

Ошондуктан, китепке кол жазмага текстологиялык тактоо жүргүзүү менен берилди.

**«Жакшы кыз»** — Биринчи жолу 1960-жылы «Бир томдук» ырлар жыйнагында жарык көргөн. 1970-жылы кайрадан басылган.

Китепке 1960-жылы жарыяланган жыйнактан алынды.

**«Өзү каар, тили заар кыз»** — Бул ыр 1960, 1970-жылдары жарык көргөн томдуктарында басылган.

Китепке көрсөтүлгөн жыйнактарынан алынды.

**«Бузук»** — Биринчи жолу 1960-жылы Бир томдук ырлар жыйнагында жарык көргөн. Кийин 1970-жылы Бир томдук ырлар жыйнагында кайрадан басылат. Ал эми 1984-жылы «Тандалмалар» китебине кыскартуулар, өзгөртүүлөр менен киргизилген.

Китепке алгачкы басылышынан алынды.

**«Ушакчы»** — Биринчи жолу 1958-жылы 29-апрелде «Ленин жолу» гезитине жарыяланган. Андан кийин 1960, 1970-жылдары Бир томдук ырлар жыйнагы, 1984-жылы «Тандалмалар» китептеринде басылган.

Китепке 1960-жылы басылган китебинен алынды.

**«Жалганчы»** — Бул ыры биринчи жолу 1960-жылы «Бир томдук ырлар жыйнагында» жарыяланган. Көрсөтүлгөн китептен алынды.

**«Ач көз»** — Биринчи жолу 1960-жылы Бир томдук ырлар жыйнагында жарык көргөн. 1970-жылы «Бир томдук ырлар жыйнагы», 1984-жылы «Тандалмалар» китептеринде басылган.

Китепке алгачкы басылышынан алынды.

**«Питина»** — Бул ыр биринчи жолу 1960-жылы «Бир томдук ырлар жыйнагында» жарыяланган. 1970—1984-жылдарда чыккан томдуктарына кирген.

Китепке аталган материалдан алынды.

**«Желөпкө»** — Бул ыр биринчи жолу 1960-жылы «Бир томдук ырлар жыйнагында» жарыяланган. Андан кийин 1970-жылы Бир томдугунда, 1984-жылы «Тандалган чыгармалар» китептеринде жарык көргөн.

Китепке 1960-жылы чыккан жыйнагынан алынды.

**«Келесоо»** — Биринчи жолу 1960-жылы «Бир томдук ырлар жыйнагында»

жарыяланган. Кийинки томдуктарында дагы басылган.
Китепке көрсөтүлгөн жыйнактан алынды.

**«Мадалы ажыга»** — 1955-жылы «Тандалган чыгармалар» жыйнагында биринчи ирет жарыяланган. Кийин 1960-, 1970-, 1984-жылдары басылган ыр жыйнактарынан орун алган.
Китепке алгачкы басылышынан алынды.

**«Сук молдо»** — 1955-жылы «Тандалган чыгармалар» жыйнагында биринчи жолу жарыяланган. 1960- 1970-жылдагы Бир томдук ырлар жыйнактарында, 1984-жылы «Тандалмаларында» басылган. Ал эми 1964-жылы «Чалкан» журналынын № 10-санында жарык көргөн.
Китепке алгачкы басылышынан алынды.

**«Сопу»** — Алгачкы жолу Т. Байзаков тарабынан 1959-жылы «Ала-Тоо» журналынын 1-санына жарыяланган. Акындын 1960—1970—1984-жылдарда чыккан томдуктарына кирген.
Китепке текстологиялык тактоолор киргизген соң алынды.

**«Эмчилерге»** — Биринчи жолу 1955-жылы «Тандалган чыгармалар» жыйнанагына киргизилген. Ошол томдуктан алынды.

**«Алдамчы эшен»** — 1955-жылы «Тандалган чыгармалар» жыйнагында биринчи жолу жарык көргөн. 1960-, 1970-, 1984-жылдары басылган ыр жыйнактарында жарыяланган. Ал эми 1982-жылы «Кыргыз маданияты» гезитине басылат.
Китепке алгачкы басылышынан алынды.

**«Качкан эшен»** — Биринчи жолу 1955-жылы «Тандалган чыгармалар» жыйнагында жарык көргөн. Кийин «Бир томдук ырлар жыйнагы» (1960, 1970) «Тандалмалар» (1984) китептеринде басылган.
Томго алгачкы басылышынан алынды.

**«Эмне бар бул жерде»** — Биринчи ирет 1955-жылы «Тандалган чыгармалар» жыйнагында жарык көргөн. 1957-жылы «Мектеп жөнүндө ыр», 1960-жылы «Бир томдук ырлар жыйнагы», 1984-жылы «Тандалмалар» китептеринде басылган.
Китепке алгачкы басылышынан алынды.

**«Сенин сырың соодагер»** — Кайсы мезгилде, ким тарабынан жазылып алынганы белгисиз. Алгачкы жолу 1955-жылы «Тандалган чыгармалар» жыйнагында басылган.
Китепке ошол жерден алынды.

**«Мисал үчүн»** — Алгачкы өз оозунан Т. Бекибаев жазып калтырган. Кол жазма Адабият жана көркөм өнөр институтунун фондусунда 198(410) — папкада сакталууда. Буга дейре жарыяланган эмес.
Китепке кол жазмадан текстологиялык тактоолор менен алынды.

**«Калыстык жөнүндө»** — Бул ыр биринчи жолу 1985-жылы 25-октябрда «Мугалимдер газетасына» жарыяланган. Андан кийин 1987-жылы «Ала-Тоо» журналынын № 4-санына басылган.
Китепке алгачкы басылышынан алынды.

**«Ажал»** — Биринчи ирет 1960-жылы «Бир томдугунда» жарык көргөн. Кийин, 1970-жылы «Бир томдук ырлар жыйнагында», 1984-жылы «Тандалмалар» ырлар жыйнагында басылган.
Китепке алгачкы басылышынан алынды.

**«Пайгамбарлар жана олуялар кысасы»** — Бул ыры буга дейре Ади Өмүраалы уулунуң айтуусунда Қ. Жамгырчы жазып алып, Жалал-Абад областтык газетасы «Акыйкат жарчысына» 1993-жылы 13-июлдагы № 80(339) — санында жарык көргөн.

Экинчи варианты Маткасым Насирдин уулунан Маткасымов Болотбек тарабынан жазылып алынган. Андан А. Төрөканов көчүрүп, Адабият жана көркөм өнөр институтунун илимий кызматкери Қ. Даутовго жөнөткөн.

Окурман чөйрөсүнө бул ырды кеңири тааныштыруу максатында эки варианты китепке киргизилип отурат.

**«Дүйнө сен»** — Бул санат 1948-жылы Бурул Парпиева тарабынан жазылып алынган. Инв. № (401) 190. Үч вариантта айтылат. Үчүнчү варианты алгачкы жолу 1955-жылы «Тандалган чыгармалар жыйнагында» жарык көргөн. 1960-жылы «Бир томдук ырлар жыйнагында», 1970-жылы ошол эле китептин кайрадан басылышында басылган. Бирок 1984-жылы басмадан чыккан «Тандалмалар» жыйнагында кыскартуулар менен киргизилген (экинчи, үчүнчү түрлөрү жарык көргөн эмес).

Бул китепке текстологиялык тактоолор менен толук варианты алынды.

**«Жар жагылса суу бөгөйт»** — Бул санатты акындын өз оозунан Б. Керимжанова, И. Койтуев, Ж. Сулаймановдор 1947-жылы жазып алышкан. Кол жазма Адабият жана көркөм өнөр институтунун фондусунда (инв. № 188(399) сакталууда.

Алгачкы ирет 1949-жылы «Тандалмалуу ырлар» жыйнагында «Болсочу» деген ат менен кыскартылып жарыяланган. Кийинки жыйнактарга да кыскартуулар, одоно бузуулар менен басылып келген.

Китепке кол жазманын негизинде текстологиялык тактоолордон соң киргизилди.

**«Октобой мерген аталбайт»** — бул ырды акындын өзүнөн Б. Керимжанова, Ж. Сулайманов, И. Койтиевдер жазып алышкан.

Ырдын жарыяланбай жаткандыгы 1985-жылы 25-октябрда «Кыргызстан маданияты» газетасында С. Кайыпов тарабынан жазылган эле. Бирок азыркыга чейин жарык көрө элек.

Китепке кол жазмадан текстологиялык тактоолор менен алынды.

**«Болот»** — Акындын өз оозунан Б. Керимжанова, Ж. Сулайманов, И. Койтиевдер жазып алышкан. Кол жазма Адабият жана искусство таануу институтунун фондусунда (инв. № 88(399) сакталууда. Ыр буга чейин жарык көргөн эмес. Китепке кол жазмадан текстологиялык тактоолор менен алынды.

**«Болбойт»** — Акындын 1984-жылы басмадан чыккан «Тандалмалар» жыйнагында биринчи ирет жарыяланган.

Китепке аталган материалдан алынды.

**«Төмөн, төмөн, төмөн бар»** — Бул санатты акындын өз оозунан Б. Керимжанова, Ж. Сулайманов, И. Койтиевдер жазып алышкан. Кол жазма Адабият жана көркөм өнөр институтунун фондусунда сакталууда. (инв. 188(399). Буга чейин жарыяланганы туурасында факты табылбады. Китепке кол жазмага текстологиялык тактоолор киргизүү менен алынды.

**«Дүргө жетмек кайдадыр»** — Бул санатты акындын өз оозунан Т. Бекибаев 1946-жылы жазып алган. Азыркы Адабият жана көркөм өнөр институтунун фондусунда сакталып турат. Инв. № 190(401).

Томдукка текстологиялык кылдат тактоолор жүргүзүлүп киргизилди.

**«Тескейден шамал тербенбей»** — Биринчи жолу жарыяланып отурат. Санатты акындын өз оозунан Б. Керимжанова, Ж. Сулайманов, И. Койтиевдер жазып алышкан. Кол жазма Адабият жана искусство таануу институнун фондусунда (инв. № 188(399) сакталууда.

Китепке кол жазма үстүнөн текстологиялык талдоолор жүргүзүү менен киргизилди. Окууга кыйын болгон, мааниси так эмес жерлери такталды.

**«Мөмөлүү дарак көгөртсөң»** — 1955-жылы акындын «Тандалмалуу ырлар» жыйнагында «Эр жигитке сен» деген ырга кошулуп биринчи жолу жарыяланган. Кийинки чыккан китептеринде да ошол түрүндө орун алып келген.

Китепке алгачкы жарыяланышынан алынды.

**«Бир ооз кеңеш»** — Түп нускасы «Бир ооз кеңеш» деген ат менен Адабият жана көркөм өнөр институтунун кол жазмалар фондусунан (Т. Байзаковдун өздүк архиви инв. № 35.42-б.) табылды.

Бул ыр алгачкы ирет 1951-жылы «Тилек» аттуу ырлар жыйнагында «Терме жана санат ырлар» деген ырга кошулуп, кыскартылып берилген. 1984-жылы «Тандалмалар» жыйнагында басылган.

Китепке түп нускасынан салыштырылып, текстологиялык тактоо, толуктоо менен берилди.

**«Жакшы экен»** — Бул термени Барпынын өз оозунан Б. Керимжанова, И. Койтиев, Ж. Сулаймановдор жазып алышкан. Кол жазма институттун фондусунда (инв. № 188(399) сакталууда. Биринчи жолу 1949-жылы «Тандалмалуу ырлар» жыйнагында жарыяланган.

Китепке кол жазманын негизинде текстологиялык тактоо, толуктоолор менен киргизилди.

**«Турбайбы»** — Барпыдан жазып алгандар Б. Керимжанова, И. Койтиев, Ж. Сулайманов. Кол жазма институттун фондусунда (инв. № 188(399) сакталууда. Алгачкы ирет 1949-жылы басмадан чыккан «Тандалмалуу ырлар» жыйнагына басылган.

Китепке текстологиялык тактоолор менен киргизилди.

**«Менен»** — Ыр акындын өз оозунан Б. Керимжанова, И. Койтиев, Ж. Сулаймановдор тарабынан жазылып алынган. Кол жазма Адабият жана көркөм өнөр институтунун фондусунда сакталууда. (Инв. № 188(399).

Алгачкы жолу 1955-жылы «Тандалган чыгармалар» жыйнагында басылган.

Китепке кол жазмага текстологиялык тактоолор менен алынды.

**«Деген»** — Бул ырды акындын өз оозунан Б. Керимжаова, И. Койтиев, Ж. Сулаймановдор жазып алышкан. Кол жазма Адабият жана көркөм өнөр институтунун фондусунда сакталууда. (Инв. № 188(399).

1960-жылы «Чыгармаларынын бир томдугунда» өтө кыскартуулар, өзгөртүүлөр менен жарыяланган.

Китепке кол жазмага текстологиялык тактоолор киргизүү, мурдагы басылыштарына салыштыруу менен алынды.

**«Эмеспи»** — Бул ыр алгачкы жолу 1960-жылы Бир томдугунда жарыялан-

ган. Кийин 1970-жылы Бир томдугунда, 1984-жылы «Тандалмаларында» басылган.

Китепке алгачкы басылышынан өзгөртүүсүз алынды.

**«Чери жазылат»** — Барпы акындын өз оозунан Б. Керимжанова, И. Койтиев, Ж. Сулаймановдор тарабынан жазылып алынган. Кол жазма институттун фондусунда (инв. № 188(399) сакталууда. Алгачкы жолу 1949-жылы «Тандалмалуу ырлар» жыйнагында жарыяланган. Китепке текстологиялык тактоолор, толуктоолор менен киргизилди.

**«Ынтымактуу эл»** — Бул ырды Бурул Парпиева атасы Барпыдан 1946-жылы жазып алган. Кол жазма институттун фондусунда (инв. № 190(401) «Ынтымактуу эл» деген ат менен сакталып турат. Алгачкы жолу 1949-жылы «Тандалмалуу ырлар» деген жыйнагында «Ынтымак» деп жарыяланган. Китепке текстологиялык изилдөөнүн жыйынтыгы менен берилди.

**«Кыргыз ырынын чечими»** — Барпынын өз оозунан Т. Бекибаев жазып алган. Кол жазма фондуда (инв. № 198(410) сакталууда. Алгачкы жолу 1955-жылы жарык көргөн. «Тандалган чыгармалар» жыйнагында «Ала-Тоо көрккө келбейт эл болбосо» деген ат менен жарыяланган. Китепке түп нусканын үстүнөн текстологиялык иш жүргүзүү менен киргизилди.

**«Жырткычтар»** — Барпынын өз оозунан жазып алган Б. Керимжанова. Материал 198(410) — инвентар номерлүү папкада Адабият жана искусство институтунун фондусунда сакталууда. Биринчи жолу 1951-жылы «Тилек» ыр жыйнагында жарык көргөн.

Китепке тактоолор менен киргизилди.

**«Бул куштардын санаты»** — 1955-жылы биринчи жолу «Тандалган чыгармалар» жыйнагында жарык көргөн. Кийинки томдуктарына да кирген.

Китепке аталган материалдан алынды.

**«Атасынын санак ыры»** — Бул ыр акындын өз оозунан Ж. Сулайманов, И. Койтиев. Б. Керимжановалар аркылуу жазылып алынган. Кол жазма Адабият жана көркөм өнөр институтунун фондусунда (инв. № 188(399) сакталууда.

Китепке кол жазмага текстологиялык тактоо жүргүзүү, мурдагы мүчүлүштүктөрдү калыбына келтирүү менен берилди.

**«Барпы менен Назар»** — Бул ыр биринчи жолу 1960-жылы Бир томдук ырлар жыйнагына киргизилген. Андан кийин 1970, 1984-жылдары кайрадан басылган. Китепке алгачкы басылышынан эч өзгөртүүсүз алынды.

**«Барпынын Назарбай менен айтышы»** — Алгачкы жолу бул айтыш «Малай болуп мал бактым» деген ат менен 1951-жылы «Тилек» ырлар жыйнагында жарыяланган. 1955-жылы «Тандалган чыгармалар» жыйнагында түп нускасынан алынып, «Барпынын Назарбай менен айтышы» деп жарыяланган.

Китепке текстологиялык тактоолор менен берилди.

**«Барпы менен Карамырза»** — Бул айтышты 1950-жылы 20-августта Сузак районунун Ташлак айылында жашоочу Өзбеков Билиштен Т. Байзаков жазып алган. Кол жазма Адабият жана көркөм өнөр институтунун фондусунда сакталууда. (Инв. № 424 а (213). Китепке кол жазмага текстологиялык тактоолор менен алынды.

**«Барпы, Бекназар жана Нышан»** — Биринчи жолу 1972-жылы «Айтыштар» китебинде басылган.

Китепке аталган материалдан алынды.

**«Барпы менен Жеңижоктун айтышы»** — Биринчи жолу өз оозунан уккан Разык Алтыбаев «Ала-Тоо» журналына 1962-жылы жарыялаган. 1971-жылы ошол эле маалымдоочудан Ж. Таштемиров экинчи ирет жазып алып, кол жазмалар фондусуна (инв. № 598(5236) тапшырган.

Дагы бир вариантын 1983-жылы 18-августа Ынак Исманов деген ырчыдан Асанбай Жусупбеков жазып алган. 1984-жылы чыккан «Тандамаларында» басылган.

Китепке аталган эки вариант текстологиялык тактоолор менен киргизилди.

**«Барпы менен Калмурзанын кармашы»** — Бул айтыш Түндүк, Түштүккө кеңири тарап, өзүнүн курчтугунан калың катмарга сиңген чыгарма. Ушул күнгө дейре бир канча баяндоочудан жазылып алынган. Маселен, Т. Рыскелдиевден Т. Абдыракунов (Адабият жана искусство таануу институтунун фондусу, инв. № 638(5276), Сабиров Кийикбайдан (инв. № 604(5242), Супатаев Макенден (инв. № 604(5242), Пирманов Алидан (ив. № 638(5276) М. Зулпиев жазып калтырышкан. Ошондой эле Кара-Суу районунан Р. Алтыбаев жазып жиберген. (инв. № 599(5237). Андан сырткары акындын өз оозунан эки ирет жазып алышкан. (Инв. 188(399).

Булардын ичинен акындын өз оозунан жазып алынган варианттары сапаттык да, көлөмдүк да жагынан жогору.

Китепке акындын өз оозунан жазылып алынган варианттарына текстологиялык тактоолор киргизүү менен алынды.

Мындан сырткары окурмандарга кеңири маалымат берүү максатында Р.Алтыбаев жазып тапшырган вариантын китепке киргизип отурабыз.

**«Токтогул менен жолугушуу»** — Барпы акундун биринчи жолу жазып алып, мезгилдүү басма сөзгө жарыялаган Төлөн Шамшиев.

Алгачкы жолу 1940-жылы 13-сентябрда «Кызыл Кыргызстан» газетасына басылган.

Китепке ошол материалдан алынды.

**«Барпы менен Эшмамбет»** — Бизге бул айтыштын эки варианты белгилүү. Бир варианты Жалал-Абад областтык «Эркин эл» газетасынын 1992-жыл 23-сентябрдагы № 70(70) — санына А. Төрөканов тарабынан жарыяланган. Бул материал ошол эле жыйноочу тарабынан К. Даутовго жөнөтүлгөн.

Китепке айтылган материалдан алынды.

**«Барпы менен Суусаркан»** — Бул айтышты 1983-жылы созоктук Ынак Исманов деген ырчыдан Асанбай Жусупбеков жазып алган. Барпынын 1984-жылы чыккан «Тандалмалар» ырлар жыйнагында жарыяланган.

**«Барпы, Калык, Осмонкул, Алымкул жана Шаршен** — ырчылардын өз оозунан угуп, жаттап калган Ысмайыл Борончиев. Алгач кыскача варианты 1976-жылы «Кыргызстан маданиятына» жарыяланган. 1976-жылы «Бакыт булагы», 1984-жылы «Мекен» деген китептеринде толукталып чыккан. 1990-жылы жарык көргөн «Боогачы менен Ысмайыл» жыйнагында бар. Текст «Бакыт булагынан» алынды. Анда кыскартылып калган бирин — экин саптар

менен айрым түшүндүрмөлөр башка варианттагылардан кошумчаланып калыбына келтирилди.

**«Барпы менен бала ырчы Сыдык»** — Айтыш Сыдык Алайчиевдин өз оозунан Ж. Таштемиров тарабынан жазылып алынган. Кол жазма Адабият жана көркөм өнөр институтунун фондусунда сакталууда. (инв. № 598, 39-бет).

Китепке кол жазмага текстологиялык тактоолор киргизүү менен алынды.

**«Барпы менен Токтосун»** — Бул айтыш биринчи ирет 1969-жылы «Ала-Тоо» журналынын № 5-санына Токтосун Тыныбеков тарабынан жарыяланган. 1984-жылы «Устаттарым» деген китебине киргизилген.

Томдукка ушундан алынды.

**«Нурмолдо менен айтышынан»** — Айтыш акындын өз оозунан Б. Керимжанова, Ж. Сулайманов, И. Койтиевдер тарабынан жазылып калган. Кол жазма Адабият жана көркөм өнөр институтунун фондусунда сакталууда. (инв. № 188(399)

Китепке кол жазмада текстологиялык тактоолор менен алынды.

**«Сыдык менен айтышынан»** — Айтышты акындын өз оозунан Б. Керимжанова, Ж. Сулайманов, И. Койтиевдер жазып калтырышкан. Кол жазма Адабият жана көркөм өнөр институтунун фондусунда (инв. 188(399) сакталууда.

Китепке кол жазмага текстологиялык тактоолор киргизүү менен алынды.

**«Акмат менен айтышуу»** — Бул айтыш алгачкы жолу акындын 1984-жылы жарык көргөн «Тандалмалар» ыр жыйнагында жарыяланган.

Китепке аталган материалдан алынды.

**«Барпы менен Абдракман»** — Бул айтышты 1954-жылы Ж. Субанов жазып келген. Кол жазма Адабият жана көркөм өнөр институтунун фондусунда сакталууда. (инв. № 1619).

Айтыш текстологиялык тактоолор менен биринчи ирет жарыяланып отурат.

**«Барпы менен Түмөнбай»** — 1946-жылы 25-октябрда Түмөнбай Байзаков кагазга түшүрүп, азыркы Адабият жана көркөм өнөр институтунун фондусуна жөнөткөн. Кол жазма фондунун № 12-папкасында сакталууда.

Биринчи жолу жарыяланып отурат.

МАЗМУНУ

Даанышман авабызды эскерип . . . 5
Барпы кантип изилденет . . . 7
Түзүүчүдөн . . . 15

АААЛАМ, АДАМ, ӨМҮР, ӨЛҮМ

Ыр . . . 19
Ырдаймын . . . 19
Айт, айт, десе . . . 20
Күн . . . 22
Жер . . . 25
Аккан суу . . . 29
Шамал . . . 37
От . . . 39
Адамзаттын балдары . . . 45
Адам . . . 49
Адамга берген өнөр ила . . . 54
Напси . . . 58
Эр жигитке сын . . . 60
Болор жигит . . . 62
Болбос жигит . . . 63
Жигиттик . . . 64
Баатырдык . . . 69
Марттык . . . 70
Аялдын жакшысы . . . 70
Аялдын жаманы . . . 72
Жакшынын жакшы билет сымбатын . . . 73
Жакшы кыз . . . 75
Өзү каар, тили заар кыз . . . 77
Бузук . . . 77
Ушакчы . . . 79
Жалганчы . . . 81
Ач көз . . . 83
Питина . . . 84
Желөпкө . . . 85
Келесоо . . . 86
Мадалы ажыга . . . 87
Сук молдо . . . 89
Сопу . . . 90
Эмчилерге . . . 91
Алдамчы эшен . . . 91
Качкын эшен . . . 93
Эмине бар бул жерде? . . . 94
Сенин сырың соодагер . . . 98

Мисал үчүн . . . 99
Калыстык жөнүндө . . . 109
Ажал . . . 111
Пайгамбарлар жана олуялар кысасы . . . 114
Пайгамбарлар жана саабалар (2-варианты) . . . 119
Дүйнө сен . . . 122
Жар жыгылса суу бөгөйт . . . 131
Октобой мерген аталбайт . . . 140
Болот . . . 145
Болбойт . . . 150
Төмөн, төмөн, төмөн бар . . . 152
Дүргө жетмек кайдадыр . . . 159
Тескейден шамал тербенбей . . . 167
Мөмөлүү дарак көгөртсөң . . . 170
Бир ооз кеңеш . . . 171
Жакшы экен . . . 172
Турбайбы . . . 177
Менен . . . 186
Деген . . . 191
Эмеспи . . . 194
Чери жазылат . . . 197
Ынтымактуу эл . . . 206
Кыргыз ырынын чечими . . . 208
Жырткычтар . . . 211
Бул куштардын санаты . . . 213
Атасынын санак ыры . . . 216
Бул дүнүйө бейбапа . . . 219

## АЙТЫШТАР

Барпы менен Назар . . . 223
Барпынын Назарбай менен айтышканы . . . 226
Барпы менен Карамурза . . . 228
Барпы, Бекназар жана Нышан . . . 229
Барпы менен Жеңижоктун айтышы . . . 235
Барпы Жеңижоктун айтышы (2-варианты) . . . 239
Барпы менен Калмурзанын кармашы . . . 244
Калмурза менен беттешүү (2-варианты) . . . 257
Токтогул менен жолугушуу . . . 263
Барпы менен Эшмамбет . . . 277
Суусаркан менен Барпы . . . 280
Барпы, Калык, Осмонкул, Алымкул, жана Шаршен . . . 284
Барпы менен бала ырчы Сыдык . . . 299
Барпы менен Токтосун . . . 291
Нурмолдо менен айтышынан . . . 300
Сыдык менен айтышынан . . . 301
Барпы менен Акмат . . . 302
Барпы менен Абдыракман . . . 302
Барпы менен Байзаков Гүмөнбай . . . 305
Кыскача комментариялар . . . 309

Адабий-көркөм чыгарма

**БАРПЫ: Чыгармалар, I том.**

Түз. Б. Апилов, Баш сөзүн жазган К. Даутов.

Бишкек, Кыргыз Энц. Башкы ред.

Жооптуу редактор — *К. Даутов*
Мукабаны жасалгалаган сүрөтчү — *А. Касымалиев*
Техникалык редактор — *Ж. Жолдошева*

ИБ № 92

Терүүгө 05. 12. 94 ж. берилди. Басууга 28.12. 94 ж. кол коюлду. Форматы $60 \times 90^1/_{16}$. Текст Адабият ариби менен терилди. № 1 басма кагазына жөнөкөй ыкма менен басылды. 20 шарттуу басма табак. 21,73 эсеп басма табак. Нускасы 5000. Заказ № 53.
Баасы келишим боюнча

Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы
720000, Бишкек ш, Эркиндик проспектиси, 56.

Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, Бишкек ш.. Суванбердиев көчөсү, 102.

Бӑрнит — I